# КАРАҢГЫ КОРКУНУЧ: ФАНАТИЗМ

**Харун Яхья (Аднан Октар)**

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья деген атты колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектепти жана лицейди Анкарада бүтүргөн. Андан соң Стамбулдагы Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университетинин Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 40000 сүрөттү камтыган жалпысы 55000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 73 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (сав)дын болсо акыркы пайгамбар экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (сав) сүннөтүн өзүнө жол башчы кылууда. Ушундайча атеисттик философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууну максат кылууда. Абдан акылман жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (сав) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – бул Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыкты (Аллахты) тануучу системалардын негизсиз фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилдерге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окурмандары тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл менен жазылган, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын көрүшүүдө. Бул эмгектер ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана илимий далилдерге таянуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко

чыгарылды. Учурда бардык атеисттик, материалисттик агымдар Харун Яхьянын эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилди.

Күмөнсүз, мындай өзгөчөлүктөр Курандын терең мазмундуулугунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетин көздөйт. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашына шарт түзгөн, алардын туура жолду табышына көмөкчү болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуунун ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так натыйжа бербеген көнүмүш, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин жакшы натыйжага жетиши кыйын. Бул боюнча күмөн санагандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектериндеги негизги максаттын атеизм менен күрөшүү жана Куран адеп-ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасиринен, ийгиликтеринен жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулумдуктар жана баш аламандыктардын, мусулмандар тартып жаткан азаптардын негизги себебинин материалисттик көз-караштардын дүйнөдөгү өкүмчүлүгү экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн материализмди илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын көрсөтүү жана Куран адеп-ахлагын адамдарга жеткирүү зарыл. Зулумдуктар, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

✦Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы философиялардын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылууну жана натыйжада Аллахтын бар экендигин четке каккан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

✦Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттарынын негизинде түшүндүрүлүп, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана Курандын негизинде жашоого үндөлөт. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси калбай тургандай так түшүндүрүлөт.

✦Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй тил менен жазылган бул китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динди жокко чыгарууга болгон күчүн жумшаган адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленип, четке кага албай келишүүдө.

✦Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешип окушса да болот. Бул китептерден пайдаланууну каалагандардын чогуу маектешип, тажрыйба жана пикирлери менен бөлүшүшү да пайдалуу болот.

✦Ошондой эле, бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышына жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

✦Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде кездешчү жазуучунун жекече ойлорун, күмөндүү булактарга таянган сөздөрүн, ыйык нерселерге болгон керектүү адепке тура келбеген, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

1. Baskı: Ekim 2014

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**

Kayışdağı Mah. Değirmen sokak No: 3

Ataşehir - İstanbul Tel: (0216) 660 00 59

Baskı: Express Basımevi

Deposite İş Merkezi A6 Blok No: 309

İkitelli OSB / Küçükçekmece / İstanbul

Tel: (0 212) 671 61 51

**www. harunyahya.org - www.harunyahya.net**
**www. harunyahya.tv - www.a9.com.tr**

# Мазмуну


БАШ СӨЗ........................................................................................

Туура эмес билинген Ислам ..........................................................................

БИРИНЧИ БӨЛҮМ..........................................................................

Исламды зөөкүрдүк дининдей көрсөткөндөр туура эмес колдонгон
эки негизги түшүнүк: шарият жана жихад......................................................

Курандагы чыныгы шарият ..........................................................................

Чыныгы Куран шарияты бир өлкөгө кандай пайдаларды алып келет? ..............

Курандагы чыныгы жихад ..........................................................................

Исламда согуш жөнүндө туура эмес билингендер..............................................

Бир мусулман Курандагы бүт аяттарга, толук ишенүүгө милдеттүү..............................

Куран «корголгон» бир китеп ..........................................................................

Мекке доорундагы мусулмандар жана Медина доорундагы мусулмандар
деп бөлүүдөгү жаңылыштыктар..........................................................................

Мекке доорунда мусулмандардын оор сыноосу ..........................................................

Медина доору жана согуштар ..........................................................................

Согуштар кимдерге каршы жүргүзүлгөн? ..........................................................

Куранда согуштун сүрөттөлүшү ..........................................................................

Келишим түзүлгөн мушриктер ..........................................................................

Тарыхтын биринчи көптүк жана эң демократиялык конституциясы:
Медина документи ..........................................................................

Согуш жөнүндөгү аяттар жана түшүндүрмөлөрү ..............................................

Исламда согушка себеп жок ..........................................................................

Согуш: Исламды мажбурлап кабыл алдыруу үчүнбү? ......................................

Согуш: идеологиялык же этникалык үстөмдүк үчүнбү?....................................

Согуш: мусулман диний бир лидер алып келе турган
Ислам эрежелерин жайылтуу максатындабы? ....................................................

Согуш: душмандарды жок кылуу үчүнбү? ..........................................................

Согушту кимдер каалайт?........................................................................
Бөлүмдүн аягы ...................................................................................

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ.............................................................
Фанаттардын жасалма дини ...................................................................
Фанаттардын динине багыт болгон жалган хадистер.........................................
Жалган хадистер кантип келип чыккан?.......................................................
Мазхабдар арасындагы айырмачылыктар........................................................
Курандын сыртынан өкүм издегендер чыныгы динге кайтышы керек ..............
Ислам ааламынын Куранды таштап коюшу .....................................................

Куран – дайыма колубузда болушу керек болгон жол башчыбыз .................................
Чоң бир маселе: хадистер аяттарды жокко чыгарат деген доомат ......................
Фанаттык түшүнүктүн чектерин жакшы түшүнүү.............................................

Ичимдик ичкендердин өлтүрүлүшү ..........................................................................
Сакал-мурутун алгандардын өлтүрүлүшү .................................................................
Ойноштук (зынаа) кылгандардын өлтүрүлүшү ...........................................................
Куранда ойноштуктун (зынаанын) өкүмү......................................................................
Уурулук кылгандардын өлтүрүлүшү...........................................................................
Динден кайткандардын өлтүрүлүшү ..........................................................................
Намазды таштагандардын өлтүрүлүшү.......................................................................
Намазды таштаган жаш балдардын өлтүрүлүшү .........................................................
Зекет бербегендердин өлтүрүлүшү..............................................................................
Орозону таштагандын камалышы жана ач коюлушу .....................................................
Мастын өлтүрүлүшү...................................................................................................
Пайгамбарга карата адепсиз сөз айткандардын тообого чакырылбай өлтүрүлүшү ........
Фанаттардын динindeги каргышка калган жаныбарлар деген караңгы түшүнүк .....................................................................................................
Пайгамбарыбыздын (сав) жаныбарларды жакшы көрүшү.................................

Пайгамбарыбыз (сав) жаныбарларга зулумдук кылган адаттарды жок кылган .............

Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан жаныбарларды ашыкча иштетүүгө тыюу салынган........................................

Иштеген жаныбарларга эс алуу укугу........................................

Пайгамбарыбыз (сав) жаныбарларды кыйноого тыюу салган........................................

Пайгамбарыбыздын (сав) эне ит менен күчүктөрүнө болгон боорукердиги........................................

Пайгамбарыбыздын (сав) жаныбарларды жакшы көргөнүн көрсөткөн сөзү «бүт иттердин жаны барктуу»........................................

Пайгамбарыбыздын (сав) мышыгы «муезза»........................................

Пайгамбарыбыздын (сав) эне чымчык менен балапандарына боорукердиги........................................

Эчкинин улагы........................................

Ачка коюлган төө жана кожоюну........................................

Уктап жаткан жейрен........................................

Жүзү куйкаланган эшек........................................

Жаныбарларга жакшылык кылуу........................................

Фанатизмдин жийиркеничтүүлүгү........................................

Фанаттардын караңгы дин жана сапатсыз мусулман түшүнүгү........................................

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ........................................

Фанаттардын аялдарды жек көрүшү........................................

Аялдар бул дүйнөнүн эң сонун жакшылыктарынын бири........................................

Курандагы аял........................................

Фанаттардын аялдар жөнүндөгү жалаалары........................................

Аялдын акылы менен дини кем деген көз-караш........................................

Аялдар ийри деген көз-караш........................................

Аялдарды басмырлоо үчүн ойдон чыгарылган хадистер жана сөздөр........................................

Аялдар дин менен жашаганга тоскоол болот деген көз-караш........................................

Аялдардын акылын укпаш керек деген көз-караш........................................

Аялдар экинчи топтогу жандыктар жана Аллах аялдарды артта калтырган деген жалаа........................................

Аялдардын жасанышына тыюу салган сөздөр ....................................................................

Фанаттардын көз-карашында мусулман аялдардын күйөөлөрүнө
болгон мамилеси...............................................................................................................

Аялга Куранда берилген укук жана артыкчылыктар фанаттык динде жок.........

Күйөөсү менен ажырашкан аялдын абалы ...........................................................................

Аялдын күйөөсү андан ыраазы болгонго чейин күнөөкөр саналышы ..............................

Аялдарды сыртка чыгарбаш керек жана
алар шайтанга оңой алданат деген көз-караш ......................................................................

Аял намазды бузат жана аялдар каражолтой деген көз-караш ..........................................

Аялдарды жаныбарларга салыштырган фанаттык түшүнүктөн мисалдар ........................

Пайгамбардын аялдары жөнүндө түшүрүлгөн аяттар .......................................................

Жыйынтык: Куранда аял эң көп бакталат..........................................................

Аялдарды чектөө жана басынтуу үчүн Курандан далил
көрсөтүүгө аракет кылгандарга жооптор ..........................................................

Аялды чектөө ыкмасы катары Куран маанилеринин котормолоруна
«жоолук» сөзүнүн кошулушу...............................................................................

*Нур Сүрөсү 31-аят- 1-бөлүк* ................................................................................................

*Хумур / Жабуу сөзүн карап чыгуу*......................................................................................

*«Йадрибне» / Уруу этишин карап чыгуу* ...........................................................................

*Жуйуб / Көкүрөк ачыгы сөзүн карап чыгуу*.........................................................................

Жалган хадистерге таяналган, туура эмес котормолор ...................................................

Бир туура эмес тафсир: «жоолуктарын салышсын» .........................................................

Аяттардын арап тилиндеги маанилери жана тафсирлердин тууралыгы
жөнүндө керектүү маалыматтар.........................................................................................

*1-Сөздөрдүн арапча колдонулушун эске алуу*......................................................................

*2-Курандагы сөздөрдү башка аяттар менен карап чыгуу*....................................................

*3-Арапча сөздөргө кашаанын ичинде маани кошууда жакшылап ойлонуу керек* .........

*Нур Сүрөсүнүн 31-аятынын түшүндүрмөсү – 2-бөлүк*......................................................

«Аялдардын кооздуктары» жөнүндөгү чечмелөөлөр ....................................................
Аялдар фитнага себеп болот деген көз-караш ..........................................................................
Зер буюмдарга жана мончокторго тыюу салуу
(арам кылуу) жаңылыштыгы ..........................................................................
«Зыйнат» сөзү Куранда кандай колдонулат? .......................................................
Нур Сүрөсүнүн 31-аятында айтылган кооздуктар ..............................................
Жоолук жөнүндө колдонулган жалган хадистер жана
ичиндеги карама-каршылыктар ..........................................................................
Куранда арамдар (тыюулар) күңүрт айтылган эмес ............................................
Бир гана аялды жана аялдын денесин жабуу каалоосу ..................................................
Куранда жоолук эмес, «жилбаб» айтылат ..........................................................
*Ахзаб Сүрөсүнүн 59-аятынын мааниси* ..........................................................................
Жоолукту жактап, «жилбабды» унутуу ..........................................................................
Мусулман бир аял Курандын негизинде кандай кийиниши керек экенин билет ...........
2 аял = 1 эркек жаңылыштыгы ..........................................................................
Аял жана белгилүү убакытка карыз алууда күбөгө өтүү ...................................
Аял жана мурастагы укугу ..........................................................................
Аялдын ажырашуу укугу ..........................................................................
Ажырашуу жана ажырашкан соң аялдын корголушу ....................................................
Ажырашканда аялдардын көңүлүн алуу жана ыраазы кылуу ........................................
Ажырашкан соң аялдардын материалдык кепилдикке алынышы ..................................
Аялдарга берилген мал-мүлктөрдүн ажырашкан соң кайра алынбашы .........................
Ажырашкан соң аялдарды турак жай менен камсыз кылуу ............................................
Аялдарга мажбурлап мураскор болбоо ..........................................................................
Эненин бркталышы ..........................................................................
Эркек жогору деген жалаа жана аялды уруу жөнүндө
ойлоп чыгарылгандар ..........................................................................
Эркектер жогору деген жалаа ..........................................................................
«Аялдарды ургула» деген жалаа ..........................................................................
Аялдар жөнүндө башка жаңылыштыктар ..........................................................................

Пайгамбарыбыздын (сав) аялдарды мактаган сөздөрү ........................................

4- БӨЛҮМ ........................................

Фанаттардын искусствону жек көрүшү ........................................
Тамашалашуудан, күлүүдөн алыс болуу керек деген көз-караш ........................................
Куран боюнча кайгыруу жана бактысыздык
ыймансыздардын гана мүнөзү ........................................

Бейиштеги кубаныч жана кайгыруунун чыныгы мааниси ........................................

Тамашадан (азилден) качыңгыла деген көз-караш ........................................
«Музыка жана ыр күнөө» деген көз-караш ........................................

Музыкага тыюу салууга аракет кылган фанаттардын эки жүздүүлүгү ........................................

Аллах музыканы сүйөт, кулдарына да сүйдүргөн ........................................

«Сүрөт жана айкел чеберчилиги күнөө (арам)» деген көз-караш ........................................
«Алтын жана жибекке тыюу салынган» деген көз-караш ........................................
«Макияж, карануу, тазалык жана сулуулануу күнөө» деген көз-караш ........................................

Жакшы жытка тыюу салган жалган хадистер ........................................

Татуировкага, беттеги түктү жулууга, тишти коодоого
тыюу салган жалган хадистер ........................................

Парикке, кашты ичкертүүгө, татуировкага тыюу салган жалган хадистер ........................................

Аялдын жакшы кийинип үйдөн чыгышына тыюу салган жалган хадистер ........................................

Аялдар алтын жана кийимдер менен алагды болуп бейиштен ажыраган
деген жалган хадистер ........................................

Аялга кийим бербеш керек деген жалган хадистер ........................................

Фанаттардын түшүнүгү бул дүйнөгө өкүмчүлүк кылганда... ........................................
Макияж, өзүн карануу, тазалык, жакшы кийинүү, модерндик жана
маданият, кыскасы, «сапат» Исламдын шарттарынан ........................................
Аял сулуу зат, албетте өзүн каранып жүрүшү керек ........................................
Бренд жана жакшы кийимдерди кийүү, жакшы машиналуу жана
жакшы үйлүү болуу мусулмандардын акысы ........................................

5-БӨЛҮМ ........................................

Фанаттардын browser динде иудейлер менен христиандар ........................................

Иудей (еврей) душмандыгына Курандан далил келтирүүгө аракет кылгандарга Курандан жооптор........................................................................

«Маймылдар жана доңуздар» деп айтуу жана Куранда китеп берилгендердин чыныгы өкүмү ..........................................................................

*Маида Сүрөсүнүн 60-аятынын мааниси*..........................................................................

Макталган иудейлер..........................................................................

*Аьраф Сүрөсүнүн 166-аятынын мааниси*..........................................................................

*Бакара Сүрөсүнүн 65-аятынын мааниси*..........................................................................

Каргышка калган иудейлер жаңылыштыгы..........................................................................

*Бакара Сүрөсүнүн 88-аятынын мааниси*..........................................................................

*Ниса Сүрөсүнүн 155-аятынын мааниси*..........................................................................

Иудей менен христиандарды дос тутпоо жаңылыштыгы ..................................

Туура эмес билинген дагы бир түшүнүк: «такия» ..............................................

Христиан жана иудейлер жөнүндөгү жалган хадистер жана Куранда айтылгандар..........................................................................

«Бойго жеткен иудейлерди өлтүрүү» сөзү..........................................................

Мусулмандардын күнөөлөрү иудейлерге жүктөлөт деген көз-караш ................

Тамактар иудейлер себептүү бузулат деген көз-караш ......................................

«Арап жерлеринде эки дин калбасын» деген көз-караш ......................................

Акарат катары «эй еврей», сооп катары «еврейге наалат»..........................................

«Жолдун тар тарабына кыскыла» ..........................................................................

«Еврей дарагы гаргад» ..........................................................................

Куранда китеп берилгендердин барктальшы......................................................

Мусулмандардын китеп берилгендерге чакырыгы ..............................................

Мусулмандардын китеп берилгендерге адилеттүү мамилеси ............................

Пайгамбарыбыздын китеп берилгендер менен алакалары..................................

Куранда Инжил жана Тоорот ..........................................................................

Пайгамбарыбыздын Тоорот жана Инжил менен байланыштуу иш-аракеттери .

Куран боюнча иудейлердин ыйык жерлерде жашоого акысы бар ......................

Жыйынтык..........................................................................

Кошумча бөлүм

Эволюция жаңылыштыгы..................................................................................

# Баш сөз

## Туура эмес билинген Ислам

«Менин диниме кир! Же өл!» Бул фанатизмдин урааны. Фанатизмде демократия, сөз эркиндиги, сүйүү, урмат, боорукердик, достук, башкалар үчүн жан аябастык кылуу деген сыяктуу түшүнүктөр жок. Кээ бир адамдар фанатизм жана андан келип чыккан радикализм бир чыныгы диндин ичине кирип кетиши мүмкүн деп ойлошот. Бирок, негизи фанатизмдин өзү бир дин. Ар кандай көз-караштын ичинде фанатизм дининин өкүлдөрү бар. Исламда, иудейликте, христиандыкта жана, ошондой эле, марксизмде, фашизмде, атеизмде да фанаттар көп. Баары бир эле жалган динди жакташат: «сенин оюңа чыдай албайм! Же меникин кабыл ал, же болбосо, жок бол!»

Өзгөчө акыркы убактарда бул башка пикирлерге чыдамсыз, туура эмес дин көбүнчө Ислам дини катары айтыла баштады. Бир катар чөйрөлөр фанатизм динин Ислам деп аташты. Фанатизмден болгон коркууларын Исламга багытташты. Натыйжада бир Ибрахимий дин «коркуу» сөзү менен бирге айтыла баштады. Исламофобия бүт дүйнөдө айтыла баштады. Адамдар Исламдан эмес, фанатизм дининен коркуп жатышканын түшүнүшкөн да жок. Жомокчулар ойлоп чыгарган фанаттык диндин Ислам атын жамынып чыкканын байкай алышкан жок. Себеби эч ким аларга Исламдын бул эмес экенин айтып берген жок. Ислам атын жамынып чыккан радикалдар да, ал радикалдардан корккон исламофобиктер да чыныгы Исламдын бул фанат, үрөй учурарлык, башкаларды жек көргөн дин менен эч байланышы жок экенин көрсөтө алган жок. Ислам дининин радикалдары бүт дүйнөгө, бирок, эң көп мусулмандарга зыян тийгизе башташты.

«Мелүүн (ашыра эмес, умеренный) Ислам» сөзү да ушул себептен чыгарылды. Бир жапайы, анан бир мелүүн Ислам модели бардай болуп, радикалдардын жапайылыгына каршы чыккан мусулмандар «мелүүн мусулман» деп атала башташты. Исламга каршы чыккандар мелүүн Исламдын жактоочуларын колдошту, бирок радикалдарга каршы аларды алсыз көрүштү. Бир зомбулукчу, жапайы дин тынчтыкчыл бир катар адамдар тарабынан жумшартылууга аракет кылынып жатат деп ойлошту (Исламды аруулайбыз). Ал тургай, муну Исламда реформа, мелүүн Ислам жактоочуларын болсо реформисттер дешти. Бирок мунун бир реформа эмес, чыныгы Ислам экенин эч ким көрсөтө алган жок. Исламга каршы чыккандар «реформисттерди» колдогону менен, радикалдардын зомбулуктан келип чыккан жасалма күчү жана алар Ислам дининин өкүлдөрү деген ишеним басымдуулук кылды.

Тынчтыкчыл мусулмандар Ислам динин жумшартууга, реформалоого же мелүүн абалга алып келүүгө аракет кылып жатышкан жок. Тынчтыкчыл мусулмандар катары негизги максатыбыз – бул канча жылдан бери Ислам атын жамынып дүйнөгө жайылган бир калпты илим менен жок кылуу. Канча жылдан бери Ислам атын жамынып келген радикализмди, фанатизмди, фанаттыкты жана Ислам менен эч байланышы жок бул ойдон чыгарылган динди жок кылууга аракет кылуу, Курандан далилдерди келтирип чыныгы Исламды көрсөтүү. Ушул кезге чейин фанаттар тарабынан Исламга жабылган эң чоң жалааны токтотуу.

Бул китепте чындыгында радикализмге каршы сын-пикирлери менен алдыңкы планга чыккан батыштык бир катар Исламга каршы чыккандардын сөздөрүнө жана фанаттардын кооптуу логикаларына жооптор берилет. Исламга киргизүүгө аракет кылынган жасалма фанаттык диндин ар кайсы булактарындагы сөздөрдүн жараксыздыгы Курандан келтирилген мисалдар менен түшүндүрүлмөкчү. Исламга айтылган бүт сын-пикирлер окшош багытта болгондуктан жана радикализм дини «Ислам» деп кабыл алынганы үчүн атайын ушул жол тандалды. Ошондуктан Исламга айтылган негизсиз айыптоолорду негиз алуу менен, чыныгы Ислам дини

жөнүндө туура эмес билингендерди КУРАНДАН ДАЛИЛДЕР МЕНЕН түшүндүрүп, бул жаңылыштыкты жоюу максат кылынды.

Фанаттардын катасы, алар динди ойдон чыгарылган көз-караштардан үйрөнүшөт. Бирок фанаттардын жасалма динин сындагандар да кээде ошолордой радикал болуп, фанаттардын ойдон чыгарылган нерселерин туура деп ойлошууда. Биз Курандан далил көрсөткөн сайын, алар фанаттардын ойдон чыгарылган булактарынан далил көрсөтүүгө аракет кылышат. Мына ушул жерде эң чоң жаңылыштык кетиришет. Эгер чыныгы Исламды таанып, фанатизм маселесинин чечүү жолун тапкылары келсе, бул жерде айтып берилген чыныгы динге кулак салуулары зарыл. Эгер мындай кылышпаса, радикализм чоң бир балээ катары дүйнөгө жайыла берет.

# 1- БӨЛҮМ

## Исламды зөөкүрдүк дининдей көрсөткөндөр туура эмес колдонгон эки негизги түшүнүк: шарият жана жихад

Аллах бир аятта Куранды төмөнкүчө сүрөттөйт:

> **... (Бул Куран) ойдон чыгарыла турган бир сөз эмес, өзүнөн мурдакылардын тастыктоочусу, бүт нерсенин «ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана ыйман келтире турган бир коом үчүн бир хидаят (туура жол) жана мээрим. (Йусуф Сүрөсү, 111)**

Аллах аятта апачык билдиргендей, «бүт нерсенин ар кандай абалда түшүндүрмөсү» болгон Куран жок нерселерге ишенген фанаттарга эч жетиштүү болгон эмес. Себеби алар Куран көрсөткөн жолду өздөрүнүн негизсиз дин түшүнүгүнө шайкеш көрүшпөйт. Ошондуктан тарых бою бир катар Куран өкүмдөрүн «жетишсиз» (Куранды арүулайбыз) жана «түшүндүрүү керек» деп чыгышкан. Мындан «Куранды хадистер* аркылуу гана түшүнө алабыз» деген логиканы чыгарышкан.

Бул жерде бир нерсени айта кетели: хадистер – бул Пайгамбарыбыздын (сав) сөздөрү катары бүгүнкү күнгө чейин келген сөздөр. Бир бөлүгү сахих, б.а. чындык болгону менен, бир бөлүгү кийинчерээк ойдон чыгарылган, бир бөлүгүнүн мааниси болсо убакыттын өтүшү менен өзгөртүлүп жиберилген. Бир хадистин чындап Пайгамбарыбыздын (сав) сөзү же жасаган иши экенин түшүнүүнүн болсо эки жолу бар: Куранга туура келиши жана ишке ашышы. Куранга карама-каршы келген бир сөздү же ишти Пайгамбарыбызга (сав) тиешелүү деп айтуу түздөн-түз Пайгамбарыбызга (сав) жабылган жалаа болот. Себеби Пайгамбарыбыз (сав) да бир гана Куранга моюн сунган.

«Куранды хадистер аркылуу гана түшүнө алабыз» деген логика Ислам дүйнөсүнө көп зыяндарды алып келди. Себеби бул логикага таянган бир катар мусулмандар динди жамынган ойдон чыгарылган хадистерге моюн сунуп башташкан. Ал тургай, белгилүү убакыттан соң Куранды бир четке таштап коюп, ошол хадистерди гана өздөрүнө диндин булагы кылып алышкан. Ойдон чыгарылган хадистер Куран аяттарына карама-каршы келгенде болсо, «бул хадис Куран өкүмүн жокко чыгарды (насх кылды)» дегенге чейин барышкан. Жүздөгөн ойдон чыгарылган хадистерден ар кандай диндер келип чыгып, Ислам дининин ичинде бири-бирине көп темаларда карама-каршы келген төрт башка мазхаб пайда болгон. Мазхаб аалымдары болсо өздөрүн мусулман дешкен, бирок баары башка башка нерселерди айтышкан. Ал тургай, бири-бирин динден чыкты деп ойлошкон.

Ислам ааламынын бул абалын Пайгамбарыбыз (сав) Куранда Улуу Аллахка төмөнкүчө арызданат:

> ***Жана элчи айтты:* «Раббим, чындыгында менин коомум бул Куранды ташталган (бир китеп) катары артка ташташты.» (Фуркан Сүрөсү, 30)**

Чындап эле Ислам ааламынын көп бөлүгүнүн учурдагы көйгөйү – Куранды ташталган бир китептей бир четке таштап коюшунда.

Куран таштап коюлган соң кезек «ижмага» келген (ижма: кандайдыр бир доордо жашаган дин аалымдарынын салыштыруу далилдерине таянып шарият жөнүндө өкүм чыгарышы). Ал кишилердин да жол көрсөтүүчүсү Куран

болбогону үчүн, миңдеген ойдон чыгарылган хадистер ичинде баштары айланып, «өкүмдөрдү Куран да, хадистер да түшүндүрө албайт» деген пикирге келишкен. Анан ал «дин аалымдары» Ислам атынан эрежелер чыгарып башташкан. Мазхабдар бир-бирине карама-каршы келгени аз келгенсип, эми ал мазхабдардын ичиндеги ижмалар да бир-бирине карама-каршы келе баштаган. Ар бир «дин аалымынын» чечмелөөсү өкүм катары кабыл алынып, ар бир жамаат ар кайсы жолго түшүп, чоң Ислам коому мазхабдарга, класстарга жана эң аягында майда топторго бөлүнүп баштаган. Куран болсо кабынын ичинде дубалга илинген бир коздук бойдон ташталды. Натыйжада Ислам жамаатынын көп бөлүгү «Куранды таштап койду».

Бир катар Исламга каршы чыккандарды караганыбызда алардын да жок нерселерге ишенген фанаттарга окшош жагдайга түшкөнүн көрөбүз. Алар да Исламды Курандан үйрөнүшпөйт. Фанаттар сыяктуу, алар да Исламды ойдон чыгарылган хадистер, салттар жана бир катар дин аалымдарынын көбүнчө Куранга туура келбеген ижмаларына карап баалашат. Алардын ою боюнча да, «Ислам» - бул жок нерселерге ишенген фанаттардын жашоосу жана иш-аракеттери. Алардын ою боюнча, «Ислам» - Курандагы дин эмес, тарыхчылардын фантазиялары. Алар Курандын эмес, ойлоп чыгарылган диндин шариятын «шарият» дешет. Куран билдирген баалуулуктардан, түшүнүктөрдөн, иш-аракеттерден кабарсыз, бирок жок нерселерге ишенген фанаттардын жасалма диндеринин бүт эрежелерин өтө жакшы билишет. Ал жасалма диндин эрежелерин сындаганда, өз ойлорунда Исламды сындап жатам деп ойлошот. Фанаттардын динин ушунчалык кабылдап алышкандыктан, «бул Ислам эмес» деп айтылса, ишенишпейт. Бул өтө чоң бир жаңылыштык.

Ал кишилер идеологиялык жактан динге каршы болгону үчүн Исламга каршы чыгып жатышпаган болсо, чындап фанаттык түшүнүктүн караңгылыгынан кутулуунун жолун издеп жатышса, анда буга ишенүүлөрү зарыл. Алардын дини Ислам эмес. Бир мусулманга Куран өзү жалгыз жетиштүү. Хадистер Куранга туура келсе, туура жана ишенимдүү болуп саналат. Куранга карама-каршы келген бир хадистин Исламда орду жок. Эгер бир мусулман Куранда Исламды таба албай жатса, анда башка бир дин издеп жаткан болот. Ал диндин шарияты болсо Ислам эмес.

# Курандагы чыныгы шарият

Шарият сөзү «жол» деген маанини билдирет. Бир мусулман Куранды карап кандай «жолдо» жүрүшү керек экенин оңой гана түшүнө алат. Куранда арамдар (тыюулар) өтө аз жана так, ачык өкүмдөр менен кабар берилген. Аларды эч талашып-тартышуу мүмкүнчүлүгү жок. Мисалы, адам өлтүрүү, ойноштук кылуу, пайыз алуу, чочконун этин жеш, кан ичүү сыяктуу өкүмдөр Куран аяттарында апачык айтылган арамдар. Бул Курандын маанилүү бир өзгөчөлүгү. Аяттарды өз каалоолоруна жараша чечмелеп, арам чыгарганга аракет кылган адамдар дайыма бир нерселерди чыгарышат. Бирок Аллах арамдарга таптак өкүмдөр менен тыюу салган. Мобул аятта айтылгандай:

> **Ал силерге өлүмтүктү (тарпты), канды, чочконун этин жана Аллахтан башканын аты менен (башкага аталып) союлган (жандык)ты <u>толук арам кылды.</u> (Бакара Сүрөсү, 173)**

Аллах Куранда Ислам атынан арам жана адалдарды чыгара турган кишилердин болоорун төмөнкүчө кабар берет:

> **Тилдериңер менен <u>калптарды чыгарып, бул адал, тигил арам дебегиле.</u> Себеби Аллахка карата жалган чыгарган болосуңар. Күмөнсүз, Аллахка карата жалган чыгаргандар кутулууга жетишпейт. (Нахл Сүрөсү, 116)**

Пайгамбарыбыздын (сав) доорунан соң, аятта айтылгандай Аллахка карата жалган ойлоп чыгарган көптөгөн топтор келип чыккан. Ал топтор Куранды жол башчы кылбаганы үчүн, каалаганын арам, каалаганын адал дегенге

барышкан. Бирок, Аллах «адал кылынган кооздуктарды арам кылуучу» мүнөздүү бир топко өзгөчө басым жасаган. Раббибиз Куранда төмөнкүчө кабар берет:

> **Эй ыймандуулар, <u>Аллах силер үчүн адал кылган кооз нерселерди арам кылбагыла</u> жана чектен чыкпагыла. Күмөнсүз, Аллах чектен чыккандарды сүйбөйт. (Маида Сүрөсү, 87)**

Дүйнөдө «шарият» деген ат менен жасалып жаткан, бирок чындыгында Исламга карама-каршы келген зомбулукчу системаны анализ кылганда, өздөрүнө адалдарды арам кылып алган, Курандан өтө алыс топтор жөнүндө сөз кылабыз.

Алгач Куран аяттарында айтылган чыныгы шариятты, б.а. Курандын туура жолун сүрөттөйлү:

Курандын шарияты сүйүү, урматтоо, ар кандай диндеги, ар кандай көз-караштагы адамга боорукердик көрсөтүп, ар кандай адамды коргоо дегенди билдирет. Курандын шарияты демократияны, сөз эркиндигин талап кылат. Курандын шариятында адамдар илим-билимдүү, тарбиялуу, ачык мүнөздүү, башка пикирлерди урматтаган, бактылуу, заманбап, сапаттуу, келечекке үмүттүү, искусство менен сулуулукка маани берген, биримдикти, достукту жана сүйүүнү баалаган адамдар болушат. Курандын шариятында жек көрүү, оройлук, урушуп-талашуу, мажбурлоо, зомбулук, коркутуу, бактысыздык, ачуулануу жана согуш жок. Куран жөнүндөгү бул сыпаттардын баарын алдыда Куран аяттарынан далилдерди келтирүү менен карап чыгабыз.

Бул сүрөттөөлөргө карасак, Курандын шариятына туура келген бир Ислам өлкөсү азыр дүйнөдө барбы? Албетте, жок. Бул шарият Пайгамбарыбыз (сав) доорунан соң турмушка ашырылган жок. Учурда шарият менен башкарылып жатабыз деген өлкөлөр же шарият алып келүүнү каалаган бир катар зомбулукчу топтор Исламдын ордуна чыгарылган фанаттык диндин шариятын жасап жатышат. Бир катар жалган хадистерди өздөрүнө жол башчы кылышууда. Куранды болсо артка таштап коюшкан. Профессор, илимдин доктору Йашар Нури Өзтүрк айткандай:

> *«Эмне үчүн Ислам дебей, «шарият» дешет. Себеби Ислам десе, айткандарын Куран менен далилдеши керек болот. Аллахтын атынан алдагандардын «дин» деген нерсесин Куран тастыктабайт. Шарият деп маселени ар тарапка созушуп, жооп таппай калганда болсо «уламанын айтканы ушундай, ижма ушул жолдо, ата-бабаларыбыз ушундай деп чечишкен, кылымдардан бери мусулмандар ушундай кылып келишкен» деп таңуулоого ыңгайлуу бир динди алдыга чыгарышууда.*
>
> *Шариятты Исламга теңөөнү каалаган түшүнүк – көп нерселери Куранга жана заманга карама-каршы келгени көрүнүп турган үрп-адат, салттарды дин кылууну көздөгөн бир түшүнүк. Бул түшүнүк алгач шариятты динге теңеп, андан соң качан эскирип бүткөн фыкых (шарият) китептериндеги акылга жана Куранга туура келбеген бир катар эрежелерди дин деп элдин алдына коюп жатат.» (Yaşar Nuri Öztürk, Allah ile Aldatmak (Йашар Нури Өзтүрк, «Аллахтын атынан алдоо»), Yeni Boyut Yayınları)*

Эмки бөлүмдөрдө «шарият» атынан чыккан, бирок башкаларды жек көрүп, зомбулук көрсөткөн топтордун андай шарияттын булагын кайдан алышканын көрөбүз. Аларга жол башчылык кылган бүт жалган хадистерди жана алардын жараксыздыгын бир-бирден карайбыз. Ал топтор чыгарган шарияттын Курандан канчалык алыс экенин жана аны эч качан Ислам шарияты деп атоого болбой турганын ачык далилдер менен көрсөтөбүз.

# Чыныгы Куран шарияты бир өлкөгө кандай пайдаларды алып келет?

Бул дүйнөдө эгер чындап Исламдын шарияты менен жашаган бир өлкө болгондо кандай болмок? Илимде жана искусстводо өнүккөн, билим жана жашоо деңгээли өтө жогору, сапаттуу, тынчтыкчыл, сылык-сыпайы, бүт

дүйнө элдери менен биригүүнү каалаган, тынчтыкка үндөгөн жана бир туугандыктын өрнөгү, иудейлерди, христиандарды, атеисттерди бооруна баскан, ар кандай идеологиядагы ар кандай адамды досундай көргөн жана аларга урмат көрсөткөн, дүйнөгө бейпилдик жана коопсуздук алып келүүнү көздөгөн, муктаждарды өзүнө караганда көбүрөөк ойлогон жана маселелерди чечкен, бакубат, бактылуу бир өлкө болмок. Ал өлкөнүн эли өтө сапаттуу, ультра модерн жана ультра демократиялык шарттарда жашамак. Ар ким өз оюн эркин билдирип, ар кандай көз-караш эч кысымчылыксыз айтылмак, бирок өз оюн айтууда акарат кылуу жана зомбулук сыяктуу нерселер эч качан болмок эмес. Байлык бир жерге чогулбай, Курандын жакырды коргоо жана «өз напсиңден мурда бир тууганыңдын напсисин ойло» деген чакырыгына таянган жашоо калыбы өкүмчүлүк кылмак. Ансыз да мындайда жакыр эч болмок эмес. Мындай система дүйнөдөгү бүт адамдар толук бейпилдикте жашаган, дүйнөдөгү бүт өлкөлөр бактылуу жана ыраазы боло турган кемчиликсиз бир система болмок.

Бул сүрөттөөнү учурдагы «Ислам мамлекети» деп аталган өлкөлөргө салыштырсак, ортодогу чоң айырманы ошол замат байкайбыз. Ушул күндө шарият деген ат менен өкүм сүрүп жаткан система эч Исламдын шарияты эмес. Ислам шарияты келиши үчүн бул дин ойдон чыгарылган нерселерден толук тазаланып, жогорудагы Куранда макталган бүт сүрөттөөлөргө туура келиши зарыл.

Ал үчүн Ислам менен башкарылган бир өлкөнүн башчысы ойдон чыгарылган нерселерге эмес, толугу менен Куранга карап иш алып барган бир лидер болушу шарт. Куранга моюн сунган мусулман бир лидердин үч негизги касиети бар: боорукер, демократ жана адилеттүү болуу. Ушул касиеттеринен улам мындай лидер дайыма ишенимдүү болот. Толугу менен Куранга таянган мусулман бир лидердин башкаруусу астында жашаган адамдар жер жүзүндө мурда эч болбогон бир эркиндикти көрүшөт. Эч кимге Исламдын талаптары жүктөлбөйт, ар ким өз ишенимине карап жашайт. Ар бир адам ар кандай сөздү айтуу укугуна ээ болот. Эч кимге өзгөчө мамиле жасалбайт, бүт адамдарга бирдей мамиле кылынат. Адилеттүүлүк бүт адамдарга тең болот. Кээде абал мусулмандардын зыянына болсо да, **«Эй ыймандуулар, өзүңөрдүн, ата-энеңердин жана жакындарыңардын зыянына болсо да, Аллах үчүн күбө болуп адилеттикти сактагыла.»** (Ниса Сүрөсү, 135) аятынын талабы боюнча, сөзсүз адилеттик өз ордун табат.

Мусулман бир лидердин талабы жана аракети дайыма сүйүүнү орнотууну көздөйт. Себеби диндердин түшүрүлүү себеби, адамдын жаралуу себеби, бейиштин жаралуу себеби – бул сүйүү. Сүйүү өкүмчүлүк кылган, эч кимдин ишеним эркиндиги чектелбеген, бүт адамдар бай-бардарчылыкта, бирдей мамиле көргөн бир коомдо талаш-тартышка эч себеп калбайт. Адилетсиздиктер, жаман көрүүлөр, душмандыктар жоюлганы үчүн, уруш-талаш, жаңжалдар да болбойт.

Ошондуктан шариятты түшүнүү үчүн учурда Ислам шарияты менен башкарып жатабыз деген өлкөлөрдүн иш-аракеттерине эмес, Куранга кароо керек. Ислам Куран менен келген. Ошондуктан Исламдын шарияты Куранда жана ал жерде баары апачык айтылган. Курандагы адилеттик, демократия жана эркиндик системаларын турмушка ашырбаган бир өлкөнү шариятка мисал келтирүүгө болбойт. Ошондуктан эч кимдин «бирок мобул өлкөдө ушундай кылынып жатат, демек Ислам бизге зомбулук алып келет» деп айтышы туура болбойт. Бул жерде ошол өлкө лидери жасап жаткан, Ислам атын жамынган туура эмес системаны айыптоо керек; Курандагы системаны эмес (Куранды аруулайбыз).

Жогоруда айтылган сонун нерселерди алып келе турган Курандагы чыныгы шарият системасы турмушка ашырылбай, анын ордуна зомбулуктун Ислам шарияты катары көрсөтүлүшү, албетте, жаман көрүнүш. Бирок муну Исламды айыптоо аркылуу чечүүгө болбойт. Исламды айыптагандар көбүнчө радикализмге, зомбулукка жалгыз чечүү жолу боло турган жолду тосууга аракет кылып, андан да көп зыян алып келишет. Чыныгы Исламды алсыздантууга аракет кылып, радикалдарга ан сайын жол ачышат. Бирок, радикализмди жана Исламды жамынган туура эмес ишенимдерди алардын айыптоолору же чыгарган куралдары эмес, бир гана туура Ислам түшүнүгү жок кылат. Бул жерде маселе туура эмес ишенимден келип чыгууда. Туура эмес ишенимдерди болсо ордуна туура ишенимдерди коюу менен гана жок кылууга болот; башка жолу жок.

# Курандагы чыныгы жихад

Жихад сөзү «жехд» деген сөздөн келип чыккан. Арап тилиндеги маанилери болсо төмөнкүдөй: 1. Иштөө, аракет кылуу, аракет, башкалар үчүн аракет кылуу. 2. Адамдын өз напсисин башкарышы. Бул маанилерге карап, Исламда жехд кылуунун башкаларга маалымат берүү, жакшы адеп-ахлакты үйрөтүү, адамдарды жамандыктан алыстатуу үчүн аракет кылуу деген мааниге келээрин түшүнөбүз. Ошондой эле, мусулман, экинчи тараптан, өз напсисин жакшы адеп-ахлакка тарбиялап, өзүн кекенүү жана жек көрүүдөн алыс бир адам кылып тарбиялашы керек болот. Б.а. жехд кылган бир мусулман бир тараптан өзүн тарбиялап, экинчи тараптан, жакшыны, тууранын адамдарга үйрөтүү үчүн аракет кылышы зарыл. Сүйүүнү, тынчтыкты, боорукердикти жайылтуу жана адамдарды жамандыктан тосуу үчүн аларды башкаларды ойлоого тарбиялап, өзүнүн мүнөзү менен аларга өрнөк болушу керек.

Курандын эч бир жеринде жехд сөзү ушул маанилерден башка бир мааниде колдонулган эмес. Ошондуктан «биздин булагыбыз – Куран» деп чыгып, «жихад» деген ат менен адамдарды өлтүрүп жаткандар же калп айтышууда же туура эмес таалим алышкан.

Бүгүнкү күндө жихад деп адамдарды өлтүрүп жаткандар, өзүнө бомба байлап жардырып жаткандар, согушту күчөтүп жаткандар Куран боюнча күнөө кылышууда. Бирок алардын көпчүлүгү Куранга карама-каршы иштерди жасап жатканын билишпейт дагы. Себеби аларды диндин атын жамынып алдап коюшкан. Алар ишендирилип коюлган динде сүйүүнүн ордун жек көрүү; боорукердиктин ордун кекенүү; бир туугандыктын ордун душмандык; жакшылыктын ордун жапайылык; искусствонун, сулуулуктун, илимдин жана маданияттын ордун болсо сабатсыздык ээлеген. Мындай динге ишенген адамдын колуна курал карматуу оңой болот. «Бул эл сенин душманың, барып кол сал» деп айтуу оңой болот. Аны кекентүү оңой болот. Кыжырдуу топторду пайда кылуу оңой болот.

Эмки бөлүмдөрдө бул адамдар согушуу үчүн туура эмес чечмелеген Куран аяттарын жана зомбулукка негиз катары көрсөтүлгөн жасалма хадистерди терең карайбыз. Бул жерде маанилүү бир жагдайды эске сала кетүү керек: радикалдардын абдан көбү сабатсыздык себептүү зомбулукчу болушат. Чыныгы динди билишпейт. Ал тургай, көпчүлүгү Куранды окуган да эмес. Ошондуктан адамдарды өлтүрүп «жихад» кылып жатам деп ойлогон бир адамды айыптоо, ага каргыш айтуу, аны коркутуу, түрмөгө камоо, сүргүнгө айдоо эч пайда бербейт. Анын андай болушунун себеби – бул Куран менен тарбияланбагандыгы, Аллахтын мыйзамын түшүнбөгөндүгү. Демек, туура эмес таалим-тарбия токтотулмайынча, эмне кылып жатканынан кабарсыз радикалдардын да боло берээрин кабыл алышыбыз керек. Маселенин мына ушунда экени кабыл алынса, анда жихад аты менен зомбулук көрсөтүп, террор жасап жаткандардын туура таалимге гана муктаж экени түшүнүктүү болот.

# Исламда согуш жөнүндө туура эмес билингендер

## Бир мусулман Курандагы бүт аяттарга, толук ишенүүгө милдеттүү

Мындай тема коюунун себеби – Исламга ойдон чыгарылган нерселерди киргизүүгө аракет кылган фанаттардын жана ал фанаттардын туура эмес түшүнүгүн колдонгон кээ бир Исламга каршы чыккандардын

«Курандагы кээ бир аяттар башка аяттар тарабынан жокко чыгарылган (насх кылынган)» деген сөздөрүнүн туура эместигин көрсөтүү. Алар бул сөзүнө далил катары төмөндөгү аятты колдонушат:

> **Биз андан да жакшысын же ошого окшошун алып келгенге (чейин) эч бир аятты насх кылбайбыз (өкүмүн жокко чыгарбайбыз) же унуттурбайбыз. Аллахтын чындыгында бүт нерсеге кудуреттүү экенин билбейсиңби. (Бакара Сүрөсү, 106)**

Куранды бурмалоого аракет кылган кишилер өздөрүнүн ойдон чыгаргандарын Курандын ордуна дин кылып жайылтуу үчүн бул аяттын туура эмес чечмеленишин далил катары колдонушкан. Бул аятты өздөрүнүн түшүнүгү менен чечмелеп, бир катар аяттардын өкүмүн жокко чыгарып, ал тургай, анын ордуна ойдон чыгарылган хадистерди кошууга болот деп ойлошкон. Бир катар Исламга каршы чыккандар да мас кыла турган ичимдиктер же согуш жөнүндө насх кылынган аяттар бар дешүүдө. Ошого таянып, мусулмандарды «өкүмдүн жокко чыгарылышына» ишенгендер жана ишенбегендер деп экиге бөлүшүүдө.

Бул жерде бул кишилер такыр туура эмес түшүнүгүнө далил көрсөтүүгө аракет кылган аяттын түшүндүрмөсү төмөнкүдөй: «эч бир аятты насх кылбайбыз» деген сүйлөмдөгү «аят» сөзү жекелик санда колдонулган. Аят сөзүнүн далил, керемет сыяктуу маанилери да бар, жана Куранда Куран аяттарын көрсөткөн «аят» сөзү эч качан жекелик санда колдонулбайт. Жекелик санда колдонулган «аят» сөзү дайыма «далил» маанисинде колдонулган жана башка бүт аяттарда ушул мааниде которулган.

Ошондуктан бул жерде «Куран аяттары» деген мааниде эмес, мурда келген «далилдер, эрежелер жана шарияттар» маанисинде айтылган. Ошондуктан бул Куран аятында Аллахтан акыйкат китептер келген мурдакы элдерге, б.а. иудейлерге жана христиандарга жүктөлгөн бир катар иш-аракет жана өкүмдөр убакыттын өтүшү менен унутулса, алар Куран аркылуу эске салынган же жокко чыгарылган. Анын ордуна болсо ошого окшош же андан да жакшы бир өкүм Куран аркылуу келген.

Бул жерде айтылган «унуттуруу» сөзүнө да токтолуу керек. Бир өкүм башка бир өкүмдү насх кылышы (жокко чыгарышы) үчүн башка өкүм «унутулган» болушу керек. Курандагы аяттардын баары 1400 жылдан бери өзгөрбөй турат, демек бир аяттын башкасын жокко чыгарышы мүмкүн эмес. Фанаттар жокко чыгарылган деген өкүмдөр унутулган эмес, Куранда дагы эле турат. Бул жерден да апачык көрүнүп тургандай, бул жердеги насх (жокко чыгаруу) аяттын башка бир аятты жокко чыгарышы жөнүндө эмес, мурдакы элдерге тиешелүү болуп, кийинчерээк унутулган өкүмдөр жөнүндө айтылган. Мурдакы элдерге түшүрүлүп, бирок «унуттурулган» өкүмдөрдүн ордуна алардан жакшыраак же ошого окшош өкүмдөр Куран аркылуу ал элдерге жөнөтүлгөн.

# Куран «корголгон» бир китеп

Куран Раббибиз аятында апачык билдиргендей, «коргоого алынган» бир китеп:

> **Эч күмөнсүз, зикирди (Куранды) Биз түшүрдүк Биз. Анын коргоочулары да – чындыгында Бизбиз. (Хижр Сүрөсү, 9)**

«Корголгон» бир китепте өкүмдөрүн бүт мусулмандардын аткарышы шарт болгон аяттардын бир бөлүгүн жарактуу, бир бөлүгүн болсо жараксыз көрүү мүмкүн эмес. Курандын жалпысындагы кемчиликсиздик, математикалык жана илимий кереметтери, жол башчылык касиети жана Курандын коргоого алынганы жөнүндөгү көптөгөн аяттар ойдон чыгарылган нерселерге ишенгендердин жана бир катар Исламга каршы чыккандардын жогорудагыдай сөздөрүн жокко чыгарат:

> **Алар ал зикир (Куран) келгенде аны жалганга чыгарышты. Чындыгында, ал <u>теңдешсиз улуу бир Китеп. Батыл (жалган) ага алдынан да, артынан да келе албайт.</u> (Себеби Куран) Өкүмдар жана даанышман, көп макталган (Аллах)тан түшүрүлгөн. (Фуссилет Сүрөсү, 41-42)**

**Күмөнсүз, аны (Куранды) (жүрөгүңдө) топтоо жана аны (сага) окутуу Биздин колубузда(гы иш). Демек, Биз аны окуганыбызда, сен анын окулушун ээрчи. Анан сөзсүз аны түшүндүрүү Биздин колубузда(гы бир иш). (Кыямат Сүрөсү, 17-19)**

Куран, аятта апачык айтылгандай, теңдешсиз бир Китеп жана жалган ага алдынан да, артынан да келе албайт. Бул Китеп Раббибиздин коргоосу астында. Ошондуктан «кээ бир өкүмдөр Куран аяттарынын өкүмүн жокко чыгарат» деген сөздөр апачык бир жалган жалаа.

Бул жерде Исламга жана Куранга мындай жалааны жапкан бир катар «аалымдардын» арасында насх кылынган (өкүмү жокко чыгарылган) аяттардын саны жөнүндө да өтө көп карама-каршылыктар бар экенин айта кетүү керек. Ар бири насх кылынган деп кабыл алган ар бир аятка өздөрүнчө жаңы бир өкүм чыгарып, натыйжада эрежелери ар кандай болгон жаңы диндерди чыгарышууда. Кээ бир «аалымдар» болсо хадистер аяттарды насх кылат (жокко чыгарат) дегенге чейин барышкан. Аллахтын **«...Биз китепте эч нерсени кем калтырган жокпуз...»** (Энъам Сүрөсү, 38) деген аятын бул адамдар көрмөксөн болушат. Куран аяттарын жокко чыгарып, ордуна бир бөлүгү толугу менен ойдон чыгарылган хадистерди коюшууда. Мына ушул акылсыздык Ислам атын жамынган радикалдуу кыймылдардын фундаментин түзүүдө. Эмки бөлүмдөрдө бул теманы терең карайбыз.

Ойдон чыгарылган нерселерге ишенгендер сыяктуу Исламга каршы чыккандар да аят жөнүндөгү туура эмес чечмелөөнү Ислам жөнүндөгү көптөгөн өкүмгө колдонууга аракет кылышкан. Бул кишилердин каерде ката кетиргенин жакшыраак түшүнүү үчүн алардын сөздөрүн карайлы:

# Мекке доорундагы мусулмандар жана Медина доорундагы мусулмандар деп бөлүүдөгү жаңылыштыктар

Бир катар Исламга каршы чыккандар мелүүн (радикалдуу эмес) мусулмандарды «Мекке доору мусулмандары» дешет. Алардын ою боюнча, Пайгамбарыбыз (сав) Меккеде жашаган доор согушсуз, тынч доор болуп саналат. Пайгамбарыбыз (сав) Мединага хижрат кылган (көчкөн) соң, көп өтпөй согуштар башталган. Кээ бирлер ушунун негизинде Исламда согушту жактагандар Медина доорунда вахий кылынган аяттарды гана, тынчтыкты жактагандар болсо Мекке доорундагы аяттарды гана кабыл алышат дешет. Бул өтө сабатсыздык менен айтылган, эч логикасыз бир сөз.

Жогоруда да айтылгандай, бир мусулман «мусулман» боло алышы үчүн эң негизги шарт катары Куран аяттарынын эч бирин башкаларынан бөлбөй, баарына ишениши керек. Эгер бир эле аяттын өкүмүн кабыл албаса, Куранда айтылган мааниде «мусулман» сыпатынан ажырайт. Ошондуктан «мусулманмын» деген бир адам Куран боюнча, эч качан «бул аятты кабыл алам, муну болсо кабыл албайм» дей албайт.

Пайгамбарыбыз (сав) убагында Мекке доорунда согуш болбой, Медина доорунда согуштар болгону жана ал согуштар жөнүндө аяттар түшүрүлгөнү чындык. Мунун себебин түшүнүү үчүн Пайгамбырыбыз (сав) доорунун оор шарттарын түшүнүү керек.

## Мекке доорунда мусулмандардын оор сыноосу

Курандын Пайгамбарыбызга (сав) вахийи толук 23 жылга созулган. Анын алгачкы 13 жылында мусулмандар Меккедеги путпарасттардын (идолго сыйынуучулардын) өкүмчүлүгүндө азчылык болуп жашашкан жана өтө чоң

кысымчылыктарга туш болушкан. Көп мусулмандар кыйноого алынып, кээ бирлери шейит кылынган, көпчүлүгүнүн үйү жана мал-мүлктөрү таланып-тонолуп, көптөгөн акарат жана коркутууларга кабылышкан. Ошого карабастан, мусулмандар күч колдонбой, тынч жашашып, путпарасттардан алыс болушкан жана аларды дайыма тынчтыкка чакырышкан.

Бирок путпарасттардын зомбулуктары токтогон эмес.

Курейштиктер башында Аз. Мухаммеддин (сав) пайгамбарлыгына маани бербегендей көрүнүшкөн. Ыйман кылышпаганы менен, путтарга (идолдорго) каршы сөз айтканга чейин, Аз. Пайгамбардын (сав) чакырыгына унчугушкан эмес. Болгону Пайгамбарыбызды (сав) көргөндө, ага сөз менен кысымчылык көрсөтүшкөн. Мусулмандарды өз ойлорунда шылдыңдап, басмырлашкан. Ошентип курейштиктердин «сөз менен кысымчылык көрсөтүү» доору башталган.

Куранда бул бизге төмөнкүчө кабар берилет.

**Чындыгында, «кылмыш жана күнөө кылгандар» кээ бир ыймандууларды шылдыңдап өтүшчү. Жандарына барганда, бир-бирине каш-көз ишараттарын кылышчу. Өз жакындарына кайтканда болсо, күлүп кайтышчу. Аларды көргөндө болсо: «Булар албетте жолдон адашкан-бузукулар» дешчү. (Мутаффифин Сүрөсү, 29-32)**

Мекке путка сыйынуучулардын борбору эле. Кааба менен анын айланасындагы путтарды зыярат үчүн келгендерге Мекке күн сайын толуп ташчу жана ушул себептен курейшке байлык да, аброй да келчү. Курейштиктер Меккеде мусулмандыктын жайылышын бир кооптуулук катары көрүшкөн, себеби кызыкчылыктарына зыян келип, башка уруулар бизге душман болот деп ойлошкон. Мындан тышкары, мусулмандыктын бүт адамдарды тең санаганын жана адамдарды уруусуна карап же бай-жакыр деп бөлбөшүн билишчү. Ошондуктан, курейштин алдыңкылары мусулмандыктын жайылышын токтотуу үчүн чара көрүү керек деп чечишкен. Бул максатта мусулмандарга кыйноо көрсөтүп, ал тургай, кылмыштарга да барышкан. (İbn Hişâm (Ибн Хишам), 1/287)

Ал доордун мушриктери Аз. Абу Бакр, Аз. Осман сыяктуу күчтүү, атак-даңктуу үй-бүлөлөргө тиешелүү мусулмандарга көп тийише алышкан эмес. Бирок багар-көрөрү жок, жакыр мусулмандарга тарыхта эч кездешпеген кыйноолорду жасашкан. Абу Фухайка, Хаббаб, Билал, Сухайб, Аммар, Ясир жана Сумаййа ошондой оор кыйноолорго кабылган барктуу мусулмандардан болгон.

Сафван б. Умаййанын кулу болгон Абу Фухайка мушрик кожоюну тарабынан күн сайын бутуна жип байлап, ысык шагыл жана кумдардын бетинде сүйрөлгөн.

Темирчи Хаббаб чокко айланган көмүрдүн үстүнө жаткырылып, көмүрлөр өчүп карарганга чейин көкүрөгүнө басып, кыйноого алынган.

Аммардын атасы Ясирди буттарынан эки төөгө байлап, төөлөрдү эки жакка айдап, бөлүп салышкан, күйөөсүнүн ушундай жырткычтык менен шейит кылынганына чыдабай мушриктерге каяша сөз айткан Сумаййа Абу Жахилдин аткан огу менен өлтүрүлгөн. (Zâdü'l-Meâd, 2/116; Asr-ı Saâdet, 1/254)

Халеф уулу Умаййа кулу Эфиопиялык Билалды күн сайын жылаңачтап ысык кумдардын үстүнө жаткырып, көкүрөгүнө чоң бир таш коюп, күндүн астында бир канча саат бою калтырып; Аз. Пайгамбарга (сав) каршы чыгып, мусулмандыкты ташташы үчүн кыйноого алган. Бир күнү колдору менен буттарын бекем байлап, мойнуна жип өткөрүп, аны ысык кумдун бетинде Мекке көчөлөрүндө сүйрөгөн. (Zâdü'l-Meâd, 2/116; Asr-ı Saâdet, 1/253)

Хашимилерден тартынганы жана агасы Абу Талибдин коргоосу астында болгону үчүн башында Пайгамбарыбыздын (сав) өзүнө тийише алышкан эмес. Кийинчерээк ага «жинди, бакшы, акын, сыйкырчы» деген сыяктуу жалааларды жаап баштакан. Эң аягында мүмкүнчүлүк тапканда, Пайгамбарыбызга (сав) акарат кылуудан, аны кыйнап, ага ар кандай жамандыкты кылуудан да тартынышкан эмес.

Мындай кыйноолордун баарын мусулмандарга ыйман кылганы жана адамдарга Исламды айтып бергени үчүн гана жасашкан. Мындай кысымчылык, зомбулук шарттарында мусулмандар Исламдын талабы боюнча, эч качан аларга зыян тийгизгендерге зыян тийгизбей, кадимки адамдык укугу болгон өзүн коргонууну да жасашкан эмес. Мусулмандардын жооп бербегенин көргөн курейш мушриктери ан сайын көөп, кыйноону андан да күчөтүшкөн. Ал тургай, курейштиктер алдынан чыккан мусулмандарды ошол замат шейит кылып (өлтүрүп) башташкан.

Кыйноолорго эч жооп кайтарбаган, Куранда кан төгүүгө уруксат берилбегени үчүн коргонууга да өтпөгөн мусулмандар кыйноолор күчөгөндө, Меккеде жашай албай калышкан. Бул мусулмандарды Мединага көчүүгө мажбур кылган.

# Медина доору жана согуштар

Меккеде путпарасттардын кысымчылыгы күчөгөндө, мусулмандар эркинирээк жана мамилеси жылуураак болгон Ясриб (кийинки аты Медина) шаарына хижрат кылып, ал жерде өз башкаруусун курушкан. Бирок өздөрүнүн саясий түзүлүшүн курган соң да, меккелик путпарасттардын кол салуулары токтогон эмес. Курейштиктер жашаган аймагына чейин мусулмандарды кууп келип, кол салууларын улантышкан. Пайгамбарыбыз (сав) менен жанындагы мусулмандар болсо Меккенин зомбулукчу путпарасттарына эч согуш менен жооп кайтарышкан жок.

Дүйнөдө эч бир адам, эл же эч бир өлкө бир кол салуу болгондо жооп бербей койбойт. Сөзсүз «өзүн коргонуу» үчүн кол салгандарга жооп берет же жок дегенде өзүн коргонот. Минтип өзүн коргонгону үчүн болсо адамдарды соттор, өлкөлөрдү болсо эл аралык укук дайыма айыпсыз, б.а. туура кылган деп эсептейт. Себеби берки тарап жок жерден кол салып жаткан болот жана адамдын жанына, үй-бүлөсүнө, жакшы көргөндөрүнө; бир өлкөнүн элине, намысына, жерине коркунуч туулган болот.

Кадимки шарттарда бул нерсе Мекке доорунда Пайгамбарыбыз (сав) менен мусулмандарга да тиешелүү. Бирок ошого карабастан, толугу менен адилетсиз жана түздөн-түз адам өмүрүнө коркунуч туудурган кол салуулар уланса да, Аллах өлтүрүүгө тыюу салганы үчүн Пайгамбарыбыз (сав) менен мусулмандар эч жооп кайтарышкан эмес. Анын ордуна, аяттын өкүмүнө ылайык аларды дайыма тынчтыкка чакырып, тынчтык сунушунан майнап чыкпаган соң, зомбулук кылган элден –өз шаарларын, үйлөрүн таштап- көчүп кетишкен. 13 жылга жакын созулган Мекке доорунда жана Медина доорунун биринчи жылы мушриктерден көргөн ушунча зулумдукка, кыйноого жана адилетсиздиктерге карабастан, ыймандууларга сабырдуу болгула деп буйрулган.

**«Раббиңдин жолуна акылмандык менен жана жакшы насаат менен чакыр жана алар менен эң жакшы жол менен күрөш» (Нахл Сүрөсү, 125)** аяты аркылуу Аллахтын динине сылык, жакшы жол менен чакырууга буйрулуп, согушка уруксат берилген эмес. Мусулмандардан мындай зулумдукка жооп кайтаргысы келгендерге Пайгамбарыбыз (сав) төмөнкүдөй жооп берген:

> ***«Азырынча согушка уруксат берилген жок, сабыр кылгыла, Аллахтын жардамы жакын, тарткан азаптарыңардын сыйлыгын аласыңар...»***

Пайгамбарыбыздын (сав) өзүн жана элин коргонуусуна уруксат Мединага көчкөн соң төмөнкү аяттар аркылуу берилген:

**Аларга зулумдук кылынганы үчүн, аларга каршы согуш ачылгандарга (ыймандууларга согушуу) уруксаты берилди. Күмөнсүз, Аллах аларга жардам берүүгө кудуреттүү. Алар «Раббибиз Аллах» дегени үчүн гана адилетсиздик менен мекендеринен сүрүлүп чыгарылышты... (Хаж Сүрөсү, 39-40)**

Бул аяттардан соң «Раббибиз Аллах» дегени үчүн гана адилетсиздик менен мекендеринен сүрүлүп чыгарылган мусулмандар өзүн коргонууга даярданып башташкан. Аятта апачык айтылгандай, «согуш ачылган, кол салууга дуушар болгон мусулман калкка» өзүн коргонуу уруксаты берилген; башкаларга кол салуу буйругу эмес. Бул аяттан соң мусулмандар өздөрүн коргонуп баштап, аларга кол салгандарга каршы коргонуу согуштарын жасашкан. Андан соң согуш жана коргонуу жөнүндө түшүрүлгөн аяттар болуп жаткан согуш учурундагы абалдар жөнүндө сүрөттөөлөрдү камтыган. Башкача айтканда, ошол согуштагы ошол абал жөнүндө гана бир сүрөттөө жасалган. Ошондуктан Курандагы согуш жөнүндөгү аяттардын баары ал доордун оор абалын жана Пайгамбарыбыздын (сав) адилеттүүлүгүн түшүнө алышыбыз үчүн ошол кездеги кол салуулар жөнүндө гана түшүрүлгөн аяттар болгон.

## Согуштар кимдерге каршы жүргүзүлгөн?

Куранда сүрөттөлгөн согуштар жөнүндө эске сала кетчү маанилүү бир жагдай – бул, ал согуштардагы «каршылаштар». Бир катар диний жана тарыхый булактар Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы согуштар ошол кездеги иудейлерге (еврейлерге) каршы жүргүзүлгөн деп жазат. Ал булактарды окуган бир катар кишилер болсо Курандагы ошол кездеги согуштар жөнүндө түшүрүлгөн аяттарды иудейлер жөнүндө айтылган деп, Курандан кандайдыр бир мааниде антисемитизмди издешет. Чындыгында болсо, бул чоң бир алдамчылык.

Пайгамбарыбызга (сав) жана мусулмандарга ал зулумдуктарды мушриктер (Аллахка шерик кошкондор) жасашкан. Алардын көпчүлүгү путпарасттар болгон. Алар путтарына (идолдоруна) жана туура эмес ишенимине зыян келишине жол бербөөнү көздөшкөн. Бир бөлүгү болсо иудейлердин арасынан чыккан мүнафык (эки жүздүү) жана мушриктер болгон. Аларды иудейлер деп атоо өтө чоң жаңылыштык болот. Мусулман элдердин арасынан чыккан бир мушрикти же мүнафыкты «мусулман» деп айтууга болбогон сыяктуу, иудейлердин (еврейлердин) арасынан чыккан жана зомбулук кылган мушрик, мүнафыктарды да иудей дегенге болбойт. Чыныгы иудей согуш чыгарып, динчил адамдарды өлтүрбөйт.

Куран антисемитизмге наалат айтат. Ошондуктан Курандын ичинен еврей (иудей) душмандыгы жөнүндө сөздөрдү табууга аракет кылгандар дайыма эч нерсе таба алышпайт. Сөз болуп жаткан аяттарды иудейлерге каршы согушуу аяттары катары чечмелөөгө аракет кылгандар муну жакшы түшүнүшү керек. Пайгамбарыбыз (сав) ал доордун иудейлери менен дайыма өтө жакшы мамиле түзүп, аларды жакшы көрүп, аларга боорукердик кылган, жана ошол сыяктуу ал доордун чыныгы динчил иудейлери да Пайгамбарыбызды (сав) жакшы көрүп, урматташкан.

Пайгамбарыбыздын (сав) иудейлерге, Тооротко жана иудаизм динине болгон сылык мамилеси жөнүндө терең маалыматтар алдыда, китебибиздин Китеп берилгендер тууралуу бөлүмүндө берилмекчи.

# Куранда согуштун сүрөттөлүшү

Куранда согуштун качан жана кантип жасалаары ачык айтылган:

**<u>Силер менен согушкандарга каршы</u> Аллах жолунда согушкула, (бирок) чектен чыкпагыла. Албетте, Аллах чектен чыккандарды сүйбөйт. (Бакара Сүрөсү, 190)**

Согуш МУСУЛМАНДАРГА КАРШЫ СОГУШКАНДАР менен гана жасалышы керек, б.а. бир КОРГОНУУ согушу болушу керек. Мусулмандардын башка элдерге эч себепсиз кол салышына Куранда толук ТЫЮУ САЛЫНГАН.

Мусулмандарга Аллах Куранда бир элге жасаган адилетсиздиктери жана зомбулуктары себептүү кыжырданып турсаңар да, аларга карата дайыма адилеттүү болгула деп буйрук берген. Аллах аятында мындай деп айтат:

> **Эй ыйман келтиргендер, адилеттүү күбөлөр болуп, Аллах үчүн акыйкатты жактагыла. Бир коомго болгон кекенүүңөр силерди адилеттиктен тосуп койбосун. Адилеттүү болгула. Ушул такыбаалыкка ылайыктуураак. Аллахтан коркуп (күнөөдөн) сактангыла. Күмөнсүз, Аллах кылгандарыңардан кабардар. (Маида Сүрөсү, 8)**

Мисалы, Аллах аятында мусулмандардын Каабага киришине жолтоо болгон элдерге жаман мамиле жасоодон мусулмандарды тосуп, аларга жана бүт адамдарга жакшылык кылууну насаат кылган:

> **...Силерди Харам Мечитинен тоскону үчүн бир элди жаман көрүшүңөр силерди чектен чыгууга түртпөсүн. Жакшылык жана такыбалыкта (Аллахтан коркууда) көмөктөшкүлө, күнөө жана чектен чыгууда көмөктөшпөгүлө жана Аллахтан коркуп-тартынгыла... (Маида Сүрөсү, 2)**

Атайылап ажылык ибадатына бут тосулуп, адилетсиздик кылынганына карабастан, мусулмандарга чектен чыкпагыла деп Улуу Раббибиз тарабынан эскертүү берилген. Аллах мусулмандарга ушундай шартта да адилеттүү болгула, ачууланбагыла жана жакшылык кылгыла деп буйруган. Мусулман, кандай гана шартта болбосун, Курандын бул өкүмүнө моюн сунууга милдеттүү.

Куранда согуштун жалгыз себеби катары коргонуу согушу гана сүрөттөлгөн аятта мусулмандарга согуш жөнүндө дагы бир шарт коюлган: чектен чыкпоо.

Мунун мааниси кол салуу учурунда мусулман өзүн коргонуп, чектен чыкпай, коргонуудан башка иш-аракет кылбашы керек. Б.а. Куранда кол салууга, зомбулукка жана чектен чыгууга тыюу салынган.

Кол салгандарга каршы коргонуу максатында гана согушуу керек экени башка аяттарда төмөнкүчө кабар берилген:

> **Аллах силер менен дин жөнүндө согушпаган, силерди мекендериңерден сүрүп-чыгарбагандарга жакшылык кылуудан жана аларга адилеттүү мамиле жасоодон силерди тоспойт. Себеби Аллах адилеттүүлүк кылгандарды сүйөт. Аллах дин жөнүндө силер менен согушкандар, силерди мекендериңерден сүрүп-чыгаргандар жана сүрүлүп-чыгышыңар үчүн аракет кылгандар менен достошуудан силерди тосот... (Мүмтехине Сүрөсү, 8-9)**

Бул жерде маанилүү айырма бар. Мусулмандар менен карама-каршы пикирде болгону менен, аларга кандайдыр бир кол салуу жасап, чектен чыкпагандарга кол салуу мусулмандарга тыюу салынган. Мусулман аларга сый-урмат менен жана адилеттүү мамиле кылууга милдеттүү. Бул аяттагы сүрөттөө боюнча, мусулмандарга ишеними себептүү зулумдук кылган жана аларга кол салган, б.а. согушту баштаган тараптын чабуулуна каршы коргонуу уруксаты гана берилген. Жогоруда да айтылгандай, албетте, ар бир адам ага бир кол салуу болгондо, өзүн коргонот. Бул ар бир адамдын, ар бир элдин, ар бир мамлекеттин укугу жана кадыресе көрүнүш.

Пайгамбарыбыздын (сав) согушууга уруксат берилген аят келгенге чейин эч коргонуу жасабашы – укмуш бир жан аябастык жана динчилдик. Ошол кезге чейин **«...алар менен эң жакшы жол менен күрөш...»** (Нахл Сүрөсү, 125) деген аяттын өкүмүнүн негизинде Пайгамбарыбыз (сав) сөз менен көндүрүү жана ынтымакка чакыруу ыкмасын гана колдонгон. Путпараст курейштиктердин бир гана кыргын жасоону көздөп жатканына карабастан...

Бул маанилүү жагдайга токтолгон соң, ойдон чыгарылган нерселерге ишенгендер жана Исламга каршы чыккандар Исламдын атын жамынып жасалып жаткан зомбулукка далил көрсөтүүгө аракет кылган Куран аяттарынын баарын карап чыгабыз жана бул жөнүндөгү жаңылыштыктардын баарын бир-бирден көрсөтөбүз.

Бул аяттарды карап жатканда, алгач Куранда сүрөттөлгөн бүт согуштардын ошол аймактагы белгилүү бир эл жөнүндө айтылганын, белгилүү шарттарда болгонун жана ал шарттардын аяттарда айтылганын билүү керек. Ал эл «келишим түзүлгөн» мушрик бир эл болгон. Ошондуктан ал согуштардын баары ошол элдин тынчтык жана достук келишимдерин бузуп, жасаган кол салууларына, кылган мамилелерине жараша жүргүзүлгөн. Ошондуктан түшкөн аяттар дал ошол кездеги абал менен байланыштуу болуп, ошол шарттарды сүрөттөгөн.

Бул чындыкты жакшыраак түшүнүү үчүн ал кездеги мушрик сүрөттөөсүн жана түзүлгөн келишимдерди тереңирээк карайлы:

# Келишим түзүлгөн мушриктер

«Мушрик» сөзү ошол доорду баяндаган ар кандай тафсирлерде «Аллахка шерик (ширк) кошкон» деген мааниде гана каралганы менен, термин катары апачык Аллахка шерик кошкон; сансыз кудайларга ишенген; мусулман, иудей, сабии, христиан же межуси (отпараст) ЭМЕС; путтарга сыйынган путпарасттарга колдонулган.

Куранда Ислам дини чыккан кезде Арабияда бар болгон диндер жөнүндө сөз болгондо, мушриктер дайыма өзүнчө бир топ катары айтылган. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда китеп берилгендер (ахли китап) катары иудей жана христиандарга үйлөнүү жана алардын сойгон тамагы адал кылынып, межуси жана сабиилердин жана, ошондой эле, путпарасттардын кыздарына үйлөнүүгө жана алар сойгон тамактарды жегенге тыюу салынган.

Жогоруда да айтылгандай, Пайгамбарыбыз (сав) мушриктердин оор кысымчылыгы астында Мединага көчүүгө мажбурланып, көчкөн күндөн баштап ансар (Мединалык мусулмандар) менен мухажирлер (Меккеден Мединага көчүп барган мусулмандар) арасында бир туугандыкты бекемдеген. Мушрик коомдор менен жана ошол аймакта жашагандар менен көптөгөн келишимдерге кол коюп, мушриктердин жаман мамилелерине карабастан, тынчтыкты орнотуу үчүн дайыма аларды биримдикке чакырган.

Пайгамбарыбыздын (сав) Мединага келип, бир туугандыкты жана сүйүүнү бекемдеши расасы, дини жана тили ар кандай болгон адамдардын чогуу, бейпилдикте жашай алаарын да далилдеген. Анын тынчтыкка жана сүйүүгө чакырганын көрсөткөн эң чоң далилдердин бири – бул өзү жаздырган биринчи текстинин тынчтык келишими болушу. Аз. Мухаммед (сав) Меккени караткан соң, мурда мусулмандарды кыйноого алган мушриктерге да эркиндик берип, аларга өтө мээримдүүлүк көрсөткөн. Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин (сав) мындай бийик адеп-ахлагы мурда арап элдеринде эч болбогон бир көрүнүш болгон жана адамдарды өтө суктанткан.

Ал доордо каратылган чет өлкөлөрдө да чыныгы адилеттикти орнотууда Аз. Мухаммед (сав) бүт мусулмандарга өрнөк болгон. Пайгамбар Мырзабыз (сав) каратылган өлкөлөрдүн жергиликтүү калкына Куранда айтылган адилеттүүлүктү жасап, алар менен эки тарап тең ыраазы боло турган жана эч ким кичине да жапа чекпей турган келишимдерди түзгөн. Ошондуктан кайсы диндин же улуттун өкүлү болбосун, каратылган өлкөлөрдүн элдери Ислам алып келген адилеттүүлүккө дайыма ыраазы болушкан. Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав) менен жанындагы сахабалар «**Биз жараткан калктардын арасында акыйкат менен туура жолго баштай турган жана адилеттүүлүктү орното турган бир үммөт бар.»** (Аьраф Сүрөсү, 181) аятында айтылгандай, адамдар арасында адилеттүүлүктү орноткон бир үммөт болушкан.

Арап жарым аралынын түштүк тарабындагы христиан Нажран калкы менен түзүлгөн келишим да Пайгамбарыбыздын (сав) түшүнүк жана адилеттигинин эң сонун мисалдарынан.

Келишимдин бир пункту төмөнкүчө:

***«Нажрандыктардын жана аймактагылардын жандары, мал-мүлктөрү, диндери, бары-жогу, үй-бүлөлөрү, чиркөөлөрү жана колундагылардын баары Аллахтын жана Аллахтын Пайгамбарынын кепилдиги (коргоосу) астына алынат.» (Majid Khoduri, İslam'da Savaş ve Barış, Fener Yayınları, İstanbul, 1998, s. 209-210)***

Ал аймактагы бүт элдер менен келишим түзүлгөн соң, Пайгамбарыбыз (сав) Ислам тарыхындагы биринчи конституция болгон Медина документин даярдап, Медина мамлекетин курган. Медина документи тарыхтагы демократиялык жана көп пикирдүү конституциянын биринчи жана эң мыкты өрнөгү болгон. Бүгүнкү күндө эч бир демократиялык система Пайгамбарыбыз (сав) ишке киргизген Медина конституциясындай тартипти алып келе алган жок жана эч бири муну Пайгамбарыбыздай (сав) кылып турмушка ашыра алган жок.

# Тарыхтын биринчи көптүк жана эң демократиялык конституциясы: Медина документи

Жазуу түрүндөгү Медина мамлекетинин биринчи конституциясын түзгөн Медина документи аркылуу Пайгамбарыбыз (сав) ар кандай улут, дин жана уруулардан турган бир шаар калкына Арабистан жарым аралында мурда эч көрүлбөгөн бир демократиялык жана тынчтыкчыл түзүлүштү алып келген.

Ал конституция боюнча, Мединадагы бүт элдер тынчтыкта, чогуу жашашып, өздөрүнүн динине жана ишенимине жараша өмүр сүрүшөт, ошондой эле, өз уюмдары менен мыйзамдарын да иштетишип, аларды иштете турган күчтө да болушат. Ошол эле учурда, Мединадагы бүт элдер менен тынчтыкта жана биримдикте жашашат.

Медина документи мындан болжол менен 1400 жыл мурда, 622-жылы, ишенимдери ар кандай болгон элдердин талаптарына жооп берүү үчүн, Аз. Мухаммеддин (сав) жол башчылыгы менен жазылган жана кагазга түшүрүлгөн бир укуктук келишим катары турмушка ашырылган. Натыйжада 120 жыл бою бири-бирине душман болуп келген дини жана расасы ар кандай болгон элдер ушул келишимде орун алышкан. Аз. Мухаммед (сав) бул келишим аркылуу ар мүмкүнчүлүктө бири-бирине кол салган, бир-бирин душман көргөн жана ынтымакташа албаган элдердин арасындагы уруштардын токтошу мүмкүн экенин, баарынын эч кыйынчылыксыз, чогуу жашай алаарын көрсөткөн.

Медина келишими боюнча, бүт адамдар эч кысымчылыксыз каалаган динди, ишенимди, саясий же философиялык тандоо жасоодо эркин болгон. Көз-карашы туура келген адамдар менен бир бирикме түзө алат. Өз укугун турмушка ашырууда эркин. Бирок кылмыш кылган адамды эч ким коргобойт. Келишимге кирген топтор бир-бирине жардам берип, бир-бирине колдоо көрсөтүшөт жана Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммеддин (сав) коргоосу астында болушат. Тараптар арасындагы пикир келишпестиктерди Аллахтын Пайгамбарына алып барышат. Мушриктер дагы эң адилеттүү инсан катары дайыма Пайгамбарыбыздын (сав) өкүм чыгарышын тандашкан.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) даярдаткан бул келишим баскыч баскыч менен 622-жылдан 632-жылга чейин турмушка ашырылган. Бул документ менен тууганчылыкка таянган уруу-уруу болгон түзүлүштөрдөн ары өтүлүп, географиялык, маданий жана этникалык тамыры толугу менен башка башка болгон адамдар чогулуп, биримдик түзүшкөн. Медина документинде дин жана ишенимге абдан кеңири эркиндик берилген. Мындай эркиндикти көрсөткөн пункттардын бири төмөнкүдөй:

***«Бани Авф иудейлери ыймандуулар менен бирге бир үммөт, иудейлердин дини өздөрүнө, мусулмандардын дини да өздөрүнө.» (Muhammed Hamidulllah, İslam Müesseselerine Giriş, Düşünce Yayınları,İstanbul, 1981, s.128)***

Медина документи 47 пункттан турат. 1-23-пункттар мусулмандар, 24-47-пункттар болсо Мединада отурукташкан иудей (еврей) уруулары жөнүндө болгон. Саны жагынан аз болсо да, христиандар жөнүндө да айтылышы ар кандай диндегилердин катышуусу жагынан маанилүү болгон.

Профессор Леонард Свидлердин (Leonard Swidler) «Көп пикирдүүлүк перспективасында Медина документин кайра карап чыгуу» аттуу отчетунда бул келишим жөнүндө төмөнкүдөй маанилүү пикирлер айтылган:

> ***«Биздин оюбузча, Документ Аз. Пайгамбардын шаарды бириктирүү жана элге ачык жарыя кылынган укуктун негизинде чогултуу аракеттерин көрсөтүшү жагынан маанилүү бир документ. Бул укук боюнча ар бир адам бирдей укуктарга, дин тандоо эркиндигине жана мусулмандар менен бирге согушка катышып-катышпоо эркиндигине ээ болгон. Бирок кандай жагдайда болсо да шаардын душмандары менен келишим түзүүлөрүнө тыюу салынган, бул дагы Медина топторунун бир-бирине жакындыгын куруу аракетин көрсөтөт. Бул саясий жана диний текст теңдик жана эркиндик баалуулуктарынын тегерегинде жаңы бир коомду түзүү максатын көздөгөн. Документте да басым жасалгандай, укуктун бүт адамдардан жогору турушу диалог жана чогуу жашоо шартын түзүү максатына жетүү үчүн ташталган негизги кадам эле. Документтеги пункттар жалпысынан Мединадагы ар бир адамдын шаарды коргоодогу бирдей жоопкерчилигин да белгилеген. Мындан тышкары, адеп-ахлактык мүнөзүн көрсөткөн пункттардагы параллелдүү сөздөрдүн көп экенин да көрүүгө болот. Аягында, шаардагы ар кайсы топтордун аттарынын пункттарда бир-бирден аталганын ойлогонубузда, Документтин жана натыйжада Аз. Пайгамбардын шаардын бүт топторун легалдуу коомдор катары кабыл алганын жана аларды эске алганын көрө алабыз.»[6]***

Бул конституцияда иудейлер жөнүндө өтө көп пункт болгону менен, бул конституциянын ал жерде жашаган путпараст топторду да камтыганын эске сала кетүү керек. Меккедеги мушриктердин Аз. Мухаммед (сав) менен мусулмандарга болгон душмандыгын апачык көрсөткөнүнө, аларды мекендеринен чыгарганына карабастан, Аз. Пайгамбардын (сав) Мединадагы путпарасттарга өтө боорукер, тынчтыкчыл жана ынтымактуу мамиле кылганы көрүнүп турат. Медина документинин тексти мусулмандардын мушриктердин акыларын жана укуктарын коргогонун көрсөтөт, жана, ошондой эле, алардан Мединаны коргоодо мусулмандар менен бирге болушун талап кылган. Мушриктерге жасалган мындай мамиле эч таң калыштуу эмес; себеби Куран боюнча, мусулмандар келишим түзгөн мушриктерди өз жанын аябастан коргоого милдеттүү (бул темага алдыда тереңирээк токтолобуз).

Жыйынтыктасак, бул документтин биримдиктин жана ынтымактын, боорукердиктин жана сүйүүнүн, достуктун жана тынчтыктын данектерин өз ичинде камтыган өтө маанилүү бир тарыхый документ катары кабыл алынганы чындык, жана тар мааниде караганда мусулмандар менен иудейлер арасында, жалпылай караганда болсо бүт мусулман эместер менен диалог түзүүдө өрнөк болуп саналат. Пайгамбарыбыздын (сав) ошол кездеги мындай сүйүү жана ынтымак түшүнүгү Курандын негизинде болгон, бирок бүгүн мындай түшүнүктөгү мусулман элди жолуктуруу кыйын. Бул – тарыхтын эң демократиялык конституциясынын Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан жазылып турмушка ашырылганын жана азыркы элдердин Курандан да, Пайгамбарыбыздын (сав) жолунан да алыстаганын көрсөткөн ачык жана маанилүү бир далил.

Ошондуктан китептин алдыдагы бөлүмдөрүн ушул маалыматтардын негизинде баалоо керек. Мушриктерди да коргогула деп буйруган, Ахли Китаптын (иудей жана христиандардын) болсо мусулмандар үчүн өзгөчө бир орду бар экенин белгилеген Курани Каримдин насааттары жана Курандын негизинде тынчтык менен демократияны көздөгөн Аз. Мухаммеддин (сав) кылган иш-аракеттери азыркы ойдон чыгарылган нерселерге ишенген мусулмандардыкынан такыр башкача. Азыркы туура эмес ишенимдеги мусулмандар Курандан согушка далил табууга аракет кылып жатканы менен, Куран дайыма тынчтыкка чакырат. Ошондуктан бул жөнүндөгү согуш аяттары чечмеленип жатканда, бул маанилүү чындыкты сөзсүз эсте тутуу керек.

# Согуш жөнүндөгү аяттар жана түшүндүрмөлөрү

Куранда согуштун кандайча сүрөттөлгөнүн карап чыккан соң, эми бир катар радикалдар тарабынан пайдаланылган жана бир катар Исламга каршы чыккандар тарабынан Исламды сындоо үчүн колдонулган согуш аяттарын карайлы:

## Бакара Сүрөсүнүн 191-аяты

**Аларды тапкан жериңерде өлтүргүлө жана силерди чыгарган жерден силер да аларды чыгаргыла. Фитна (бузукулук) – өлтүрүүдөн жаман. Алар силерге каршы согушканга чейин силер Харам Мечитинин жанында алар менен согушпагыла. Силер менен согушса, силер да алар менен согушкула. Каапырлардын жазасы мына ушундай. (Бакара Сүрөсү, 191)**

Бул аят – мусулмандар оор кысымчылык жана зомбулукка кабылып, Меккеден чыгарылып Мединага көчүүгө мажбурланган соң түшүрүлгөн бир аят. Жогоруда тереӊ сүрөттөлгөн шарттар түзүлүп, мушриктердин оор зулумдугуна жана түздөн-түз кол салууларына каршы мусулмандар өздөрүн коргонуу буйругун алышкан. Зулумдук кылууну токтотпогон, жакшы сөздү түшүнбөгөн жана тынчтык, ынтымак чакырыктарына кулак салбаган кишилерге өздөрүнүн ыкмасы менен жооп кайтаруу керек экени айтылган.

Бирок аятта Курандагы согуш укугу жөнүндөгү эскертүү да кайра кайталанган: **«Алар силерге каршы согушканга чейин силер Харам Мечитинин жанында алар менен согушпагыла. Силер менен согушса, силер да алар менен согушкула.»** Көрүнүп тургандай, согушуунун бир гана шарты бар: берки тараптын кол салышы. Алар согушмайынча же кол салмайынча, мусулмандарга согушууга эч уруксат берилген эмес.

Бул аятты өз ойлорунда бурмалаган радикалдардын да, Исламга каршы чыккандардын да аяттагы бул маанилүү өкүмдү көрмөксөн болушу, албетте, чоӊ күмөн туудурат. Аят мусулмандарга өздөрүн коргонуу эркиндигин гана берүүдө. Ошондуктан согуш жана кол салуу бул аяттын өкүмү эмес.

Аяттагы дагы бир маанилүү жагдай болсо төмөнкүчө кабар берилген: **«Фитна (бузукулук) – өлтүрүүдөн жаман.»** Адамдарды күүлөө, жек көрүүнү күчөтүү, ушак таратып жек көрүү, анархия жана террорду жайылтуу жана адамдарды бир-бирине касташтыруу «фитна чыгаруу» болуп саналат жана аятта айтылгандай мындай фитна чыгаруу адам өлтүрүүдөн да жаман. Мусулмандарга кол салгандар көрүнөө да, психологиялык жактан да, тымызын да ушундай фитна чыгарышат. Натыйжада чоӊ зыян келтиришет. Кол салууга өткөндө болсо мусулмандар, албетте, өздөрүн коргонушат.

Учурда бир катар фанаттар ар жерден уккан маалыматтарына же ойдон чыгарылган нерселерге алданып, адамдарды, элдерди, диндерди же өлкөлөрдү «фитна чыгаруучу» деп жарыялашы жана буга ушул Куран аятын далил көрсөтүүгө аракет кылышы болсо чоӊ бир акылсыздык. Фитна мусулмандарды бөлүп-жаруу, аларды ар кандай кыйынчылыктарга салып зыянга жана күнөөгө түртүү, андан соӊ массалык көтөрүлүштөргө негиз даярдоо, мусулмандарга колу менен же тили менен кол салуу сыяктуу бузукулукка жол ача турган кыймыл-аракеттерди камтыйт. Ошондуктан бир адамды «фитна» менен айыптоо үчүн ал адам ушул айтылган иштердин бир же бир канчасын жасаган болушу керек. Учурда «фитна чыгаруучу» деп мөөрлөп, өзгөчө иудейлерди (еврейлерди) же Израилди айыптаганга аракет кылгандар бул аятка толук карама-каршы келишет.

Куран боюнча, иудейлерди же Израилди толугу менен «фитна чыгаруучу» деп жарыялоо арам, б.а. мындайга тыюу салынган. Ар бир динде же өлкөдө фитна чыгарган адамдар болушу мүмкүн. Бирок арапатарда, түрктөрдө же мусулмандарда фитна чыгаргандар болгону үчүн араптардын, түрктөрдүн же мусулмандардын баарын «фитна чыгаруучу» деп жарыялаганга болбогон сыяктуу, иудей жана израилдиктердин баарын да «фитна чыгаруучу» деп жарыялаганга болбойт. Куран боюнча, бир мусулман бир иудейдин үйүнөн тамак жей алат, ага конок жана дос боло алат, ал тургай, ага үйлөнө алат (бул жагдайлар китептин атайын ушул темага арналган бөлүмүндө терең каралат). Демек, бир мусулман бир иудейди эч негизсиз эле «фитна чыгаруучу» деп жарыялай албайт. Муну кылгандар, башында да айтылгандай, Куранды эч билбеген, фитна жөнүндө иудейлер жөнүндөгү сансыз ойдон чыгарылган хадистердин таасири астында чоңойгон сабатсыз (караңгы) адамдар. Бул хадистер жана Куран боюнча, ахли китаптын (христиан жана иудейлердин) абалы кийинки бөлүмдөрдө терең каралат.

# Ниса Сүрөсүнүн 89, 90, 91-аяттары

**Алар өздөрү динди тангандай, силердин да ыймансыз болушуңарды каалады. Ошентип бирдей болуп калмаксыңар. Демек, Аллах жолунда хижрат кылганга (көчкөнгө) чейин алардан дос тутпагыла. Эгер кайра жүз бурушса, анда аларды кармагыла жана каерде колго түшүрсөңөр өлтүргүлө. Аларды дос (вели) да, жардамчы да кылбагыла. (Ниса Сүрөсү, 89)**

**Бирок силер менен араларында келишими бар бир элге баш калкалагандар же силер менен да, өз коому менен да согушуу (каалабай мын)дан көкүрөктөрүн кыйноо басып силерге келгендер(ге тийүүгө болбойт). Аллах каалаганда, аларды силерге кол салдырып, ошентип силер менен согушушмак. Эгер силерден алыс туруп (артка кайтып), силер менен согушпаса жана тынчтыкты (шарттарын) силерге калтырышса, анда Аллах силерге аларга каршы бир жол берген эмес. (Ниса Сүрөсү, 90)**

**Калгандарынын да силерден жана өз коомдорунан коопсуздукта болууну каалаганын көрөсүңөр. (Бирок) Фитнага кайра чакырылган сайын, ага болушунча чумкушат. Эгер силерден алыс турбай, тынчтыкты (шарттарын) силерге калтырбаса жана колдорун тартышпаса, анда аларды каерде көрсөңөр кармагыла жана аларды өлтүргүлө. Силерге аларга каршы апачык «колдоочу бир далил» бердик. (Ниса Сүрөсү, 91)**

Бул аяттарда мүнафыктар (эки жүздүүлөр) айтылып жатат. Мүнафык – өзүн мусулманмын деп, мусулмандар арасында жашаган жана алардан сыяктуу көрүнгөн, бирок чындыгында ичинен Аллахка жана Исламга душмандык сезип, мусулмандарга артынан кол салууга аракет кылган бир жандык. Аллах мүнафык бойдон көз жумгандардын тозоктун эң астыңкы кабатында болоорун кабар берип, аларды басмырлаган. Көрүнүп тургандай, мүнафык – эки жүздүү жана чыккынчы мамилеси себептүү, ыймансыздарга да, мушриктерге да окшобогон, өтө кооптуу жана өтө жаман бир адам модели.

Мусулмандарды жарым жолдо таштаган жана мусулмандардын да өздөрү сыяктуу ыймансыз болушун каалап, ошол багытта аракет кылган мүнафыктарды дос кылууга Ниса Сүрөсүнүн 89-аятында тыюу салынган. Алар менен согушууга уруксат берилген жагдай, б.а. **«эгер кайра жүз бурушса»** дегендин мааниси – бул мүнафыктардын мусулмандарга кол салышы. Муну кийинки аяттан да түшүнүүгө болот. 90-аятта **«Эгер силерден алыс туруп (артка кайтып), силер менен согушпаса жана тынчтыкты (шарттарын) силерге калтырышса»** деп айтылгандай, кол салбаган бир коомго каршы согушууга жол берилген эмес. Өлтүрүү уруксаты берилген коомдун мусулмандарга согуш ачкан бир коом экени ачык. Бул жерден да мусулмандарга кол салуу болгондо өздөрүн коргонуу укугу берилгени апачык көрүнүп турат.

Ошондой эле, Ниса Сүрөсүнүн 90-аяты – Курандын адилеттүү, кечиримдүү, боорукер жана дайыма тынчтыкты сактаган стилинин дагы бир көрсөткүчү. Ошол кезге чейин мусулмандарга артынан кол салып, чыккынчылык кылганына карабастан, мүнафыктардын бир бөлүгүнө **«Бирок силер менен араларында келишими бар бир элге баш калкалагандар же силер менен да, өз коому менен да согушуу (каалабай мын)дан көкүрөктөрүн кыйноо басып силерге келгендер(ге тийүүгө болбойт).»** деген өкүмгө ылайык мусулмандарга тынчтыкчыл мамиле кылганы үчүн аяттын өкүмү боюнча тийүүгө болбойт. Ушул эле аятта Аллах **«Эгер силерден алыс туруп (артка кайтып), силер менен согушпаса жана тынчтыкты (шарттарын) силерге калтырышса, анда Аллах силерге аларга каршы бир жол берген эмес.»** деп, аларга тийүүгө болбой турганын дагы бир жолу эске салууда. Бул болсо адилеттүүлүктүн дал өзү.

91-аятта да ушул эле шарттар айтылган. Ошол доордо согуш каалабаганын айтып, бушайман болгон мүнафыктардын бир бөлүгү кайра фитнага кирип, кайрадан мусулмандарга кол салып башташкан. Мына ошол жагдайда кайрадан Курандагы согуш өкүмү эске салынып, кол салмайынча аларга тийбей, кол салган болсо мусулмандардын өздөрүн коргоно алаары айтылууда.

Ошондой эле, бул аятта айтылган жагдайдын Ухуд согушу учурунда болгон бир окуя жана согуш талаасында чыккынчылык кылган мүнафыктар жөнүндө айтылганын да эске салуу керек.

# Тообо Сүрөсүнүн 5-аяты

**Арам айлар (мөөнөт берилген төрт ай) бүткөн (чыккан) соң мушриктерди тапкан жериңерде өлтүргүлө, аларды кармагыла, курчагыла жана алардын бүт өтө турган жолдорун тосуп-кармагыла. Эгер тообо кылып, намаз кылышса жана зекетти беришсе, жолдорун ачкыла. Чындыгында, Аллах кечиримдүү, боорукер. (Тообо Сүрөсү, 5)**

Бул аяттагы шарттарды түшүнө алуу үчүн Тообо Сүрөсүн 1-аятынан баштап окуу керек. Ошондо кол салуу жообу жасала турган мушриктердин «бүт мушриктер» эмес, мусулмандарга зомбулук кылып, кол салган жана андан соң арам айларда согушпоо үчүн **өз ара келишим түзүлгөн** мушриктер экенин түшүнөбүз. Бул жерде **«мусулмандар менен адилеттүү бир келишим түзүлгөнүн жана мусулмандардын арам айлар бою согушка кирбей турганын өтө жакшы билип туруп»** мусулмандарды капыстан кармаганга жана тымызын кол салганга аракет кылып, арам айларда кол салууларын улантып, мусулмандарды өлтүрүүгө аракет кылган мушриктер жөнүндө айтылган.

Ошол шарттарда мусулмандарга ушул аят аркылуу зомбулук кылып, кол салгандарга каршы өздөрүн коргонуу укугу берилген. Аяттан көрүнүп тургандай, мушриктердин кол салуулары арам айларда болгонуна карабастан, мусулмандар Аллахтын өкүмүнүн негизинде арам айлар учурунда жооп бербей, ал мөөнөт бою сабыр кылып, арам айлар бүткөн соң коргонуп башташкан. Аятта, ошондой эле, коргонуу ыкмасы да сүрөттөлгөн: кармоо, курчоо жана бүт өтө турган жолдорун тосуу. Эл аралык укукка таянган согуштарда сөзсүз эң биринчи шарт курчоого алып, кармоо болуп саналат. Курчоо үчүн өтө турган жолдору тосулуп, душман тараптын алдыга жылышына бөгөт коюлат. Ошондуктан бул аятта учурдагы эл аралык укукта туура көрүлгөн ыкма сүрөттөлгөн. Ортодогу бир айырма: Курандын бул аятында мусулмандар кол салуу жасабайт, алар бир гана өздөрүнө кол салгандарды токтотконго аракет кылышат.

Ошондой эле, бул аят боюнча кол салууну токтотуп, тообо кылгандарга карата эч согуш жүргүзүлбөйт. Алар эркин койо берилишет.

Бул аяттан кийинки аятты караганда болсо, Курандын чыныгы сүйүү жана боорукердик рухун көрсөткөн сөздөрдү көрөбүз. Мына ушул аят – Исламга каршы чыккандардын бул темадагы мусулмандар жөнүндө айткан бүт сөздөрүн жокко чыгаруучу бир аят. Ал аят төмөнкүдөй:

> **Эгер мушриктерден бирөө сенден «амандык суранса», ага амандык бер; ошентип Аллахтын сөзүн уксун, анан аны «коопсуздук ичинде бара турган жерине жеткир.» Бул алардын албетте билбеген адамдар болушу себептүү. (Тообо Сүрөсү, 6)**

Бул аятта мусулмандарга аларга корголонуп, жардам сураган бир мушрикке «өз жаныңарды коркунучка салып» жардам бергиле деп айтылууда. Бул аят боюнча, бир мусулман мушриктерди коргоо үчүн ӨЗҮН ТОСУУДА. Башкача айтканда, бир мусулман Аллахты танган бир кишинин жанын коргоо үчүн өз жанын рискке салып, аны коопсуздук ичинде бара турган жерине жеткирүүгө милдеттүү.

Бул Курандын өкүмү. Курандын өкүмү боюнча, бир адам Аллахка ишенбейт деп «өлтүрүлбөйт», тескерисинче мусулмандар аны өз жанын аябай коргошот. Ошондуктан согуштун шарты тигил тараптын Аллахка ишенип ишенбеши же башка динден болушу менен байланыштуу эмес. Согуштун шарты – тигил тараптын кол салып, мусулмандарды кыйнашы, өлтүрүшү.

Аят ишарат кылган дагы бир акыйкат болсо мындай: кол салып, чектен чыкпаган соң, динине, тилине, улутуна, ишенимине карабастан, бүт адамдар мусулмандар тарабынан коргоого алынышы керек. Бир мусулман башка мусулманды коргогон сыяктуу, ахли китапты да, ал тургай, атеистти да, коммунистти да коргоого милдеттүү. Бул мусулман болуунун бир талабы. Бул Курандагы мусулмандын мүнөзү. Бир адам «мен мусулманмын» десе, демек башкаларды коргошу керек.

# Тообо Сүрөсүнүн 13-аяты

> **<u>Анттарын бузган, пайгамбарды сүрүп чыгарганга чейин барган жана силер менен (согушту) биринчи болуп баштаган</u> коомго (элге) каршы согушпайсыңарбы? Же алардан коркосуңарбы? Эгер ишенсеңер АЛЛАХтан коркуп-тартынышыңар керек. (Тообо Сүрөсү, 13)**

Бул аят Куранда согуштун өкүмүн көрсөткөн аяттардын дагы бирөөсү. Мусулмандар менен келишим түзгөн, б.а. келишим боюнча тынчтыкта жашаган бир мушрик коом келишимин бузуп, кол салып баштаганда; Пайгамбарыбызды (сав) жашаган жеринен башка бир жерге сүргүн кылууга аракет кылганда; жана аятта апачык айтылгандай согушту БИРИНЧИ БОЛУП БАШТАШКАНДА, мусулмандарга аларга каршы согушууга жол берилет.

# Маида Сүрөсүнүн 33-аяты

> **<u>Аллахка жана Пайгамбарына каршы согуш ачкандардын жана жер жүзүндө бузукулукка</u> аракет кылгандардын жазасы – өлтүрүлүү, асылуу же колдору менен буттарынын кайчылаш кесилиши же (жашаган) жеринен сүрүлүү гана. Бул алардын дүйнөдөгү басмырланышы, акыретте алар үчүн чоң азап бар. (Маида Сүрөсү, 33)**

Бүт согуш жөнүндөгү аяттарда өзгөчө баса белгиленген жагдайга бул аятта да көңүл бурулган. Бул жерде согушула турган элдин сыпаттары өтө тереӊ баяндалган: Аллахка жана пайгамбарына түздөн-түз согуш ачышы

жана жер жүзүндө бузукулук чыгарышы. Көрүнүп тургандай, андай адамдар мусулмандарга эле кол салып тим болбой, ошол эле учурда бүт жер жүзүндө да фитна чыгарышат. Б.а. бул аятта бүт дүйнөнүн башына балээ болгон, бүт адамдар бузуку экенин билген чектен чыккан, согушчаак бир коом айтылууда.

Мусулмандарга иш жүзүндө согуш ачкан бир коомго каршы согушканда –бүт согуштардагы сыяктуу- керек учурда өлтүрүү да, аларды турган жеринен сүрүп чыгаруу да болушу мүмкүн. Башкача айтканда, Куран аяттарында мусулмандарга кадимки шарттарда арам болгон (тыюу салынган) иштерге –адам өлтүрүү жана сүргүн кылууга- ушундай согуш учурунда гана уруксат берилген.

# Анфал Сүрөсүнүн 57-аяты

**Мындан улам согушта аларды кармасаң, ушундай талкала; алар менен артынан келе тургандар(ды коркутсун). Мындан сабак алышаар. (Анфал Сүрөсү, 57)**

Бул аятты дагы жогоруда терең каралган жана далилдер келтирилген логиканын негизинде кароо зарыл. Пайгамбарыбызга (сав) бир катар аяттар түшүрүлгөн Медина доорунда өтө көп согуштар болгонун унутпаш керек. Ал согуштар **«Алар «Раббибиз – Аллах» дегени үчүн гана адилетсиздик менен мекендеринен сүргүн кылып чыгарылышты...» (Хаж Сүрөсү, 40)** деген аятта айтылгандай, мусулмандарга жасалган адилетсиз зулумдуктун натыйжасында гана келип чыккан. Ошондой эле, мусулмандар **«Эгер силерден алыс туруп (артка кайтып), силер менен согушпаса жана тынчтыкты (шарттарын) силерге калтырышса, анда Аллах силерге алардын зыянына жол бербейт.»** аятына ылайык тигил тарап согушту токтоткондо, согушту токтотконго жана алардын зыянына эч нерсе жасабаганга милдеттүү.

Анфал Сүрөсүнүн 57-аятынан бир канча аят мурдасын карасак, кайра эле ошол кезде мусулмандар менен келишим түзгөн коом жөнүндө айтылганын түшүнөбүз. Коргонууга уруксат берген дээрлик бүт Куран аяттарында атайын белгиленгендей, бул коомдун да «келишимдерин бузган» жана натыйжада көп өтпөй кол салып баштаган бир коом экени айтылат.

Кайра кайра кол салган, эч бир сөздү укпаган жана дайыма түзүлгөн келишимдерге каршы чыгып, фитна чыгарган андай коомго карата сестенте турган күч көрсөтүү маанилүү. Себеби ошондо фитнаны адат кылып алган андай адамдардын фитнага күчү жетпей калат жана алардын артынан фитна чыгарууга жана кол салууга даярданган башка мушрик топтору да коркуп калышат. Бул ар түзүлгөн келишимге каршы чыгып, согуш баштаган андай адамдарга керектүү, маанилүү жана кийинки согуштарга бөгөт болуучу бир чара болуп саналат. Дүйнөнүн дээрлик бүт өлкөлөрүнүн конституциясында жана эл аралык укукта бүт жазалардын «сестентүүчү» болушуна көңүл бурулат. Максат – кылмыштын ошол эле киши же башка адамдар тарабынан жасалышына бөгөт коюу. Эл аралык укукта мындай чараларды туура көргөн жана укук мамлекеттер үчүн керектүү деп эсептегендердин Исламга келгенде муну Исламга каршы колдонууга аракет кылышы акылмандыкка, адилеттүүлүккө жатпайт.

# Мухаммед Сүрөсүнүн 4-аяты

**Демек, ыймансыздар менен согуш учурунда беттешкениңерде моюндарына ургула; аягында аларды «жакшылап кыйратып жеңишке жеткен соң» (туткундар үчүн) байлоону бекем кылгыла. <u>Андан соң же берешендик кылып (аларды койо бергиле) же бир акы (алып койо бергиле).</u> Ошентип согуш жүгүн таштасын (бүтсүн). Мына ушундай; эгер Аллах каалаганда, албетте алардан өч алмак.**

**Бирок (согуш) силерди бир-бириңер менен сыноо үчүн. Аллах жолунда өлтүрүлгөндөрдүн болсо (Аллах) эч качан кылган иштерин текке кетирбейт. (Мухаммед Сүрөсү, 4)**

Башка аяттардагы сыяктуу, бул аятта да согуш шарттарына көңүл бурулган. Келишим бузулуп, мушриктер кол салууга өткөн жана ага жооп берүүдөн башка жол калган эмес. Бул аятта эл аралык согуш укугу сүрөттөлгөн. Болгондо да, эл аралык согуш укугунда иш жүзүндө жасалбаган бир иш-аракет бул жерде орун алган, жана бул аят боюнча согуш бүтөөр замат туткундар эркин койо берилет. Ал эми азыркы дүйнөдө болсо Афганистанга кийлигишүү бүткөнүнө карабастан, Гуантанамодо согуш туткундары дагы эле камакта жатышат жана БУУ, НАТО сыяктуу уюмдар муну кадыресе көрүнүш катары карашууда. Мына ушул укукту Куран туура көрбөйт. Ислам боюнча, согуш бүттү деп жарыяланышы үчүн туткундар сөзсүз эркин койо берилиши керек.

Согуш жөнүндөгү аяттардын ошол кездеги абал жана шарттарга жараша сүрөттөлгөн коргонуу согуштары экени, кол салууну баштаган зомбулукчу, фитна чыгаруучу, бузуку мушриктерге жана мунафыктарга карата жасалганы негизи айдан ачык. Бул аяттардын маанилери өзгөртүлүп, радикалдардын жек көрүүчү саясаты үчүн колдонулушунун эң негизги себеби – бул жүздөгөн жалган хадистердин Исламга кошулушу жана бир катар тафсирчилердин (чечмелөөчү кишилердин) туура эмес көз-карашы. Куранды Исламга кийин кошулган жалган хадистерден жана ойдон чыгарылган нерселерден тазаланып, таптаза жана жарык бир мээ менен окуу керек. Ошол доордун согуш шарттарынын негизинде караганда аяттардын мааниси апачык түшүнүктүү болот.

# Исламда согушка себеп жок

Исламды бир согуш дини дегендер негизи мындай көз-караштын Исламдын насааттарына толук карама-каршы келээрин түшүнүшү керек. Куранда бир тарапка кол салуу үчүн эч себеп жок. Куран демократия жана эркиндиктерди эң сонун сүрөттөйт. Демократия жана эркиндик болгон жерде болсо тигил тарап душман деп жарыяланбайт же анын оозун жабууга аракет кылынбайт. Себеби мындай шартта бүт адамдарга урмат көрсөтүлөт жана бүт адамдар эч тартынбай өз ойун айта алат. Ислам шарияты мына ушундай шартты сүрөттөйт. Ошондуктан Куранда согушка эч бир себеп жок. Бул чындыкты Куран аяттары менен түшүндүрөлү:

# Согуш: Исламды мажбурлап кабыл алдыруу үчүнбү?

Согуш, күч колдонуу же кысымчылык жолу менен бир адамга Исламды кабыл алдыруу ыкмасын колдонгондор Куранга чыккынчылык кылган болот. Курандагы эң ачык өкүмдөрдүн бири – бул «динде мажбурлоо жок» өкүмү:

**Динде мажбурлоо (жана кысымчылык) жок... (Бакара Сүрөсү, 256)**

Бул ачык аят – Курандын өкүмү. Эч бир мусулман бул өкүмдүн сыртына чыгып, башка бирөөгө динчил болушу үчүн кысымчылык жасай албайт. Буга Куранда тыюу салынган.

Пайгамбарыбыз (сав) болгону бир насаатчы. Динди айтып берүү жана акыркы келген акыйкат дин болгон Исламды адамдарга таанытуу милдети гана жүктөлгөн. Ал доордо Ислам динин Пайгамбарыбыздын (сав) жана башка мусулмандардын оозунан уккандардын кээ бирлери ыйман кылса, кээ бирлери ыйман кылган эмес. Курандын ачык өкүмүнө ылайык Пайгамбарыбыз (сав) да, анын жанындагы мусулмандар да эч качан

мажбурлоого барышкан эмес. Куранда Пайгамбарыбызга (сав) **«Сен болгону бир насаатчы-бир эскертүүчүсүң. АЛАРГА «КЫСЫМ МЕНЕН БАСЫМ» ЖАСАБАЙСЫҢ» (Гашия Сүрөсү, 21-22)** деп эскертилип, басым жасоого толук тыюу салынган. Куран боюнча, бүт башка мусулмандар да Исламды таанытууга милдеттүү. Бирок эч кимге «сен мусулман болосуң», «динчил болосуң» же «ибадаттарды жасайсың» деп басым жасай алышпайт. Курандын максаты – дүйнөгө сүйүү жана бейпилдик алып келүү. Ошондуктан басым жана кысымдын Куранга туура келбеши анык.

Куранда басымга апачык тыюу салынган башка кээ бир аяттар төмөнкүдөй:

> **Жана айткын: «Акыйкат Раббиңерден; ЭМИ КААЛАГАН ЫЙМАН КЫЛСЫН (ИШЕНСИН), КААЛАГАН ЫЙМАН КЫЛБАСЫН (ИШЕНБЕСИН)... (Кехф Сүрөсү, 29)**
>
> **Эгер Раббиң каалаганда, жер жүзүндөгүлөрдүн баары, чогуу ыйман кылмак. Демек, АЛАР ЫЙМАНДУУ БОЛГОНГО ЧЕЙИН АДАМДАРДЫ СЕН МАЖБУРЛАМАК БЕЛЕҢ? (Йунус Сүрөсү, 99)**
>
> **Биз алардын эмне деп жатканын жакшыраак билебиз. СЕН АЛАРГА БИР МАЖБУРЛООЧУ ЭМЕССИҢ; ошондуктан, Менин анык эскертүүмдөн корккондорго Куран менен насаат бер. (Каф Сүрөсү, 45)**
>
> **Эми сен насаат айтып-эскерт. Сен болгону бир насаатчы-бир эскертүүчүсүң. АЛАРДЫ МАЖБУРЛАП, БАСЫМ КӨРСӨТПӨЙСҮҢ. (Гашия Сүрөсү, 21-22)**
>
> **Айткын: «Эй каапырлар. Мен силердин сыйынганыңарга сыйынбайм. Менин сыйынганыма силер сыйынбайсыңар. Мен да силердин сыйынганыңарга сыйынбайм. Силер да менин сыйынганыма сыйынбайсыңар. СИЛЕРДИН ДИНИҢЕР СИЛЕРГЕ, МЕНИН ДИНИМ МАГА.» (Кафирун Сүрөсү, 1-6)**

Мажбурлоого жана басым жасоого Куранда тыюу салынгандыктан, согуш, кол салуу, душмандык жана кекенүү үчүн эч себеп калбайт. Эгер басым жасоо аркылуу динди кабыл алдырууга тыюу салынган болсо, мусулмандар мушрик коомдорду эмнеге мажбурлашат? Ошондуктан **Курандагы Ислам боюнча, Исламды кабыл алдыруу эч качан согушка себеп болушу мүмкүн эмес.**

# Согуш: идеологиялык же этникалык үстөмдүк үчүнбү?

Исламда ар кандай идеологияга, ар бир улутка, ар бир этникалык топко, ар бир көз-карашка, ар кандай динге урмат көрсөтүлөт. Ислам – бүт көз-караштарды тыңдаган, сөз эркиндигине болушунча жол ачылган бир дин. **Ушундай демократия жана эркиндик болгон динде пикирдик кагылышуу же этникалык кагылышуу себебинен согуш болушу, албетте, мүмкүн эмес.**

# Согуш: мусулман диний бир лидер алып келе турган Ислам эрежелерин жайылтуу максатындабы?

Жогоруда терең каралгандай, Куран боюнча, мусулман бир лидер башчылык кылган элинин арасындагы христиандарды, иудейлерди, атеисттерди, коммунисттерди, агностиктерди, буддисттердин жана ушул сыяктуу бүт башка көз-караш жана идеологияларды чогуу кучактаган бир лидер болушу керек. Сөз эркиндигин толук сакташы керек. Адамдарга толук эркиндик бериши зарыл. Эркиндик жок жерде уруштар, ызы-чуулар, акараттар жана эки жүздүү адамдар келип чыгат. Булардын баарына бөгөт коюп, Курандын талабын аткарышы керек. **«Эй ыймандуулар, өзүңөрдүн, ата-энеңердин жана жакындарыңардын зыянына болсо да, Аллах үчүн күбө болуп адилеттикти сактагыла.»** (Ниса Сүрөсү, 135) деген аяттын негизинде адамга, ишенимине, тамырына карабай, адилеттикти сактаганга милдеттүү. Өзүнүн зыянына болсо да.

# Согуш: душмандарды жок кылуу үчүнбү?

Исламда кантип «душман» болсун? Ислам дини – түпкүрүндө бүт адамдардын тең жана бир тууган болушу керек экенин жактаган бир дин. Ислам дини боюнча, өңү, тили, дини, расасы, өлкөсү жана социалдык абалы кандай гана болбосун, адам эң биринчиден адам болгону үчүн гана урмат көрсөтүлө турган бир жандык. Бүт акыйкат диндер кабар бергендей, бардык адамдар Аз. Адамдын (ас) балдары болгондуктан, бир тууган. Мындай бир тууугандык принциби динчил болуунун бир талабы.

Ислам бир расаны жогору көргөн, адамдарды өрчүгөн жана примитивдүү (алгачкы) деп экиге бөлгөн бүт фашисттик идеология жана көз-караштарга, материалист жана дарвинист пикирлерге каршы. Ошондуктан мындай туура эмес идеологиялар себеп болгон кагылышуу, күрөш жана согуш түшүнүктөрү Исламда жок, Ислам буларга каршы илим жана акыл менен күрөш жүргүзөт.

Исламдагы ар бир адам сый-урматка татыктуу деген эреже адамдар арасындагы бүт мамилелердин да негизин түзөт. Туура эмес иштерди жасаган бир адам да Исламда дайыма жакшылыкка кайтышы ыктымалдуу бир адам катары каралат. Ошондуктан чыныгы мусулман эч кимди душман тутпайт. Ар бир мусулман башкаларга боорукер мамиле кылып, мыкты адеп-ахлакты түшүндүрүүгө милдеттүү; аны душман тутуп, жок кылууга эмес.

Куран аяттарында адамга кайрылганда жогорулук жөнүндө эч дискриминация жасалбай, «Адам балдары» деп айтылышы бүт адамдардын тең кылып жаратылганын көрсөтөт:

> **Ант болсун, Биз Адам баласын бийик кылдык; аларды кургактыкта жана деңизде (ар кандай унаалар менен) ташыдык, таза, мыкты нерселерден ырыскы бердик жана жараткандарыбыздын көпчүлүгүнөн жогору кылдык. (Исра Сүрөсү, 70)**

Согуш үчүн эч себеп бербеген бир диндин бир согуш дининдей көрсөтүлүшү ойдон чыгарылган нерселерге ишенгендердин кылгандары себептүү гана болууда. Дүйнөдө бир катар кишилер Ислам жөнүндөгү бул нерселерди билбесе жана радикалдардын кылып жаткандарын гана көрүшсө, Ислам жөнүндө көбүнчө жаңылышышат. Радикалдуу көз-караштагы адамдардын Куранда жок, башка өкүмдөрдү жасап жатканын жана чындыгында Исламдан тышкары, башка бир динди кабыл алышканын билишпейт. Бул китепте мына ушуну көрсөтүү максат кылынган.

# Согушту кимдер каалайт?

**Ислам атынан көп элдерге багыт берип жаткан бир катар «аалымдар» жөнүндө сөз кылганда, маанилүү бир жагдайды эске салуу керек: бир катар чөйрөлөр курал-жарак тармагынын дайыма иштеп турушун каалашат. Экономикалык кризис таасир тийгизбеген жалгыз тармак. Сунуш-талап бүтпөгөн, дайыма эң жаңылары рынокко чыгарылып турган активдүү бир тармак. Эмне үчүн активдүү? Себеби согуштар активдүү кармалат. Согуштарды активдүү кармоонун бир ыкмасы болсо төмөнкүдөй: өз динин согуш дини деп ойлогон, ошондуктан өлүүгө жана өлтүрүүгө даяр, сабатсыз бир калк массасын провокациялоо. Буга эң көп кимдин туура келээрин болжоо, албетте, кыйын эмес: Ислам атынан чыккан радикалдуу топтор.**

**Бир катар неокондор (неоконсерваторлор) жана Батыштагы башка Исламга каршы чыккан топтордун зомбулуктун ушундай радикалдар тарабынан дүйнөгө жайылып жатканы жөнүндөгү ойу туура. Бирок алар Усама бен Ладен сыяктуу кээ бир лидерлер жөнүндө жаңылышышат. Көбүнчө мындай калп лидерлер Ислам жана мусулмандык менен эч байланышы жок, ар кандай чалгындоо кызматтарынын контролунда даяр турган кишилер болушат. Бир жерде ызы-чуу чыгаруу керек болгондо, бир жерде согуш керек болгондо, ишке киргизилишет. Батыш өлкөлөрүнүн барларында, кафелеринде убакыт өткөрүп жүргөндө, буйрук келээр замат сакал коюп, кийими менен сөздөрүн өзгөртүп, кадимки бир Ортоңку Чыгыштык кебетесине келип, канча жылдан бери үйрөнгөн жалган ишенимдерди турмушка ашыруу үчүн ишке киришишет.**

Бул нерсе дүйнөдө көп жолу жасалды. Усама бен Ладен алардын бирөөсү гана эле. Пайгамбар Мырзабыздын (сав) акыр замандагы эң чоң сүйүнчүсү болгон Аз. Мехдинин (ас) келиши жана мусулмандардын аны чындап ишенип күтүп жатканынан пайдаланышып, бир катар чөйрөлөр тарабынан Бен Ладен Аз. Мехди (ас) сыяктуу көрсөтүлдү. Көп адамдарды буга ынандырууга аракет кылышты. Бен Ладен менен башталган процесс бир эле Афганистанга эмес, бүт мусулман ааламына сокку урду. Сценарийдин эң аягында болсо Бен Ладендин өлгөн сүрөттөрү көрсөтүлмөк. Бул бүт пландын эң маңыздуу жери болмок. План боюнча, мусулман ааламы Мехдилеринин өлгөнүн көрүп, бүт күтүү жана үмүттөрүнөн айрылышмак. Бул Ислам ааламы алсызданып, мындан да көбүрөөк эзилиши үчүн түзүлгөн системалуу бир сценарий эле.

Радикалдуу көз-караштагылар мында, албетте, айыптуу, бирок аларды колдогон бир катар чөйрөлөрдү да унутпаш керек. Курал-жарак өнөр-жайы ушунчалык күчтүү жана пайдалуу болуп жатканда, согуш дайыма бирөөлөргө жагат. Согушка үгүттөлгөндөр – көбүнчө радикалдуу топтор, бирок согуш өздөрүнүн заалым кызыкчылыктары үчүн аны башкаргандарга керек. Буларды «башкаргандар» үчүн сабатсыз (караңгы), согушка даяр мындай топтор бычылган даяр кийим болуп саналат. Радикалдарды оңой гана согушка салып жибериле турган пешкадай көрүшөт.

Радикалдарды айыптаган америкалыктар же европалыктар башкаруучулардын өздөрүнүн жанында турганын унутпашы керек. Бул, албетте, радикалдуу топтордун жана ойдон чыгарылган нерселердин тузагына түшкөн жана мазхабдарга бөлүнүп, бири-бирин душман жарыялаган адамдардын күнөөсүн азайтпайт. Бирок, ошентсе да, бул маанилүү чындыкты да эске алуу керек. Өзгөчө мусулман өлкөлөрдөгү наааразылык митингдерин жана төңкөрүштөрдү апачык уюштуруп, башкарган ар кандай уюмдар бул максатын тартынбай ачык айтышууда.

# Бөлүмдүн аягы:

Бул бөлүмдө Исламга каршы бир аргумент, далил сыяктуу колдонулган Курандагы согуш аяттарынын түшүндүрмөлөрүн жана чыныгы Исламда согуш жана жихад түшүнүктөрүнүн кандай экенин карадык. Кийинки

бөлүмдөрдө болсо фанаттардын дининин булагы каралат. Ойдон чыгарылган хадистердин негизинде чыгарылган жаңы дин түшүнүктөрүнүн Куранга кандайча карама-каршы келээри көрсөтүлөт. Фанаттардын согушту, жек көрүүнү жана кекенүүнү каалаган дининин чыныгы Ислам дини менен эч байланышы жок экени бүт далилдери менен айтып берилет.

> **Айткын: «Чындык келди, жалган (батыл) жок болду. Эч күмөнсүз, жалган жок болуучу.» (Исра Сүрөсү, 81)**

# 2- БӨЛҮМ

## Фанаттардын жасалма дини

Пайгамбар Мырзабыз (сав) Куранды эң сонун турмушка ашырган. Өмүр бою Курандын негизинде жашаган жана мусулмандар үчүн эң сонун өрнөк. Бүт кылган иштери жана сөздөрү, албетте, Куранга толук туура келет жана алардан бүгүнкү күнгө чейин жеткендери бар. Хадис деп аталган ал сөздөрдүн бир бөлүгү Курандын турмушка ашырылышын чагылдырат. Ошондуктан алардын Пайгамбарыбызга (сав) тиешелүү экени анык жана алар сахих (ишенимдүү). Өзгөчө акыр заманга ишарат кылган көп хадистер эч өзгөрбөй сакталган жана ал хадистерде келечекте боло турган кереметтүү окуялар кабар берилген. Ал хадистерде айтылгандар бүгүнкү күндө бир-бирден болуп жатат. 1400 жыл мурда кабар берилген Лулин кометасынын (куйруктуу жылдыздын) өтүшү, Афганистандын басып алынышы, Ирак согушу, 11-сентябрь 2001-ж. теракты сыяктуу адамзат тарыхында бир жолу гана болгон окуялар болуп өттү (тереңирээк маалымат алуу үчүн караңыз: *Аз. Иса (ас) жана Аз. Мехди (ас) ушул кылымда келет,* Харун Яхья). Ошондуктан Пайгамбарыбыздын (сав) айткан сүйүнүчтүү кабарлары биз үчүн өтө баалуу, жана бул хадистердин сахихтерин (ишенимдүүлөрүн) бир сүйүнчү жана жакшылык катары көрүшүбүз керек экенин, бүт баарын жокко чыгарууга болбой турганын көрсөтөт.

Бирок, хадис китептерине кийин кошулган, Пайгамбарыбыздын (сав) сөздөрү жана кылгандары менен эч байланышы жок бир катар сөздөрдүн учурдагы хадис китептеринен орун алганы чындык. Ал сөздөрдү сахих хадистерден айырмалай турган өзгөчөлүгү – бул алардын Куранга толук карама-каршы келиши. Куранга карама-каршы келген бир сөздүн же иш-аракеттин Пайгамбарыбызга (сав) тиешелүү болушу мүмкүн эмес.

Ошондуктан Ислам дининен башка бир дин болгон фанаттардын динин карап жатканда, хадистер жөнүндөгү кээ бир чындыктарды билүүбүз зарыл. Себеби фанаттардын дини Исламдын жападан жалгыз китеби болгон Куранда жок. Андай болсо бул жасалма дин каерде?

Фанаттардын дини үрп-адат, салттарда, ооздон оозго тараган сөздөрдө, бирок негизинен көп бөлүгү Пайгамбар Мырзабызга (сав) тиешелүү деп жалган жалаа жабылган, ойдон чыгарылган хадистерде.

Куран түшүрүлгөндөн кийинки кылымдарда Пайгамбарыбыздын (сав) кээ бир иш-аракеттери менен сөздөрү хадис катары чогултулган. Хадистер хижрий (мусулман календарынын) 2-кылымдан баштап жазылып баштаган деген божомол бар. Ал хадистердин бир бөлүгү сакталып калган. Бир бөлүгү болсо туура эмес өткөрүлгөн же бурмаланган же болбосо толугу менен ойдон чыгарылган.

Жогоруда айтылгандай, бир хадистин чындап эле Пайгамбарыбыздын (сав) сөзү же кылган иш-аракети экенин билүү үчүн Куранды карашыбыз керек. Эгер бир хадис Куранга шайкеш келсе, анда туура болот. Эгер келечек жөнүндө кабар берген бир хадис ишке ашса, анда ал хадис да туура болот. Бирок эгер ал хадис Куранга карама-каршы келсе, анда эч арсар болбош керек: ал хадисти эч качан туура деп кабыл алууга болбойт.

Негизи хадистер бир мусулманга керекпи? Эң биринчиден бир мусулмандын эң негизги, бирден бир булагы – бул Куран, жана Курандын өзү эле бир мусулман үчүн жетиштүү болот. Улуу Раббибиздин өкүмүнө ылайык ар бир мусулман Курандан гана суракка алынат. Бирок, албетте, Пайгамбарыбыздын (сав) Курандын негизинде жасаган иш-аракеттерин же кереметтерин билүү да өтө жакшы болот. Хадистерге моюн сунуу бир мусулман үчүн парз (сөзсүз аткарыла турган өкүм) эмес, бирок Пайгамбарыбыздын (сав) сөздөрү жана кылгандары, келечек жөнүндө айткан кубанычтуу кабарлары маанилүү бир жол башчы болот. Ошондуктан туура сөздү туура эмесинен айырмалап, бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен чыныгы хадистерди аныктап, түшүнүү абдан маанилүү.

Бир катар мусулман калктардагы негизги маселе болсо; алар Куранды бүтүндөй таштап коюп, анын ордуна ойдон чыгарылган хадистерди жол башчы кылышууда. Мындай ойдон чыгарылган хадистерди «жалган хадистер» темасы менен карайбыз:

# Фанаттардын динине багыт болгон жалган хадистер

«Мавзу (жалган) хадис» термининин сөздүктөгү мааниси: «Аз. Мухаммед (сав) айтпаган бир сөздү жалган жалаа менен ага ыйгаруу». Б.а. «мавзу хадис» Аз. Мухаммеддин (сав) хадиси болбогон, ал айтпаган бир сөздү анын хадиси сыяктуу айтуу деген мааниге келет.

Жалган (мавзу) хадистер китептин мындан кийинки бөлүгүнүн негизги темасы болот, себеби ал хадистер азыркы бир катар мусулман калктарда Курандын ордун ээлеп, жаңы жана жасалма бир диндин келип чыгышына себеп болгон негизги булактар болууда. Мындай жалган хадистердин эң ачык жана эң кеңири тарагандарын бир-бирден карап чыгабыз. Мындагы максат – бул туура эмес Ислам түшүнүгүнүн кайсы нерселерге таянганын түшүнүү жана анын туура эместигин Курандан көрсөтүү. Натыйжада Исламды туура эмес тааныган көп адамдар фанаттардын дининин жөн гана туура эмес түшүнүүдөн келип чыкпаганын, бүтүндөй жасалма бир системанын үстүнө курулганын түшүнө алышаар деген үмүттөбүз. Ошондой эле, өздөрүнчө Исламды жана Куранды сындаганга аракет кылгандар да жаңылып жатканын, «мусулманмын» деген көп адамдардын чыныгы Ислам жана Куран менен дээрлик эч байланышы жок экенин көрө алышаар. Жана, бул жердеги түшүндүрмөлөр ниети түз болуп, бирок фанаттык түшүнүктүн ичинде жашаганга мажбур калып, аны бирден бир системадай көргөн жана аны туура деп ойлогон адамдардын да Сырат-ы Мустакимди, б.а. Курандын туптуура жолун көрө алышына бир себепчи болот деген үмүттөбүз.

# Жалган хадистер кантип келип чыккан?

Пайгамбарыбыздан (сав) алынган деген сөздөр (хадистер) жана Пайгамбарыбыздын (сав) кылган иш-аракеттери деп кабыл алынган риваяттар биринчи жолу Пайгамбарыбыз (сав) көз жумгандан бир канча кылымдан кийин гана жазылган. Белгилүү алты хадис китебинен турган Кутуб ас-Ситтаны жазгандардан Бухари хижрий (мусулман календарынын) 256-жылы, Муслим 261-жылы, Тирмизи 279-жылы, Абу Давуд 275-жылы, Насаи 303-жылы, Ибн Маджа 273-жылы көз жумган. Шииттердин хадис китептери болсо башка, жана бир катар сунниттер менен шииттер бири-биринин хадис китептерин жараксыз дешет. Шииттердин хадис китептери андан да кийин жазылган. Белгилүү шиит хадисчилеринен Кулани хижрий 329-жылы, Бабувай 381-жылы, Жафар Мухаммед Туси 411-жылы, аль-Муртаза 436-жылы көз жумган.

Тарыхый булактардан жана бизге келип жеткен алгачкы хадистерден Пайгамбарыбыз (сав) жана төрт халифа доорунан эч бир жазылуу хадис жок экени белгилүү. Харави бул жөнүндө мындай дейт: *«Сахаба (Пайгамбарды көргөндөр) да, табиун (Пайгамбарды көрбөгөн, бирок сахабаны көргөндөр) да хадистерди жазышчу эмес. Оoздон оозго гана айтылчу. Жөнөкөй жазылган бир канча тексттен тышкары бүт баары ушундай болгон. Бул жөнүндө айтылып калгандар жоголуп кетпеши үчүн Өмер бин Абдулазиз Абу Бакр аль-Хазмга бир кат аркылуу хадистерди изилдеп, жазууну буюрган.»* Йезид бин Абдулмалик болсо Өмер бин Абдулазиз көз жумган соң Абу Бакр аль-Хазмды жана аны менен иштегендерди бул кызматтан алып койгон. Кийинки халифа Хишам аз-Зухри хадистерин биринчи болуп чогулткан киши деп кабыл алынат. Бул болсо Пайгамбарыбыздын (сав) көзү өткөндөн 2-3 кылым кийинге туура келет.

Бухариден мурда хадистерди тууралык даражасына карап бөлүү аракети да болгон эмес. «Сахих» жана «алсыз» деп хадистерди бөлүү аракети Бухари менен башталат. Хадистерди караганда болсо бул аракеттин керектүү натыйжаны бербегенин көрөбүз. Алсыз мындай турсун, толугу менен ойдон чыгарылган хадистер Ислам атынан жайылтылып, саны барган сайын өскөн.

Ал кезде буга бөгөт коюу мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Себеби Пайгамбарыбыздын (сав) көзү өткөндөн хадис китептери жазылганга чейин 6-7 урпак өткөн эле жана ал хадистерди алган белгилүү хадис китептери аларды 6-7 адам бири-бирине айткан деген чынжырлар менен жеткиришкен. Ал хадистер жазылган кезде Пайгамбарыбыздан (сав) кийинки урпактан кийинкисинен кийинкиси да көз жумган эле. Б.а. хадисчилер хадисти жеткирген адамдардын чынчыл же чынчыл эмес экенин тастыктай турган кишилердин көзү тирүү эмес эле.

Хадис аалымдары да муну билишкен. Муслим сахих, б.а. анык туура деп ынанган хадистердин баарын китебине киргизбегенин айтат (Муслим, 1-том). *«Хадистер – диндин булагы»* деген Бухари 600 миң хадис билип, 6000-7000 даанасын, б.а. 1%ын гана китебине киргизген. Калган 99%ын болсо ишенимдүү эмес деп ынанып, китебине киргизген эмес. Ошондуктан бул жерде бүт Ислам ааламы үчүн хадистер белгилүү кишилердин пикиринин негизинде аныкталган деген жыйынтык чыгат; бул болсо хадистерди «диндин булагы» деп кабыл алгандар үчүн абалдын оор экенин көрсөтөт. Себеби башкалар үчүн сахих деп саналган, бирок Муслим керек эмес деп китебине киргизбеген башка хадистер жөнүндө эч качан маалымат ала алышпайт. Бул жерде эске сала кетели; мындай иликтөөлөр учурунда Исламдын сахих, корголгон жана өзгөрбөгөн эң сонун китеби Курани Карим бир четке таштап коюлган.

Египеттик ойчул Ахмед Амин хадис ойлоп табуунун масштабын көрсөткөн төмөнкүдөй акылдуу ойду айтат:

> ***«Кызыгы, эгер хадистерди түшүндүрө турган абалда колго алсак, пирамида формасында экенин көрөбүз. Пирамиданын башы Аллахтын элчисинин (пайгамбарынын) доору болуп төмөн түшкөн сайын пирамиданын туурасы чоңойот. Пирамиданын түбүнө жеткенде Пайгамбар (сав) доорунан канчалык кенен экенин байкайбыз. Чындыгында болсо, тескерисинче болушу керек эле. Себеби Пайгамбардын (сав) жанындагылар хадистерди эң көп билгендер эле. Кийин алар көз жумган соң хадистерди билгендердин саны азайып, натыйжада жогорудагы пирамида тескери формада болмок. Бирок биз Омейяддар доорундагы хадистердин бул доордогулардан көбүрөөк экенин көрөбүз.» (Ahmed Emin, Duhaul İslam)***

Натыйжада бири-биринен айырмалуу, ал тургай, кээ бирлери башкаларына карама-каршы келген жүз миңдеген хадистин болушу жана сахихтиги бир катар хадис аалымдары арасында да пикир келишпестиктерге себеп болгон. Мисалы, Икрима Бухари жана белгилүү көптөгөн хадисчинин ою боюнча, өтө ишенимдүү бир риваятчы болсо, Муслим аны жалганчы деп айыптаган. Мындай мисалдар толтура. Алардын балким эң кызыгы; Исламдын эң белгилүү хадис китебинин автору Бухари төрт мазхабдын эң чоңу болгон Ханафи мазхабынын башчысы Абу Ханифаны «гайри-сика», б.а. «ишенүүгө болбой турган киши» деп жарыялап, андан бир дагы хадис алган эмес. Эң белгилүү хадисчинин ою боюнча, эң белгилүү мазхабдын негиздөөчүсү ишенимсиз адам болгон; бирок мусулман ааламынын өтө көп бөлүгү аларды эң ишенимдүү эки хадис аалымы деп кабыл алат. Башкача айтканда, хадис жеткиргендердин ишенимдүүлүгү жөнүндөгү талаш-тартыштарда карама-каршы пикирлер хадистердеги карама-каршылыктардай эле көп.

Пайгамбар Мырзабыздан (сав) алынган жана Курандын рухун чагылдырган көп сандагы сонун хадистин арасына көптөгөн ойдон чыгарылгандардын аралашып кеткенинен тышкары, хадистердин өткөрүлүшүндө да маселелер бар. Көп адамдар хадистерди Пайгамбарыбыздын (сав) оозунан түздөн түз алынган сөздөр деп ойлошот, бирок бул туура эмес. Аларды хадис аалымдары да түз Пайгамбардан (сав) алынган сөздөр деп айтышпайт. Бухари баш болуп, көптөгөн хадисчилер хадистин маанисинин гана өткөрүлүшү жетиштүү, сөздү толук жаттоо шарт эмес деп кабыл алышкан. Бул болсо өткөрүлгөн сөздөргө, албетте, көптөгөн башка

пикирлердин кошулуп кетишине, туура эмес түшүнүп калынган нерселердин туурадай жеткирилишине жана сөздү толук түшүнбөгөндөрдүн туура эмес айтып калтырышына себеп болгон.

Хадисти мааниси менен эле ала берүүгө болот деп кабыл алынган соң, кээде хадистин башын же аягын укпай калуу да маанисинин такыр бузулуп кетишине себеп болгон. Мисалы, Абу Хурайрадан *«Каражолтойлук үч нерседе болот; үй, аял жана атта»* деп Пайгамбарыбызга (сав) хадис ыйгарылганын уккан Аз. Айша: *«Аллахка ант болсун, Аллахтын элчиси (пайгамбары) эч качан минтип айткан эмес. Ал мындай деп айткан. «Караңгы (жахилия) адамдар мындай дешчү: Каражолтойлук үч нерседе болот; үй, аял жана атта.»»* деген.

Төрт мазхабдын негиздөөчүлөрү – албетте, өтө барктуу мусулмандар жана баалуу Ислам аалымдары. Бирок төрт мазхабдын курулушунда да ушул хадистердин чоң роль ойногонун билүү керек. Төрт мазхабдын негиздөөчүсү тең өзү тандаган хадистерди өз мазхабдары үчүн негиз тутушкан.

Төрт имам Кутуб ас-Ситтаны, б.а. алты белгилүү хадис китеби жыйнагын жазган хадис имамдарынын критерийлеринин сыртына чыгып, өз мазхабдарын курушкан. Жогоруда да айтылгандай, алардын эң чоң мазхабы болгон Ханафи мазхабынын негиздөөчүсү Абу Ханифага Бухари баш болгон көп хадис имамдары тарабынан «хадис илими күчтүү эмес жана көбүнчө өз пикирлерин алдыңкы планга чыгарган» деген сын айтылган.

Хадис аалымдары менен мазхабдар сахих (ишенимдүү) деп эсептеген хадистер арасында чыккан ушунча карама-каршылыктарга карабастан, хадистерди эч тануугa болбойт дегендер да пайда болгон. Ал кишилердин башчылыгы менен, мисалы Бухари жана Муслимдеги «бир эле хадисти жокко чыгарган адам каапыр болот» деген туура эмес, тантырак түшүнүк жайылган. Андан да ары кетип, кийинки бөлүмдөрдө терең каралгандай, хадистер Куран аяттарынын өкүмүн жокко чыгарат дегендер да чыккан. Фанаттардан турган караңгы, сабатсыз топтордун келип чыгышынын чыныгы себеби мына ушундай туура эмес түшүнүктөр болууда.

Ар кандай жалган (мавзу) хадистер кантип Ислам дининде бири-биринен айырмалуу өкүмдөрдү камтыган мазхабдарды пайда кылганын чогуу көрөлү.

# МАЗХАБДАР АРАСЫНДАГЫ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

| | **ЖАГДАЙЛАР** | **ХАНАФИ** | **МАЛИКИ** | **ШАФИИ** | **ХАНБАЛИ** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Өлгөн жаныбардын териси адалбы? | Арам | Адал | Арам | Адал |
| **2** | Угорь (жылан кебетелүү балыктын бир түрү) жегенге болобу? | Адал | - | - | Арам |
| **3** | Эркектин кызыл кийим кийишинин өкүмү кандай? | Макүрөө (Макрух) | Адал | Арам | Макүрөө |
| **4** | Эркектин сары кийим кийишинин өкүмү кандай? | Арам | Адал | Арам | Арам |
| **5** | Рабап (байыркы чертме музыкалык инструмент), флейта (най), барабан, керней, сурнай, добулдас ойноого болобу? | Макүрөө | Адал (болот) | Адал (болот) | Арам (болбойт) |
| **6** | Карганын этин жегенге болобу? | Арам | Адал | Арам | Арам |
| **7** | Аттын этин жегенге болобу? | Арам | Адал | - | - |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **8** | Моллюскаларды жегенге болобу? | Арам | Адал | - | - |
| **9** | Устрица жегенге болобу? | Арам | Адал | - | - |
| **10** | Чабалекей жегенге болобу? | Адал | Адал | Арам | Арам |
| **11** | Бүркүттүн этин жегенге болобу? | Арам | Адал | Арам | Арам |
| **12** | Намаз окуп жаткан адамдын алдынан өтүүгө болбой турган аралык канчалык? | 40 кулач (саржан) | 1 кулач (саржан) | 3 кулач (саржан) | 3 кулач (саржан) |
| **13** | Намазда унутуп калып сүйлөө намазды бузабы? | Ооба | Жок | Жок | Ооба |
| **14** | Намазда «ах» же «оф» деш намазды бузабы? | Ооба | Жок | Ооба | Ооба |
| **15** | Дааратын парздары канчоо? | 4 | 7 | 6 | 7 |
| **16** | Даааратты белгилүү бир кезек менен алуу парзбы? | Жок | Жок | Ооба | Ооба |
| **17** | Дааратты токтобой алуу парзбы? | Жок | Ооба | Жок | Ооба |
| **18** | Дааратты бузган нерселердин саны канчоо? | 12 | 3 | 5 | 8 |
| **19** | Намазда каткырып күлүү дааратты бузабы? | Ооба | Жок | Жок | Жок |
| **20** | Төөнүн этин жесе жана жаназаны жууса даарат бузулабы? | Жок | Жок | Жок | Ооба |
| **21** | Даарат күмөн менен бузулабы? | Жок | Жок | Жок | Ооба |
| **22** | Бир жердин канашы дааратты бузабы? | Ооба | Жок | Жок | Жок |
| **23** | Гусул дааратын алууну зарыл кылган себептердин саны канчоо? | 7 | 4 | 5 | 6 |
| **24** | Гусул дааратынын парздары канчоо? | 11 | 5 | 3 | - |
| **25** | Камырабастыктан же жалкоолуктан улам намаз окубагандын өкүмү кандай? | Камалып, кан акканга чейин сабалат, өлтүрүлөт | Тообо кылбаса өлтүрүлөт | Үч күн ичинде тообо кылбаса өлтүрүлөт | Үч күн ичинде тообо кылбаса өлтүрүлөт |
| **26** | Намаздын аягында канча жолу салам берүү парз? | Парз эмес | 1 тарапка берүү парз | 1 тарапка берүү парз | 2 тарапка берүү парз |
| **27** | Рамазан айындагы орозо үчүн күн сайын өз-өзүнчө ниет кылуу | Ооба | Жок | Ооба | Ооба |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | шартпы? | | | | |
| **28** | Кан алдыруу орозону бузабы? | Жок | Жок | Жок | Ооба |
| **29** | Эркек менен аялдын зыйнат (кооздук) буюмдарынан зекет бериши парзбы? | Ооба | Жок | Жок | Жок |
| **30** | Аял жанында күйөөсү болбостон, ажыга бара алабы? | Жок | Ооба | Ооба | Жок |
| **31** | Ажылыктын шарты канчоо? | 2 | 4 | 5 | 4 |
| **32** | Жибектин үстүнө отуруу, сүйөнүү, жаздык кылып колдонуу, дубалга асуу арамбы (күнөөбү)? | Жок | Ооба | Ооба | Ооба |
| **33** | Сакал алуу арамбы (күнөөбү)? | Ооба | Ооба | Жок | Ооба |
| **34** | Нарда ойноо арамбы (күнөөбү)? | Жок | Ооба | Ооба | Ооба |
| **35** | Шахмат ойноо арамбы (күнөөбү)? | Ооба | Ооба | Жок | Ооба |
| **36** | Жыныстык зордуктоого кабылган жаныбардын өкүмү кандай? | Өлтүрүлөт, этин жегенге болбойт | Өлтүрүлөт, этин жегенге болот | Өлтүрүлөт, этин жегенге болот | Өлтүрүү керек |
| **37** | Шарап жана башка мас кылуучу заттарды ичүүнүн жазасы канча балак? | 80 | 80 | 40 | 80 |
| **38** | Динден кайтканы үчүн өлтүрүлгөн бир адамдын мүлкүн мураскорлоруна берүүгө болобу? | Ооба | Жок | Жок | Жок |
| **39** | Динден кайткан аял өлтүрүлөбү? | Жок | Ооба | Ооба | Ооба |
| **40** | Бир аял соттук кылса (сот болсо) болобу? | Ооба | Жок | Жок | Жок |
| **41** | Ит балит (таза эмес) бир жаныбарбы? | Жок | Жок | Ооба | Ооба |

# Курандын сыртынан өкүм издегендер чыныгы динге кайтышы керек

Ойдон чыгарылган, туура эмес жеткирилген, бурмаланган, адамдар өз каалоосуна жараша чечмелеген миндеген хадистер учурда Ислам дининин эң негизги булагы катары кабыл алынууда. Ислам дини төрткө бөлүнүп, төрт башка мазхаб, тагыраак айтканда, бири-бирине толук карама-каршы келген төрт башка дин пайда кылынган.

Көп мусулман бир туугандарыбыз чыныгы дин ушул деп ойлоп, билбей буларды жасашууда жана сахих (ишенимдүү) болбогон көп хадистерди чыныгы хадис деп ойлошууда. Учурда көп согуштардын негизги себеби болгон мындай ойдон чыгарылган нерселер хадистер жөнүндө бир пикирге келе албаган бир түшүнүктүн натыйжасы. Жогоруда айтылган жана бул китепте көп жолу кайталана турган маанилүү бир чындыкты кайра эске салалы; Куранда Пайгамбарыбыздын (сав) Раббибизге айткан бир гана арызы – бул Ислам ааламынын Куранды ташталган бир Китеп катары бир тарапка таштап коюшу:

**«Раббим, чындыгында менин коомум бул Куранды ташталган (бир Китеп) катары артка таштaшты.» (Фуркан Сүрөсү, 30)**

Эгер Раббибиз каалаганда, албетте, Пайгамбарыбыздын (сав) сөздөрүнүн баарын коргоого алмак жана 1400 жылдык ал сөздөр –дал Куран аяттары сыяктуу- эч өзгөрбөй бүгүнкү күнгө чейин келмек. Бирок толук Ислам менен жашаганга Курандын бир эле өзү жетиштүү. Ансыз да Пайгамбарыбыздын (сав) бүт кылган иш-аракеттери Куранда турат.

Ошондуктан Раббибиз Куранды коргогон жана бул мусулмандар үчүн жетиштүү. Куран корголгону жана өзгөрбөгөнү үчүн ойдон чыгарылган нерселерге ишенгендер эч качан Куранды өздөрүнө таяныч катары колдоно алышпай, кыйындатканга аракет кылган Ислам динине Курандан эч бир далил келтире алышкан эмес. Ошондуктан ойдон чыгарылган нерселерине дайыма жалган (мавзу) хадистерден далил келтирүүгө аракет кылышкан. Себеби Куранда бүт мусулмандар бириге турган жалгыз жол, жалгыз багыт жана жалгыз акыл бар.

Куран мусулмандарга жол башчы жана мээрим катары түшүрүлгөн:

**...(Бул Куран) ойдон чыгарыла турган бир сөз эмес, өзүнөн мурдакылардын тастыктоочусу, бүт нерсенин «ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана ыйман келтире турган бир коом үчүн бир хидаят (туура жол) жана мээрим. (Йусуф Сүрөсү, 111)**

Куранда Аллахтын аяттарын өздөрүнчө жетишсиз же өкүмсүз көрүп (Аллахты жана Куранды аруулайбыз), жалган сөздөрдү ээрчий тургандардын бар экени да кабар берилген:

**Булар Аллахтын аяттары; сага буларды чындык катары окуп жатабыз. Демек, алар <u>Аллахтан жана Анын аяттарынан соң кайсы сөзгө ыйман кылышат?</u> (Жасия Сүрөсү, 6)**

Аллах карама-каршылыктарга толо жалгандар жөнүндө Аллахтын өзгөрбөгөн өкүмү жана Ислам дининин акыйкат китеби болгон Куран менен ойлонууга чакырат:

**Алар дагы эле Куранды жакшылап ойлонбой жатышабы? Эгер ал Аллахтан башкасынын кабатынан болгондо, шек жок ичинде көптөгөн карама-каршылыктарды (дал келбестиктерди) табышмак. (Ниса Сүрөсү, 82)**

Куран таштап коюлган соң, Курандагы Ислам жетишсиз көрүлгөн соң (Куранды аруулайбыз) жана жаңы бир дин издеп башталган соң, башаламандыктар, пикир келишпестиктер, душмандыктар да бири-бири артынан келе баштаган. Куранга өздөрүнчө сын айтып, өздөрү чыгарган динди кабыл алдырууну каалагандар болсо кайра эле ойдон чыгарылган нерселер аркылуу өздөрүнчө келечек урпактарды да Курандан алыстата турган чараларды көрүшкөн.

# Ислам ааламынын Куранды таштап коюшу

Мусулмандардын бир бөлүгү көп жылдар бою кайра эле жалган (мавзу) хадистерге жана бир катар «аалымдар» динге кошууга аракет кылган калптарга таянып Курандан системалык түрдө алысташкан. Ал жалган хадис жана ижмалар (кээ бир Ислам аалымдары берген орток шарият өкүмдөрү) аркылуу көптөгөн Куранда жок

нерселер жайылтылган. Ал нерселер ушунчалык оор жана жол тосуучу болгондуктан, көп адамдар Куранды «кол тийгизбес» Китеп катары көрө башташкан. Мисалы;

• «Куранды даарaтсыз кармаганга болбойт» деген калп аркылуу Куран окуу оордоштурулган.

• Даарат Куранда бир гана аятта апачык түшүндүрүлүп, опоңой болгонуна карабастан, фанаттардын ойдон чыгарган нерселеринде даaратты буза турган –канчалаган том китептен турган- миңдеген себептер бар. («Фанаттардын оор дини» бөлүмүндө бул жагдай тереӊ каралат.) Ошондуктан Куранга тийүү дээрлик эч мүмкүн болбой калган.

• Куран көбүнчө окулбайт, бир баштыктын ичинде бийик жерге илинип коюлат жана эч качан ал жерден түшүрүлбөйт.

• Куран бир мусулмандын жашоосунун эң негизги бөлүгү болушу керек; ал эми бул ойдон чыгарылган нерселер боюнча, Куранды Рамазан айы, айт күндөрү, жаназалар сыяктуу кээ бир учурларда, анда да бир гана арап тилинде окууга болот. Бир адамдын Куранды өзүнүн тилинде окушуна болсо толук тыюу салынган. Бул туура эмес ишенимде көп адамдар өз тилинде Куран окуганда күнөө болот деп ойлойт. Ошондуктан арап тилин билбеген элдердин көп бөлүгү Курандын мазмунун да билишпейт.

• Туура эмес ишеним себептүү дүйнөдө миллиондогон мусулмандар Куранда эмне жазылганын да билишпейт.

• Жоолук (башты жабуу) Куранда парз кылынбаганына (бул жагдай эмки бөлүмдөрдө каралат) жана «Куранды даарaтсыз кармаба» деген сыяктуу бир шарт болбогонуна карабастан, бир аялдын жоолуксуз жана даарaтсыз Куранды кармашына бул ойдон чыгарылган динде тыюу салынган. Ошол сыяктуу, эркектерге да көптөгөн оор эрежелер аркылуу Куранды кармашына бөгөт болуучу көптөгөн туура эмес өкүмдөр чыгарылган.

• Куранды окууга бөгөт коюу үчүн чыгарылган эң белгилүү жомоктордун бири болсо – бул «Курандын өзүн гана окусаң түшүнбөйсүң, аны түшүнүү үчүн аалымдардын чечмелөө жана тафсирлерин кароо керек» деген көз-караш. Бул пикирге сугарылган бир катар мусулмандар Аллахтын **«...Биз бүт нерсени жетиштүү деңгээлде түшүндүрдүк»** (Исра Сүрөсү, 12) деген аятына карабай, Куранда жетиштүү деңгээлде түшүндүрмө таба албайм деп ишенишип, аларга таңууланган жалган (мавзу) хадистерди чыныгы жол көрсөтүүчү катары көрүшүүдө.

# Куран – дайыма колубузда болушу керек болгон жол башчыбыз

Куран – жашоонун ар бир көз ирмеминде, бүт жерде окуу керек болгон бир жол башчыбыз; бирок жогоруда айтылган эрежелер натыйжасында бир мусулман Куранды колуна да ала албоодо.

Чындыгында болсо, **«Үйлөрүңөрдө окулуп жаткан Аллахтын аяттарын жана даанышмандыкты эстегиле...»** (Ахзаб Сүрөсү, 34) деген аят аркылуу дайыма окулуп туруучу жана даанышмандыгы эсте кала турган бир Куран сүрөттөлгөн. Дагы бир Куран аятында болсо Аллах **«Бул – эч күмөн болбогон, такыбалар (Аллахтан коркккондор) үчүн жол көрсөтүүчү бир Китеп.»** (Бакара Сүрөсү, 2) деп белгилейт. Бир китеп жол башчы болушу үчүн анын ичиндеги жол көрсөтүүчү акылмандыктарды билүү керек. Курандын, ошол эле учурда, бир жол башчы, жолду жарык кылуучу бир нур, туураны туура эместен айырмалоочу бир өлчөм, карама-каршы пикирдегилерге карата бир далил, бир керемет, жүрөктөрүндө руханий мааниде оорусу барларга дары, кыйналып жаткан ыймандууларга бир сүйүнчү, бүт адамдар үчүн бир насаат жана эскертүү, бүт жагдайларды тереӊ түшүндүргөн бир мыйзам, ой жүгүртүүнү өстүрүүчү бир жол көрсөткүч, бүт нерсенин ар кандай абалда

түшүндүрмөсү, акылын колдонгондор үчүн бир эскертүү, бири-бири менен пикири келишпеген адамдарды бириктирүүчү бир себепчи экени Курандын аяттарында кабар берилет. Бул нерселердин баары Куранды окуп, ичиндеги насааттарды билип, түшүнүү натыйжасында гана турмушка ашат. Бирок фанатизмди жайылтууну көздөгөндөр эң башта Куранга жетүү жолуна бөгөт коюшкан.

Куранга жетүүгө бөгөт коюлганда, бир мусулман үчүн тууранЫ туура эместен айырмалай турган жол да тосулган болот. Хадистердин тууралыгын Куранга карап түшүнүү мүмкүнчүлүгү да калбайт. Анын ордуна ойдон чыгарылган нерселер менен жалган хадистер коюлганда болсо, Курандан башка, жапжаңы бир дин чыгарылган болот. Фанатизм дини мына ушундай ыкмалар менен Ислам дүйнөсүнө жайылтылды.

# Чоң бир маселе: хадистер аяттарды жокко чыгарат деген доомат

«Насих» (жокко чыгаруу) темасын мурдакы бөлүмдөрдө карадык. Бир аят башка бир аяттын өкүмүн жокко чыгарат деген сөздүн туура эмес экенин бүт далилдери менен көрсөттүк. Бул жердеги маселе болсо – бир катар «улама» жана «аалым» сөрөйлөрдүн кээ бир хадистер аяттардын өкүмүн жокко чыгарат дегенге чейин барышы.

Бул сөздү айткандар негизи Пайгамбарыбызга (сав) жалаа жапкан болушат. Пайгамбарыбызды (сав) сөздөрүндө жана иш-аракеттеринде Куран аяттарынын сыртына чыгып, Курандан тышкары башка нерселерди жасаган деп адамдарды тымызын ишендирүүгө аракет кылышууда. [Пайгамбарыбыз (сав) мындай нерселерден алыс]

Пайгамбарыбыз (сав) Куранга карап өкүм берип, бир гана Куранга карап жашаган. Пайгамбарыбыздын (сав) Курандан сырткары бир нерсени адал же арам кылуу укугу эч эч жок, ансыз да пайгамбардыгы жана Аллахтан өтө корккону себептүү мындай нерсени эч качан жасабайт. Улуу Аллах мунун Анын каарына себеп болоорун аяттарда төмөнкүчө белгилейт.

> **Эч күмөнсүз, ал (Куран) кадырлуу бир элчинин чындык сөзү. Ал бир акындын сөзү эмес. Канчалык аз ишенесиңер? Бир көзү ачыктын да сөзү эмес. Канчалык аз насаат алып-ойлоносуңар. Ааламдардын Раббисинен түшүрүлгөн. <u>Эгер ал Бизге карата кээ бир сөздөрдү оюнан чыгарып айткан болгондо. Сөзсүз анын оң колун (бүт күч-кудуретин) алып коймокпуз. Анан анын күрөө тамырын, албетте, үзмөкпүз.</u> Ошондо силерден эч ким ортого кирип аны мындан тосуп, куткара алмак эмес. (Хакка Сүрөсү, 40-47)**

Куран аятта айтылгандай «бүт нерсенин ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана корголгон Китеп. Аллах аятында мындай деп кабар берет:

> **... (Бул Куран) ойдон чыгарыла турган бир сөз эмес, өзүнөн мурдакылардын тастыктоочусу, бүт нерсенин «ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана ыйман келтире турган бир коом үчүн бир хидаят (туура жол) жана мээрим. (Йусуф Сүрөсү, 111)**

Куранда **«Эй Пайгамбар, жубайларыңдын ыраазылыгын көздөп, Аллах сага адал кылгандарды эмне үчүн арам кылып жатасың? Аллах өтө кечиримдүү, өтө боорукер.» (Тахрим Сүрөсү, 1)** аятынан апачык көрүнүп тургандай, Пайгамбардын (сав) өзүнүн жеке жашоосунда да адал кылынгандарды арам кылуу укугу болгон эмес. Мындан тышкары, көп аяттарда **«Өкүм бир гана Аллахтын колунда»** (Энъам Сүрөсү, 57) жана **«Өз өкүмүндө эч кимди шерик кылбайт.»** (Кехф Сүрөсү, 26) деп Аллах бир гана Өзүнүн өкүм койоорун апачык белгилеген. Аллахтын өкүмү болсо Куранда.

Ошондуктан Аллах бербеген бир өкүмдү Пайгамбарыбыздын (сав) бериши мүмкүн эмес.

Куранга жетүүнүн жолу тосулуп, Курандын өкүмдөрү хадистер тарабынан жокко чыгарылган дегенге чейин жеткен соң; жапжаңы бир динди ойлоп чыгарып, бүт адамдарды ал динге түртүү да өтө оңой болгон. Бул жаңы жана Курандагы Исламдан такыр башка динди түшүнө алуу үчүн жалган (мавзу) хадистердин кээ бирлерин карайлы.

# Фанаттык түшүнүктүн чектерин жакшы түшүнүү

Фанаттык түшүнүккө сын айткан батыштыктар негизи бул түшүнүктүн чектерин көбүнчө жакшы билишпейт. Жалган сөздөр, жасалма аалымдар жана ойдон чыгарылган нерселер аркылуу келип чыккан бул диндин эрежелери алар билгенден алда канча үрөй учурарлык. Бир радикалдын чектен чыгышынын көрсөткүчү бомба байлап өзүн жардырышы менен эле чектелбейт. Бир фанаттын жашоосунун ар бир көз ирмеминде коркунучтуу бир түшүнүк орун алат. Жашаган жеринен үй-бүлөлүк жашоосуна, аялга болгон көз-карашынан бүт жаныбарларга болгон көз-карашына, тазалык түшүнүгүнөн бакыт түшүнүгүнө чейин бүт тарабы караңгылыктарга толо.

Бул жерде бул көз-караштты көрсөтүүдө радикалдардын булагы болгон жалган хадистерди көңүлүңүздөргө сунабыз жана аларга Куран аяттары менен жооп беребиз. Мындагы максат – радикализмдин булагын көрсөтүү жана анын Ислам дини менен эч байланышы жок экенин жеткире алуу. Ар этапта айтыла турган эскертүүнү бул жерде башынан айта кетели:

**Бул жерде карала турган жалган өкүмдөрдүн эч бири Куранда жок. Бул жалган хадистер менен иш-аракеттер Курандын мазмунуна жана рухуна бүтүндөй карама-каршы келет. Баары Куранга карама-каршы келет, ошондуктан Ислам динине тиешелүү эмес. Бул нерселер мусулмандарга дайыма зыянын тийгизип келди. Ушул себептен ойдон чыгарылган калптардын жүзүн апачык көрсөтүү керек жана натыйжада бул коркунучка карата кандай чара көрүү керек экени да белгилүү болот.**

## Ичимдик ичкендердин өлтүрүлүшү

*Ичимдик ичүүгө бешинчи жолу баргандарды өлтүргүлө.» (1643-Ebû Dâvud-Tirmizî (Абу Давуд-Тирмизи))*

Куранда такыр жок бул өкүм мына ушул жалган аркылуу Исламга киргизилген. Ал эми Куран аяттарында болсо ичимдик ичкен мусулмандардын, ал тургай, ибадаттарын кылган адамдардын бар экени айтылган. Аятта мындай деп айтылат:

> **Эй ыймандуулар, мас кезиңерде сүйлөгөн сөзүңөрдү билгенге жана жунуб кезде болсо –сапарда жүргөнүңөрдөн тышкары- гусул кылганга чейин намазга жакындабагыла. (Ниса Сүрөсү, 43)**

Бул аятта маанилүү бир өкүм бар. Бир мусулман ичимдик ичкенде күнөөгө кирет, бирок Исламдан чыкпайт, каапыр болбойт. Аятта апачык айтылгандай, мусулмандар арасында да ката кетирип, ичимдик ичкендер болушу мүмкүн, бирок аларга намаз окуганда соолуккан абалда болгула деп айтылууда. Намаздай күчтүү бир концентрацияны талап кылган, адам Аллахты эстеп жатканда эмне айтып жатканын билип, түшүнүшү керек болгон бир ибадатта Аллах мас адамдын акылы ордунда болбогону үчүн ошол учурда намаз кылышына тыюу салган. Бирок аятта айтылгандай, адам мас абалынан чыгып, соолуккан соң кайра намаз ибадатын аткарууну улантат. Б.а. кандай болгон күндө да ал адам – бир мусулман.

Куран ушундай ачык бир өкүм аркылуу адамдарга ката кетирсеңер да, динден чыкпайсыңар деп билдирсе, ойдон чыгарылган хадистин жалган өкүмү болсо бир кылмышка чакырууда. Негизги маселе болсо, радикалдуу дүйнөдө көп адамдар бул хадисти жатка билип, Курандагы чыныгы өкүмдү эч билишпейт.

# Сакал-мурутун алгандардын өлтүрүлүшү

*«Куран окуп туруп сакал-мурутун алгандарды өлтүргүлө.» (4816- Buhâr-i Müslim- Muvatta-Nesâî-Ebu Dâvud (Бухари, Муслим, Муватта, Насаи-Абу Давуд))*

Бухари жана Муслим сыяктуу кадыр-барктуу жана сахих хадистер да орун алган булактарда болушу ушул сыяктуу жалган хадистерди фанаттардын дүйнөсүндө көбүрөөк өтүмдүү кылган. Эң биринчиден, Куран тазалыкты жана өзүн каранууну мактаган. Ошондуктан сакалдын –узун же кыска- ар кандай кылып алынып, кыскартылышы Куранга толук туура келген бир тазалык жана өзүн карануу түшүнүгү болуп саналат. Мындан тышкары, сакал алуу жөнүндө Куранда БИР ДАГЫ ӨКҮМ болбогонуна карабастан, жалган хадис аркылуу мындай өкүмдүн чыгарылышы адамды шок кылат.

**«Ким бир жанды, ал башка бирөөнү өлтүрүп же бир бузукулук чыгарбаса да (эч күнөөсүз жерден) өлтүргөн болсо, бардык адамдарды өлтүргөндөй (күнөө кылган) болот...»** (Маида Сүрөсү, 32) деген эң сонун динибизде сакалын алды деп бир адамды өлтүрүүнүн мүмкүн эмес экени айдан ачык. Бул жөнүндө Куранда бир дагы аят болбогонуна карабастан, муну шылтоо кылып «өлтүрүүнү» кантип туура нерседей көрсөтүүгө болот?

Албетте, чыныгы Ислам түшүнүгүндө мындай нерсе мүмкүн эмес. Бул жерде мусулман дүйнөсүнүн өтө чоң бөлүгүнүн өзүн каранып, сакал-мурутун алып жүргөнүн да эске салуу керек. Бул өкүм боюнча, мусулман эркектердин дээрлик 80%ын өлтүрүү керек болот. Бирок учурда бул өкүмдүн чыныгы экенине ишенген өтө көп санда радикалдуу мусулман жер бетинде жашап жатат жана алардын көпчүлүгү башка мусулмандарды сакал алганы үчүн гана «өлтүрүү важып» деп ишенишүүдө. Ал кишилер Куранга карабай, ушундай коркунучтуу бир түшүнүктө жашашууда.

# Ойноштук (зынаа) кылгандардын өлтүрүлүшү

*Ойноштук (никесиз байланыш) кылгандарды өлтүргүлө. [1623-Tirmizî (Тирмизи)] (1601)*

*Үй-бүлөлүү болуп туруп, ойноштук кылгандарды ташбараң кылып (реджм кылып) өлтүргүлө. (1111-Buhârî] [1606-Buhari-Müslim-Tirmizi-Ebu Davud-Nesai-İbn Mace (Бухари-Муслим-Тирмизи-Абу Давуд-Насаи-Ибн Маджа))*

Бул жалган хадистер Тоороттогу ойноштук кылганды ташбараң кылып өлтүрүү өкүмүн мусулмандыкка киргизүү жана реджм (ташбараң кылуу) сыяктуу бир жапайылыкты кадимки нерседей көрсөтүүгө аракет кылуу максатында ойлоп чыгарылган. Бул жалганды хадистерге кошуу үчүн бир катар жалган «аалымдар» башка жалган хадистерди ойлоп табуудан да тартынышкан эмес. Төмөндө бир канчасы мисал келтирилген бул хадистер ташбараң кылуу жазасын кадыресе нерседей көрсөтүү үчүн Пайгамбарыбызга (сав), халифаларга жана сахабаларга карата айтылган жалган жалааларга толо:

*«Ойноштук кылган үй-бүлөлүүлөрдү ташбараң кылып өлтүрүүгө буйруган аят Аз. Айшанын төшөгүнүн астындагы баракта жазылуу болгон. Пайгамбар көз жумган соң Аз. Айша аны жайга коюу иштери менен алектенип жүргөндө, үйдүн ачык эшигинен ичкери кирген бир эчки ал баракты жеп койгон. Ошентип ташбараң кылып өлтүрүү жазасы Курандан чыгып калган. Бирок өкүмү уланууда.» (İbn-i Mace (Ибни Маджа) 36/194; Hanbel (Ханбал) 3/61,5/131)*

*«Эчки жеп койгону үчүн Курандан чыгып калган ташбараң кылуу аятын Өмер (Умар) Курангa кайра киргизгиси келген; бирок адамдардын ушагынан корккону үчүн буга эрки жеткен эмес»* *(Buhari (Бухари) 53/5; 54/9; 83/3; 93/21; Muslim, Hudud (Муслим, Худуд) 8/1431; Ebu Davut (Абу Давуд) 41/1; Itkan 2/34).*

*«Улуу Аллах Мухаммедди (с.а.с) акыйкат менен жөнөтүп, Ага Китепти түшүргөн. Реджм аяты да Ага түшүрүлгөн аяттардан эле. Биз ал аятты окуп, жаттап, түшүндүк. Расулуллах (с.а.с) реджмди жасады, андан соң биз да жасадык». Убакыт өткөн соң кээ бирлер чыгып «Биз Аллахтын китебинен реджмди көрө алган жокпуз» деп, Аллах түшүргөн бир парзды таштап коюп, жолдон адашышат деп корком. Эч күмөнсүз, реджм Аллахтын китебинде үй-бүлөлүү болуу, күбө, бойго бүтүү же моюнга алуу шарты менен, ойноштук кылган адамга берилчү бир акыйкат жаза.» (Müslim, Hudûd, 15)*

*Халифа Өмердин (Умардын) реджмди минбардан жарыялашы, арасында көптөгөн сахабалар турган жамааттын эч биринин ага каршы чыкпашы реджмдин бар экенин көрсөтөт. (Sahih-i Müslim Tercüme ve Şerhi (Сахихи Муслимдин котормосу жана чечмелениши), Ahmed Davudoğlu, Istanbul 1978, VIII, 350). es-Serahsî (ö. 490/1097)*

Исламга, Курангa, Пайгамбарыбызга (сав) жана сахабаларга айтылган сансыз жалааларга толо болгон жогорудагы жалган хадистерди бир-бирден карайлы:

Эң биринчиден, Аллах аяттары аркылуу Курандын Өзүнүн коргоосу астындагы бир китеп экенин апачык айткан:

**Эч күмөнсүз, зикирди (Куранды) Биз түшүрдүк Биз. Анын коргоочулары да – чындыгында Бизбиз. (Хижр Сүрөсү, 9)**

**Албетте, бул – бир Курани Карим. Сакталып-корголгон бир Китепте (жазылуу). (Вакыа Сүрөсү, 77-78)**

**Күмөнсүз, аны (Куранды) (жүрөгүңдө) топтоо жана аны (сага) окутуу Биздин колубузда(гы иш). (Кыямат Сүрөсү, 17)**

Аллах Куранды коргой турганын, аяттарды бириктирип Өзү сактай турганын аяттарында апачык белгилеген. Акыркы түшүрүлгөн вахий болгон Курандын Аллахтын коргоосу астында экенин кайра эле Курандын өзүнөн биле алабыз. Себеби Куран акыркы Китеп болгону үчүн кыяматка чейин адамдардын хидаят табышына (туура жолго түшүшүнө) себепчи болот. Ошондуктан акыркы вахий Аллах тарабынан коргоого алынган.

Муну Улуу Раббибиз Пайгамбарыбызга (сав) **«Сага окутабыз, сен болсо унутпайсың.»** (Аъла Сүрөсү, 6) аяты аркылуу вахий кылган. Бул аят да кабар бергендей, Аллах Пайгамбарыбызга (сав) окутулган эч бир аятты унуттурган эмес. Ошондуктан Куранда унутулган же кем болуп калган бир аят болушу мүмкүн эмес.

Ойноштук (зынаа) жөнүндөгү аятты эчки жеген деген «риваятта» болсо Аллах аятында «сакталган жана корголгон» бир китеп деп сүрөттөгөн Курандан бир аят чыгып калган, башкача айтканда, Аллах аятты коргой алган эмес деп айтылууда (Аллах мындай кемчиликтен алыс). Бул жогорудагы Куран аяттарын четке кагуу, Аллахтын сөздөрүнөн күмөн саноо жана динден чыгуу деген мааниге келет.

Болгондо да, жалган хадистер аркылуу халифа Аз. Өмерге (Аз. Умарга) апачык жалаа жабылууда. Ал жалган жалаа аркылуу, Аз. Өмер жөнүндө **«Куранда жок бир өкүмдү** билип, **Куранда болбогонуна карабастан** Медина минбарында аны **бир аят катары жарыялап,** ага эч бир сахаба каршы чыккан эмес, **Аз. Өмер болсо ушактан «корккону» үчүн аны Курангa кошо алган эмес»** деп айтылууда.

Албетте, Пайгамбарыбыздын (сав) халифасынын Куранда жок бир өкүмдү «негизи бул Куранда бар эле» деп айтышы мүмкүн эмес. Бул Аз. Өмердин Курандын корголгон китеп экенин четке кагышы деген мааниге келет;

бул болсо Аллахтын өкүмүнө каршы чыгуу болуп саналат (Аз. Өмер мындайдан алыс). Бул, албетте, жалган хадистер аркылуу Аз. Өмерге карата айтылган өтө жаман жана чоң бир жалаа.

Ошондой эле, Курандагы бир аятты корголбой калган деп минбарда айтылышына эч бир сахаба каршы чыккан эмес деп сахабаларга да чоң жалаа жабылууда. Мындай нерсеге сахабалардын баарынын Курандан далил көрсөтүп, өтө каршы чыгаары анык.

Аз. Өмерге бул жалган хадистер аркылуу «Куранда бар деп ойлогон бир өкүмдү ушактан корккону үчүн айта алган эмес» деген дагы бир жалаа жабылган. Бул жогорудагы хадисти ойлоп чыгарган жалганчы аалымдардын Аллахка, Пайгамбарыбызга (сав), халифаларга жана сахабаларга болгон көз-карашынын канчалык бузуку экенин апачык көрсөтүүдө. Аз. Өмер Пайгамбарыбызды (сав) өрнөк алган, өмүр бою Аллах үчүн жашаган, ал үчүн канчалаган кыйынчылыктарга туруштук берген, Аллахка, Пайгамбарга (сав) жана Куранга ишенүү жана аларды коргоодо өлүмгө тике караган, чын ниеттүү бир мусулман болгон. Өмүр бою эч кимдин сын сөзүнөн, өлүмдөн, согуштардан, коркутуулардан эч тартынбаган, Аллахтан башка эч кимден коркпогон бул куттуу инсанды «ушактан корккону үчүн Курандан чыгарылган бир аятты айтуудан тартынган» деген сөз – Ислам менен эч байланышы жок, «оорулуу» бир мээ ойлоп тапкан бир жалган жалаа.

Мындан тышкары, ойноштук жөнүндөгү өкүм Куранда болушунча терең берилген жана реджм (ташбараң кылуу) деп аталган зомбулук Куранда такыр жок. Эгер реджм ал «аалымдар» ойлоп чыгаргандай Куранда бар болсо, ойноштук жөнүндө кантип эки башка өкүм айтылышы мүмкүн? Албетте, мындай нерсе мүмкүн эмес. Бул дагы алардын жалганчылыгынын бир далили. Эми болсо ойноштук жөнүндө Куранда Раббибиз берген жалгыз жарактуу өкүмдү аяттар аркылуу баяндайлы:

# Куранда ойноштуктун (зынаанын) өкүмү

Ойноштук жөнүндөгү өкүм Куранда төмөнкүдөй:

> **Ойноштук (зынаа) кылган аял менен ойноштук кылган эркектин ар бирине жүздөн таяк (желде) ургула. (Нур Сүрөсү, 2)**

Аяттагы «желде» - жоон бир таяк эмес, ичке бир чыбык. Жана Пайгамбарыбыз (сав) доорунда бул өкүм жүз чыбыкты чогултуп байлоо аркылуу, б.а. ойноштук кылган адамга бир топ кылып байланган жүз чыбык менен бир жолу уруу аркылуу орундатылган.

Мындан тышкары, бул жерде баса белгилөө керек болгон бир чындык бар; Курандагы бул жөнүндөгү башка аяттардан бул таяк жазасынын да коркутуу максатында экени, иш жүзүндө мунун көп мүмкүн болбой турганы көрүнүп турат:

> **Коргонгон (намыстуу) аялдарды (ойноштук менен) айыптап, анан <u>төрт күбө алып келбегендерге</u> болсо сексен таяк ургула жана алардын күбөлүктөрүн өмүр бою кабыл албагыла. Алар бузукулар (фасык). (Нур Сүрөсү, 4)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, бир аялды ойноштук менен айыптоо үчүн аны ойноштук учурунда көргөн төрт күбө болушу шарт. Ал төрт адамдын ойноштуктун мурдасын же кийинин эмес, дал ойноштук учурун көрүшү аларды күбө кылат. Себеби ойноштуктун мурдасын же кийинин көрдүм деп айтып чыгуу кайра эле күмөн болуп саналат. Иш жүзүндө ойноштук учуруна төрт адамдын күбө болушу мүмкүн болбогондуктан, мунун коркутуучу бир жаза экени ачык көрүнүп турат.

Бул аятта, мындан тышкары, ойноштук менен айыптап күбө алып келбегендерге сексен таяк жазасынын болушу да бул жөнүндөгү жалаалардын алдын алуучу өтө коркутуучу бир өкүм. Дагы бир аятта бир аялды

ойноштук менен айыптап, күбө алып келбеген адамдардын Аллах Кабатында калпычылар деп саналаары белгиленген:

**Ага карата төрт күбө менен келиши керек эмес беле? Күбөлөрдү алып келбегенине караганда, эми алар Аллах Кабатында жалганчылардын дал өзү болушат. (Нур Сүрөсү, 13)**

Көрүнүп тургандай, күбө алып келе албаган адам жалаа жапты жана калп айтты деп айыпталат. Ошондуктан ал адамдын чындыкты айтып жатканы далилдениши үчүн аны менен бирге ойноштукка күбө болгон 4 адам болушу шарт. Антпесе анын сөзү жарабайт.

Куранда ойноштуктун өкүмү ушундай. Бул өкүм болушунча терең жана ачык, жана ошондой эле, реджм (ташбараң) эмес, такыр башка ыкма сүрөттөлгөн. Аяттын ушундай ачык өкүмүнө карабай, Исламга ар кандай калптар аркылуу реджм зомбулугун кошууга аракет кылгандар өтө чоң жалаа жапкан болушат. Учурда «Ислам шарияты» деген ат менен Иран, Афганистан, Сауд Арабиясы сыяктуу өлкөлөрдө жасалып жаткан реджм (ташбараң кылуу) жазасы Исламга жана Куранга эч туура келбейт жана кылмыш. Бул өлкөлөрдө мындай иш-аракет аркылуу Исламдын атын колдонуп апачык кылмыш кылынууда.

# Уурулук кылгандардын өлтүрүлүшү

*Уурулукту токтотпогондорду өлтүргүлө. (1631-Ebû Dâvud-Nesâî (Абу Давуд-Насаи))*

Уурулукту токтотпогондорду өлтүрүү – Куранда такыр болбогон жана, албетте, дагы бир жалган хадистен келип чыккан бир өкүм. Жана чоң бир кылмыш.

Куранда уурулук кылган адамдар жөнүндөгү өкүм төмөнкүдөй:

**Ууру эркектин жана ууру аялдын (уурдап) тапканы үчүн Аллахтан «кайталанышынын алдын алуучу анык бир жаза» катары <u>колдорун кескиле</u>. Аллах улуу жана кудуреттүү, өкүмдар жана даанышман. (Маида Сүрөсү, 38)**

Бул аятта «кесүү» этиши үчүн колдонулган сөздүн арапчасы «иктауу». Бул сөз «катаа», б.а. кесүү этишинин көптүк түрү. Куранда «катаа» этишинин кандай кесүүнү сүрөттөгөнүн бул этиш колдонулган төмөндөгү аяттан түшүнө алабыз:

**(Аял) Алардын кылгандарын укканда, аларга (бир чакыруучу) жөнөтүп, отуруп сүйөнө турган орундар даярдады жана ар биринин колуна (алдыларындагы мөмөлөрдү аарчуу үчүн) бычак берди. (Йусуфка болсо:) «Чык, аларга (көрүн)» деди. Ошентип алар аны (укмуш сулуулугун) көргөндө (адамзаттан жогорку бир заттай) өтө жогору көрүп, <u>(таң калгандан) колдорун кесип алышты</u> жана: «Аллахты аруулайбыз, бул бир адам баласы эмес. Бул жогору бир периште» дешти. (Йусуф Сүрөсү, 31)**

Бул жерде колдоруна мөмөлөрдү аарчуу үчүн бычак берилген аялдардын таң калгандан колдорун кесип, үзүп салбаганы анык. Бул жерде колдон тайып кеткен бычактын терини кесип кеткени жөнүндө сөз болуп жатканы көрүнүп турат. Ошондуктан бул сөздүн маанисин эске алганыбызда, «кесүү» сөзүнүн «кесип, жулуп салуу» деген мааниде эмес, коркутуу максатында же ал адамдын уурулук кылганы белгилүү болсун үчүн жана кайра кайталанбашы үчүн териге сызык калтыруу маанисинде колдонулганын көрөбүз.

Уурулук өкүмү жөнүндө Куранды караганыбызда, бүт кылмыштардагы сыяктуу, мында да кечирүүнүн алдыңкы планга коюлганын көрөбүз. Куранда уурулук жөнүндөгү өкүм билдирилген Маида Сүрөсүнүн 38-аятынан кийинки аятта бул ишти жасаган адамды кечирүү жөнүндө айтылган. Албетте, мында уурулук кылган адамдын тообо кылып, өзүн оңдошу шарт коюлат. Аятта бул апачык белгиленген:

**<u>Бирок, ким күнөө кылгандан кийин тообо кылып, кылган иштерин оңдосо,</u> шек-күмөнсүз Аллах анын тообосун кабыл кылат. Аллах кечиримдүү, боорукер. (Маида Сүрөсү, 39)**

Бул жерде айта кетчү дагы бир жагдай; уурулук кылуу үчүн себеп болушу керек. Уурулук жөнүндөгү Курандагы бул өкүм ишке ашырыла турган элдер, албетте, Куран шарияты менен жашаган Ислам калктары болот. Куран шарияты менен жашаган бир мусулман элде болсо бир тарапта байлар, экинчи тарапта кедейлер болбойт. Себеби Куранды негиз туткан бир элде садака системасы эң мыкты турмушка ашырылат. Б.а. материалдык мүмкүнчүлүгү барлар мүмкүнчүлүгү жокторду дайыма коргошот жана мал-мүлкүнөн дайыма кедейлерге берүүгө милдеттүү. Бул жөнүндөгү аяттар төмөнкүдөй:

**Жүзүңөрдү чыгышка жана батышка бурушуңар жакшылык эмес. Жакшылык – Аллахка, акырет күнүнө, периштелерге, Китепке жана пайгамбарларга ыйман кылган; <u>мал-мүлктү жакшы көргөнүнө карабастан, аны жакындарга, жетимдерге, жакырларга, жолдо калганга, тилемчиге жана кулдарга (эркиндиги үчүн) берген;</u> намазды туптуура окуган, зекетти берген жана убадалашканда убадаларына тургандар менен кыйынчылыкта, ооруганда жана согуш күчөгөн учурларда сабыр кылгандар(дын иш-аракеттери). Мына ошолор – чынчылдар, жана такыбалар (Аллахтан корккондор) да ошолор. (Бакара Сүрөсү, 177)**

**Сенден эмнени садака кылууну сурашат. Айткын: <u>“Жакшылык катары ата-энеге, жакындарга, жетимдерге, жакырларга жана жолдо калгандарга садака кылгыла.</u> Жакшылык катары кылгандарыңардын баарын, Аллах, албетте, билет.» (Бакара Сүрөсү, 215)**

**<u>Бей-бечараларга, жетимдер менен туткундагыларга өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедирип</u> (мындай дешет): «Биз силерди Аллахтын Жүзү (ыраазылыгы) үчүн тамактандыруудабыз. Биз силерден (эч кандай) акы жана алкыш сурабайбыз.» (Инсан Сүрөсү, 7-11)**

**Тууганга акысын бер, жакырга жана жолдо калганга да. Ысырап кылып чачпа. (Исра Сүрөсү, 26)**

Эми мындай суроо берели: уурулук эмне үчүн жасалат?

Биринчи себеп – муктаждык. Бир адам оор абалда калып, карызы көбөйүп, жакырчылыкта кыйналганы үчүн жаңылып уурулукка барышы мүмкүн. Курандын коргоосу астындагы мындай элде оор абалда калган, карызга баткан, жакырчылыкта кыйналган бир адам болушу мүмкүн эмес. Жакырлар материалдык мүмкүнчүлүгү барлар тарабынан корголсо, оор абалдагы адамдардын карыздары жөнүндөгү өкүм болсо Куранда **«...(Карызды) Садака кылып кечип жиберүү болсо силер үчүн жакшыраак; эгер билсеңер.»** (Бакара Сүрөсү, 280) аяты аркылуу апачык билдирилген.

Уурулуктун ыктымалдуу экинчи себеби болсо психологиялык оорулар болушу мүмкүн. Бул ансыз да ал адамдын дарылануусун талап кылган өзгөчө жагдай жана ал адам кылмышкер эмес, оорулуу болуп саналат. Бул экөөнөн тышкары адамдарды уурулукка түртө турган иш жүзүндө бир себеп жок. Ошондуктан бул себептердин жоюлушу натыйжасында Ислам элдеринде уурулук сыяктуу бир кылмышка эң башынан бөгөт коюлат.

Булардын баарын унуткан фанаттар Исламды өлүм жана зомбулук дининдей көрсөтүүгө аракет кылгандыктан, бул жерде да Куранга бүтүндөй карама-каршы бир өкүм чыгарышкан. Уурулук күнөө; бирок көбүнчө уурулук кылган адамдын муктаждык ичинде болгону же оорулуу болгону үчүн ушундайга бардыбы деген суроолор аларды кызыктырбайт. Чындыгында болсо, муктаж адам да, оорулуу да мусулмандардын жоопкерчилигине жүктөлгөн. Фанаттар бул жоопкерчиликти көрбөй, жогорудагы фанаттык өкүмдүн негизинде зөөкүрдүк менен кылмышка да барышууда. Бул жалган өкүмдү ойлоп чыгаргандар өздөрүнчө Куранды жактырбай, өздөрүнүн бузуку түшүнүшүгүнө туура көрбөй, Курандын адилеттүүлүк системасынын ордуна өздөрүнүн адилеттүүлүк системасын курууну каалашууда. Куранды караганда болсо мындай зөөкүрдүктү эмес, дайыма сүйүү менен кечиримдүүлүктү көрөбүз.

# Динден кайткандардын өлтүрүлүшү

*Динден кайткандарды өлтүргүлө. (1585-Muvatta] [1558-Ebu Dâvud-Nesâî] [676-Nesâî] [1586-Ebu Dâvud-Nesâî)*

*«Исламды таштаган кайсы эркек болбосун, аны кайра Исламга чакыр. Кайтпаса, башын кесип сал.» (Taberani)*

Курандан тышкары, жасалма шарият системалары менен башкарылган өлкөлөрдүн таш боордугунун жана зомбулукчу болушунун эң негизги булактарынын бири – ушундай жалган хадистер. Ислам дининин маңызына карама-каршы келген, эң чоң калптардын бири болгон мындай өкүм Куранда такыр жок, жана Куран мындай фанаттык логикага түп-тамырынан тыюу салып, бул логикага каргыш айтат. Куранда сөз жана ишеним эркиндигин жактаган аяттардын кээ бирлери төмөнкүчө:

**Динде мажбурлоо (жана басым жасоо) жок... (Бакара Сүрөсү, 256)**

**«Силердин диниңер силерге, менин диним мага.» (Кафирун Сүрөсү, 6)**

**...Сен алардын үстүндө бир мажбурлоочу эмессиң... (Каф Сүрөсү, 45)**

**Жана айткын: «Акыйкат Раббиңерден; <u>эми каалаган ыйман кылсын, каалаган ыймансыз болсун</u>... (Кехф Сүрөсү, 29)**

**Эгер Раббиң каалаганда, жер жүзүндөгүлөрдүн баары бирдей ыйман келтирмек. <u>Ошондуктан, алар ыймандуу болгонго чейин адамдарды сен мажбурламак белең?</u> (Йунус Сүрөсү, 99)**

**Эми сен насаат айтып-эскерт. Сен болгону бир насаатчы-бир эскертүүчүсүң. <u>Аларга «кысым көрсөтүп, басым» жасабайсың.</u> (Гашия Сүрөсү, 21-22)**

Куранда сүрөттөлгөн Ислам done бүт адамдар ишенүү же ишенбөөдө эркин. Курандагы динде мусулманга жакшы адеп-ахлакка чакыруу милдети гана жүктөлгөн. Хидаят (туура жолго салуу) Аллахтын колунда. Мусулман киши ишенсе да, ишенбесе да ар бир адамга боорукер мамиле кылууга милдеттүү. Мусулманды бир киши өлтүргүчтөй көрсөтүүгө аракет кылгандар Курандагы бул чындыктарды жаап-жашырууга аракет кылышат.

Куранда сүрөттөлгөн Ислам done бир мусулман өзүнүн, ата-энесинин же жакындарынын зыянына болсо да, адилеттүүлүктү жактаганга милдеттүү (Ниса Сүрөсү, 135). Бул аят боюнча, кандай динде, кандай ишенимде болбосун, бүт адамдардын укугун жактап, аларга адилеттүү мамиле кылышы шарт.

Ошондой эле, бул китепте жогоруда да айтылган жана көп жолу айтыла турган бир аятта Аллах мусулмандарга өздөрүн тосуп, бир мушрикти, б.а. ыймансыз бир адамды коргогула деп буйруган:

**Эгер мушриктерден бирөө сенден «амандык суранса», ага амандык бер; ошентип Аллахтын сөзүн уксун, анан аны «коопсуздук ичинде бара турган жерине жеткир.» Бул алардын албетте билбеген адамдар болушу себептүү. (Тообо Сүрөсү, 6)**

Бир ыймансызды **коргогонго милдеттүү кылынган** мусулмандардын кандай дин түшүнүгүндө болушу керек экени белгилүү. Аллах Пайгамбарыбызга (сав) каапырларга төмөнкүчө кайрылуу керек экенин Куран аркылуу кабар берип, ачык демократиялык системаны сүрөттөгөн:

**Айткын: «Эй каапырлар. Мен силердин сыйынганыңарга сыйынбайм. Менин сыйынганыма силер сыйынбайсыңар. Мен да силердин сыйынганыңарга сыйынбайм. Силер да менин сыйынганыма сыйынбайсыңар. Силердин диниңер силерге, менин диним мага.» (Кафирун Сүрөсү, 1-6)**

«Айткын» деп башталган бул аяттар Пайгамбарыбызга (сав) эң мыкты демократиялык системаны жана ал демократиялык системада колдонула турган ыкманы сүрөттөөдө. Бул сүрө **«Силердин диниңер силерге, менин диним мага.»** деген өкүм менен бүтүүдө; б.а. бир мусулман өз дини менен жашап, башкалардын ишенимине кийлигишпейт, аларга кысымчылык, басым жасабайт, мусулман болбой жатат деп башкаларга зулумдук кылбайт. Аларга «силердин диниңер силерге» деп урмат көрсөтөт жана кийлигишпейт, «менин диним мага» деп алардан да сый-урмат талап кылат. Кысымчылык жана басым жасоого жол берилбеген, мушриктерди өз жанын аябай коргогон, ыймансыздар (атеисттер) жөнүндө да адилеттүү өкүм берилген жана демократия толук жана эң мыкты сүрөттөлгөн Куран – чыныгы мусулмандардын жол башчысы.

# Намазды таштагандардын өлтүрүлүшү

*Намазды таштагандарды өлтүрүүгө болот. (2117-Ebû Dâvud)*

Бул – Исламды таштагандарды өлтүргүлө деп өкүм берген жогорудагы жалган хадиске окшогон дагы бир хадис. Ибадаттарда жана эч нерседе мажбурлоо жасалбайт деп апачык айтылган бир динде бир адамдын басым жасалып, намаз кылганга мажбурланбашы да айдан ачык. **«...Сен алардын үстүндө бир мажбурлоочу эмессиң...» (Каф Сүрөсү, 45)** деп буйруган бир динде кайсы өкүмдүн негизинде мындай зомбулукту кылганга болот? Албетте, эч кайсы. Куранды карасак, бир мусулмандын намаз кылган же кылбаган ар бир адамга урмат жана боорукердик көрсөтүшү керек экенин апачык көрө алабыз.

Китептин башында да айтылган маанилүү бир чындыкты кайра эске салалы: мажбурлоо менен жасалган бир ибадат ибадат болбой калат, жана ошондой эле, жек көрүүгө, ачууланууга да себеп болушу мүмкүн. Бир адам намазга мажбурланганда, мажбурлоо менен мусулман болуп калбайт. Эч каалабай, мажбурлоо менен намаз кылган бир адам эки жүздүү бир мүнафыкка, дин душманына айланышы ыктымал. Намазды таштасам өлтүрүлөм деп ойлогон бир адам өлтүрүлүүдөн коркуп динчил болуп көрүнүп, эки жүздүүлүк кылат жана андай жашоосун, жана ага таңууланган динди тынымсыз жек көрөт. Бир мүнафык пайда кылынганда болсо Исламга эң чоң зыян келтирилген болот. Ошондуктан басым, зулумдук жана өлүм менен коркутуу аркылуу сакталган бир динчилдик эч качан чыныгы динчилдик болбойт. Бул бир гана Исламга зыян алып келет.

Эгер бир адам акылы, ден-соолугу жайында туруп, намазды таштаган болсо, анын ар кандай себептери болушу мүмкүн. Ал адам жетиштүү деңгээлде динчил болбошу ыктымал, Аллах жүрөгүнө күчтүү ыйман койбогон чыгаар же жетиштүү деңгээлде Аллахтан коркпой жаткан чыгаар. Хидаят (туура жолго салуу) Аллахтын колунда жана бирөөнү туура жолго сала турган эч качан бир адам эмес. Намаз кылбай жатышы ал адамды динден чыгарбайт. Намазды таштаган эртең бир күнү кайра намазын башташы мүмкүн; бул ал үчүн чоң бир утуш болот. Же баштабашы мүмкүн, бирок жакшы жана пайдалуу бир адам болоор; же булардын эч бири болбошу мүмкүн. Динди толугу менен таштаса да, ал адам мусулмандар тарабынан боорукер мамиле көрүшү зарыл. Куран ушуну талап кылат. Бүт адамдардын өкүмү Аллахтын Кабатында.

Ушундай бир себеп менен бир адамды өлтүрүү болсо чоң бир кылмыш болот. Жана мунун Куранда эч орду жок.

Убакыттын өтүшү менен хадистерге жана ар кандай итикаттарга карап чыгарылып, Ислам динине кошулган төрт мазхаб көп жагдайда бири-бирине карама-каршы келген төрт башка дин сыяктуу. (Төрт мазхабдын арасындагы чоң айырмачылыктар жогоруда бир-бирден каралды.) Төрт мазхаб жалкоолук себебинен намазды таштагандарга ар кандай жазаларды жүктөп, бул өкүмдө да бири-бирине каршы келишкен. Мисалы, ханбали мазхабы боюнча, намазды жалкоолуктан улам таштагандын өкүмү өлүм. Ханафилерде болсо жалкоолуктан улам намазды таштаган адам каапыр болбойт жана өлтүрүлбөйт. Бирок намаз кылганга чейин камап, канатканга чейин сабаш керек деп кабыл алынат *(Reddil Muhtar Haşiyesi 1/62)*. Бирок булардын эч бири Куранда жок.

Курандын сыртынан бир дин издегенде, мына ушундай карама-каршылыктар, зомбулук өкүмдөрү жана динге туура келбеген иш-аракеттер келип чыгат. Курандан тышкары бир дин менен жашаганда, мына ушундай зомбулукчу адамдар пайда болот. Фанаттардын дини – Курандын өкүмдөрүн танган жана жетишсиз көргөн адамдардын дини (Куран мындай кемчиликтерден аруу, таза).

Алдыда фанатизм дининдеги «намаз кылбаган жаш балдарды уруу, зекет бербегенди жана мас адамды өлтүрүү» деген сыяктуу зөөкүр иш-аракеттерге токтолобуз. Ислам аты менен жасалып жаткан ушул сыяктуу зөөкүрдүктөрдүн себептерин карап жатканда, бир чындыкты эч качан унутпаш керек:

Куранда булардын эч бири жок. Фанаттардын дини – бул адамдардын ойлоп чыгарган дини.

# Намазды таштаган жаш балдардын өлтүрүлүшү

*10 жашында намазды таштаган балдарыңарды ургула. (2336-Ebû Dâvud, Tirmizî (Абу Давуд, Тирмизи))*

Ибадат Аллахты сүйүүнүн бир көрүнүшү катары, өз каалоосу менен жана жакшы көрүп жасалуучу бир иш-аракет; мажбурлап, коркутуп таңууланууччу эмес. Бул ойдон чыгарылган хадистин негизинде болсо бир баланы он жашка чыга электе намазга мажбурлоо керек болот. Али Аллахты тааный элек, бул дүйнөдө эмнелер бар экенин билбеген, Жаратуучунун жана жаратылуунун сырларын түшүнбөгөн бир баланы парз экенин эч билбеген бир өкүмгө мажбурлоо ага кандай пайда алып келет? Бир бала динчил болушу үчүн аны бир ибадатка мажбурлоо эмес; ага Аллахтын бар экенин жана жалгыздыгын көрсөткөн далилдерди сунуу аркылуу, анын Аллахты түшүнүп, сүйүп жана динди жакшы көрүшүнө шарт түзүү зарыл. Буларды түшүнгөндө бала өзү эле Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү экенин түшүнүп, Ага дайыма шүгүр кылат жана Аллахка ибадатты ырахаттануу менен жасап баштайт. Ошондо ибадат чын жүрөктөн, сүйүп жасалган бир ибадат болот.

Али Аллахты тааный элек бир бала билбеген бир диндин максатын түшүнө элек ибадаттарын жасаганга мажбурланып, анан аны кылбаганы үчүн таяк жесе, ал бала кийинки өмүрүндө ал динди жана ибадаттарды тымызын жек көрүп жашашы мүмкүн. Балким өмүрүнүн калган бөлүгүн туура эмес стереотип менен өткөргөнү үчүн Аллахты да туура эмес таанып, туура өкүмдөрдү көрүп, түшүнүүгө аракет кылбашы ыктымал. Акылы али көп нерсеге жакшы жете элек бир баланы сүйүү жана жакшы жол менен Аллахка жакындатуунун ордуна, уруп-согуп ибадаттарды кылууга мажбурлоо Ислам атын жамынып Исламга каршы адамдарды пайда кылуу деген мааниге келет; бул болсо Ислам дүйнөсүнө зыян алып келет. Бирок Курандан алыстаган фанаттар муну түшүнө алышпайт.

Мындай жек көрүү негизи турмушта да болуп жатат. Өтө фанаттык маанайда жашаган кээ бир үй-бүлөлөрдүн кээ бир балдары чоңойгондо же динге душман болуп калышат же болбосо эл арасында аз кездешчү бир адеп-ахлактык бузулуу сазына кирип кетишет. Дээрлик ар бир сөзүндө Ислам жөнүндө тамаша айтып же жаман сөздөрдү сүйлөшөт. Көп атеисттер да динге урмат көрсөтсө, алар болсо динди урматтабай, жек көрүп калышат. Буга Куранда жок «ибадатка мажбурлоо» өкүмүнүн, кысымчылык кылып, басым жасоонун «Ислам» атынан жаш кезинен аларга таңууланышы эң негизги себеп болот.

# Зекет бербегендердин өлтүрүлүшү

***Зекет бербегенден мажбурлап алуу, каршылык кылса согуш ачуу жана өлтүрүү:*** *Абу Бакр радийАллаху анх: «Аллахка ант болсун, ким намаз менен зекетти бирдей көрбөсө аны менен согушам. Себеби зекет мал-мүлктүн акысы. Аллахка ант ичем, булар Расулуллахка берген бир эле улакты менден аяшса, ал үчүн сөзсүз алардын* ***башын кесем.»*** *деди. (Buhari, Müslim (Бухари, Муслим))*

Зекет – Куранда кабар берилген бир ибадат. Башка ибадаттар сыяктуу эле мусулмандарга парз кылынган жана Аллахтын сүйгөнү үчүн чын жүрөктөн жасалат. Бир мусулман абийиринин үнүн угуп башка бир адамдын кыйналышына жол бербей, өз мүлкүнөн ага да берет. Бул ансыз да мусулмандыктын бир талабы катары чын жүрөктөн жасалчу нерсе.

Ибадат ибадат болушу үчүн ал чын жүрөктөн, өз каалоосу менен жасалышы керек. Аллах бүт адамдарды каалагандай байытууга, аларга каалаганда каалаган ырыскысын берүүгө кудуреттүү, бирок кээ бир адамдарга кедейлик берип, байдын да, кедейдин да бул сыноого болгон мамилесин сынайт. Кедей киши сабыр кылып, кандай болсо да Аллахка кайрылып, ага шүгүр кылууга, бай болсо берилген жакшылыктар үчүн Аллахка шүгүр кылып, кедейге да көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Аллах Куранда Аллахка жана акырет күнүнө ишенгендердин зекет берээрин белгилейт. Ошондуктан зекет да, бүт ибадаттар сыяктуу, Аллахка чын жүрөктөн ишенип жасала турган бир ибадат; өлүм менен коркутуу аркылуу эмес:

> **...Намазды туптуура кылгандар, зекетти бергендер, Аллахка жана акырет күнүнө ишенгендер; мына ошолор, Биз аларга чоң бир сыйлык беребиз. (Ниса Сүрөсү, 162)**

Кедейди тойгузуу – Куранда мусулманга жүктөлгөн эң негизги милдеттердин бири. Бирок бул жоопкерчиликти орундатуунун өкүмү жогорудагы ойдон чыгарылган хадистеги сыяктуу эмес:

Хадисте айтылышынча, кандайдыр бир себеп менен зекет бергиси келбеген бир адамга бул ибадат мажбурлап жасатылып, мал-мүлкүнүн жарымы күч менен алынышы керек болууда. Эң биринчиден, мал-мүлкү күч менен тартып алынган бир адам ибадат кылган болуп саналбайт. Адам өз абийири, өз эрки менен жасабаган бир нерсе ибадат деп аталбайт. Андан мажбурлоо аркылуу бир ибадатты кыл деп талап кылуу болсо Куранга бүтүндөй карама-каршы келет. Бул, ошол эле учурда, анын динге жана динчилдерге ачууланышына да себепчи болуп, мусулмандарга зыянын тийгизет.

Бирок, албетте, чыныгы зөөкүрдүк – бул зекет бергиси келбеген адамды өлтүрүү өкүмү. Куранда такыр орун албаган бул өкүм да бир кылмыш. Куран динде мажбурлоого тыюу салган. Ошондой эле, Куран бир адамды өлтүрүүгө да –коргонуу сыяктуу учурдан тышкары- тыюу салган. Курандагы өкүм боюнча,

> **...Ким бир жанды, ал башка бирөөнү өлтүрүп же бир бузукулук чыгарбаса да (эч күнөөсүз жерден) өлтүргөн болсо, бардык адамдарды өлтүргөндөй (күнөө кылган) болот... (Маида Сүрөсү, 32)**

Көрүнүп тургандай, адам өлтүрүү Исламда чоң күнөө. Демек, адам өлтүрүү сыяктуу оор бир кылмышты диндин өкүмүнө айлантып, аны жасагандар Исламга жана Пайгамбарыбызга (сав) чоң жалаа жапкан болот жана өтө чоң күнөө кылган болушат. Ошондой эле, бул жалган хадис дагы ойдон чыгарылган хадистер менен Ислам дининин Курандагы чыныгы өкүмдөрүнүн бири-бирине канчалык карама-каршы келээринин маанилүү бир далили.

# Орозону таштагандын камалышы жана ач коюлушу

> *Орозону атайылап таштаган адам каапыр болбойт, аны камап, тамак жана суу бербей коюу керек. (Eş-Şerh-is Sagir 1/239) (Kıfeyet-it Tafib 2/252) (El-Mugni- 2/408)*

Бул жалган хадис да жогоруда айтылган себептерден улам динге карама-каршы келет:

1. Чын жүрөктөн жакшы көрүп жасалышы керек болгон бир ибадат мажбурлап жасатылууда,

2. Динде мажбурлоо жана басым жасоо жок деген аятка бүтүндөй карама-каршы келүүдө,

3. Диндеги боорукердиктин ордуна зомбулукту негиз алууда,

4. Диндин негизги максаты болгон Аллахты жана ибадатты сүйдүрүүнүн ордуна, дин жана ибадатты жек көрүүгө түртүүдө.

Мындан тышкары, орозо – кээ бир адамдардын күчү араң жеткен, оорулуу адамдар болсо жоопкерчиликтүү кылынбаган (бошотулган) бир ибадат. Аллах орозо жөнүндөгү Курандагы аяттарда бул маанилүү шартты апачык белгилеген:

> **(Орозо) Саналуу күндөр. Силерден ким ооруп калса же сапарда болсо, кармай албаган күндөрдүн санынча башка күндөрү (кармасын). <u>Араң чыдагандардын мойнунда бир кедейди тойгуза турганчалык садака (бар).</u> Ким чын көңүлдөн бир жакшылык кылса, бул өзү үчүн жакшы болот. Орозо кармоо –эгер билсеңер- силер үчүн жакшыраак. (Бакара Сүрөсү, 184)**

> **...Демек ким бул айга күбө болсо (жашаса) анда аны (орозо) кармасын. Ким оорулуу же сапарда болсо, башка күндөрү кармабаган күндөрүн толуктасын (кармасын). Аллах силерге жеңилдик каалайт, оордук каалабайт... (Бакара Сүрөсү, 185)**

Орозо өкүмү апачык көрсөтүлгөн бул эки аятта Рамазан айында ооруп калган же сапарда жүргөн адам кармай албаган күндөрүнүн санынча башка күндөрү кармашы керек, эгер оорулуу же араң чыдоо сыяктуу себептерден улам орозо ибадатын эч аткара албаса, анда анын акысы катары бир кедейди тойгузушу керек деген өкүмдөр орун алган. Жана Аллах аятында: **«Аллах силерге жеңилдик каалайт, оордук каалабайт.»** деп билдирет.

Оорулуу жана араң чыдагандар жөнүндө ушундай жеңилдетүүчү, ачык бир өкүм турганда, ал кишилердин орозо кармоого аракет кылышы өздөрүнө зулумдук кылуу деген мааниге келет. Куранда мусулмандардын өзүнө зыян тийгизе турган иш-аракеттерди жасашына болсо тыюу салынган.

Курандагы ушунчалык ачык бир өкүмдү толугу менен өзгөртүп, Куранга карама-каршы, жасалма хадистер аркылуу зулумдук системасын түзүү фанаттык түшүнүктөгүлөрдүн иш-аракеттеринин кандайлыгын даана көрсөтөт. Алар Курандагы боорукердикти өздөрүнчө жактырбай (Аллахты жана Куранды аруулайбыз), өздөрүнүн караңгы дүйнөсүнө ылайык бир дин чыгарууга аракет кылышат. Мындай зулумдукка таянган нерселерди динге кошууга аракет кылышынын себеби мына ушунда.

Бир адам оорулуу болушу же орозону көтөрө албашы мүмкүн. Албетте, эч кимдин денеси башкалар менен бирдей болбойт. Көп адамдар бул дүйнөдө ар кандай оорулар менен сыналышат. Аллах боорукердиги менен ушундай бир өкүм аркылуу оорулуу жана араң чыдагандарга жеңилдик берсе, кээ бир өлкөлөрдө учурда да ушул жалган хадистерге таянып мажбурлап орозо карматылууда. Оорулуу болгону үчүн орозо кармай албаган бир адамдын ушул жалган хадиске таянып, суу, тамак бербей бир жерге камап коюлганын элестетели. Анда, албетте, кыска убакытта оорусу күчөп, белгилүү мөөнөттөн соң көз жумат. Фанаттык түшүнүк мына ушундай адамдын өмүрүнө зыян тийгизе турган бир зулумдукту кабыл алдырууга аракет кылууда.

# Мастын өлтүрүлүшү

> *«Мастын динден баш тартуусу кабыл болот. Бирок мас соолукмайынча жана тообого чакырылбастан, өлтүрүлбөйт.» (İmam Şafii el-Um c: 6 s: 148 -El-İnsaf c:10 s: 331-332 -Muğnil Muhtac 4/137 - Haşiyetül-Desuki 4/363 -İbn Kudame el-Muğni 9/25-26)*

Бул жалган (мавзу) хадис боюнча, ичимдик ичип мас болгон адам эгер өзүн билбеген кезинде динден баш тартса, динден чыкты деп кабыл алынат. Бул өтө кооптуу нерсе. Мас кезде бир адамдын акылынын ордунда болбошу, эмне айтып жатканын билбеши анык. Айткандары жана кылгандары үчүн жоопко тартууга болбойт. Ал

эми фанаттык түшүнүк болсо бул жалган хадистин негизинде ал адамды өлтүрүүгө өкүм чыгарат. Жана Куранда такыр жок нерсе өкүмгө айландырылып, өлүм чечими чыгарылат.

Мындай караңгы түшүнүктү Куран четке каккан. Аллах **«Эй ыймандуулар, мас кезиңерде сүйлөгөн сөзүңөрдү билгенге жана жунуб кезде болсо –сапарда жүргөнүңөрдөн тышкары- гусул кылганга чейин намазга жакындабагыла.»** (Ниса Сүрөсү, 43) аятында «ыймандууларга» кайрылууда. Демек, ыймандуулардын арасында ичимдик ичип мас болгондор да болгон. Бул кишилер намаз кылган адамдар. Булар аяттан апачык көрүнүп турат. Намаз учурунда адам эмне деп жатканын билип, акылы ордунда болушу керек жана Аллах менен терең байланышка өтүшү керек; мас кезде болсо адам оюн топтой албайт. Ал адамды кылгандары жана сүйлөгөндөрүнөн жоопкерчиликке тартууга болбойт, ошондуктан Аллах мас кезде адамдын намаз кылуусуна тыюу салган. Аятта **«...сүйлөгөн сөзүңөрдү билгенге чейин»** деп болсо мас кезде адамдын өзүн, «эмне айтып жатканын» билбей турганына көңүл бурулган. Ошондуктан соолукканда гана намазын улантышы керек экени көрүнүп турат.

Мас болуп өзүн билбеген кезде бир адам динден чыктым деши мүмкүн же такыр акылсыз сөздөрдү да айтышы ыктымал. Адамдын соолуккан кездеги кылгандары менен сөздөрүн кароо керек. Ал тургай, бир адам чындап динден чыгып, аны ачык айтышы да мүмкүн. Муну бир өлтүрүү себебине айлантуу – бир тараптан Куранга айтылган жалаа болсо, экинчи жагынан аты айтып тургандай, фанатизм. Куран мындай жапайы түшүнүккө каргыш айтат.

Улуу Аллах Куранда мас болуу жөнүндө атайын ушундай бир өкүмгө орун берип, бир адамдын күнөө кылышынын анын мусулман катары Аллахты сүйүшүнө жана ибадат кылышына жолтоо болбой турганын кабар берүүдө. Бул аят Исламдын ар бир адамга болгон боорукер жана жакшы мамилесинин да бир көрсөткүчү. Бирок ар бир мүмкүнчүлүктө өлүм каалаган фанаттык түшүнүк болсо Курандагы өкүмгө карабай, өзүнүн жасалма өкүмдөрүн чыгарып алган.

# Пайгамбарга карата адепсиз сөз айткандардын тообого чакырылбай өлтүрүлүшү

*«Пайгамбарды сөккөн адам тообого чакырылбай ошол замат өлтүрүлөт.» (İbni Teymiye)*

*Ибни Мунзир мындай деди: Илимдүүлөрдүн баары Расулуллах саллАллаху алейхи ва салламды сөккөн адамды өлтүрүү жөнүндө бир пикирге келишкен. (2. hadis kaynak: Enverşâh, el-Keşmîrî, "İkfâru'l-Mulhidîn", sf. 64. "Tenbihu'l Ğafilîn ila Hükmi Şatimillahi ve'd-Dîn" adlı eserden naklen. Bkz. sf. 14)*

*Абдуллахтын риваятында мындай дейт: Тообого чакырылбай өлтүрүлөт. Халид б. Валид Наби саллАллаху алейхи ва салламды сөккөн бир адамды өлтүрдү жана тообого чакырган жок. (İbni Teymiye)*

Бир адамдын Аллах, Пайгамбарлар, руханий баалуулуктар жөнүндө ылайыксыз сөздөрдү сүйлөшү, албетте, кабыл алынбай турган нерсе. Бирок, албетте, бүт адамдар бирдей эмес. Кээ бири ыймансыз болот, кээ бири ар кандай себептерден улам дин жөнүндө стереотиптүү болот, кээ бирлер жек көрүү менен чоңойгон, кээ бирлери караңгы, кээ бири болсо Куран жөнүндө эч нерсе билбейт... Ошондуктан ар кандай себептерден улам адамдарда дин жөнүндө стереотип болушу мүмкүн, өзгөчө бүгүнкү күндө бүт нерсени жек көрүп, кыжырдуу жашаган көп адамдар бар.

Биз сыноо үчүн келген бул дүйнөдө ар кандай көз-караштагы, ар кандай пикирдеги адамдар болот жана сынообуз ошол көз-караштар, пикирлер жана ал адамдар менен бирге уланат. Мусулман киши алдындагы адам канчалык стереотиптүү, ачуулуу болсо да, ага Курандагы жакшы адеп-ахлакты сылык түрдө айтып берип,

чечимди ага калтырууга милдеттүү. Кээде мындай сылык мүнөз ал адамга таасир берип, ал кетирген катасын түшүнүп өзүн өзгөртүшү мүмкүн. Бул чындык да Куран аятында кабар берилген:

> **Жакшылык менен жамандык тең эмес. Сен <u>эң сонун бир жол менен (жамандыкты) алыстат;</u> ошондо, сени менен араңарда душмандык болгон адамдын <u>ысык бир досуң болуп калганын (көрөсүң).</u> (Фуссилет Сүрөсү, 34)**

Аятта мусулмандарга жаман мамилеге жакшылык менен жооп берүү буйрулган. Жана мунун натыйжасы төмөнкүчө кабар берилет: **«...сени менен араңарда душмандык болгон адамдын ысык бир досуң болуп калганын (көрөсүң).»**

Ошого карабастан, ал адам эгер дагы эле жаман мамиле кылып, жаман сөздөрдү сүйлөй берсе, анда да Куранда эмне кылуу керек экени айтылган:

> **Алар Рахман (болгон Аллах)тын пенделери, жер бетинде кичипейил-салабаттуу жүрүшөт жана <u>наадандар (оройлук менен) сүйлөсө да «Салам» дешет.</u> (Фуркан Сүрөсү, 63)**

> **Ал силерге Китепте: «(бирөөлөрдүн) Аллахтын аяттарын танып жатканын жана аларды шылдыңдап жатканын укканыңарда, <u>алар башка бир сөзгө өткөнгө чейин алар менен отурбагыла,</u> болбосо силер да алар сыяктуу болуп каласыңар» деп түшүргөн... (Ниса Сүрөсү, 140)**

Көрүнүп тургандай, Куранда мындай наадан (сабатсыз) адамдарга жолукканда алар менен отурбай, ал жерден кетип калууга жана аларга «Салам» деп гана жооп берүүгө, б.а. аларга тынчтыкты эскертүүгө өкүм берилген.

Аяттарда көңүл бурулган эки жагдай бар. Бул адамдар сөзгө келбей турган караңгы жана балким көп жолу эскертилип, бирок тууралы кабыл албаган адамдар. Себеби туурага, жакшылыкка чакырууга милдеттүү болгон бир мусулман бул жолу ал адамдарга эч нерсе дебей, алардын жанынан басып кетүүдө.

Аятта көңүл бурулган экинчи жагдай болсо **«алар башка бир сөзгө өткөнгө чейин»** алар менен отурбоо. Ошондуктан бул адамдар балким бир мусулмандын дайыма жакын чөйрөсүндө жүргөн, дайыма көрүшүп, сүйлөшүп турган адамдар болушу мүмкүн. Башка сөзгө өткөндө алар менен мамилеси уланууда.

Демек, мусулман жогорудагы жалган хадисте айтылган зөөкүр жолго барбайт. Кээ бир адамдар ылайыксыз сөз сүйлөгөндө алардын жанынан алыстоо керек, бирок насаат алса мүмкүн болушунча аларга тууралы айтып берүү зарыл.

Бул жөнүндөгү жалган хадистердин Куранга карама-каршы келээринин дагы бир маанилүү далили болсо – бул «тообого бөгөт коюшу». Аллах Куранда адамдарды дайыма тообого чакырганына; тообо адамдын өзү менен Аллахтын ортосунда экенине; Аллах «кечиримдүү» экенин аяттарында көп жолу белгилегенине; Куранда тообо кылгандар дайыма макталганына карабай, кантип бир адамдын тообо кылышына бөгөт коюуга болот? Адамдын Аллахтын кечиримин суроо мүмкүнчүлүгүн кантип алып койгонго болот? Раббибиздин **«...тооболорду кабыл кылуучу, боорукер.»** (Бакара Сүрөсү, 37) аятын көрмөксөн болуп, бир адамдын кылганына бушайман болуу жана Аллахтын кечиримин суроо укугун кантип алганга болот?

Албетте, эч кимдин эч качан мындайга акысы жок.

Раббибиз бир аятында мындай деп билдирет:

> **Бирок тообо келтиргендер, өздөрүн жана башкаларды оңдогондор, жана түшүрүлгөндү жеткиргендер болсо; эми алардын тооболорун кабыл кылам. Мен – тооболорду кабыл кылуучумун, коргоочумун (боорукермин). (Бакара Сүрөсү, 160)**

Аллахтын **«тооболорду кабыл кылуучумун, коргоочумун (боорукермин)»** деген өкүмүн өздөрүнчө четке кагып, туура эмес иш-аракеттерин жалган хадистерге таяндырууга аракет кылгандар Куранга апачык каршы келишүүдө.

# Фанаттардын дининдеги каргышка калган жаныбарлар деген караңгы түшүнүк:

*Аңчылык, кой жана чабан иттерден башка иттерди өлтүргүлө. (4949-Buhârî-Müslim-Muvatta-Tirmizî-Nesâî)*

*«Бүт кара иттерди өлтүргүлө. Себеби алар шайтан» (Hanbeli 4/85, 5/54)*

*Эшек шайтан көргөнү үчүн аңгырайт деп айтылат. (Müslim)*

*Чычкандын негизи еврей экени, ошондуктан төөнүн сүтүн ичпеши дагы бир хадис. (Müslim Zühd)*

*Карганын бузуку (фасык) экени да хадис. (Buhari 59/16; Hanbeli, Müsned 2/52)*

*Көгүчкөн шайтан. (5331-Ebu Davud-İbni Mace)*

*Кескелдирик фасык (күнөөкөр). (Müslim 2239/145, İbni Mace 3230, Ebu Davud 5262)*

*Кескелдирикти бир урушта өлтүргөн адам үчүн жетимиш сооп бар. (Ebu Davud 5264, Müslim 2240/147)*

*«Зынаа (ойноштук) кылган» маймылдардын ташбараң кылып өлтүрүлүшү... (Buhari 63/27) – (зынаа кылган бир маймылдын кармалып ташбараң кылып өлтүрүлгөнү жана сахабалардан бирөөнүн маймылды реджм кылуу окуясына катышканы дагы бир жалган хадис.)*

«Шайтан көргөн эшек, еврей чычкан, бузуку карга, шайтан көгүчкөн, зынаа кылган маймыл, өлтүрүү керек болгон байкуш кара иттер жана кескелдириктер»...

Булар фанаттык түшүнүктүн Курандан канчалык алыс жана коркунучтуу бир жашоого чакырганын таамай көрсөтөт. Бул кызыктай түшүнүк аңчылык жана чабан иттеринен башка иттердин баарын өлтүргүлө деп буйруган бир динге тиешелүү. Бул дин дүйнөнүн эң сүйкүмдүү жандыктарынын бири болгон, Аллах ар түркүн кылып жана укмуш коргоо сезими менен жараткан үй иттеринин, кооздук иттеринин, сакчы иттердин баарын өлтүрүүгө буйруйт. Ал эми Куранда болсо «**Жети асман, жер жана алардын арасындагылар Аны тасбих кылат; Аны мактоо менен тасбих кылбаган эч нерсе жок, бирок силер алардын тасбихтерин түшүнө албайсыңар. Күмөнсүз, Ал жумшак, кечиримдүү.» (Исра Сүрөсү, 44)** аятында айтылгандай, биз түшүнө албаган бир жол менен Аллахты тасбих кылган, Аллах сүйкүмдүү кылып бейиш үчүн атайын жараткан бул жандыктар кантип бузуку же шайтан болушу мүмкүн? Бир чычкан кантип еврей болушу мүмкүн жана еврей болуу кантип бир кылмыш болушу мүмкүн?

Бир маймыл кантип зынаа (ойноштук) кылышы мүмкүн? Бир маймылды ойноштук менен айыптагыдай, анын эмне адеп-ахлактык баалуулуктары, үй-бүлөсү, аларды түшүнө турган бир аң-сезими жана андан келип чыккан бир жоопкерчилиги барбы? Бул өтө караңгы бир түшүнүк. Анткен менен, фанаттар ушундай бир калпка сахабаларды да кошуу аркылуу өздөрүнчө жалаа жабууга аракет кылышууда.

Албетте, булардын баары ойдон чыгарылган, жалган хадистер жана мындай заалым өкүмдөрдүн Куранда болушу мүмкүн эмес. Куранда Аллах мактап баян кылган Кехф жана Раким элинин жанында иттеринин бар экени айтылат:

**Сен аларды ойгоо деп ойлойсуң, бирок алар (терең уйкуда) уктап жатышат. Биз аларды оң тарапка жана сол тарапка айлантып турдук. Иттери болсо эки колун сунуп жаткан... (Кехф Сүрөсү, 18)**

**(Кийин келген урпактар) Айтышат: «Үчөө эле, алардын төртүнчүсү иттери.» Жана: «Бешөө болчу, алардын алтынчысы иттери» дешет. (Бул) Белгисизге (кайыпка) таш атуу. «Жетөө, алардын сегизинчиси иттери» дешет. Айткын: «Раббим алардын санын жакшыраак билет, аларды аз гана (адамдан) башка эч ким биле албайт.»... (Кехф Сүрөсү, 22)**

Аяттардан да апачык көрүнүп тургандай, мусулмандардын жанында коргоочу жана дос катары ит болушу мүмкүн. Иттерден башка Куранда айтылган башка жаныбарлар да бар.

1. Куранга таянсак, жаныбарларды жакшы көрүп, боорукердик кылуу керек:

**Ал (Сулайман) болсо мындай деген эле: «Чындап мен мал-мүлк (же ат) сүйүүсүн Раббимди зикир кылуу үчүн тандадым.» Аягында ал аттар (чуркап, чаң) пардасынын артына жашынышты. «Аларды мага кайра алып келгиле» (деди). Анан (алардын) буттары менен моюндарын сылап баштады. (Сад Сүрөсү, 32-33)**

**Анан кумурска өрөөнүнө келишкенде, бир ургаачы кумурска: «Эй кумурска коому, уяларыңарга киргиле, Сулайман менен ордолору (аскерлери) байкабастан силерди эзип кетпесин» деди. (Сулайман) Бул сөзүнөн улам жылмайып күлдү жана: «Раббим, мага, апа жана атама берген нематыңа (жакшылыгыңа) шүгүр кылууну жана (Сен) ыраазы боло турган, чын ыкластуу бир иш-аракет кылуумду илхам кыл жана мени мээримиң менен салих кулдарыңдын арасына кош» деди. (Немл Сүрөсү, 18-19)**

2. Куранда жаныбарлар Аллахтын бир чыгармасы, ойлонуу керек болгон ыйман акыйкаты катары мисал берилет:

**Карашпайбы ал төөнү; кантип жаратылганын? (Гашия Сүрөсү, 17)**

**Албетте, Аллах бир чиркейди да, андан өйдөнү да мисал келтирүүдөн тартынбайт. Ушундайча ыйман келтиргендер, албетте, мунун Раббилеринен келген бир чындык экенин билишет; каапырлар болсо «Аллах бул мисал менен эмне максат кылыптыр?» дешет. Муну менен бир тобун адаштырат, бир тобун болсо туура жолго (хидаятка) жеткирет. Бирок Ал бузукулардан башкасын адаштырбайт. (Бакара Сүрөсү, 26)**

**Эй адамдар, (силерге) бир мисал келтирилди; эми аны уккула. Силердин Аллахтан башка сыйынып жаткандарыңар, баары ушул үчүн бириксе да, чындыгында бир чымынды да жарата алышпайт. Эгер чымын алардан бир нерсе тартып алса, муну да андан кайра ала алышпайт. Талап кылган да алсыз, талап кылынган да. (Хаж Сүрөсү, 73)**

3. Куранда жаныбарлардын акылдуу экенине көңүл бурулат:

**Анан Аллах ага жерди казып бир тууганынын денесин кантип көмөөрүн көрсөткөн бир карга жөнөттү. «Шорум курусун» деди. «Ушул каргадай болуп бир тууганымдын денесин көмүүгө да жараган жокмунбу?» Эми ал бушайман болгон эле. (Маида Сүрөсү, 31)**

4. Аллах Куранда жаныбарлардын вахий менен иш-аракет кылаарын кабар берет:

**Раббиң бал аарысына вахий кылды: тоолордо, дарактарда жана алар курган үйлөрдө өзүңө үйлөр кур. Кийин мөмөлөрдүн баарынан же, ушундайча Раббиң сага жеңил кылган жолдор менен жүр-уч. Алардын курсактарынан ар кандай түстөрдөгү шербеттер чыгат, анда адамдар үчүн бир шыпаа бар. Эч күмөнсүз, ойлонгон бир коом үчүн чындыгында мында аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 68-69)**

5. Куранда жаныбарларда жаратуу далилдери бар экени кабар берилет:

**Силер үчүн <u>жаныбарларда да албетте сабак-насааттар бар</u>, силерге алардын курсактарындагы ферс (жарым сиңген азыктар) менен кандын арасынан, ичкендердин тамагынан оңой гана өтүүчү таптаза бир сүт ичирүүдөбүз. (Нахл сүрөсү, 66)**

6. Жаныбарлардын бир коопдук катары ар түркүн кылып жаратылганы кабар берилет:

**Адамдардан, <u>жаныбарлардан жана майда мүйүздүү жандыктардан</u> (кой-эчки сыяктуу) да ар кандай түстөгүлөрү бар. Кулдарынын арасынан болсо Аллахтан жалаң гана илимдүүлөр «ичтери титирөө менен коркушат». Күмөнсүз, Аллах – улук жана кудуреттүү, кечиримдүү. (Фатыр Сүрөсү, 28)**

**Колдорубуздун жасагандарынан алар үчүн канчалаган жаныбарларды жаратканыбызды көрбөй жатышабы? Ушундайча аларга кожоюн болушууда. (Йасин Сүрөсү, 71)**

7. Жаныбарлардын Аллахка сажда кылаары жана Аны тасбих кылаары кабар берилет:

**Чындыгында, <u>асмандардагы жана жердегилер</u>, күн, ай, жылдыздар, тоолор, дарактар, <u>жаныбарлар</u> жана адамдардан көпчүлүгүнүн Аллахка сажда кылып жатканын көргөн жоксуңбу. Көпчүлүгү азапка татыктуу болушту. Аллах кимди басмырласа, эми аны эч ким көтөрбөйт. Күмөнсүз, Аллах каалаганын кылат. (Хаж Сүрөсү, 18)**

**Асмандардагы жана жердегилердин жана тизилип учкан куштардын чындыгында Аллахты тасбих кылып жатканын көргөн жоксуңбу. Ар бири өзүнүн дубасын жана тасбихин, албетте, билет. Аллах алардын кылып жаткандарын билүүчү. (Нур Сүрөсү, 41)**

Көрүнүп тургандай, Куранда Аллах ар кандай жаныбарларды Аны тасбих кылган, акылдуу, кереметтүү бир жаратуу мисалдары катары мисал келтирип, пайгамбарлардын боорукер мамилесин кабар берген. Фанаттардын жаныбарларды жек көргөн туура эмес дин түшүнүгү Курандын эч бир жеринде жок.

Курандын турмушка ашыруучусу болгон Пайгамбарыбыздын (сав) жашоосунан да жаныбарларды баалап, аларды жакшы көрүүнүн мисалдарын көрөбүз. Пайгамбарыбыз (сав) фанаттык түшүнүктүн дооматтарына эч жол бербей тургандай жаныбарларды жакшы көрүп, боорукердик көрсөткөн. Мына Пайгамбарыбыздын (сав) жаныбарларга болгон күчтүү боорукердигин көрсөткөн иштери:

# Пайгамбарыбыздын (сав) жаныбарларды жакшы көрүшү

## Пайгамбарыбыз (сав) жаныбарларга зулумдук кылган адаттарды жок кылган

Пайгамбарыбыз (сав) динге чакырып баштаган кезде эл арасындагы караңгылык жаныбарларга болгон мамиледе да көрүнчү; тирүү жаныбарларды жаа атууда бутага коюшуп, өз жаныбарларына белги коюу үчүн кулак жана куйруктарын кесишкен, ал тургай, күйгүзүшкөн. Чөлдө курсактары ачканда тирүү төөнүн өркөчүн жарып, майынан алып, анан кайра тигип коюшчу.

Пайгамбарыбыз (сав) караңгы элдин мындай жаман адаттарын да бүтүндөй токтоткон. Жаныбарлардын да мээримге муктаж экенин үйрөткөн. Жаныбарларга зулумдук кылган бүт иш-аракеттер Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан токтотулган.

# Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан жаныбарларды ашыкча иштетүүгө тыюу салынган

Пайгамбарыбыз (сав) жаныбарлардын ашыкча иштетилишине да бөгөт койгон. Канчалаган кылымдан бери уланып келген жаныбарлардын үстүндө отуруп алып ыр айтышууларга тыюу салынган. Кожоюндарына ат-төөлөрүн чыныгы муктаждыгынчалык гана минишине уруксат берилген. Пайгамбарыбыз (сав): *«Жаныбарларыңардын үстүн минбар (орундук) кылып албагыла. Албетте, жөө өтө кыйналып бара турган жериңерге силерди алып барышы үчүн Аллах аларды силерге кызматчы кылды. Жерди болсо силерге (орундук) кылды, демек (турган жаныбардын үстүндө эмес) жер үстүндө отургула.» [Ebu Davud, Cihad 61, (2667)]* деп эскерткен

Дагы бир хадис болсо төмөнкүдөй: *«Жаныбарларыңарды аларды чарчатпай жакшы мингиле жана (колдонбогон кезиңерде болсо) жакшылап койо берип, эс алдыргыла! Аларды жолдогу, көчөдөгү маегиңер үчүн орундук кылбагыла (үстүнө отуруп алып сүйлөшпөгүлө).» (Ahmed, III, 439)*

# Иштеген жаныбарларга эс алуу укугу

Пайгамбарыбыз (сав) иштетилген жаныбарларга адамдар сыяктуу эс алуу укугун берип, сапар учурундагы эс алууларда эң алгач жаныбарлардын муктаждык жана эс алуусун камсыздоо керек деген.

# Пайгамбарыбыз (сав) жаныбарларды кыйноого тыюу салган

Пайгамбарыбыз (сав) *«Аллахтын жок жерден бир таранчыны өлтүргөн адамдан кыямат күнү сурак алаарын» (Ebu Davud, 2/11)* кабар берип; *«Куштардын уяларын бузбагыла, жумурткаларын жана балапандарын албагыла» (Buhari Edebü'l-Müfred, 139)* деп буйруган.

Пайгамбарыбыз (сав) минип бараткан жаныбарынын жүзүнө катуу чапкан бирөөнү көргөндө токтотуп, бул кылганынын Аллахтын укугун тебелөө деген мааниге келээрин белгилеп, *«Аллах жаныбарларды мындай кылуу үчүн жараткан эмес» (Ahmed, Müsned, 4/131)* деген.

# Пайгамбарыбыздын (сав) эне ит менен күчүктөрүнө болгон боорукердиги

Пайгамбарыбыз (сав) согуш учурунда он миң кишилик аскери менен баратып, жолунда жаңы тууган ургаачы бир ит менен балдарын көрөт. Пайгамбарыбыз (сав) Сурака уулу Жуайлды чакырып буйрук берет. *«Эне менен балдарынын жанында туруп, аскерлердин баары өткөнгө чейин аларга күзөтчүлүк кылып, тебелеп кетүүдөн коргойсуң.» (eş-ŞÂMÎ, Sübülü'l-hüda ve'r-reşâd, VII, 51*) Пайгамбарыбыз (сав) боорукердиги менен ургаачы ит менен күчүктөрүнүн тынчын албоо үчүн он миң кишилик аскеринин жолун өзгөрткөн.

# Пайгамбарыбыздын (сав) жаныбарларды жакшы көргөнүн көрсөткөн сөзү «бүт иттердин жаны барктуу»

*«Бир гана пайдалуу иттер эмес, зыяны тийбеген, кол салып, жырткычка айланбаган бүт иттердин жаны барктуу, аларга тийүүгө болбойт.» (Haşyetu'l-Beycermî Ala'l-Menhec-el-Mektebetu'ş-Şamile, I/474)*

# Пайгамбарыбыздын (сав) мышыгы «мүезза»

Пайгамбарыбыздын (сав) мышыгынын аты Мүезза болгон. Пайгамбарыбыз (сав) мышыгы Мүеззаны ушунчалык жакшы көргөндүктөн, бир күнү Мүезза диванда отурган Пайгамбарыбыздын (сав) кийиминин чекесин басып уктап калганда, аны ойготкусу келбей Пайгамбарыбыз (сав) кийимин кыркып дивандан турган.

Кошумча маалымат: Пайгамбарыбыздан (сав) хадистер риваят кылган Абу Хурайра «мышыктын атасы» деген мааниге келет.

# Пайгамбарыбыздын (сав) эне чымчык менен балапандарына боорукердиги

*«Аллахтын Пайгамбары менен чогуу элек. Жанында эки балапаны бар таранчыга окшогон бир чымчыкты көрдүк. Балапандарын кармап алдык. Энеси чырылдап канаттарын каккылап баштады, Аз. Расулуллах бурулуп кылганыбызда көргөн соң: «Муну балапанынан ким ажыратты? Балапандарын тапшыргыла (ордуна койгула)» деди. Биз аларды койо бердик.» (Ebu Davud, "Edeb", 163-164)*

# Эчкинин улагы

Пайгамбарыбыз (сав) бир эчкини саап жаткан бир адамга жолукканда ага мындай деген: *«Сааганда улагы үчүн да сүт калтыр.» (Местиа'z-Zevaid, 8:196)*

# Ачка коюлган төө жана кожоюну

Пайгамбарыбыз (сав) мединалык мусулмандардын бирөөсүнүн багында бир төөнүн ачкадан бакырып жатканын көрүп, андан тынчсызданган. Төөнүн жанына барып аны сылап, кожоюну ким деп сурап тактаган соң: *«Жаныбарларга жасаган мамилеңерде Аллахтан коркпойсуңарбы?» (Ebû Davud, "Cihad", 44)* деп төөнүн кожоюнуна эскертүү берген. Башка бир хадисте болсо Пайгамбарыбыз (сав): *«Сүйлөй албаган бул жаныбарлар жөнүндө Аллахтан корккула!» (Ebû Dâvûd, Cihâd, 44/2548)* деп айткан.

# Уктап жаткан жейрен

Пайгамбарыбыз (сав) бир сапар учурунда ысыкта бир көлөкөдө буралып уктап жаткан бир жейренди көрүп, бир сахабасына бүт баары өткөнгө чейин ал жерде туруп, эч кимге ал жейрендин тынчын алышына жол бербе деп буйруган. *(Muvatta, Hacc, 79; Nesâî, Hacc, 78)*

# Жүзү куйкаланган эшек

Азрети Пайгамбар (сав) бир күнү жолдо жүзү куйкаланган бир эшекти көрүп: *«Муну куйкалагандарга Аллахтын каргышы болсун!» (Müslim, Libâs, 107)* деген. Белги коюу үчүн күйгүзгөндө жаныбарлардын оорутпай турган жерлерине белги койгула деп кеңеш берген.

# Жаныбарларга жакшылык кылуу

*Бир киши сапарда баратып суусап, бир кудук таап, ага түшүп суу ичет. Андан чыкканда суусап тилин чыгарып турган бир итти көрөт. Ал киши: «Бул ит да мендей болуп суусаптыр!» деп, кудукка түшүп маасы менен суу алып чыгып итке ичирет. Ал үчүн Улуу Аллах анын күнөөлөрүн кечирген. Сахабалар: «Эй Аллахтын Пайгамбары, жаныбарларга кылгандарыбыз үчүн бизге сооп барбы?» деп сураганда, Расулуллах (с.а.с): «Ар бир жандыкка кылынган жакшылыктын сөзсүз бир сообу бар.» деген. (Buhârî, "Şürb", 9; "Mezâlim", 23; Müslim, "Selâm", 153)*

*Жолдошторун: «Жаныбарларды сугарсак бизге да сооп барбы?» деп сураганда Расулуллах минтип жооп берген: «Жашап жаткан кандай жандыкты болсо да сугарсаңар, сооп бар» (Tecrit, c. vii, s. 223)*

Бул хадистерди сахих далил катары беришибиздин себеби, булар Куранга туура келет. Пайгамбарыбыздын (сав) жаныбарларга мынчалык боорукер болушуна Курандан алган тарбиясы себеп болгон. Пайгамбарыбыз (сав) Аллахтын ар түркүн, бири-биринен кооз, бири-биринен жөндөмдүү жана бири-биринен өзгөчөлөнгөн жандыктарды бир далил, сулуулук, мээрим катары жаратканын, албетте, эң жакшы түшүнгөн инсан болгон. Ошондой эле, Аллахтын Рахман (Мээримдүү) жана Рахим (Ырайымдуу) ысымдарынын, Аллахтын сүйкүмдүүлүк чеберчилигинин жандыктардагы чагылуусун көрө алган. Сүйүүнү мактаган Курандагы мээрим жана боорукердик насааттарынын бир мусулманда кандайча чагылаарын Пайгамбарыбыз (сав) өз иш-аракеттери аркылуу көрсөткөн. Муну Пайгамбарыбыздын (сав) мээримдүүлүк жөнүндөгү насааттарынан да көрүүгө болот:

*«Асмандагылар да силерге мээримдүүлүк кылышы үчүн жер жүзүндөгүлөргө мээрим көрсөткүлө!» (Tirmizî, Birr, 16/1924)*

*«Рыфктан (жумшактык жана жакшы мамиледен) алыс адам ар кандай жакшылыктан ажырайт...» (Müslim, Birr, 76)*

Ошондуктан фанаттардын Ислам дининен же Пайгамбарыбыздын (сав) кылгандарынан жаныбарларга карата зомбулукту издеп, бул жөнүндө ар кандай калптарды ойлоп чыгарышынан эч майнап чыкпайт. Куран – адамга, жаныбарга жана өсүмдүккө болгон эң жогорку сүйүү сүрөттөлгөн китеп, жана Пайгамбарыбыз (сав) да өмүр бою Курандын негизинде жашаган.

# Фанатизмдин жийиркеничтүүлүгү

*«Урейне жана Укейле урууларынан бир топ Мединага келип мусулман болушту. Мединанын абасынан сыркоолоп калганда, Пайгамбар аларга төөнүн сийдигин ичкиле деп кеңеш берди.» (Buhari Tıp5/1, Hanbel 3/107, 163)*

*«Силерден бирөөнүн ичип жатканынын (же тамагынын) ичине чымын түшүп кетсе, анда ал чымынды толук матырып, анан алсын (ыргытсын). Себеби чымындын эки канатынын бирөөсүндө оору, экинчисинде болсо шыпаа бар...» (Diyanet Yayınları, Cilt 9, s.70 ve d. Hadis no. 1365))*

*Ибну Аббас радыйАллаху анхума айтат: «Расулуллах алейхиссалату вассалам мындай деди: «Бирөөңөр тамак жегенде, жаламайынча же жалатмайынча колун (кол аарчыга) аарчыбасын.»» (Buhari, Et'ime 52; Müslim, Eşribe 129, (2031); Ebu Davud, Et'ime 52, (3847)).*

*Расулуллахтан (сав) майга түшүп кеткен чычкан жөнүндө сурашты. Алейхиссалату вассалам: «Аны жана айланасындагы бөлүктү алып салып, майыңарды жей бергиле!» деди. [Buhari, Vudu 67, Zebaih 34; Muvatta, İsti'zan 20, (2, 971, 972); Ebu Davud, Et'ime 48, (3841, 3843)]*

Бул жерде бир канчасы гана мисал келтирилген мындай жалган хадистер фанаттык түшүнүктүн адамдарды канчалык жийиркеничтүү жашоого чакыраарын көрсөткөн маанилүү далилдерден. Мындай ойдон чыгарылган хадистер аркылуу фанаттар Пайгамбарыбызга (сав) да жалган жалаа жапканга чейин барышат. Мындай жалган, бирок фанаттар тарабынан колдонулган хадистер, ошол эле учурда, алардын тазалык, адамдык түшүнүктөрүн да даана көрсөтүүдө.

Мындай жийиркеничтүү нерселерге Аллах эч качан уруксат берген эмес. Куран боюнча, мусулмандар таза болууга, үйлөрүн таза кармоого, таза кийинүүгө жана таза тамактарды жегенге милдеттүү. Куран боюнча, мусулмандар таза, ал эми мушриктер болсо ыпылас. Куран менен жашабаган, Аллах түшүргөндөн башка бир дин чыгарып алган жана ошондуктан ширк ичинде жүргөн фанаттар да, албетте, мушрик болуп эсептелет. Аллах мындай деп кабар берген:

**Эй ыймандуулар, мушриктер бир ыпыластык гана... (Тообо Сүрөсү, 28)**

**...Аллах акылы жетпегендерге жийиркеничтүү бир ыпыластык берет. (Йунус Сүрөсү, 100)**

Көрүнүп тургандай, Аллах аяттарда «акылы жетпеген» бир коом жөнүндө сөз кылууда. «Акылын колдоно албаган коом» Курандагы акыйкаттарга карабастан, жалган өкүмдөргө ишенген фанаттарды эң жакшы сыпаттайт. Колдорунда Куран турса да, башка бир дин чыгарган, жана эч далилсиз, жалган экенин билип туруп, акылдарын колдонбой ал жалгандарга моюн сунган коомдорго Аллах «жийиркеничтүү бир ыпыластык» берет. Бул чындап эле ушундай болуп, фанат коомдор акылсыз болгону үчүн жогорудагы жалган хадистерде айтылган жийиркеничтүү нерселерге ишенип, ыпылас өмүр сүрүшүүдө.

Албетте, араларында сабатсыздыктан, билбестиктен улам, каалабаса да, ушундай өмүр сүргөн адамдар да болот, жана алар көпчүлүктү түзүшөт. Аларды мындай акылсыз фанат коомдон бөлүп кароо керек. Алар туура жолду көрүшү үчүн бул китептеги терең маалыматтар, б.а. Курандан далилдер келтирилген бир таалим керек.

Куранда Аллах мусулмандардан өтө тыкан жана кемчиликсиз бир тазалыкты талап кылат. Куранда мусулмандарды тазалыкка чакырган аяттардын бир канчасы төмөнкүдөй:

**Кийимиңди тазала. Ыпыластыктан алыс бол. (Мүдессир Сүрөсү, 4-5)**

**Эй адамдар, <u>жер жүзүндөгү нерселерди адал жана таза абалда жегиле</u> жана шайтандын кадамдарын ээрчибегиле. Чынында ал силер үчүн апачык бир душман. (Бакара Сүрөсү, 168)**

**...Биринчи күнүнөн баштап такыбалык үстүнө курулган мечит сенин анда (намазга жана башка иштерге) турушуңа ылайыктуураак. Анда <u>дене жана руханий жактан тазаланууну чын жүрөктөн каалаган адамдар</u> бар. Аллах <u>тазалангандарды</u> сүйөт. (Тообо Сүрөсү, 108)**

**Эй ыймандуулар, силерге <u>ырыскы кылып бергендерибиздин тазаларынан жегиле</u> жана бир гана Ага кулчулук кылсаңар, (бир гана) Аллахка шүгүр кылгыла. (Бакара Сүрөсү, 172)**

**Ыйман кылып чын ыкластуу иштерди жасагандарды астынан суулар агып турган, ичинде түбөлүк жашай турган бейиштерге киргизебиз. Анда алар үчүн <u>таптаза</u> жубайлар бар... (Ниса Сүрөсү, 57)**

**Сенден аларга эмненин адал кылынганын сурашат. Айткын: «Бүт <u>таза нерселер</u> силерге адал кылынды...» (Маида Сүрөсү, 4)**

**Бүгүн силерге <u>таза нерселер</u> адал кылынды... (Маида Сүрөсү, 5)**

**Айткын: «Аллах кулдары үчүн чыгарган зыйнатты жана <u>таза ырыскыларды</u> ким арам кылган?» Айткын: «Булар дүйнө жашоосунда ыймандуулар үчүн, кыямат күнү болсо бир гана ошолор үчүн.» Билген бир коом үчүн аяттарды ушундай бир-бирден түшүндүрөбүз. (Аьраф Сүрөсү, 32)**

**Ал адамдар сабатсыз (үмми) кабар алып келүүчү (неби) болгон элчиге (расул) баш ийишет (ээрчишет). Ал ушундай элчи: аны өздөрүнүн Тоорот, Инжилдеринде (келээри) жазылуу экенин табышат. Ал аларды жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарат. <u>Аларга таза, пакиза нерселерди адал, ыпылас нерселерди арам кылат</u>... (Аьраф Сүрөсү, 157)**

**Биз Ибрахимге Үйдүн (Каабанын) ордун белгилеп даярдаганда (мындай деп буйруганбыз:) «Мага эч нерсени шерик (ширк) кошпо, таваф жасагандар, кыямга тургандар, руку жана саждага баргандар үчүн <u>Үйүмдү таптаза карма</u>.» (Хаж Сүрөсү, 26)**

Мусулмандарга тазалык буйрук кылынган аяттар Куранда өтө көп. Бул жерде бир канчасын гана мисал келтирдик. Аьраф Сүрөсүнүн 32-аятында болсо өзгөчө көңүл бурулган бир жагдай бар: мусулмандарга зыйнат-кооздуктарды арам кылгандар (тыюу салгандар) болгон сыяктуу, таза ырыскыларды да арам кылгандардын бар экени. Чындап эле тазалыкты мусулмандарга тыюу салгандардын да кайра эле фанаттык түшүнүктөгү адамдар экенин көрүүгө болот.

Куран боюнча, бир мусулман эң таза, эң өзүн каранган, эң таза жана эң заманбап кийинген, таза тамактарды жеген, жашаган жерин таза кармаган инсан болушу керек. Б.а. бүт тарабы таза болушу керек. Пайгамбарыбыз (сав) өтө таза болгон. Ушунчалык таза Пайгамбарыбызга (сав) жогорудагыдай жалган хадистер аркылуу жалаа жабууга аракет кылуу Аллах Кабатында, албетте, чоң бир кылмыш болот. Бирок фанаттар бул чындыкты билмексен болушат.

Жогорудагы хадистердин жалган экенин көрсөтүү үчүн Пайгамбарыбыздын (сав) чыныгы иш-аракеттерин карайлы. Пайгамбарыбыздын (сав) тазалыгы жана тазалыкка өтө маани бергени жөнүндөгү кээ бир сахих хадистер төмөнкүдөй. (Бул хадистер Куранга туура келгени үчүн сахих катары кабыл алынууда):

***«Мусулмандык таза, кирсиз. Силер да таза болгула, тазалангыла. Себеби бейишке тазалар кирет.» (G.Ahmed Ziyaüddin, Ramuz El Hadis, 1. Cilt, / Deylemi)***

***Ыймандуу ыпылас болбойт. (Buhari, Gusul/276)***

***Бүт нерсени жакшылап тазалагыла! Тазалык ыйманга, ыйман болсо бейишке алпарат. (Taberani)***

***Тазалык ыймандын жарымы. (Müslim)***

***Аз. Селман (р.а.) айтат: «Тоороттон окудум; «Тамактын берекеси тамактан соң (кол менен оозду) жуушта» деп айтылыптыр. Аны Расулуллахка (сав) айттым эле: «Тамактын берекеси тамактан мурда жана кийин жуушта!» деди.» (Ebu Davud, Et'ime 12, (3761); Tirmizi, Et'ime 39, 1847)***

***Сарымсак жеген жыты кетмейинче мечитибизге жакындабасын, адамга жакпаган нерселер периштелерге да жакпайт. (Taberani)***

***Кийимдериңерди жуугула, ашыкча түктөрүңөрдү тазалагыла, тиштериңерди тазалагыла, таза, тыкан кийингиле! Таза болгула! (İbni Asakir)***

***Сарымсак же пияз жеген киши бизден жана мечиттерибизден алыс болсун, үйүндө отурсун.» (Buharî, Edeb, 76)***

***Намаздын ачкычы тазалык. (Tirmizi)***

***Жакшы кийингиле; Аллахтын силерге берген жакшылыктары көрүнсүн! (Taberânî)***

***(Бахр-үр-раык) мындай дейт: Сулуу жүз түрү сууктукту кетирүү, сындуу болуу жана шүгүр кылуу үчүн жакшылыкты көрсөтүү дегенди билдирет. Аллах Таала сулуу болууну мактайт. Сулуу болуу үчүн таза, жарашыктуу кийинүү керек. (Oruç bahsi)***

***Аллах бир кулуна байлык бергенде, ал байлыктын ал кулдун үстүндө көрүлүшүн жакшы көрөт. [Taberânî]***

***Абу Суфйан радыйАллаху анх айтат: «Мага Абу Аййуб аль-Ансари, Жабир Ибну Абдиллах, Анас Ибну Малик кабар беришти; Тообо сүрөсүнүн 108-аяты түшкөндө, анын мааниси мындай: «Ал жерде дене жана руханий ыпыластыктардан тазаланууну жакшы көргөндөр бар. Аллах көп тазалангандарды жакшы көрөт», Расулуллах: «Эй ансар жамааты! Аллах силерди тазалыкта мактады, (бул мактоого себеп болгон) тазалыгыңар кандай?» деп сурады. Алар болсо: «Биз намаз үчүн даарат алабыз, жунубдукта жуунабыз» дешти. Алейхиссалату вассалам: «Мына ушул үчүн макталдыңар! Мунуңарды уланткыла!» деди.» (Kütüb-i Sitte, 6066)***

***Аз. Энес (радыйаллаху анх) айтат: «Мага аял жана жагымдуу жыт сүйдүрүлдү, көзүмдүн нуру намазда кылынды.» (Nesâî, İşretu'n-Nisâ 1, (7, 61))***

# Фанаттардын караңгы дин жана сапатсыз мусулман түшүнүгү

Фанаттардын жалган хадистеге таянып ар кандай ыпыластыктарды кадыресе көргөн жана ыпыластыкты сиңирген жашоо калыбы үрөй учурарлык бир сапатсыздыкка да себеп болот. Ошондуктан бир катар мусулман калктарда бүт тарапка жайылган бир сапатсыздык модасы бар. Мындай сапатсыз түшүнүк боюнча, бир мусулман көрүнүшү жагынан кир, өзүн каранбаган, сулуулук жана сыпайылыктан алыс, корс, коолдук жана сылыктыкка маани бербеген, ал тургай, буларды түшүнбөгөн бир адам болот. Көңүл буруп карасак, мындай коомдордо «мусулман» дегенде ушундай көрүнүштү жайылтууга көп маани берилет.

Бул адамдардын Ислам түшүнүгүн караганыбызда, мындай сапатсыз жана үрөй учурарлык жашоо калыбынын келип чыгышы эч сюрприз болбойт, албетте. Аялдардын кашын теришине да тыюу салган (бул кийинки бөлүмдө терең каралат), тамактан соң колун жууштун ордуна колун жалаткан, ичине чымын түшүп кеткен тамакта шыпаа бар деген түшүнүктөн, албетте, эч кандай сапатты күтүүгө болбойт. Жалган хадистерден келип чыккан бул жасалма дин түшүнүгү ушунчалык кеңири тарагандыктан, бир мусулман сулуу жана сапаттуу көрүнсө, бул кишилер аны сындашат.

Ислам атын жамынган бул оюн бүт Ислам дүйнөсүн кандайдыр бир деңгээлде ороп алган жана бул көрүнүш, албетте, башка элдерди тынчсыздандырууда.

Ал эми Куранда болсо укмуштуу бир сапат бар. Пайгамбарыбыз (сав) Курандын эч кемчиликсиз турмушка ашыруучусу катары өз доорунун эң сапаттуу жана эң акылдуу инсаны болгон. Дайыма таза жүрүп, эң сапаттуу жана эң таза кийимдерди кийип, адамдарга эң сылык мамиле жасаган. Пайгамбарыбыз (сав) азыр жашаганда, албетте, азыркы замандын эң сапаттуу инсаны болмок. Себеби Пайгамбарыбыздын (сав) жол башчысы – Куран, жана Куран дайыма эң жогорку сапатка чакырат.

Бир нерсени өзгөчө белгилөө керек: сапат акча менен, мал-мүлк менен же марка кийимдер менен жетишиле турган нерсе эмес. **Сапат – тазалык, тыкандык, сулуулукка жана коздукка маани берүү, эң мыкты мамиле жана кыймыл-аракет, боорукердик жана акылмандык, сый-урмат жана жакшы адеп-ахлак менен жетишиле турган бир касиет.** Бир адам күн сайын бир эле кийимди кийиши мүмкүн, бирок аны күн сайын таза жана тыкан кийгенде сапаттуу болот. Бир адам башка бирөөнүн пикирине кошулбашы мүмкүн, бирок анын пикирин сыйлап, ага боорукер мамиле кылганда сапаттуу болот. Адамдын сапатын көрсөткөн эң негизги касиеттердин бири – бул анын кыймыл-аракеттери; ыпыластыктан, ач көздүктөн, сапатсыз кыймыл-аракеттерден алыс адам, албетте, сапаттуу болот. Сулуу сүйлөгөн, сулуулукту мактаган, искусствону бийик туткан, башкаларды барктаган адам сапаттуу болот.

Сапатты талап кылган бул касиеттердин баары мусулман элдердин көпчүлүгүндө унутулуп калды. Буга кайра эле бир катар мусулман элдердин эң чоң катасы болгон Куранды таштап коюу себеп болду. Натыйжада сапатка эмес көбөйүүгө, сүйүүгө эмес жек көрүүгө, тазалык жана өзүн карануга эмес ыпыластык жана одонолукка маани берген элдер пайда болду. Мунун бир гана дарысы бар: Куран. Курандан далилдер келтирип Мусулмандын бийик сапаттуу болоорун бул элдерге көрсөтүү учурдагы эң маанилүү зарылдыктардан. Курандан далил бермейинче, бул элдер демократиядан алыстап, көптөрдү жек көрүүнү, сапатсыздыкты жайылтып, искусство жана тазалыкка маани бербөөнү улантышат. Бул болсо күн өткөн сайын күчөй берчү олуттуу бир балээ.

# 3- БӨЛҮМ

## Фанаттардын аялдарды жек көрүшү

### Аялдар бул дүйнөнүн эң сонун жакшылыктарынын бири

Фанаттык түшүнүктүн сүйүүсүздүгүн жана катуулугун көрсөткөн эң маанилүү мисалдардын бири – бул аялдарга болгон көз-карашы. Өздөрүнчө аялды бир төмөн жандыктай көргөн фанаттар сансыз ойдон чыгарган өкүмдөрү аркылуу аялдарды коомдун сыртына түрткөн, ал тургай, көчөдө эч көргүсү келбеген бир түшүнүккө ээ. Алдыда бул жөнүндөгү жалган хадистерден мисалдар келтирип, фанаттардын аялга болгон көз-карашын жана бул туура эмес көз-караштын Куранга жана Пайгамбарыбыздын (сав) сөздөрүнө толугу менен карама-каршы келээрин көрсөтөбүз. Бул жалган хадистер көп мусулман өлкөлөрдө аялдардын эмнеге дагы эле эзүүгө аракет кылынып жатканын жакшыраак түшүнүүгө негиз түзөт.

Фанаттардын аялдар жөнүндөгү көз-карашынын түбүндө аялдардын ыйманы менен акылы кем деген бир түшүнүк бар. Ошондуктан аялдарды жарым адам көрүп, башкаруу керек деп ойлошот. Мындай түшүнүктөгүлөр аялдардын бар болушун да бир коркунуч жана кыжырдануу себеби катары көрүшөт. Ошондуктан мүмкүн болушунча аны чүмкөп, элден бөлүп, бүт уктарын колунан алып, аны биротоло элден бөлүүнү каалашат. Аялды өз ойлорунда төмөнкү класска айландырып, аялдын чечим чыгарышына жана коомдук маселелерде активдүү болушуна жолтоо болуп, өздөрү башкарган бир коомду пайда кылууну көздөшкөн. Себеби аялдардын көбүнчө детальдуу ойлоно алган, акылман, маанилүү майда-бараттарды байкап жакшы жыйынтыктар чыгара алган заттар экенин билишет. Аялдарды жасалма ыкмалар менен четке түртүү фанаттык түшүнүктөгүлөрдүн өз калптарын оңой жайылтышына да мүмкүнчүлүк түзгөн.

Бирок, Аллах такыбада (Аллахтан коркууда) аял менен эркектин эч айырмасы жок экенин кабар берип, чын ниеттүү жакшы иштерди кылуу, жакшы адеп-ахлактын жайылышы үчүн аракет кылуу, Аллах жолунда илим, пикир аркылуу күрөш жүргүзүүдө аял менен эркекке бирдей жоопкерчилик жүктөгөн. Аял менен эркек Куранда жоопкерчилик жагынан бирдей; бирок кадыр-барк, сый-урмат жагынан аял Куранда эркектен жогору коюлган. Бир катар фанаттар менен Исламга каршы чыккандар тарабынан ушул күнгө чейин аялдарга каршы бир далилдей колдонулуп келген бир катар аяттар – негизи аялдын жогорулугун, Улуу Раббибиздин аялга берген кадыр-баркын көрсөткөн аяттар. Бул аяттарды алдыда терең карайбыз.

Куранда Раббибиздин аял жөнүндөгү салыштыруусу анын кадыр-баркын да көрсөтөт: Куранда аял назик бир өсүмдүккө, гүлгө салыштырылган. Аз. Мариям жөнүндөгү бул салыштыруу аялга берилген кадыр-баркты ачык көрсөтөт:

> **Анан Рабби аны абдан жакшы кабыл кылды жана аны <u>кооз бир өсүмдүк</u> сымал чоңойтту... (Али Имран Сүрөсү, 37)**

Кооз бир өсүмдүк өтө назик кароону талап кылат. Кооз бир өсүмдүк назик жана өтө баалуу, көңүл коюну каалайт. Аты айтып тургандай кооз, сулуу. Гүлдүн кооздугу, назиктиги, көңүл коюуну талап кылышы, баалуулугу, маанилүүлүгү аялдын Исламдагы ордун эң сонун чагылдырат. Аллах жер жүзүндөгү бүт гүлдөрдү жана өсүмдүктөрдү бир сулуулук, көңүл кубандыра турган бир жакшылык, тазалыктын жана сулуулуктун символу, укмуш бир жаратуу керемети катары жараткан. Сулуулукту чагылдырган бул сөздүн аялга

колдонулушу, Аллахтын тазалыктын, сулуулуктун символу болгон бир чыгармасын аялга салыштырышы аялдын канчалык баркталганын даана көрсөтөт.

# Курандагы аял

Куранда аялдар жөнүндө сөз болгон аяттарда аял заты өтө баркталып, аялдар бүт оор шарттарда өзгөчө коргоого алынган. Бирок ошол эле учурда жоопкерчилик жагынан эркек менен тең тутулган. Ошондуктан аялды коргоого муктаж болгону үчүн эмес, өзгөчө барктуу болгону үчүн коргоо керек.

Куран боюнча, аял каалагандай иштей алат, бирок иштегенге мажбур эмес. Куран боюнча, аял, Саба ханышасы мисалында көрсөтүлгөндөй, мамлекеттерди башкарат. Куран боюнча, аял, Аз. Мариям (ас) мисалында айтылгандай, кыйынчылык учурларында сабырдуураак жана чечкиндүүрөөк болуп, бүт ааламдагы аялдарга өрнөк болот. Куранда аял султан, аны дайыма жогору тутуу керек. Ошондуктан аялга болгон көз-карашта дүйнөгө эң сонун жол башчы Куран болот.

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда аялдар эркектер менен бирге жашоонун бүт тармактарында болушкан. Пайгамбарыбыздын (сав) куттуу жубайы Аз. Хатижанын ал аймактын эң белгилүү ишкер аялдарынын бири болгону – аялдын коомдук жашоодо канчалык активдүү боло алаарын көрсөткөн өтө маанилүү бир маалымат. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Ислам менен жаңы таанышкандарга таалим берүүдө, коомдук тартипти камсыз кылууда жана, ал тургай, согуштарда да аял жана эркек сахабалар бирдей жоопкерчилик алышкан.

Пайгамбарыбыздын (сав) жубайларын жакшы көрүшү, аларга болгон сылык, жумшак мамилеси болсо бүт дүйнөгө эң сонун өрнөк болот. Аялдары менен чуркап жарышкан, аялы төөгө миниши үчүн ийилип көмөк көрсөткөн, дайыма аялдардын артыкчылыктарын мактаган, той-тамашаларды көрүп жатканда башын жубайынын далысына сүйөгөн эң сонун инсан Пайгамбарыбыздын (сав) фанаттардын үрөй учурарлык иш-аракеттерине эч качан жол бербеши анык. Эч күмөнсүз, фанаттар Пайгамбарыбыздын (сав) атынан мындай хадистерди ойлоп чыгаруу аркылуу сахабаларды да дооматка калтырып, Пайгамбарыбызга (сав) да, сахабаларга да жалаа жабууда жана өтө чоң жоопкерчилик астында калышууда.

Фанаттардын дининдеги аялдын Куранда айтылган аялдан эмне үчүн мынчалык айырмалуу экенин кээ бир жалган хадистерди караганыбызда дароо байкайсыз. Бул жалган хадистердин баарына Курандан эң ачык, эң так жооптор берилди.

# Фанаттардын аялдар жөнүндөгү жалаалары

## Аялдын акылы менен дини кем деген көз-караш

*Көп каргыш айтып, күйөөлөрүңөргө карата шүгүрсүздүк (жакшылыкты билбестик) кыласыңар. Акылы ордундагы бир эркектин акылын силердей адаштыра алган акылы жана дини кем башка бир жандык көргөн жокмун. (Müslim, İman, 34/132; İbni Mace, Fiten 19/4003)*

*Аллах: «...Мен аны кемчиликсиз жана акылдуу кылып жараткан элем. Эми акылы төмөн кылып койом; ал жийиркенип жана каалабай боюнда көтөрө турган баласын кыйынчылык менен дүйнөгө алып келет» деди. (et-Taberi Tefsir I 235 v.d.; Vffl143-44; Tarih 1/1 146-148; es-Salebi Arais&.21; İbnu’1-Esir el-KâmilI 34; tbn Kuteybe Te’vîlü Muhteüfi’l-Hadiss. 139)*

Курандын эч бир аятында аялдар акылы жагынан эркектерден төмөн деп айтылган эмес. Тескерисинче, көп аяттарда «ыймандуу аялдар жана ыймандуу эркектер» деп кайрылуу аркылуу Аллах Кабатында экөөнүн жоопкерчилигинин бирдей экени, б.а. акылы менен абийиринин окшош экени айтылган. Ал тургай, Саба ханышасы мисалындагы сыяктуу, аял тескерисинче маанилүү жагдайлар жөнүндө чечим чыгарган бир мамлекет башчысы да болушу мүмкүн. Мындан тышкары, бир адамды анын дене түзүлүшү эмес, Аллахтан болгон коркуусу, Аллахка болгон сүйүүсү, ыйманынын тереңдиги жана абийири акылман кылат. Аллах, аял же эркек болсун, ар бир адамдын абийирине (жүрөгүнө) тууранды сөзсүз илхам кылат. Ошондуктан адамдын акылман жана динчил болушу анын аял же эркек болушунан эмес, абийирине вахий кылынганды угушунан жана **«Эй ыймандуулар, Аллахтан коркуп-тартынсаңар, силерге тууранды туура эместен айырмалоочу бир нур жана түшүнүк (фуркан) берет...»** (Энфал Сүрөсү, 29) аятында айтылгандай, Аллахтан коркушунан көз-каранды. Акылмандык үчүн Курандагы жалгыз критерий ушул. Ошондуктан бир адам эркек болгону үчүн эле өйдө болуп, же болбосо, аял болгону үчүн эле ыйманы же акылы жагынан кем болуп калбайт. Бирок, биз көп жолу эске салгандай, фанаттардын дини Курандан толугу менен башка, жана жалган жалааларга толо.

Мындай жалган хадистер аркылуу Аллахка карата жалган жалааларды айтышы фанаттардын канчалык чектен чыкканын да көрсөтөт. Курандын эч бир жеринде *«<u>Эми акылы төмөн кылып койом</u>; ал <u>жийиркенип жана каалабай боюнда көтөрө турган</u> баласын кыйынчылык менен дүйнөгө алып келет»* деп, албетте, айтылган эмес. Андай болсо, Аллахтын «сөзү» деп айтылган бул сүйлөм каерде орун алган? Аллахтан келген деген бул «вахий» Куранда жок болсо, анда каерде? Фанаттык диндин эң чоң фитналарынын бири Аллахтын атынан калп айтышы болгону үчүн гана ушундай үрөй учурарлык жалааларды жабышууда.

Аялдын кош бойлуулугу Куранда ыйык деп саналган жана ошондуктан Куранда эне да ыйык деп саналат. Улуу Раббибиздин бул жөнүндөгү аяты төмөнкүдөй:

> **Биз адамга эне жана атасын (аларга жакшы мамиле кылууну) насаат кылдык. Энеси аны абдан кыйынчылык менен (курсагында) көтөрүп жүргөн. Анын (сүттөн) чыгышы эки жыл ичинде (болот). «Мага да, <u>эне жана атаңа да шүгүр кыл, Мага гана кайтасыңар.»</u> (Локман Сүрөсү, 14)**
>
> **Биз адамга ата-энеңе жакшы мамиле кыл деп насаат кылдык. Энеси аны кыйналып көтөрүп жүрдү жана аны кыйынчылык менен төрөдү. Анын (кош бойлуу кезде) көтөрүп жүрүлүшү менен сүттөн чыгышы отуз ай. Анан күчтүү (жетилген) убакка жетип кырк жыл (жаш)ка жеткенде: «Раббим, мага, эне жана атама берген немат-жакшылыктарга шүгүр кылышымды жана Сен ыраазы боло турган чын ыкластуу бир ишти кылышымды мага илхам кыл; мен үчүн салих (ыкластуу) урпактар бер. Чындап мен тообо кылып Сага бурулдум жана чындап мен Мусулмандарданмын» деди. (Ахкаф Сүрөсү, 15)**

Аз. Мариям (ас) Аллахтын каалоосу менен кош бойлуу болуп, кош бойлуулугу бою бүт кыйынчылыктарга сабыр кылган, жана ал сабыры жана Аллахка болгон туруктуулугу себептүү бүт ааламдардын аялдарынан жогору тутулган:

> **Периштелер: «Мариям, күмөнсүз, Аллах сени тандады, сени тазалады жана ааламдардын аялдарынан жогору кылды.» деген эле. (Али Имран Сүрөсү, 42)**
>
> **Мариям уулу Масих болгону бир элчи (пайгамбар). Андан мурда да элчилер жашап өтүшкөн. <u>Анын энеси туптуура (аял)</u>... (Маида Сүрөсү, 75)**

Фанаттар аялдар жөнүндөгү «акылы төмөн», «жийиркенип жана каалабай боюнда көтөрө турган» деген сыяктуу негизсиз жалаалары аркылуу өздөрүнүн үрөй учурарлык түшүнүгүн көрсөтүү менен бирге, Аз. Мариямга (ас), сахабаларга жана жогору сыпаттары менен макталган бүт башка ыймандуу аялдарга да акарат кылышууда.

Кош бойлуулуктун кыйынчылык менен өтүшү жана баланын кыйынчылыктар ичинде төрөлүшү бул дүйнө жашоосунун кыйынчылыктарынын бири, жана сабырдуулукту, күчтү жана эркти талап кылат. Мындай чоң кыйынчылыкка сабыр кылган бир эненин Аллах Кабатында өтө барктуу болоорун көрсөтүүдө. Ошондуктан Аллахка тобокел кылып (таянып), Аллахка болгон сүйүүсүнөн улам бүт кыйынчылыктарга сабыр кылган эне кадыр-барктуу болот. Энени кадырлап-сыйлоо Курандагы адеп-ахлак өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Көрүнүп тургандай, Куранда аялдын эркекке караганда артыкчылыктары да бар, ошондуктан «акылы жана ыйманы кем» деген салыштыруу фанаттардын дининдеги бир жалган жалаа. Аллах эркек менен аялга бирдей жоопкерчилик жүктөгөн. Көп аяттарда «ыймандуу эркек жана ыймандуу аялдарга» чогуу кайрылуу жасалышынын бир себеби ушунда. Ал аяттардын бири төмөнкүдөй:

**Эч күмөнсүз, мусулман эркектер жана мусулман аялдар, ыймандуу эркектер жана ыймандуу аялдар, чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген эркектер жана чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген аялдар, чынчыл эркектер жана чынчыл аялдар, сабыр кылган эркектер жана сабыр кылган аялдар, урмат менен (Аллахтан) корккон эркектер жана урмат менен (Аллахтан) корккон аялдар, садака берген эркектер жана садака берген аялдар, орозо кармаган эркектер жана орозо кармаган аялдар, намыстарын коргогон эркектер жана (намыстарын) коргогон аялдар, Аллахты көп зикир кылган (эстеген) эркектер жана (Аллахты көп) зикир кылган аялдар; (мына) ушулар үчүн Аллах бир кечирим жана улуу бир сыйлык даярдаган. (Ахзаб Сүрөсү, 35)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, Аллахтан коркуу, Аллахты зикир кылуу (эстөө), Аллахка туруктуу болуу, сабырдуу болуу, садака берүү сыяктуу мусулмандардын негизги сыпаттарынын эч бирөөсүндө аял-эркек деп бөлүү жасалган эмес. Куранда аялдарда ыймандууларга тиешелүү сыпаттардын кандайдыр бирөөсү азыраак болот деген сыяктуу бир кыйытуу да жок. Бир адам, аял болсун, эркек болсун, болгон күчү менен Аллахтан коркууга, Аллахты өтө катуу сүйүүгө жана Аллахтын ыраазылыгынын эң көбүнө жетүүгө милдеттүү.

# Аялдар ийри деген көз-караш

*«Аял бир кабырга сөөгү сыяктуу. Аял бир кабырга сөөгүнөн, бир ийри кабырга сөөгүнөн жаратылган, аны түздөйүн десең сындырып койосуң, сынышы ажырашуусу дегенди билдирет.» (Müslim, Reda 64; Nesai, Nikah 15; Ahmed b. Hanbel, II, 168)*

Куранда адамдын жаратылуусу терең баяндалган жана төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

**Ант болсун, Биз адамды сүзүп (тандалып) алынган бир ылайдан жараттык. Кийин аны бир суу тамчысы абалында бекем корголгон бир жерге жайгаштырдык. Кийин ал суу тамчысын бир алак (эмбрион) кылып жараттык; анан ал алакты бир тиштем эт кылып жараттык; андан соң ал бир тиштем этти сөөк кылып жараттык; ошентип сөөктөргө эт кийгиздик; андан соң башка бир келбетте аны жасадык. Жаратуучулардын эң сонуну болгон Аллах кандай Улук. (Мүминун Сүрөсү, 12-14)**

Эч бир Куран аятында аял кабырга сөөгүнөн жаратылган жана ийри деп айтылбайт. Фанаттардын бул сөзүнүн тескерисинче, Улуу Раббибиз аял менен эркекти «эң сулуу келбетте» жаратканын кабар берет:

**Аллах жер бетин силер үчүн бир тегиздик, асмандарды бир там кылды; силерге келбет берди, <u>келбетиңерди эң сулуу (бир көрүнүш жана чеберчиликте) кылды</u> жана силерге жакшы-таза нерселерден ырыскы берди. Мына силердин Раббиңер – Аллах ушул. Ааламдардын Раббиси Аллах – кандай Улук. (Момун Сүрөсү, 64)**

Жогорудагы жалган хадисте «аны түздөйүн десең сындырып койосуң» деп аялдын көрүнүшү жана түшүнүгү жагынан ийириликтери бар жана эч качан түзөлбөйт деген нерсе айтылууда. Мындай нерсе Куранда жок. Негизи бул бир фанаттын аялды канчалык жаман көрөөрүн даана чагылдырат.

Курандан алган тарбиябыз болсо мындай: аял болсун, эркек болсун, албетте, ар бир адамдын каталары, кемчиликтери, туура эмес кылган иштери болушу мүмкүн. Куран боюнча, бул катачылыктар сылык, жакшы тил менен насаат кылынып, туура эмеси жана туурасы көрсөтүлүп, адамдын абийирине жеткирүү аркылуу оңдолот. Эч кимдин башка бир адамды «бул эч качан оңолбойт» деп четке түрткөнгө акысы жок. Мындай кылып, өзүн кемчиликсиз, жогору көргөн бир адам акыретте «бул оңолбойт» деген адамдын бир топ жакшы абалда экенин көрүшү мүмкүн. Кимдин туура жолдо экенин бир гана Аллах билет.

Фанаттардын аял эң башынан кемчиликтүү деген туура эмес ишеними кийин да оңолошу мүмкүн эмес деген жаңылыштык аркылуу бекемделген. Ошондуктан көп жалган хадистерде аялдардын арасында жакшылардын саны өтө аз, көп аялдар бейишке ылайык эмес деген сыяктуу туура эмес маалыматтар бар.

# Аялдарды басмырлоо үчүн ойдон чыгарылган хадистер жана сөздөр

*Аялдардын арасында жакшы аял жүз даана карганын арасындагы ала карга сыяктуу. (Sahih-i Buhari)*

*Токсон тогуз аялдын бири бейиште, калгандары болсо тозокто. (Sahih-i Buhari)*

*Эй аялдар! Садака бергиле жана көп тообо кылгыла. Себеби мен тозок элинин көпчүлүгүнүн силер экенин көрдүм. (Müslim, İman, 34/132 İbn Mace, Fiten 19/4003)*

Фанаттардан турган коомдо аялдын эмне үчүн экинчи катардагы адам катары кабыл алынып, басмырланаарын бул жалган хадистер апачык көрсөтүүдө. Мындай жалган хадистер ойлоп чыгарылган соң бир катар мусулман элдер аялдарды басмырлаган, төмөн көргөн, аларды үйгө камап койгон фанат элдерге айланышты. Аялдардын экинчи катардагы адамдай көрүлүшү элдерди укмуш маданиятсыздыкка, бүдөмүктүккө, түнттүккө жана боштукка түрттү. Мындай фанаттык түшүнүктөгүлөр эч качан өнүгүп, алга жыла алган жок. Учурда Ортоңку чыгыштагы көп өлкөлөр ушундай караңгы түшүнүктөн келип чыккан түнттүк менен сапатсыздыктын так ортосунда турушат. Ал эми Курандагы дин болсо абдан сонун, ачык, түшүнүктүү, сапаттуу жана тынчтыкчыл.

Фанаттар бейиштин эң сонун кооздугу болгон аялдарды Аллах дүйнөдө да, акыретте да өтө баалап, кадыр-барктуу кылганына эч акылдары жеткен эмес. Эң негизгиси, муну эч Курандан сурашкан эмес.

Көрүнүп тургандай, бул жалган хадистерде айтылгандардын эч бири Куранда жок. Туура эмес жолго түшүп, жамандыктарды, күнөөлөрдү жасаган адамдарды Аллах Куранда терең сүрөттөгөн, жана алардын эч биринде андай адамдар негизинен аялдардан турат деп айтылган эмес.

Мисалы, Аллах Куранда адамдардын көпчүлүгүнүн ыйман кылбай турганын, ыйман кылдым деп айткандардын көпчүлүгүнүн болсо ширк (шерик) кошоорун кабар берген:

**Алиф, Лам, Мим, Ра. Булар – Китептин аяттары. Жана сага Раббиңден түшүрүлгөн чындык. Бирок адамдардын көбү ыйман кылышпайт. (Рад Сүрөсү, 1)**

**Алардын көпчүлүгү Аллахка ыйман кылышпайт, шерик кошуп гана турушат. (Йусуф Сүрөсү, 106)**

Башка бир аятта болсо Аллах адамдарга сабак ала турган өтө көп мүмкүнчүлүк жаратса да, адамдардын көпчүлүгүнүн сабак албай, жаман мүнөзүн уланта берээри кабар берилет:

**Ант болсун муну алардын арасында сабак алып-ойлонушсун деп ар кандай түрдө түшүндүрдүк. Бирок адамдардын көбү шүгүрсүздүк кылышып (шүгүр кылышпай), көшөрүштү. (Фуркан Сүрөсү, 50)**

Көрүнүп тургандай, бул аяттарда да, Курандын башка аяттарында да жаман иштерди кылган адамдардын, фанаттар айткандай, негизинен аялдардан тураарын көрсөткөн бир дагы сүйлөм жок. Эч бир аятта жаман иштерди жасагандар жынысына карап бөлүнгөн эмес. Эч бир аятта аялдардын көбүрөөк жаман иштерди кылаары жана бейишке азыраак аял кирээри жөнүндө да маалымат жок. Жалган хадистердеги мындай маалыматтар атайын аялдарга болгон душмандыкты жайылтуу үчүн ойлоп чыгарылган калптар. Куран бул жалган хадистерди ачык, айкын аяттар менен жокко чыгарат.

# Аялдар дин менен жашаганга тоскоол болот деген көз-караш

*Аялдар болбогондо Аллахка өтө жакшы ибадат кылынмак. (Suyuti, Buhari, İbn-i Adıyy, Ebu Hatim, İbn-i Cevzi, Muhammed Nasuriddin, İbn-i Hıbban hadisi mevzu kabul ederler.) (Silsiletul Ehadisuzzaif: 74, Tenzihuşşeria: 1/62, El-leali : 2/59)*

*Аялдар болбогондо, эркектер бейишке кирмек. (İbn-i Arrak, Es- sakafi hadisi kabul etmezler. (Camiussağir: 2/113))*

Эң биринчиден төмөнкү жагдайды кайрадан эске салалы: бул жалган хадистерде айтылган түшүнүк Куранда такыр жок.

Жогорудагы жалган хадистерде айтылгандарга келсек: ыйманы алсыз же динсиз адамдарды дин менен жашоодон алыстаткан нерсе – аялдар же дүйнөнүн башка бир кооздугу эмес, өзүнүн абийиринин, акылынын жана эркинин алсыздыгы. Аллах бул дүйнөнү сыноо кылып жараткан. Адам өмүр бою кыйынчылыктар, оору жана алсыздыктар менен сыналган сыяктуу, сый-жакшылыктар, кооздуктар менен да сыналат.

Аял дагы бул дүйнөнүн сый-жакшылык, кооздуктарынын бири. Бирок бүт сый-жакшылыктар сыяктуу, сый-жакшылыктын кантип бааланышы ага жеткен адамдын мүнөзүнөн көз-каранды болот. Аллах Куранда дүйнөдөгү сый-жакшылыктардын адамдарды сыноо үчүн жаратылганын төмөнкүчө кабар берген:

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу адамдарга «кооз жана өзүнө тартуучу» көрсөтүлдү. Булар – дүйнө жашоосунун жалган кооздуктары. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Али Имран Сүрөсү, 14)**

Аялдар сыяктуу, бала-чака, алтын, күмүш, кооз жаныбарлар, бактар, б.а. байлык дагы дүйнөнүн сый-жакшылыктарынан жана адамдарга жагымдуу кылынган. Бирок ыймандуу бир адам бул сый-жакшылыктардын чыныгы ээсинин Аллах экенин, дүйнөдөгү бүт мындай сый-жакшылыктардын убактылуу экенин жана бүт сый-жакшылыктардын эң коозунун жана эң көбүнүн бейиште болоорун билет. Ошондуктан бул сый-жакшылыктардын эч бири аны Аллахтан жана Аллах жолунда аракет кылуудан тоспойт. Эгер бир адам бул сый-жакшылыктардын кандайдыр бирөөсүнө алагды болуп, Аллахтын ыраазылыгынын эң көбүнө жетүүгө аракет кылбай жатса, бул ал адамдын ыйманынын алсыздыгынан болот. Буга сый-жакшылыктар эмес, адамдын өзү

жоопкерчиликтүү болот. Ошондуктан, мындай мамилесин оңдобосо, анын жазасын да өзү алат. Бул үчүн башка бирөөнү айыптоо акыретте адамга эч пайда бербейт.

Ошондуктан бул жалган хадистерге таянып, каталарын, күнөөлөрүн, кылган жаман иштерин аялдардын мойнуна жүктөгөн бир эркек өзүн-өзү гана алдаган болот. Куран боюнча, кандай гана шарт, кандай гана жагдай болбосун, ыйман кылган адам Аллахка кулчулук милдетин толук орундатышы керек. Эч бир адам акыретте Аллахка «мен аялдардан улам жакшы ибадат кыла албадым» деп шылтоо айта албайт. Аятта бул чындык белгиленген: **«...адам өз напсисин (өзүн өзү) жакшы билет, (ар кандай) шылтоолорун айтса да.»** (Кыямат Сүрөсү, 14-15). Б.а. адам канчалаган шылтоолорду ойлоп таппасын, эмненин туура экенин абдан жакшы билет. Бул жалган хадистерге таянып, өздөрүнүн камырабастыгы үчүн аялдарды айыптаган адамдар өздөрүнүн эки жүздүүлүгүн, жөн эле шылтоолорду ойлоп тапканын, албетте, билишет. Бул дүйнөдө муну билмексен болушу эч нерсени өзгөртпөйт. Аллахтын алдында турганда, **«...ар бир жанга, адилеттүүлүк менен, тапкандары толук төлөнгөндө кандай болот?...»** (Али Имран Сүрөсү, 25)

# Аялдардын акылын укпаш керек деген көз-караш

*Башына бир аялды өткөргөн бир эл эч качан оңолбойт. (İbni Hanbel Müsned 5/43,50; Tirmizi Fiten:75 Nesai Kudat:8; Buhari Fiten:18)*

*Аялдарды угуу бушайман кылат. (Tezkiratul Mevzuat: 128, Kitabul Mevzuat: 2, 272)*

*Аялдар менен кеңешип, алардын оюн уккула жана алардын айтканынын тескерисин жасагыла. (El-Makasıdul Hasene: 248, Tezkiretul mevzuat:128, Tenzihuş Şeria: 2-204, Silsiletul Ehadis: 432)*

*Аялдар менен кеңешпегиле, аларга каршы чыккыла. Аялдарга каршы чыккыла, себеби аялдарга каршы чыгуу береке алып келет. (Kadınlara Dîni Bilgiler 44,45 Suyuti, Leali II, 147; İbn Arrak, Tenzihü'ş Şeria II, 210)*

*Ким аялынын айтканын кылса, Аллах аны тозокко таштайт. (İbn Arrak II, 215)*

Көрүнүп тургандай, фанаттардын аялдарды өздөрүнчө төмөн көрүшүнүн маанилүү натыйжаларынын бири, алар аялдардын коомдо таасирдүү болушун такыр каалашпайт. Ошондуктан аялдардын башкаруучу болушуна каршы чыгышат. Ал тургай, аялдар менен кеңешүүнү да кабыл алышпайт. Аялдардын ойлогондорунун, кылгандарынын баары туура эмес деген кызыктай түшүнүктөрү бар. Бул аялдарды элден такыр бөлүп салуу үчүн иштеп чыгылган кара мүртөз пландын бир бөлүгү. Жогорудагы ойлоп чыгарылган хадистер алардын ушул максатына кызмат кылып, көптөгөн өлкөлөрдө ушундай туура эмес түшүнүктөр орногон фанат жана аялдарга душман элдер келип чыккан. Бирок, мындай түшүнүктөр Куранга да, Пайгамбарыбыздын (сав) иш-аракеттерине да такыр туура келбейт жана Ислам динине толук карама-каршы.

Мисалы, алар *«Башына бир аялды өткөргөн бир эл эч качан оңолбойт»* деген калпты жайууга аракет кылса, Аллах Куранда мамлекет башчысы болгон бир аялды мисал келтирет: Саба ханышасы...

«Аялдар менен кеңешпегиле» деген жалгандардын тескерисинче, Саба ханышасы бүт чечимдерди чыгарган жалгыз лидер болгон. Аяттарда Саба ханышасынын лидерлик сыпаты төмөнкүчө белгиленет:

> **Ошентип көп өтпөстөн келип, мындай деди: «Сен биле албаган нерсени мен билдим жана сага Сабадан чындык бир кабар алып келдим.» «Чындап мен аларга өкүмдарлык кылган бир аял көрдүм, ага бүт нерседен (мол мол) берилиптир жана чоң бир тактысы бар экен.» (Немл Сүрөсү, 22-23)**

Элине өкүмдарлык кылган аял башчы Саба ханышасы Аз. Сулайманга (ас) ушинтип сүрөттөлгөн. Аз. Сулаймандан (ас) Саба ханышасына Исламга чакыруу каты жөнөтүлгөн соң Саба ханышасы өз коомунун алдыңкылары менен кеңешкен жана алдыңкылар ага мындай деп жооп беришкен:

> **«Биз күчтүүбүз жана согушка шыктуубуз. Иш жөнүндө чечимди өзүң чыгарасың, сен карап көр, эмне буйрук берсең (биз жасайбыз). (Немл Сүрөсү, 33)**

Көрүнүп тургандай, Куранда аял мамлекеттердин башына өтүп, өкүмдар болууда жана иш жөнүндө чечим чыгарып, буйругун аткартууда. Фанаттардын дининдеги аял менен Курандагы аялдын сыпаттары бири-бирине толук карама-каршы келет.

Фанаттардын бул жалган хадистер аркылуу аялдарга айткан акараттарынын чындыгында Аз. Мариямга, Куранда айтылган ыймандуу аялдарга, Пайгамбарыбыздын (сав) куттуу жубайларына, сахаба аялдарга да тийип жатканын түшүнүшпөйт. Аялды мынчалык төмөн көргөн, ушунчалык кызыктай бир түшүнүктүн бүт аялдарды басмырлоого багытталганын унутпаш керек.

Бул фанаттардын Курандан канчалык башкача өмүр сүрөөрүн Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы аялдардын абалын караганда да апачык көрөбүз:

Мисалы, Пайгамбарыбыздын (сав) жубайы Аз. Хатижа Меккенин эң бай соодагерлеринин бири болгон. Дамаскка (Шамга) соода кербендерин жөнөтчү жана бул иште кызматкерлерди иштетчү. Медина доорунда да аялдар тери иштетүү, жип ийрүү, токуу, тигүүчүлүк, дары жасоо, атырларды сатуу сыяктуу иштер менен алектенип, жашоонун бүт тармактарында активдүү болушкан. Согуштарга чыкканда аял сахабалар эркектер менен бирге согуштарга катышып, керек болгондо алдыңкы саптарда да болушкан.

Райта бинт Абдиллах Аз. Пайгамбарга (сав): *«Эй РасулАллах, мен кол өнөрчү бир аялмын, күйөөмдүн (Абдуллах б. Масуд) жана баламдын эч нерсеси жок; кол өнөрчүлүк менен жасаган буюмдарымды сатам»* дейт жана үй-бүлөмө короткон акчаларымдын сообу барбы деп сурайт. Аз. Пайгамбар ага: *«Аларга короткон акчаларыңдан сага, албетте, сооп бар»* деп жооп берет.[1]

Көрүнүп тургандай, Пайгамбарыбыз (сав) доорунун аялдары үй-бүлөсүн баккан, үй-бүлө жашоосунда сөзү өтүмдүү аялдар болгон; Пайгамбарыбыз (сав) да алардын мындай аракетин мактаган.

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Эшлем уруусунан Куайбе бинт Саъддын оорулууларды жана жаракат алгандарды дарылаганы жазылып калган. Б.а. аялдар Пайгамбарыбыз (сав) доорунда докторлук кылышкан. Эфиопияга көчкөн акыл-эстүү, тажрыйбалуу бир аял Эсма бинт Умейстин да жакшы бир доктор болгону белгилүү. Үммү Селеме Эсма бинт Умейстин Аз. Пайгамбарга (сав) «Индия менен Йеменден алып келинген өсүмдүктөр жана зайтун майы менен бир дары» жасаганын айтат. Бул риваятта Эсманын ал дарыны жасаганды Эфиопиядан үйрөнгөнү да айтылат.[2]

Аз. Пайгамбар (сав) доорунда Мединада атырлар менен соода кылган аялдардын кээ бирлеринин аттары айтылып калган. Алардын бири Мүлейке Үммүъс-Саиб эль-Сакафиййе атыр сатуу үчүн Аз. Пайгамбарга кирет. Б.а. Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы аялдар соодагерлик да кылышкан.

Бүт башка мусулмандар менен бирге согушка катышкан аял сахабалардын абалын эң сонун баяндаган рivaяттардын бири төмөнкүчө:

> ***«Ыймандуулардын алаксып калганынан пайдаланган мушриктер катуу кирип келгендиктен, согуш майданына Пайгамбардын айланасындагы аны коргоого жооптуу болгон 10-12 кишилик топ да согушка кирүүгө мажбур болду. Бир заматта жападан жалгыз калган Пайгамбарыбыздын (сав) жанында бир гана Аз. Несибе бар эле. 40-50 секундалык бир жалгыздык эле бул. Мушриктердин бири мүмкүнчүлүктөн пайдаланып кол салды эле, аны Несибе кылычы менен өлтүрдү. Андан соң экинчи***

***бир мушрик кол салды Пайгамбарга. Эки кабат соот кийген бир мушрик эле. Канча урса да өлтүрө албады. Өзү далысынан белине чейин оор бир кылыч соккусун алды. Ал ортодо башка ыймандуулар үлгүрүп келип каапырды жок кылышты. Бул бир канча секунда ушунчалык маанилүү эле!.. Ухудда Несибе толук он бир жараат алды. Ошого карабастан, согуштун аягына чейин таштаган жок.***

Көрүнүп тургандай, жалган хадистердин тескерисинче, Пайгамбарыбыз (сав) доорунда аялдар согуш майданындай өтө оор жерлерде да болушкан. Согушта Пайгамбарыбызды (сав) коргоо сыяктуу өтө маанилүү жерде аял сахабалар кызмат кылышкан. Пайгамбарыбыздын (сав) өтө кооптуу учурда аялдардын аны коргошун туура көрүшү ал аял сахабалардын акылына, абийирине канчалык ишенгенинин маанилүү бир белгиси.

Куранда **«Эй ыймандуулар, «Раина-бизди багытта, бизди кара» дебегиле. «Унзурна-Бизди байкап тур» дегиле ...»** (Бакара Сүрөсү, 104) аятында бир эле ыймандуу эркектерге эмес, ыймандуу аялдарга да кайрылуу жасалган. Аятта аялдарга да «бизди багытта, бизди кара» дебегиле деп насаат кылынууда. Демек, Куранда аял багыт берилген, акылы төмөн болгону үчүн эркектер карап, багыттап туруу керек болгон бирөө катары эмес, тескерисинче өз бутунда турган, күчтүү, акылдуу, абийирине толук ишенилген, акыл-эстүү бирөө катары каралууда. Бирок канчалаган кылымдан бери аялдар жөнүндөгү ушундай жалган хадистер менен таалим-тарбия берилип келген кээ бир Ислам өлкөлөрүндө муну билбеген адамдардын саны көп. Ошондуктан «Куранда аял менен эркектин укуктары бирдей» дегенибизде буга болгон күчү менен каршы чыккандар билип же билбей Аллахтын аяттарына каршы чыгып жаткан болот.

# Аялдар экинчи топтогу жандыктар жана Аллах аялдарды артта калтырган деген жалаа

*Аялдарды Аллах артта калтыргандай силер да артта калтыргыла.*

*Эгер бир адамдын башка бирөөгө сажда кылуусун буйруганымда, эркектердин аялдарга болгон акылары үчүн аялдарды эркектерге сажда кылгыла деп буйрумакмын. (Sahih-i Buhari)*

Фанаттык түшүнүктүн канчалаган кылымдан бери уланып келген аял душмандыгы өтө көп адамдарды Аллахка жана Пайгамбарыбызга (сав) жалаа жаба турган кылып койду. Көңүл буруп карасак, жалган хадистерде Курандагы аялдар менен эркектердин укуктары бирдей, жогорулук жыныстык айырмачылыктан эмес, акыл-абийир жана Аллах коркуусуна жараша болот деген маалыматтардын эч бири жок. Куранда аялдардын бүт укуктары корголгону жөнүндөгү аяттар бар экени да айтылбайт.

Курандагы мындай өкүмдөрдөн атайын алыс турулуп, аялдар жөнүндө Куранда мактоо менен сөз кылынганы эч айтылган эмес. Ошондуктан кылымдардан бери мусулмандарды Пайгамбарыбыздын (сав) сөздөрү деп алдаган бул калптар туура эмес түшүнүктүн Ислам динине кирип кетишине себеп болгон. Натыйжада канчалаган кылымдан бери Ислам динине жана Пайгамбарыбызга (сав) чоң жалаалар жабылып келди. Аялдар Аллах тарабынан артта калтырылган деген нерсе Курандын бир дагы аятында жок. Тескерисинче, Куранда Аллах аял же эркек деп бөлбөстөн, **«ыймандуулар, ыйман кылгандар, ишенгендер, аял болсун эркек болсун...»** деген сыяктуу кайрылуулар менен аял-эркек бүт ишенгендерге бирдей жоопкерчилик жүктөгөн. Мисалы, Аллах Ниса Сүрөсүнүн 95-аятында;

**Ыймандуулардан шылтоосу жок (мүмкүнчүлүгү болуп туруп) отургандар менен Аллах жолунда мал-мүлктөрү менен жана жандары менен жихад кылгандар (аракет кылгандар) тең эмес. Аллах мал-мүлктөрү менен жана жандары менен жихад кылгандарды (аракет кылгандарды) отургандарга караганда даражасы жактан жогору кылган. Баарына жакшылыкты (бейишти) убада кылган;**

**бирок Аллах жихад кылгандарды (аракет кылгандарды) отургандарга караганда улуу бир сыйлык менен жогору кылган. (Ниса Сүрөсү, 95)**

Бул аятта мусулмандардын өмүр бою Аллах жолунда пикирдик күрөш жүргүзүүгө милдеттүү экени айтылууда. Бирок бул жоопкерчилик аялдарга да, эркектерге да бирдей жүктөлгөн бир жоопкерчилик. Аллах «ыймандуулар» деп кайрылып, аял, эркек бүт мусулмандарга бул ибадатты аткаруу милдетин жүктөгөн. Эгер мусулман бир аял мусулман эркектерге караганда бул жоопкерчиликти жакшы орундатса, Аллах Кабатында ал аял башка бүт эркектерден жогорураак болот. Эгер мусулман бир эркек жакшы орундатса, анда Аллах Кабатында башкаларга караганда такыбалыгы (Аллах коркуусу) себептүү жогорураак болот. Көрүнүп тургандай, бул жерде эч кандай жыныска карата бир бөлүү жок. Тескерисинче, абийир (жүрөк), акыл жана чын ыкластуулук эң негизги орунда турат.

Ошондуктан аялдар жөнүндөгү бул жалган хадистер да башкалар сыяктуу, Куран өкүмдөрүнө жана Куранда аялга берилген кадыр-баркка толук карама-каршы келет. Биринчиси, мусулмандар Аллахтан башка эч нерсеге сажда кылышпайт. Бир мусулман үчүн моюн суна турган жана буйругун аткара турган жалгыз күч – бул Аллах жана Анын Пайгамбары.

Мусулман бир аял үчүн күйөөсү – бул Аллах ыраазылыгы үчүн сүйгөн, мусулмандыгына жараша урматтап, мээрим көрсөткөн алсыз бир кул. Күйөөсүнө болгон сүйүүсү, сый-урматы да анын Аллахка болгон жакындыгына, күчтүү ыйманына, Аллах жолундагы аракетине жараша болот. Фанаттардын түнт түшүнүгүндөгү сыяктуу күйөөсүн эркек болгону үчүн гана эч нерсесине карабай сыйлап, урматтай бербейт. Себеби мусулман бир аял менен эркек үчүн үй-бүлө куруу ошол эле учурда акырет үчүн да бир убада болот. Бир мусулман аял акыретте Аллах ыраазы болоор деп үмүт кылган, кулк-мүнөзү мыкты күйөөнү гана сүйүп, урматтай алат. Антпесе, күйөөсүн эч сүйүп, сыйлай албайт. Мындай нерсеге баруу, салыштыруу үчүн сөз арасында айтуу да мусулманга эч жарашпайт.

# Аялдардын жасанышына тыюу салган сөздөр

*Татуировка жасаган жана жасатканга, беттеги түктөрдү алдырган жана сулуулук үчүн тиштерин суюлткан аялдарга Аллахтын каргышы болсун. (Sahih-i Buhari)*

*Парик кийген, кийгизген, каштарды терген, каштарын тердирген, татуировка жасаган жана татуировка жасаткан каргышка калган. (Ebu Davut, Tereccul, 5)*

Фанаттык түшүнүктүн мусулман аялдарды көрксүз, жагымсыз, кароосуз жана экинчи катардагы жандыктардай көрсөтүү аракеттери мына ушул жалган хадистерге таянат. Бүт дүйнөдө мусулман аялдардын көпчүлүгүнүн такыр өзүн каранбаган, ал тургай, адам кейпинен чыгып, сулуулук, тазалык, жакшы сөздү билбеген адамдардай көрүнүшүнө фанаттардын динди жамынган ушундай түшүнүгү себеп болду.

Жогорудагы жалган хадистер талап кылган мусулман аял көрүнүшү аялдын коомдук жашоого аралашышына мүмкүндүк бербей турган бир модель. Себеби бул модельде бир аял эгер мусулман болсо, анда сулуу, таза болуп, өзүн карана албайт. Мындай модельди Аллахтан коркуунун бир белгисиндей көрсөткөн фанаттык түшүнүк, бир тараптан, аялды тышкы көрүнүшүнөн улам эл арасына чыга албай турган кылып койсо, экинчи тараптан, ушул эле себептен улам динди башкаларга жеткирүү мүмкүнчүлүгүн колунан алып койгон.

Бир ойлоп көрүңүз. Өзүн карана албаган, тазалыгына эч маани бербеген, сабатсыз, бетиндеги түктөрдү тазалоого да акылы жетпеген жана ошол кейпи менен адамдардын арасына кирүүдөн уялбаган бирөөнү мусулман аял деп көрсөткөн мындай модельди кайсы аял кабыл алгысы келет? Же ким мындай бирөөнүн ага динди айтып беришин каалайт? Дин мага «жакшы, таза, өзүн каранган, сулуу» болууну тыюу салган деп ишенген, антпесе

Аллахтын каргышына калам деп ойлогон бир аял кантип мындай динге жакындашы мүмкүн? Мусулман болбосо да, Исламды жана мусулмандарды кантип жакшы көрө алат?

Өзгөчө Батыш элдеринде Исламдын алыс туруу керек болгон караңгы бир диндей кабыл алынышынын түпкү себептеринин бири мына ушунда. Фанаттар кээ бир мусулман аялдарды Куранда такыр жок, толугу менен ойлоп чыгарылган бир модельдин ичине камап, алардын чыныгы Ислам менен жашап, чыныгы Исламды адамдарга таанытышына бөгөт коюшкан. Бир мусулман аял Курандагы сонун мүнөздү, тынчтыкты, сүйүүнү сөз менен айтып берүүгө жана ошол эле учурда өзүнүн көрүнүшү, кыймыл-аракети менен көрсөтүп, үлгү болууга да милдеттүү. Мусулмандыктын сулуулук экенин айтып берип жатканда сулуу көрүнүп, мусулмандыктын сүйүү экенин айтып берип жатканда сүйүүнү өзү чындап сезиши керек. Диндин сонун экенин түшүнүүгө чындап муктаждык сезген бир адам бул диндин адамга бүт сулуулуктарды алып келээрин билип, муну өз көзү менен көрүшү керек. Куранда ансыз да ушундай талап коюлган. Куранда мусулмандардын кийиминин өтө кооз жана таза болоору, бир жерге чогулганда эң кооз, эң жарашыктуу кийимдерди кийип, эң мыкты жасалгаларды колдоноору айтылат.

> **Эй Адам урпактары, Биз силердин жаман жерлериңерди тосо турган бир кийим жана силерге <u>«кооздук бере турган бир кийим» түшүрдүк</u> (жараттык)... (Аьраф Сүрөсү, 26)**

> **Эй Адам урпактары, ар мечиттин жанында зыйнаттарыңарды (жасалгаларды) тагынгыла... (Аьраф Сүрөсү, 31)**

Мындан тышкары, Куранда бейиш элинин; өзгөчө бейиш аялдарынын тазалыгы, тыкандыгы, сулуулугу жана кийимдеринин жарашыктуулугу да аяттарда укмуш терең баяндалат.

> **Алар сакталган бир жумуртка сыяктуу (сулуу жана жылмакай). (Саффат Сүрөсү, 49)**

> **... ал жерде алтын билериктер менен жасанышат, жеңил жибектен жана өтө кылдат жасалган атластан жашыл көйнөктөр кийишет... (Кехф Сүрөсү, 31)**

> **... ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат; ал жердеги кийимдери жибек(тен). (Хаж Сүрөсү, 23)**

> **Алардын үстүндө жука жибек жана абдан токулган атластан жашыл кийимдер бар. Күмүш билериктер тагынышкан... (Инсан Сүрөсү, 21)**

Бул жерде каралган бир канча аяттан да апачык көрүнүп тургандай, Аллах аялдын сулуулугун, терилеринин түксүз жылмакай абалын **«сакталган бир жумуртка сыяктуу (сулуу жана жылмакай)»** деп сулуулуктун бир чен-өлчөмү катары берип, бейиш аялдарынын ушундай болоорун айткан. Демек, Аллах жылмакай жана таза бир терини сулуу көрөт. Аллах сулуулукту, тазалыкты, жарашыктуулукту, жасанууну, кооз кийимди жакшы көрөт жана кулдарын ушундай көргүсү келет. Аллах жакшы көргөн нерселерди Пайгамбарыбыздын (сав) да өтө жакшы көрөөрү жана мусулман аялдарды ошого чакырып, ошого үгүттөөрү анык.

Сулуулуктан тышкары, мажбурлуктан улам да мындай ыкмаларга барууга мажбур калган аялдардын болушу мүмкүн экенин унутпаш керек. Мисалы, аялдар кээде химиотерапия сыяктуу кээ бир оор дарылануулардан соң парик кийүүгө мажбур болушу мүмкүн. Бул өтө кадыресе, ал тургай, керектүү, мындай аялдар үчүн өтө мыкты бир өзүн карануу ыкмасы. Бирок, фанаттар бул жеңилдик жана сулуулукка да жалган хадистер аркылуу бөгөт коюуга аракет кылышат.

Ошол сыяктуу, теринин астына татуировка жасатуу, каштын эки жагы эки башка болгондо аны татуировка менен түзөтүү же беттеги түктөрдү тазалоо жөнүндө бир тыюу Курандын эч бир жеринде жок. Мындай тыюу Курандын рухуна туура келбейт. Жакшынакай бир жаш кызды бетиндеги ашыкча түктөрү менен сыртка чыгууга мажбурлаган, аны адамдардын арасында уят кылган, аны сулуулаштыруунун ордуна сулуу эмес болушу үчүн

аракет кылган фанаттар мына ушул себептен эч качан сулуулуктун өкүлү боло алышпайт. Ал эми Аллах болсо ыймандуулардын өзүн каранышы, сулуулугу, жарашыктуулугу жана тазалыгына аяттарда өзгөчө көңүл буруп, мусулмандарды буга үндөгөн.

# Фанаттардын көз-карашында мусулман аялдардын күйөөлөрүнө болгон мамилеси

*Бир киши аялын төшөккө чакырып, бирок аялы качканы үчүн күйөөсү ачуусу менен уктаса, периштелер ал аялга таң атканга чейин каргыш айтат. (Sahih-i Buhari, 9/36)*

*«Бир аял күйөөсүнүн төшөгүн (шылтоосу жок жерден, таарынып) таштап, (башка бир жерде) уктаса, таң атканга чейин периштелер ага каргыш айтат.» (Nehc-ül Fesaha, S.36, Hadis: 187)*

*Эй аялдар! Эгер күйөөлөрүңөрдүн силерге болгон акыларын билгениңерде, буттарынын чаңын жүзүңөргө сүртмөксүңөр. (Hafiz Zehebi, Büyük Günahlar Sayfa 187)*

*Күйөөсүнүн денесин ириң каптаган болуп, аялы аны жалап тазаласа да, баары бир күйөөсүнүн акысынан кутула албайт. (İbni Hacer El Heytemi 2/121, Ahmed b. Hanbel, Müsned, V, 239)*

*Бир аял күйөөсү менен ажырашса, ал аялга бейиш жыты арам болот. (Kadınlara Dini Bilgiler, s. 61)*

*«Бир аял тили менен күйөөсүн кыйнаса, аны өзүнөн ыраазы кылганга чейин, Аллах анын эч бир тообосун, садакасын жана жакшы иштерин кабыл албайт; ал тургай, күндүздөрүн орозо жана түндөрүн ибадат менен өткөрсө дагы.» (Bihar-ül Envar, C.103, S.244)*

*«Бир аял күйөөсүнүн акысын төлөмөйүнчө, Аллахтын да акысын төлөй албаган болот.» (Mekarim-ül Ahlak, S.247)*

*Имам Муса-и Казымдан (а.с) күйөөсүн ачууланткан аялдын абалын сурашканда, мындай дегени айтылат: «Күйөөсү андан ыраазы болгонго чейин күнөөкөр саналат.» (Kısar-ul Cümel, C.2, S. 258)*

Бул хадистерди бир-бирден карайлы;

*Эй аялдар! Эгер күйөөлөрүңөрдүн силерге болгон акыларын билгениңерде, буттарынын чаңын жүзүңөргө сүртмөксүңөр. (Hafiz Zehebi, Büyük Günahlar Sayfa 187)*

*Күйөөсүнүн денесин ириң каптаган болуп, аялы аны жалап тазаласа да, баары бир күйөөсүнүн акысынан кутула албайт. (İbni Hacer El Heytemi 2/121, Ahmed b. Hanbel, Müsned, V, 239)*

Бул эки жалган хадис (Улуу Раббибизди, Куранды жана Ислам динин аруулайбыз) Ислам динин аялды экинчи катардагы, күйөөсүнүн тизгининде жашоого мажбур кылынган бир заттай көргөндөй чагылдырат. Бул шайтандык түшүнүк боюнча, күйөөсүнүн аялына болгон акысы ушунчалык көп болгондуктан, аял күйөөсүнүн буттарынын чаңын жүзүнө сүрсө да, ириңдүү, ыпылас терисин жаласа да, ал карызын төлөй албайт. Ошого карабастан, эч ким күйөөсүнүн аялына эмне үчүн мынча көп акысы бар деп сураган эмес жана бул жалган ишеним эч негизсиз тамырлай берген. Натыйжада көп мусулмандар бул акылсыз түшүнүктү кадыресе көрүп калган.

Бул ыпылас түшүнүктө аялдар аларга болгон мамилесинен ыраазы болушпаса да, күйөөлөрүнө болгон «аялдык милдети» деген караңгы түшүнүктү орундатууга мажбур кылынышкан. Антпесе, басмырланып жаман мамиле көрүшкөн жана колдорундагы аз гана укугу да чектелген. Ошентип экинчи катардагы, алсыз, эзиле турган жандыктарсыңар деген ишеним аларга мажбурлап кабыл алдырылып, бул түшүнүк Ислам элдеринде тамырлап жайылган.

Канча кылымдан бери эч ким чыгып, «Куранда мындай түшүнүк, мындай ишеним жок. Аял-эркек тең. Аллах аялдарга Куранда өтө көп укуктарды жана эркиндиктерди берген.» дей алган эмес. Тескерисинче, караңгы түшүнүк кылымдардан бери **«дин ушундай талап койот, кылбаганга Аллах менен периштелери каргыш айтат, күнөөкөр болот, Аллахтын ыраазылыгына жете албайт, бейишине кире албайт...»** деген сыяктуу Аллахтын жана диндин атын жамынган калптары менен кээ бир сабатсыз мусулмандарды Куранга туура келбеген нерселерге мажбурлашкан. Көп мусулман аялдардын кулк-мүнөзү фанаттык түшүнүк менен тарбияланган күйөөлөрү тарабынан эзилип, жок кылынган. Себеби фанаттардын дининде аял күйөөсү эмне десе аны угуп, моюн сунууга мажбур. Аялдардын көпчүлүгүнүн окушуна, иштешине, коомдук жашоого аралашышына, ал тургай, терезеден карашына да уруксат берилбейт. Ошондуктан материалдык жана руханий жактан күйөөлөрүнөн көз-каранды кылып коюлгандыктан, элдин салты, үрп-адаттары да мындай фанаттык түшүнүккө колдоо көрсөткөндүктөн, аялдар өздөрүн мындай кысымчылыктан дээрлик эч куткара алышпайт.

Бул жерде суроолор туулат: фанаттык коомдордо аялдар эч акысын төлөй албагыдай эркектер кайсы өзгөчөлүгү үчүн мынчалык өйдө болушат? Куран боюнча, жогорулук такыбага жараша гана болот жана мунун акысы Аллахтан гана үмүт кылынат. Ыпылас ириңин жаласа да акысын төлөй албагыдай бир эркектин аялга кандай акысы болушу мүмкүн? Ким жана эмне аны мынчалык акысынан кутулгус кылып койгон? Ага мындай жогорулукту такыбасынан башка кайсы өзгөчөлүгү бериши мүмкүн? Аллах ага мындай артыкчылык берген эмес, ошондуктан мындай артыкчылык Куранда да жок. Анда бул артыкчылыкты кайдан алган? Динчил же динсиздигине, мушрик же мүнафыктыгына, күнөөкөр же заалымдыгына карабай, эмнесине карап «күйөөлөрдүн баары» мындай даражага жеткен?

Аларды мындай жалган даражага фанаттык түшүнүк Исламга киргизген жогорудагы жалган хадистер жеткирген. Куранда жок, Аллах каргыш айткан мындай түшүнүктү алар диндин атынан жайылтып, турмушка ашырышкан. Учурда көп мусулман элдер, ал тургай, ал элдерде ушундай тарбия менен чоңойгон аялдар да мындан башка бир түшүнүктү билишпейт. Фанаттык диндин дүйнөгө алып келген эң чоң балээлеринин бири мына ушул.

# Аялга Куранда берилген укук жана артыкчылыктар фанаттык динде жок

Куранда аялдарга берилген акы жана укуктар фанатизмдин таасири астында калган элдерде такыр жок. Ал тургай, ал элдерде жашаган аялдардын мындай укук жана эркиндиктердин бар экенинен эч кабары болбойт. Мындай коомдогу аялдар Курандан бүтүндөй алыс таалим-тарбия алышат. Натыйжада көпчүлүгү тамга да тааныбай калышат. Ошондуктан алар жашап жаткан диндин Ислам дини эмес, фанаттардын жалган дини экенин билүүгө мүмкүнчүлүгү жок. Бирок бул байкуш аялдар эле эмес, дүйнөдөгү башка өлкөлөр да канча кылымдан бери келе жаткан фанаттык иш-аракеттердин булагын Куран деп ойлошууда. Куранда айтылган динде аял ушунчалык барксыз, сабатсыз көрүлүп, басмырланышы жана бүт укуктары колунан алынып, эркектердин тизгининде болушу керек деп ойлошууда (Куранды аруулайбыз). Мындай жалган жалаалардын бирөөсү да Куранда жок.

Куранда болбогон, бирок жалган хадистер негизинде Ислам дининин бир бөлүгү кабыл алынган аялдар жөнүндөгү жалааларга жооп берүүнү уланталы:

# Күйөөсү менен ажырашкан аялдын абалы

*Бир аял күйөөсү менен ажырашса, ал аялга бейиш жыты арам болот. (Kadınlara Dini Bilgiler, s. 61)*

Эң биринчиден, жубайлардын ажыраша алаары жана ажырашуунун шарттары жана укугу Куранда ачык, так баяндалган. (Муну бир аздан соң терең карайбыз.) Аллах ажырашуу укугун эки тарапка тең берген. Анткен менен, жогорудагы хадистерде ажырашкан аял бейишке кире албайт деп так айтылууда. Бул – хадистин толугу менен ойдон чыгарылгандыгынын апачык далили. Пайгамбарыбыздын (сав) Аллах адал кылган нерсени арам кылышы (б.а. Аллах уруксат берген нерсеге тыюу салышы), Аллахтын өкүмүнө толук карама-каршы келген бир өкүмдү чыгарышы эч мүмкүн эмес. Ошондуктан аял ажырашкысы келсе, Аллах бул эркиндикти Куранда ага берген. Ажырашуудан мурда жана кийин аялды материалдык жана руханий жактан коргой турган сансыз чаралар сүрөттөлгөн аяттар аркылуу ажырашуунун шарттары да кабар берилген. Ошондуктан бул жалган хадистеги ажырашкысы келген **«аялга бейиштин жыты арам болот»** деген сөз толугу менен ойлоп табылган бир калп жана жалган жалаа. Ислам дини менен эч байланышы жок шайтандык бир логиканын натыйжасы.

Бир нерсени баса белгилөө керек: Ислам дини адамдын табиятына, акылына, рухуна толук туура келген, Аллахтын өкүмдөрүнөн турган бир дин. Аллахтын Курандагы бүт аяттары адамдардын үстүндөгү кыйынчылыктарды алып салган, кысымчылыктарга бөгөт койгон, чечимди адамдын жеке эрки менен акылына калтырган, табиятына толук туура келген өкүмдөрдү камтыйт. Бул өкүмдөр аялды да, эркекти да басым же кыйынчылыкка салбайт. Тескерисинче, адамдар арасындагы пикир келишпестиктерди, адилетсиздиктерди жана теңсиздиктерди чечет. Үстүлөрүндөгү оор чынжырларды алып салат. Адамдардын көңүлдөрүнө бейпилдик берет. Адамдар арасында душмандык, жек көрүү эмес, тескерисинче, күчтүү достук мамилелерин курат. Эң негизгиси, Аллахка толук моюн сунган, мыкты мүнөздүү, терең ыймандуу, асыл бир адам моделин пайда кылат.

Бул жалган хадистердеги үй-бүлө модели болсо Курандан такыр башка бир түшүнүктү чагылдырууда. Куран боюнча, үй-бүлөлүү жуптар арасында эч качан мажбурлоо жана кысымчылык болбошу керек. Эгер бир пикир келишпестик бар болсо, ал Куран өкүмдөрүнүн негизинде оңдолот. Эң негизгиси, үй-бүлөдө эки тарап тең, аял жана эркек мусулман катары Куранга толук туура келген мүнөздө болуп, мүмкүн болушунча мамилени оңдоого аракет кылышы зарыл. Бирок ошентсе да, пикир келишпестик чечилбесе, анда эки тарапта тең ажырашуу укугу бар.

Ажырашканда болсо эки тараптын тең Аллахтын коргоосу астында болоору аятта кабар берилген:

> **Эгер экөө ажыраша турган болсо, Аллах экөөнө тең «молчулук (ырыскы жана берешендик) булактарынан» берет (муктаждыкта калтырбайт). Аллах (мээрими) кенен, өкүмдар жана даанышман. (Ниса Сүрөсү, 130)**

Көрүнүп тургандай, Куранда аял да, эркек да өз эрки менен ажырашуу чечимин алып, анан өмүрүн эркиндикте уланта алат. Аял күйөөсү менен ажырашканы үчүн бейишке кирбейт деген нерсе Куранда бир дагы аятта жок.

# Аялдын күйөөсү андан ыраазы болгонго чейин күнөөкөр саналышы

*Имам Муса-и Казымдан (а.с) күйөөсүн ачууланткан аялдын абалын сурашканда, мындай дегени айтылат: «Күйөөсү андан ыраазы болгонго чейин күнөөкөр саналат.» (Kısar-ul Cümel, C.2, S. 258)*

*Дагы бир хадис улуу Расулуллахтан (с.а.а), мындай деген: «Бир аял күйөөсүнүн акысын төлөмөйүнчө, Аллахтын да акысын төлөй албаган болот.» (Mekarim-ül Ahlak, S.247)*

*«Бир аял тили менен күйөөсүн кыйнаса, аны өзүнөн ыраазы кылганга чейин, Аллах анын эч бир тообосун, садакасын жана жакшы иштерин кабыл албайт; ал тургай, күндүздөрүн орозо жана түндөрүн ибадат менен өткөрсө дагы.» (Bihar-ül Envar, C.103, S.244)*

Бул жалган хадистердеги аялдын **«күйөөсүн ыраазы кыла албашы же акысынан кутула албашы»** да Куран аяттарына толук карама-каршы келет. Мусулман аял күйөөсүнө Куранга туура келбеген мамиле жасаса, күйөөсүнүн эмес, Аллахтын ыраазылыгынан ажырайт. Бир мусулман үчүн эң негизгиси – бул Аллахтын ыраазылыгына жетүү. Ошондуктан эң негизги максат – жубайынын эмес, Аллахтын андан ыраазы болушу. Куран боюнча, мусулман аял катасын оңдоп Аллахтын ыраазылыгына жеткен соң күйөөсүнүн же башка адамдардын андан ыраазы болуп-болбошунун ал үчүн эч мааниси болбойт. Ансыз да, эгер мусулман болсо, Аллахтын ыраазы болоору үмүт кылынган бул жыйынтыктан ал да ыраазы болот.

Бирок бул хадистердеги түшүнүк Аллахты жана Курандын өкүмдөрүн негиз албаган, толугу менен ширкке таянган караңгы үй-бүлө түшүнүктөрүн чагылдырууда. Жогоруда да айтылгандай, Курандын негизинде үй-бүлө курууда аял менен эркектин экөө тең Аллахтан корккон, асыл, бийик мүнөздүү адамдар болушу керек. Курандагы үй-бүлө куруу ушул негизге таянат. Үй-бүлөлүк мөөнөт бою бири-бирине болгон сүйүү, урматтоо, мээрим, туруктуулук жана бекемдик сезимдери андан да күчөйт.

Аллах Курандагы үй-бүлөдө ортодо сүйүү, мээрим, бейпилдик, сылыктык болоорун төмөнкүчө кабар берет:

**Жана Анын белгилеринен – алар менен тынчтанууңар үчүн силерге өзүңөрдөн болгон жубайларды жаратып бергени жана араңарга сүйүү, ырайым салып койгону. Чынында бул нерселерде ой жүгүрткөн адамдар үчүн аят-белгилер бар. (Рум Сүрөсү, 21)**

Ошондуктан жогорудагы жалган хадистерде айтылган уруштар, пикир келишпестиктер, басмырлоо жана кысымчылыктар жасалган үй-бүлө модели менен Курандагы үй-бүлө модели арасында өтө чоң айырмачылыктар бар. Муну унутпаш керек: Ислам дининде жакшылык адамдардан бир нерсе күткөн үчүн эмес, Аллахтын ыраазылыгы үчүн жасалат жана мусулман кылган жакшы иштеринин сыйлыгын бир гана Аллахтан үмүт кылат. Аятта Аллах мындай мүнөздү төмөнкүчө кабар берет:

**Анын жанында эч кимдин акысы бериле турган бир сый-жакшылыгы (карызы) жок. Улуу Раббиңдин ыраазылыгына жетүү үчүн гана (берет). Сөзсүз ал да келечекте ыраазы болот. (Лайл Сүрөсү, 19-21)**

Ошондуктан Куран боюнча, аял бир гана Аллахты ыраазы кылганга аракет кылат, Аллахка шүгүр кылат жана Аллахтын ыраазылыгын көздөйт. Ага бир гана Улуу Раббибиздин акысы бар, күйөөсүнүн эмес. Ушул себептен, аялдын күйөөсүнүн «акысын төлөй албаганы» үчүн ар кандай шерменделиктерге барышын талап кылган бул түшүнүк Куранга толугу менен карама-каршы келет.

# Аялдарды сыртка чыгарбаш керек жана алар шайтанга оңой алданат деген көз-караш

*Расул-и Экремден (с.а.а) мындай деп риваят кылынган: «Аял зыян көрүүгө ыңгайлуу бир зат; шайтан анын жолун адаштырып жиберет. (Ошол үчүн же сыртка чыкпашы керек, же болбосо чыкканда өтө этият болушу зарыл.)» (Mizan-ül Hikme, C.2, S.259)*

Аял – элдин тиреги, сулуулугу, жасалгасы. Аялдын болушу, эл арасында сөзүнүн өтүшү, көзөмөлчүлүк кылышы, чечим механизмине катышышы, пикиринин суралышы бир коомго көп жакшылыктарды алып келет. Ошондуктан аял Аллах тарабынан атайын майда-чүйдөлөрдү байкай алган, татаал маселелерди жакшы чече

алган, бүт чараларды алдын ала ойлонгон, көрөгөч, акылман кылып жаратылган. Ошондуктан Ислам дининде аял өтө баркталат. Муну адамдар толук түшүнгөндө Ислам динин бүт дүйнө чындап түшүнгөн болот.

Мына ушул себептен ички жана тышкы күчтөр канчалаган кылымдан бери өзгөчө аял темасы аркылуу Ислам динин бузууга аракет кылышкан. Бул үчүн ойдон чыгарылган, жалган хадистерди да, элдердин, Куранга такыр туура келбеген, үрп-адат, салттарыбыз деп атаган эрежелерин да калкан кылышкан. Исламда аял экинчи катардагы, басмырланган, сыйланбаган, баркталбаган, жагымсыз, күнөөгө түртүүчү, мээси оңой алдана турган кооптуу бир жандыктай көрүлөт деген түшүнүктү жайууга аракет кылышкан.

Мисалы, жогорудагы жалган хадисте аял уятсыз иштерге оңой бара турган, өзүн башкара албаган, эрки алсыз, ыйманына ишенбеш керек болгон, шайтанга оңой азгырыла турган бир жандыктай көрсөтүлүүдө. Ошол үчүн аял мүмкүн болушунча көчөгө чыгарылбай, коргоо астында болушу керек; эгер чыкса уятсыз иштерге баруу ыктымалдыгы жогору, ошондуктан ар бир кыймыл-аракетин текшерип туруу зарыл деп айтылууда.

Бул калптардын Пайгамбарыбыз (сав) тарабынан айтылбаганы анык. Аялдар менен кеңешип, согуштарда өз коопсуздугун камсыз кылууда аялдарга кызмат берген, чогулуштарда аялдарга кеңири орун бөлгөн, убактысынын көп бөлүгүн аялдар менен маектешип өткөргөн, аларды өтө урматтап, жакшы көргөн Пайгамбарыбыздын (сав) атынан калптарды ойлоп тапкандар – бул аялдарды душман көргөн фанаттар.

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда, жогоруда айтылгандай, аялдар согуштарга катышып, коомдун бүт тармактарына аралашып, соода менен алектенип, динди түшүндүргөн алдыңкы мужахиддер арасында болушкан. Куран аяттарында да аял үйдөн чыгарылбай турганчалык кооптуу жана акылы төмөн бир зат деп кыйытма мааниде да айтылган эмес. Тескерисинче, Куранда Аллах фанаттык түшүнүктүн аял жөнүндөгү көз-карашынын психопаттыгын жана бул түшүнүктүн Пайгамбарыбыз (сав) доорунда да шайтандык иш-аракеттерин жүргүзгөнүн кабар берген:

> **Бирок, алардын бири Ал Рахман (Аллах) жөнүндө берген мисал менен (кыздуу болоору жөнүндө) <u>сүйүнчүлөнгөндө, жүзү түнөрүп</u> катуу каарданат. (Зухруф Сүрөсү, 17)**
>
> **(Кыямат күнү) Жана <u>тирүүлөй топуракка көмүлгөн байкуш кыздан</u> суралганда: «Кайсы күнөөсү үчүн өлтүрүлдү?» (Таквир Сүрөсү, 8-9)**
>
> **Алардын бирөөсүнө кыз (наристе) сүйүнчүлөнгөндө, ичинен катуу ачууланып-жүзү капкара болуп түнөрөт. Айтылган сүйүнчүнүн жамандыгынан улам коомунан жашынат; аны басмырланып сактап калабы, же топуракка көмөбү? Карачы, берген өкүмдөрү кандай жаман? (Нахл Сүрөсү, 58, 59)**

Бул аяттар фанаттардын аялга болгон үрөй учурарлык көз-карашын эң сонун сүрөттөп, Аллахтын мындай түшүнүккө канчалык чоң каргыш айтаарын бизге көрсөтүүдө. Кыздуу болгону үчүн ачууланып түнөргөн, аялды ушунчалык жек көргөн, андан да ары кетип аны тирүүлөй топуракка көмүп салган түшүнүк тарыхта болгон жана алардын баары жогорудагы Таквир Сүрөсүнүн 8- жана 9-аяттарында айтылгандай, акыретте кылганынан сурак беришет. Аялга болгон мындай душмандык Аллах Кабатында чоң каарданууга себеп болот.

Көрүнүп тургандай, аялды душман көрүп, абдан жек көргөн фанаттык түшүнүк кылымдардан бери аялдарга болгон шайтандык мамилесин эч өзгөрткөн жок. Курандын алардын мындай келесоо түшүнүгүн эч колдобошун билгени үчүн, жалган хадистер аркылуу бурмалоого аракет кылышкан. Өзгөчө аялдар жөнүндө ушунчалык кооптуу жалган хадистердин болушунун негизги себеби ушунда.

Бул жөнүндөгү башка жалган хадисте болсо фанаттар аялдарды өлбөй турганчалык ачка коюп жана аларга жакшы кийимдерди кийгизбей тарбиялоону көздөшөт. Бул түшүнүк боюнча эгер аялды ачка коюп, ага жаман жана эски кийимдерди беришсе, аял сыртка көп чыккысы келбей калат. Бул жалган хадисте мындай деп айтылат:

*Аялдарды зыян бербей турганчалык ачка, чектен чыкпай турганчалык кийимсиз калтыргыла. Себеби аялдар жакшылап тоюп, жакшы кийинсе, алар үчүн сыртка чыгып кыдыруудан жагымдуураак эч нерсе жок. Ал эми алар бир аз ачка, бир аз кийимсиз калса, алар үчүн үйдө отуруудан жакшыраак нерсе болбойт. (İbnül Cevzi, Mevzuat, II/282283; Suyuti, Leali, II/154 İbn Arrak, Tenzihü'ş Şeria, II/212213)*

*Аялдарыңарга үйлөрүнүн эшигинде отурбашы үчүн жаңы кийим кылдырбагыла, себеби кийимдери кооз жана жаңы болсо, көңүлдөрү сыртка чыгууну каалайт. (İmatı Gazali-Kityayı Saadet sayfa:178 İbn Ebi Şeybe, Musannaf, IV/II, 420)*

*Араңардан бирөө жашы өтүп, оозундагы тиштери түшүп, көрүнүшү жагынан да жагымсыз болуп калышы мүмкүн, жана аялы болсо жаш жана сулуу болушу мүмкүн. Ал жаш жана сулуу аял базарга чыккан соң же чакырылган той же коноктон үйүнө кайткан соң сыртта көргөн жарашыктуу эркектер менен тиштери түшкөн күйөөсүн салыштырып күйөөсүнүн жүзүн да карагысы келбей калат. Балким күйөөсүнүн аны өбүшүн жана жыныстык байланышта болушун да каалабайт. Жаш аялдын эркектер көп болгон базар, той-топур жана эл чогулган жерлерге барышынын аялга болгон таасири жок дегенде ушундай болот. (İmam Şarani, Uhudül Kübra)*

Бул жалган хадистердеги сүрөттөө барган жеринде өзүн башкара албаган, Аллах коркуусу жана ыйманы менен эмес, инстинкттери менен жүргөн жана ошондуктан ар кандай чаралар аркылуу камакта тутуу керек болгон бир макулукка, бир айбан сыяктуу жандыкка ишарат кылууда. Мындай түшүнүккө фанаттын аял жөнүндөгү көз-карашы себеп болууда.

Бизди болсо фанаттын эмес, Курандын көз-карашы кызыктырат. Куранда сүрөттөлгөн мусулман аял Аллахтан коркот. Ошондуктан кандай шартта кантип кийинүү керек экенин, намысын кантип коргошу керек экенин, базар, той-топур жана эл чогулган жерлерде кандай жүрүү керек экенин өтө жакшы билет. Муну билиши үчүн Куран ага жетиштүү болот. Муну билиши үчүн бир эркектин ага эмне кылаарын айтып беришине, аны кийгизип, тамак жедиришине муктаж эмес. Муну эркек чечпейт, муну Аллах чечкен. Курандын эч бир жеринде бир эркекке бул жөнүндө бир уруксат, бир укук берилген эмес. Курандын эч бир жеринде эркектин «менин ушундай укугум бар» дей ала турган бир артыкчылыгы жана өзгөчөлүгү жок. Аллах Куранда ыймандуу эркектер менен бирге ыймандуу аялдарга да кайрылган, демек аял ага Раббибизден келген кайрылууну Куранда бир жакшына көрүп, түшүнөт жана аны эч кемчиликсиз орундатууга аракет кылат.

Курандагы адеп-ахлакта болуу үчүн бир аялга Аллахтан коркуу жетиштүү болот. Эркек аялды кайтарып жүрүшү керек дегендер бул жалган хадистердин туткунунда калган фанаттар гана.

Мындан тышкары, Аллах Куранда мусулмандарды аял болсун, эркек болсун, ысырап кылбастан, адал болгон бүт нерседен жеп ичкиле, мечиттерге эң жакшы кийимдериңер менен келгиле, жасалгаларыңарды тагынгыла, таза жана өзүңөрдү каранып жүргүлө деп билдирген.

**Эй Адам урпактары, ар мечиттин жанында зыйнаттарыңарды (жасалгаларды) тагынгыла. Жегиле, ичкиле жана ысырап кылбагыла. Себеби Ал ысырап кылгандарды сүйбөйт. (Аьраф Сүрөсү, 31)**

Аялдар көчөгө чыкпаш керек деген бир дагы аят жок, жана тескерисинче, Аллах ыймандуу аялдарга жүктөгөн коомдук жоопкерчиликтерден улам аялдардын коомдук жашоодо активдүү болоору да аяттардан апачык көрүнүп турат. Ошондуктан бул жалган хадистерде айтылгандар да Куран аяттарына толук карама-каршы келет.

# Аял намазды бузат жана аялдар каражолтой деген көз-караш

*«Расулуллах (сав) айтты: «Бирөөңөр сажда кылган жердин алдына чыбык койбой, намаз окуса мобулар (алдынан өткөн болсо) намазын бузат: эшек, чочко (доңуз), еврей, мажуси (отпараст, путпараст), аял... (Buhari, Salat 90, İlm 18, Ezan 161, Cezau's-Sayd 25; Müslim, Salat 254, (504); Muvatta, Kasru's-Sala)*

*Намазды бузган нерселер кара ит, эшек, чочко (доңуз) жана аялдар. (Sahih-i Müslim, Salat 265; Tirmizi Salat 253/338 Ebu Davud, Salat, 110/720)*

*Каражолтойлук үч нерседе бар: аялда, үйдө жана атта. (Ebu Davud, Tıb, 24/3922; Müslim, Selam, 34/115 Buhari, Nikah, 17/4805)*

*«Бир нерседе (каражолтойлук) болгондо, ал атта, аялда, үйдө болмок.» (Buhârî, Cihad 47, Nikah 17, Tıb 43,54; Müslim, Selam 119, Müslim, Tıb 117-120, (2226); Muvattâ, İsti'zân 21)*

Бул жалган хадистерди да жогоруда айтылгандардын негизинде баалоо керек. Аллах «эң сулуу келбетте жараттым» деген аялдарды «кара ит, эшек, чочко (доңуз)» деген сыяктуу салыштыруулар менен басмырлап, «каражолтой» деп сыпаттоо Куранга эч туура келбейт. Мусулман аялдар Куранда макталган, өрнөк көрсөтүлгөн, сый-урмат көрүп, жакшы көрүлгөн, Аллах жакшылык катары жараткан өтө куттуу инсандар.

Мындан тышкары, ит жана ат сыяктуу өтө сүйкүмдүү жана, ошондой эле, адамдарга жакшылык катары берилген күнөөсүз жандыктарды да ибадатты бузуучу балээлүү жана каражолтой жандыктардай көрсөтүлүшү да фанаттык түшүнүктүн чыгарганы.

Ошондой эле, Ислам дининде акжолтой-каражолтой деген түшүнүктөр да жок. Бул түшүнүктөр ширктен келип чыккан түшүнүктөр. Жакшылык да, жамандык да Аллахтан келет. Жаратылган эч бир нерсе адамга акжолтойлук же каражолтойлук алып келе албайт жана эч нерсенин өз алдынча бир күчү жок. Каражолтойлукка ишенүү мушрик (Аллахка шерик кошкон) мүнөзгө тиешелүү жана Аллах ушундай түшүнүктөгү адамдардын өзүнүн каражолтой экенин кабар берген.

**«... Кабарыңар болсун, Аллах Кабатында чыныгы каражолтойлор өздөрү, бирок алардын көпчүлүгү билишпейт.» (Аьраф Сүрөсү, 131)**

Мурдакы бөлүмдөрдө каралган маанилердин бурмаланып кетиши жөнүндөгү эң ачык мисалдардын кээ бирлерин ушул хадистерден көрө алабыз.

Маанисине карап хадисти жеткирүүгө болот деп кабыл алынганда, кээде хадистин башын же аягын укпай калуу анын маанисин толук өзгөртүп жиберген. Мисалы, Абу Хурайрадан *«Каражолтойлук үч нерседе болот; үй, аял жана атта»* **деп Пайгамбарыбызга (сав) хадис ыйгарылганын уккан Аз. Айша:** *«Аллахка ант болсун, Аллахтын элчиси (пайгамбары) эч качан минтип айткан эмес. Ал мындай деп айткан. «Караңгы (жахилия) адамдар мындай дешчү: Каражолтойлук үч нерседе болот; үй, аял жана атта.»»* деген.

# Аялдарды жаныбарларга салыштырган фанаттык түшүнүктөн мисалдар

*Аял сегиз сыпаттуу: 1- Кийимди жакшы көргөнү үчүн маймыл. 2- Жакыр болууга ыраазы болбогону үчүн ит. 3- Күйөөсүнө жана башка адамдарга бой көтөргөнү үчүн жылан. 4- Түнү-күнү ушакчылык кылганы*

*үчүн чаян. 5- Үйдөн буюм сатканы үчүн чычкан. 6- Эркектерге тузак курганы үчүн түлкү. 7- Күйөөсүнө моюн сунганы үчүн кой. (İmamı Gazali, İhya-u Ulumuddin)*

Бул жерде мындай бир суроо узатуу керек: бул жалган хадиске ишенген бир эркектин бир аял жөнүндөгү көз-карашы кандай болот? Аялын кантип сүйүп, аны кантип урматтай алат? Ал адам дүйнөдө эң жакыны боло турган аялына жек көрүүдөн башка эмне сезиши мүмкүн? Өз аялын бир айбандай көрсө, кантип аны жакшы көрө алат? Ага карата Куранда эң басым жасалган сүйүү сезимин кантип сезе алат? Албетте, сезе албайт. Ал эми, Куранда болсо Аллах жубайлар арасындагы өзгөчө бир сүйүү жана мээрим жөнүндө кабар берген:

> **Жана Анын белгилеринен – алар менен тынчтануунар үчүн силерге өзүңөрдөн болгон жубайларды жаратып бергени жана араңарга сүйүү, ырайым салып койгону. Чынында бул нерселерде ой жүгүрткөн адамдар үчүн аят-белгилер бар. (Рум Сүрөсү, 21)**

Муну дагы бир аз тереңирээк карайлы:

Жалпы эле аялдар жөнүндө ушундай көз-караште болгон бир адамдын өз апасына, эже-карындашына, өз кызына көз-карашы да, албетте, ушул сыяктуу болот. Аларга болгон жакшы көрүү жана сыйлоо сезими кемчиликтүү болуп, каалаcа каалабаса аларга болгон көз-карашы аларды басмырлоого таянат.

Бул жалган хадис адамдарды сүйүүгө эмес, жек көрүүгө түртөт. Бул жалган хадистерде сүрөттөлгөн аялды сыйлоо дээрлик эч мүмкүн эмес. Сүйүү жөнүндө ансыз да эч нерсе айтылган эмес. Аллах Куранда негизги шарт катары белгилеген бул керемeттүү сезим, Аллахтын ааламды жаратуу максаты болгон сүйүү дээрлик толук унутулуп калган. Мынчалык душманы көп жана эң негизги душмандарынын бири аялдар болгон бул кандай дин?

Мындай бир дин, албетте, Курандагы акыйкат дин эмес.

Ошондой эле, муну да белгилөө керек: Куранда «хүсн-ү зан», б.а. жакшы күмөн менен кароо негиз тутулган. Далилсиз, күбөсүз күмөн саноо күнөө болот. Ошондуктан бир адамды аял болгону үчүн эле «ал чыккынчы, кийимди өтө жакшы көрөт, уурулукка жакын, тымызын пландар курат, текебер» деп ойлоо жана ушундай чечим чыгаруу Куран боюнча «суи зан», б.а. жаман күмөн болуп саналат. Ошондуктан калп жана күнөө болот. Бир адамды алдамчы дей алуу үчүн чындап анын алдамчылык кылганына күбө болушубуз керек. Бир адамды ууру деш үчүн ал адамдын бирөөнүн мүлкүн уурдаганын далилдешибиз керек. Далилдери, күбөлөрү жок туруп, бир адамды аял болгону үчүн эле минтип айыптоо Куран боюнча жалган жалаа болуп эсептелет. Жалаа жапкан адам заалым болот. Бирок фанаттар Курандын өкүмдөрүнөн кабарсыз, такыр башка бир жалган дин менен жашагандыктан, жалган хадистердеги мындай туура эмес түшүнүктөрдү көрө алышпайт.

Эмки бөлүмдө аялдарды чектөө жана басмырлоо үчүн өз ойлорунда Курандан далил келтирүүгө аракет кылгандардын сөздөрүнө жооп берилет.

# Пайгамбарыбыздын (сав) аялдары жөнүндө түшүрүлгөн аяттар

Бир маанилүү жагдайды сөзсүз белгилөө керек. Куранда Пайгамбарыбыздын (сав) аялдары жөнүндө түшүрүлгөн аяттар бар. Пайгамбарыбыз (сав) жашаган доордо фитнанын алдын алуу жана ыктымалдуу түшүнбөстүктөргө бөгөт коюу үчүн Аллах Пайгамбарыбыздын (сав) аялдарын башка аялдардан өзүнчө туткан. Куранда мындай деп айтылат:

> **Эй Пайгамбардын аялдары, силер катардагы аялдардын бири (сыяктуу) эмессиңер; эгер тартынсаңар, анда сөздү жагымдуу кылып сүйлөбөгүлө, жүрөгүндө (руханий) оорусу бар адамга жаман ой келип калат. Сөздү демейки абалда сүйлөгүлө. Үйлөрүңөрдө кадыр-барктуу отургула**

**(үйүңөрдө болгула), мурдакы караңгы (аялдар) кооздуктарын көрсөткөн сыяктуу, силер да кооздуктарыңарды көрсөтпөгүлө; намазды туптуура кылгыла, зекетти бергиле, Аллахка жана элчисине моюн сунгула. Эй Ахли Байт, чындыгында Аллах силерден кирди (күнөө жана жамандыкты) кетирүүнү жана силерди таптаза кылууну каалайт. (Ахзаб Сүрөсү, 32-33)**

Бул аяттарда Пайгамбарыбыздын (сав) аялдарына жашоо калыбы, сүйлөө, кийинүү сыяктуу жагдайларда өзүнчө милдеттер жүктөлгөн. Куран аяттарын чечмелегендер кээде бул аяттарды бүт мусулман аялдар жөнүндө айтылган аяттар деп чечмелешет. Чындыгында болсо, бул аяттар бүт мусулман аялдар жөнүндө эмес, Пайгамбарыбыздын (сав) аялдары башка аялдардан өзүнчө тутулган.

# Жыйынтык: Куранда аял эң көп баркталат

Аялдар жөнүндөгү жалган хадистерди бир катар мусулман элдерде кандай туура эмес ишенимдин жайылганын жана бул туура эмес ишенимдин негизги булагын көрсөтүү максатында ушул бөлүмдө карадык. Буларды окуган соң Ислам атынан буларды жасагандар же булардан улам Ислам динине каршы чыккандар аялдарга зулумдук кылган бул системанын чындыгында Куранда эч жок экенин көрө алышат.

Бирок кээ бирлер аялдарды басмырлоого өздөрүнчө Курандан далил келтирүүгө аракет кылышат. Бул кээ бир Куран аяттарынын туура эмес тафсир кылынышынан, кашаанын ичине жазылган жеке пикирлер аркылуу туура эмес чечмеленишинен жана көбүнчө аяттардын жогоруда айтылган жалган хадистердин негизинде чечмеленишинен келип чыгат. Бирок бир гана Куранды караганыбызда, фанаттардын өз каалоосуна ылайык таап чыгууга аракет кылган чечмелөөлөрдүн эч бирөөсүн Курандан таба албайбыз.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн канчалаган жылдан бери «аялдарды үйгө камоо, уруу, жарым адам деп эсептөө» деген сыяктуу түшүнүктөргө далил келтирүүгө аракет кылынган аяттарды карайбыз. Бир фанаттын эмес, Куранга моюн сунган динчил бир мусулмандын көз-карашы менен каралганда, аяттардын чыныгы маанилери түшүндүрүлгөндө, фанаттардын жасалма дини аралашпаганда, аялзаты эң көп баркталган системанын чындыгында Курандагы система экенин ар бир адам апачык көрө алат.

# Аялдарды чектөө жана басынтуу үчүн Курандан далил көрсөтүүгө аракет кылгандарга жооптор

## Аялды чектөө ыкмасы катары Куран маанилеринин котормолоруна «жоолук» сөзүнүн кошулушу

Белгилүү болгондой, фанаттык дин эң көп айткан нерселердин башында аялдардын жамынуусу турат. Диндин көп өкүмдөрүнө дээрлик эч көңүл койбогон, негизги ибадаттарды да жасабаган, бирок сүннөттө –б.а. хадистерди орундатууда- өтө такмын деген көп адамдар дин жана ыйман жөнүндө көбүнчө «жоолук = дин» деген түшүнүктө болушат. Ал кишилер диндин бирден-бир символундай көргөн жоолук негизи Куранда барбы?

Көп аалымдар жоолук жана жамынуу жөнүндөгү өкүмдү Курандан алдык дешет жана кээ бир аяттарды буга мисал көрсөтүшөт. Анткен менен, Куранда жоолук сөзү кездешкен бир дагы аят жок. Ошондуктан алгач Курандын тафсирлерде жана Куран маанилеринин котормолорунда кандай чечмеленээрин жана туура чечмелөөнүн кандай экенин көрүү керек.

# Нур Сүрөсү 31-аят- 1-бөлүк

**Ыймандуу аялдарга да айт: «Көздөрүн (арамды кароодон) алып качышсын жана намыстарын сакташсын; коозduktарын көрсөтүшпөсүн, бирок өзүнчө көрүнгөндөрдөн тышкаркысын. Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын. Коозduktарын өз күйөөлөрүнөн же аталарынан же балдарынан же күйөөлөрүнүн балдарынан же өз бир туугандарынан же бир туугандарынын балдарынан же кыз бир туугандарынын балдарынан же өз аялдарынан же кол астындагылардан же аялга муктаждыгы жок (каалоосу же күчү жок) кызматчылардан же аялдардын уяттуу жерлерин али биле элек жаш балдардан башкасына көрсөтүшпөсүн. Жашырган коозduktары билинсин деп буттарын жерге урушпасын. Баарыңар чогуу Аллахка тообо кылгыла эй ыймандуулар, ошондо кутулууга жетээрсиңер.» (Нур Сүрөсү, 31)**

Дээрлик бүт Куран маанилеринин котормосунда аяттагы «**Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын»** деген сүйлөмдө негизи «жоолук» деген сөз кездешпейт. Бул жерде колдонулган сөз «жамынчы». Аяттагы сөздөрдүн арапча маанилерин караганыбызда муну апачык көрө алабыз:

## «...Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын...» (Нур Сүрөсү, 31)

«Ве кул лил муъминати йагдудне ве йахфазне фуружехунне, ве ла йубдине зинетехуннеилла ма захера минха, **вел йадрибне би хумурихинне альа жуйубихинне**, ве ла йубдине зинетехунне илла ли буулетихинне эв абаихинне эв абаи буулетихинне эв эбнаихинне эв эбнаи буулетихинне эв ывханихинне эв бени ыхванихинне эв бени эхаватихинне эв нисаихинне эв ма мелекет эйманухунне эвит табиине гайри улил ирбети минер рижали эвит тыфлиллезине лем йазхару алья авратин нисаи, ве ла йадрибне би эржулихинне ли йуълеме ма йухфине мин зинетихинн(зинетихинне), ве тубу илаллахи жемиан эййухел муъминуне леаллекум туфлихун(туфлихуне).»

وَقُل لِّلْمُؤْمِنَاتِ يَغْضُضْنَ مِنْ أَبْصَارِهِنَّ وَيَحْفَظْنَ فُرُوجَهُنَّ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ
مِنْهَا وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَى جُيُوبِهِنَّ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ أَوْ آبَائِهِنَّ أَوْ آبَاء
بُعُولَتِهِنَّ أَوْ أَبْنَائِهِنَّ أَوْ أَبْنَاء بُعُولَتِهِنَّ أَوْ إِخْوَانِهِنَّ أَوْ بَنِي إِخْوَانِهِنَّ أَوْ بَنِي أَخَوَاتِهِنَّ أَوْ
نِسَائِهِنَّ أَوْ مَا مَلَكَتْ أَيْمَانُهُنَّ أَوِ التَّابِعِينَ غَيْرِ أُوْلِي الْإِرْبَةِ مِنَ الرِّجَالِ أَوِ الطِّفْلِ الَّذِينَ لَمْ
يَظْهَرُوا عَلَى عَوْرَاتِ النِّسَاء وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِن زِينَتِهِنَّ وَتُوبُوا إِلَى
اللَّهِ جَمِيعًا أَيُّهَا الْمُؤْمِنُونَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ

يَضْرِبْنَ ***Йадрибне:*** «Дарабе» этишинен келип чыккан, «уруу, согуу, таштоо, жабуу, тосуу» маанисинде.

خُمُرِهِنَّ ***Хумурихинне:*** «Хамара» сөзүнөн келип чыккан. «Хамрү» «шарап, мас кылуучу» деген мааниге келет. Бул сөз бул аятта «жамынчы» маанисине келет. Көбүнчө «ар кандай жамынчы, парда, тосмо; шылтоо» сыяктуу маанилер берилет.

جُيُوبِهِنَّ ***Жуйубихинне:*** «Жүйуб» сөзүнүн көптүк түрү. Көкүрөк, жака, чөнтөк, коюн, мончок сыяктуу маанилери да бар.

Эми аяттын «**Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын»** деп которулган **«вел йадрибне бихумурихинне аъла жуйубихинне»** деген бөлүгүн сөздөр боюнча карап чыгалы:

## Хумур / Жабуу сөзүн карап чыгуу

Жоолукка далил катары колдонулган **«Хумур»** сөзүнүн өтө көп маанилери бар, бирок жалпысынан «жамынчы» деген мааниге келген **«хымар»** сөзүнүн көптүк түрү жана **«жабуу»** деген мааниге келген «хамр» уңгусунан келип чыккан.

Сөздүктөрдө «хымар» жалпы мааниси жагынан «жамынчы» деп которулат, сөз «кандайдыр бир нерсени жабуу» деген мааниге келет.

Ошондуктан аятта «жоолуктарын» деп которулган сөз чындыгында «жамынчы» деген гана сөз жана «баш» деген (баштагы жоолук маанисине келчү) сөз аятта эч орун алган эмес.

## «Йадрибне» / Уруу этишин карап чыгуу

Аяттагы бул этиш жоолукту Курандын бир өкүмү катары көрсөтүүгө аракет кылгандар тарабынан «түшүрүшсүн, салышсын» деп которулат. Мунун себеби, башта ансыз да жоолук бар болгон деген көз-карашын туура көрсөтүү үчүн «жоолуктарын көкүрөгүнө түшүрүшсүн» деген сүйлөмдү колдоно алуу. Чындыгында болсо бул этиштин мындай мааниси жок жана анын колдонулушу төмөнкүдөй:

«Йадрибне» этиши «дарабе» уңгусунан келип чыккан. Дарабе «уруу, согуу, таштоо, жабуу, тосуу» деген маанилерге келет. Аяттагы колдонулушунда, б.а. **«жамынчылары менен (бихумурихинне) көкүрөктөрүнө (жуйубихинне) урушсун (лийадрибне)»** деп жамынчы менен көкүрөк аймагын жабуу керек экени айтылган.

Куранда «салышсын, түшүрүшсүн» деген маанide «фелйүднине» деген сөз колдонулат. Бул этиш болсо аятта такыр кездешпейт.

## Жуйуб / Көкүрөк ачыгы сөзүн карап чыгуу

«Жуйуб» деген сөз «жеп» (чөнтөк) деген сөздүн көптүк түрү (көйнөктө чөнтөк ачуу, чөнтөгүнө салуу, чөнтөгүнөн чыгаруу деген сыяктуу маанилерде колдонулат). Мындан тышкары, «көкүрөк, жака, коюн, тешик, оюк, мончок, майда акча салган сумка, ачыктык, жарык, моюн» деген сыяктуу маанилери да бар.

**«Жуйуб»** сөзү Куранда 3 жолу кездешет. **«Жуйуб»** сөзү Нур Сүрөсүнүн 31-аятында колдонулат, сөздүн жекелик түрү, б.а. **«жейб»** болсо Аз. Муса (ас) окуясы баяндалган эки аятта кездешет. Бул сөз ал эки аятта болсо төмөнкүчө колдонулган:

*«Жуйуб» сөзүнүн жекелик түрү, б.а. «жейб» Аз. Муса (ас) окуясында эки жолу кездешет:*

*«Колуңду <u>койнуңа (фи жейбике)</u> сал, анан ал укмуш апакай болуп чыксын... (Немл Сүрөсү, 12)*

*Колуңду <u>койнуңа (фи жейбике)</u> сал. Укмуш апакай болуп чыксын. ... (Касас Сүрөсү, 32)*

Көрүнүп тургандай, жогорудагы эки аятта тең «жуйуб» сөзү Аз. Муса (ас)дын **«көкүрөгү/ койну»** деген мааниде колдонулган. Буларды караганыбызда, **«жуйуб»** сөзү **«хымар»**, б.а. «жабуу» сөзү менен чогуу колдонулганда, көкүрөктүн жабылышы деген мааниге келээри ачык. «Башты жабуу (жоолук салуу)» деген сыяктуу бир маани болсо аяттын эч бир жеринде жок.

Ошондуктан «**Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын»** деп тафсир кылынган бөлүктүн чыныгы мааниси **«жамынчыларын көкүрөктөрүнүн үстүнө жабышсын»** болот. Аятта башты эмес, көкүрөктү жабышсын деп өкүм кылынган.

# Жалган хадистерге туураланган, туура эмес котормолор

«Жоолук» деген өкүмдү чыгара алуу үчүн Нур Сүрөсүнүн 31-аяты кээ бир тафсирчилер тарабынан кээде бурмаланган кээ бир сүйлөмдөрдү колдонуп которулган. Андагы максат аятты төмөндө келтирилген хадистерге тууралоо болгон (аятты аруулайбыз). Негизги бурмалоо болсо «жоолуктарын салышсын» деп туура эмес которуу аркылуу жасалууда.

# Бир туура эмес тафсир: «жоолуктарын салышсын»

Аяттын **«Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын»** деп тафсир кылынган бул бөлүгүндө жогоруда ар бир сөзү арапча маанилеринен карап чыгылгандай, «баш жоолугу» деген сөз да, «салынышсын» деген сөз да жок. Ошого карабастан, аятты ушундай тафсир кылгысы келген кишилер Куранга карама-каршы келгени үчүн, бул тафсирлерин түшүндүрүүдө маанисиз жана парадоксалдуу абалга түшүшөт. Көпчүлүгү **«ансыз да баштарында бар болгон жоолукту жакаларына салышты»** деген сыяктуу таң калыштуу сөздү айтып, ага чейин эле аялдардын башында бир жамынчы болгон дешет. Ал кездеги мусулман аялдардын «ансыз да баштарында бир жамынчы» болушу үчүн бул жөнүндө Куран менен келген бир шарт, бир өкүм талап кылынат. Бирок Курандын эч бир жеринде жоолук жөнүндө эч сөз болбойт. Ошондуктан ал доордогу аялдардын бир өкүмдүн негизинде баштарында бир жоолук менен жүрүшү мүмкүн эмес. Ушул себептен «ансыз да бар болгон бир жоолук» деген түшүндүрмө маанилүү бир логикасыздыкты көрсөтөт. Эми бул логикасыз түшүнүктөрдү карайлы:

1- «Ансыз да башта бар болгон бир жамынчы» дегенди түшүндүрүү үчүн кээ бир тафсирчилер Ахзаб Сүрөсүнүн 59-аятында айтылган «жилбаб», б.а. хиджаб жөнүндөгү аятты Нур Сүрөсүнүн 31-аятынан мурда түшүрүлгөн, ошондуктан мусулман аялдардын баштарында ага чейин эле бир жамынчы бар болгон дешет. Өтө чоң логикасыздыктын бирөө ушул жерде келип чыгат. Жилбаб ансыз да, бир аздан соң тереӊ каралгандай, бүт денени баштан ылдый жапкан бир кийим, б.а. хиджаб. Максаты ансыз да денени жабуу. Нур Сүрөсүнүн 31-аятында аялдарга көкүрөктөрүңөрдү жапкыла деп өкүм кылынганын эстесек, жилбаб, б.а. хиджаб менен жүргөн бир аялдын көкүрөгүнүн ачык болуу ыктымалдыгынын жок экенин, ошондуктан бул аяттын бүт денеси менен башын хиджаб менен жапкан аялдарга кайрылбаганын да түшүнөбүз. Бул пикирди айтып чыккандар бул маанилүү жана негизги жагдайды унутушкан.

2- Ал доордо араптарда аялдар жылаңач жүрүшкөн. Аят ошонун негизинде түшүрүлгөн. Бул аяттан соң мусулман аялдар ачык жүргөн көкүрөктөрүн жаап башташкан. Аятта айтылган «жуйуб» сөзүнүн көкүрөк деген мааниге келээрин жана бул аяттагы сүйлөмдүн чыныгы маанисинин «жамынчыларын көкүрөктөрүнүн үстүнө жабышсын» деген мааниге келээрин кайра эске салалы.

3- «Ансыз да бар болгон жоолук» деген жаңылыштыкты жактаган кээ бир тафсирчилердин ою боюнча, ал аялдардын баштары жоолук менен «ага чейин эле» жабылган, бирок бул логика боюнча кандайдыр бир себептен көкүрөктөрү ачык жүрүшкөн! Бул логика боюнча, аялдар баштарын жабууга акылы жетип, бирок көкүрөктөрүн жабууга баштары жеткен эмес (мусулмандарды аруулайбыз). Баштарындагы жоолукка өтө маани беришип, бирок денелери жылаңач жүрүшкөн. Бул тафсирчилердин «ансыз да бар болгон жоолугу» деген түшүндүрмөсү ушул жыйынтыкка алып келет. Бул кишилер бул чечмелөөсү аркылуу «көкүрөктөрү ачык, бирок баштары жабык» болгон ал аялдарга баштарыңардагы жоолукту төмөн көздөй салынып, көкүрөктөрүңөрдү да жапкыла деп насаат кылынган дешүүдө. Бул чоң логикасыздык «башыңарды жапкыла» деген өкүмдү мажбурлап Куранга киргизүү аракетинен келип чыккан бир жыйынтык.

4- Бул кызыктай чечмелөө боюнча, «башта ага чейин эле бар болгон жоолук» ушунчалык узун болгондуктан, аны көкүрөктү эки тараптан толук жаба турганчалык төмөн түшүрүүгө болот. Ошондуктан бул түшүнүк боюнча, жылаңач жүргөн ал кездеги аялдардын башында «ансыз да» бир жоолук болгон, жана ал хиджаб сыяктуу узун болгон. Аятты «жоолуктарын салышсын» деп туура эмес чечмелөө андай тафсирди жасагандарды ушунчалык чоң логикасыздыкка алып барууда. Бул мааниси апачык турган бир аятка башка маани берүүгө аракет кылуунун бир натыйжасы.

Аятка жоолукту кошуу үчүн ойдон чыгарылган хадистердин чечмелөөлөрү болсо мындан да чоң логикасыздыктарды камтыйт. Бул кийинки бөлүмдөрдө каралат.

# Аяттардын арап тилиндеги маанилери жана тафсирлердин тууралыгы жөнүндө керектүү маалыматтар

Арапча бир текстти толук түшүнүү үчүн, б.а. туура котормо жасоо үчүн көңүл буруу керек болгон кээ бир жагдайлар бар:

## 1-Сөздөрдүн арапча колдонулушун эске алуу

Аялдардын кийими жөнүндөгү критерийлерди толук белгилөө үчүн «жамынчы» сөзүнүн арап тилинде кандай колдонулаарына да көңүл буруу керек.

Жалпысынан арап тилинде «жамынчы» сөзү «жабыла турган» нерсе менен чогуу колдонулат. Мисалы, «жабуу» сөзүнүн жанына «стол» сөзү келгенде «столго жапкыч» болуп калат, ошол сыяктуу **«жабуу» («хымар»)** сөзүнүн жанына **«баш» («реъс»)** сөзүнүн келиши менен **«хымарү-реъс»**, б.а. **«башка салынчу жоолук»** сөзү келип чыгат. Эгер Куранда аялдардын баштарын жабышы буйрулганда, колдонула турган сөздөрдүн бири ушул, б.а. **«хымарү-реъс»** болмок. Бирок антип айтылган эмес.

Куранда даарат алуу жөнүндөгү Маида Сүрөсүнүн 6-аятында баштын масх кылынышында «баш» сөзүнө «реъс» менен басым жасалган.

**Эй ыймандуулар, намазга турганыңарда жүздөрүңөрдү жана чыканакка чейин колдоруңарды жуугула, <u>баштарыңарды масх кылгыла</u> жана эки томукка чейин буттарыңарды да. (Маида Сүрөсү, 6)**

**Арапча окулушу:** Йа аййуха аллазийна амануу иза кумтум ила ассалати фа игсилуу вужухекум ва айдийакум ила альмарафики ва имсахуу **би руусикум**.

Апачык көрүнүп тургандай, эгер Аллах аялдарга башыңарга жоолук салынгыла деп буйрук бергенде, бул буйрук Куранда ачык жана так билдирилмек. Бирок аялдардын кийимдери жөнүндөгү аяттарды караганыбызда баш жөнүндө мындай басым жасалбаганын көрөбүз.

## 2-Курандагы сөздөрдү башка аяттар менен карап чыгуу

Куранда бир жагдайды иликтөөдө ал сөздүн аяттагы башка сөздөр менен кантип колдонулганын жана башка аяттарда ал сөздүн кандай мааниде колдонулганын да кароо керек.

Нур Сүрөсүнүн 31-аятындагы **«хымар» («жамынчы»)** сөзүнүн жанында колдонулган жана анын маанисин тактаган сөз **«жуйуб»** сөзү; **бул сөз жогоруда каралгандай, бүт башка аяттарда да «көкүрөк» аймагы** деген мааниде колдонулган. Ошондуктан көкүрөктү жабыш керек экени айтылган.

## 3-Арапча сөздөргө кашаанын ичинде маани кошууда жакшылап ойлонуу керек

Арап тили башка көптөгөн тилдерге салыштырмалуу сөзгө бай, ичиндеги маанилери жагынан өтө кенен бир тил. Өтө аз сөз менен өтө көп нерсени айтууга болот жана бир сөз көп түрдүү колдонулуп, бир сөздүн бир канча мааниси болушу мүмкүн. Ошондуктан аяттагы маани апачык болуп турса да, көп тафсирлерде кашаанын ичинде түшүндүрмөлөр, кошумчалар жасалып, котормочунун жеке чечмелөөлөрүнө жараша багыт берилүүдө.

Бул жерде эскерте кетели, Куран котормолорун жасаган кишилердин кээ бирлери салттык Ислам түшүнүгүндөгү кишилерден тургандыктан же көбүнчө ошондой кишилердин котормолору негиз алынгандыктан, аят котормолорундагы жеке чечмелөөлөр да көбүнчө салттык кабыл алынган хадистерге таянып жасалууда. Кашаалар же чечмелөөлөр аркылуу котормочулар –билип же билбей- аяттын маанисин ал темадагы хадистердин маанисине ылайык өзгөртүшүүдө.

Нур Сүрөсүнүн 31-аятын Куран маанилеринин котормолорунан караганыбызда, аяттын эч бир жеринде «жоолук» сөзү кездешпесе да, тафсирчилер тарабынан кашаанын ичинде же түздөн-түз тексттин өзүндө «жоолук» деген сөздүн колдонулганын көрөбүз. Аятта «баш», б.а. «реъс» деген сөз эч болбогонуна жана «жамынчы» сөзү «көкүрөк» деген сөз менен чогуу колдонулганына, б.а. жабуу керек болгон жер –көкүрөк- апачык белгиленгенине карабастан, «кандайдыр бир жамынчы» маанисине келген «хымар» сөзү жанында «баш» деген сөз тургандай, «баш жоолугу» деп которулууда. Ошондуктан аяттагы өкүм өзгөртүлүп, өзгөртүлгөн өкүм жайылтылып салтка айландырылууда жана мындан аялдар башын жабышы керек деген бир жыйынтык чыгарылууда.

Чындыгында болсо, тафсирчилер тарабынан кийин кошулган бул чечмелөө алып салынганда, аяттын апачык көкүрөк аймагын жабууга ишарат кылганы көрүнөт. Аятты түз окуган ар бир адам ушул маанини гана түшүнөт.

# Нур Сүрөсүнүн 31-аятынын түшүндүрмөсү – 2-бөлүк

**Ыймандуу аялдарга да айт: «Көздөрүн (арамды кароодон) алып качышсын жана намыстарын сакташсын; кооздуктарын көрсөтүшпөсүн, бирок өзүнчө көрүнгөндөрдөн тышкаркысын. Жоолуктарын жакаларынын үстүн (жаба тургандай кылып) салынышсын. <u>Кооздуктарын өз</u>**

**күйөөлөрүнөн же аталарынан же балдарынан же күйөөлөрүнүн балдарынан же өз бир туугандарынан же бир туугандарынын балдарынан же кыз бир туугандарынын балдарынан же өз аялдарынан же кол астындагылардан же аялга муктаждыгы жок (каалоосу же күчү жок) кызматчылардан же аялдардын уяттуу жерлерин али биле элек жаш балдардан башкасына көрсөтүшпөсүн. Жашырган кооздуктары билинсин деп буттарын жерге урушпасын. Баарыңар чогуу Аллахка тообо кылгыла эй ыймандуулар, ошондо кутулууга жетээрсиңер.» (Нур Сүрөсү, 31)**

# «Аялдардын кооздуктары» жөнүндөгү чечмелөөлөр

Нур Сүрөсүнүн 31-аятында Аллах көңүл бурган дагы бир жагдай – бул аялдардын «кооздуктары». Аяттагы **«жашырган кооздуктары билинсин деп»** деген сүйлөм аркылуу да аялдын баш бөлүгүнүн эмес, көкүрөгүнүн жабылышы керек экени түшүнүктүү болууда.

Бирок кээ бир хадистерде жана кээ бир Куран тафсирлеринде кашаанын ичиндеги кошумчалар аркылуу же сөздөрдүн маанисин өзгөртүү аркылуу бул такыр башкача чагылдырылууда. Буларды карап чыгалы:

# Аялдар фитнага себеп болот деген көз-караш

Бул аятта колдонулган «зийнетехунне» деген сөздүн чыныгы мааниси кыргыз тилинде колдонулган «зыйнат», б.а. «кооздук» дегенди билдирет жана сөздүн аягындагы «хунне» мүчөсү аркылуу аялдар жөнүндө сөз болуп жатканы белгилүү болууда.

Кээ бир аалымдар өз пикирлери боюнча «аялдын денеси кооз жана өзүнө тартат, ошондуктан аятта бүт дене айтылган» жана ошондуктан аял бүт денесин жабышы керек дешет. Бирок аятта эч мындай нерсе айтылган эмес.

Кээ бирлери болсо кайра эле Курандагы мааниден такыр башкача чечмелөө жасап, *«зыйнаттар деп зер буюм-мончоктор тагылган жерлер айтылган, ошондуктан бул зыйнаттар тагылган жерлерди кароо күнөө (арам)»* дешет. Кээ бирлери андан да ары кетип, *«аялдын кесилген чачына, тырмагына кароо күнөө»* дешкен. Буга таянып кээ бирлери *«бир аз кароо көбүнчө адамды баарын кароого түртөт»* (Ибн Хажер, Зеважир) деген таң калаарлык кызыктай логикаларды чыгарышкан.

Көңүл бурулган болсо, аят апачык болуп турганына карабастан «жашырган кооздуктары билинсин деп» деген сүйлөмдөн чыгарылган сансыз, бир-биринен айырмалуу, кызыктай чечмелөөлөр булар. Чечмелөөлөр кишилердин түшүнүгүнө жараша өзгөрүп, кээде кишилердин аялдарга болгон көз-карашына жараша өзгөргөн. Аялды жаап-чүмкөөгө, пассивдештирүүгө, сулуулугун жок кылып коомдон жана адамзаттан алыстатууга аракет кылган, аны экинчи катардагы адамга айландырып, Аллах үчүн эмес, эркек үчүн жашай турган бир жандыкка айлантууга аракет кылган көз-караштар аяттагы бир гана «кооздук» сөзү менен аялды толук жок кылууну көздөшкөн. Куран аяттарын бурмалап чечмелөө боюнча жасалган аракеттер натыйжасында көп адамдар Курандын өзүнөн алыстап, Куранды түшүнүксүз бир китептей көрүшкөн, жана бул кошумчалар хадистер менен бирге чечмеленгенде болсо, Курандагыдан такыр башка бир дин түшүнүгү келип чыккан.

Чындыгында болсо аяттагы «жашырылган кооздуктар» деген сөздүн мааниси апачык жана жашырылган эки жер; б.а. жыныстык орган менен көкүрөктөр айтылууда.

# Зер буюмдарга жана мончокторго тыюу салуу (арам кылуу) жаңылыштыгы

Кээ бирлери болсо аятта «зыйнат» сөзү аркылуу «мончок, зер буюмдары сыяктуу кооздук буюмдары» айтылган дешет, бул болсо кээ бир жалган хадистерге таянып жасалган чечмелөөлөрдүн туура эместигин түшүнүү жагынан маанилүү. Бул таң калыштуу көз-караш боюнча, эркек ушунчалык жапайы бир инстинкт менен жашайт жана бир мончокту кароо дагы анын контрольдон чыгышына жетиштүү болот. Ошондуктан бул түшүнүк боюнча, өтө жапайы бир жандык «эркекти» тизгиндей алуу үчүн тезинен мончокторго тыюу салынат!

Бул үрөй учурган логика негизи фанаттардын мусулман бир эркекке болгон көз-карашын да көрсөтөт. Чындыгында болсо, мусулман бир эркек Аллахтан коркот. Күнөө (арам) иштерди эл арасында бир нерселерге тыюу салынганы үчүн эмес, Аллах каалабаганы үчүн жасабайт. Мусулман бир эркек ачык бир аялды же бир мончокту көргөнү үчүн өзүн жоготуп, контрольдон чыгып кеткен, айбандык инстинкттер менен жашаган бир жандык эмес. Бул мусулман бир эркекке айтылган өтө чоң бир акаарат.

Мындай чечмелөөлөр негизи фанаттардын жапайы түшүнүгүн аңдап-түшүнүү жагынан өтө маанилүү. Фанаттардын чечмелөөлөрүн бир тарапка коюп, бир гана Куранды негиз тутканда болсо аятта колдонулган «зыйнат» сөзүнүн эмне мааниге келээрин апачык түшүнөбүз.

# «Зыйнат» сөзү Куранда кандай колдонулат?

Фанаттык логиканын кооздуктарга тыюу салуу, шуру, сөйкө сыяктуу зер буюмдарына бөгөт коюу логикасынын тескерисинче, Аллах Курандагы аяттарда кооздук буюмдары менен зер буюмдарын ыймандуулар үчүн түшүргөнүн/чыгарганын, ал тургай, мечиттерге кооз жана жарашыктуу кийимдер менен баруу керек экенин билдирет:

**Эй Адам урпактары, ар мечиттин жанында зыйнаттарыңарды тагынгыла... (Аьраф Сүрөсү, 31)**

Аллах бир аятында: **Айткын: «Аллах кулдары үчүн чыгарган зыйнатты жана таза ырыскыларды ким арам кылган?»** (Аьраф Сүрөсү, 32) деп, Аллах адал кылган зер буюмдарына да тыюу сала турган бир түшүнүктүн пайда болоорун кабар берет. Аяттын уландысында болсо **«...Айткын: «Булар дүйнө жашоосунда ыймандуулар үчүн, кыямат күнү болсо бир гана ошолор үчүн.» Билген бир коом үчүн аяттарды ушундай бир-бирден түшүндүрөбүз.** (Аьраф Сүрөсү, 32) деп зыйнат, зер буюмдары жана кооздуктардын мусулмандарга дүйнөдө берилген сонун бир сый-жакшылык экенине басым жасалып, акыретте болсо бир гана мусулмандарга тиешелүү болоору белгиленип, бул кооздуктарга эң көп ыймандуулардын ылайык экени айтылууда. Аллах бул кооздуктарды ыймандууларга ылайык көргөнүнө карабастан, фанаттардын муну мусулмандарга тыюу салууга аракеттениши алардын Курандын түшүнүгүнө канчалык карама-каршы келээрининин дагы бир далили.

Зыйнат сөзү кооздук катары колдонулган башка бир аят болсо мындай:

**Эй Адам урпактары, Биз силердин жаман жерлериңерди тосо турган бир кийим жана силерге «кооздук бере турган бир кийим» түшүрдүк (жараттык). Такыбалык менен оронуп-жабдынуу болсо бул жакшыраак. Бул Аллахтын аяттарынан. Насаат алып-ойлонушат чыгаар. (Аьраф Сүрөсү, 26)**

# Нур Сүрөсүнүн 31-аятында айтылган кооздуктар

Жогоруда «кооздук» деген сөз колдонулган аяттарда Аллах зыйнаттар, б.а. зер буюмдары менен сулуулануну айтууда. Бирок Нур Сүрөсүнүн 31-аятында айтылган кооздуктар сөзүнүн зер буюмдары, бермет, мончок менен байланышы жок. Бул жерде аялдардын үй-бүлө ичиндеги жашоосу мисал келтирилип, аялдарга үй-бүлө ичинде кандай эркиндик берилгени көрүнүп турат. Эми аяттын «кооздуктар» менен байланыштуу бөлүгүн ар бир сөздүн мааниси боюнча талдап көрөлү:

> **...Кооздуктарын өз күйөөлөрүнөн же аталарынан же балдарынан же күйөөлөрүнүн балдарынан же өз бир тууганарынан же бир туугандарынын балдарынан же кыз бир туугандарынын балдарынан же өз аялдарынан же кол астындагылардан же аялга муктаждыгы жок (каалоосу же күчү жок) кызматчылардан же <u>аялдардын уяттуу жерлерин али биле элек жаш балдардан башкасына көрсөтүшпөсүн. Жашырган кооздуктары билинсин деп буттарын жерге урушпасын.</u> Баарыңар чогуу Аллахка тообо кылгыла эй ыймандуулар, ошондо кутулууга жетээрсиңер.» (Нур Сүрөсү, 31)**

Аяттын жүрүшүнөн бул жердеги «кооздук» сөзүнүн мончок же зер буюмдарына эмес, уяттуу жерлерге ишарат кылганы ачык көрүнүп турат. Аятта «кооздуктар» көрсөтүлбөшү керек болгон кишилер саналган. Ал кишилердин арасында аялга муктаждыгы жок (каалоосу же күчү жок) кызматчылар менен аялдардын уяттуу жерлерин билбеген жаш балдар бар. Өзгөчө аялдардын уяттуу жерлерин билбеген жаш балдар маалыматынын берилгени «кооздук» сөзүнүн уяттуу жерлерди айтып жатканын так көрсөтүүдө.

Куранда өтө сылык, өтө кемчиликсиз баян колдонулган. Ошондуктан сөздөр өтө кылдат, терең изилденгенде, бул түшүнүктүү болот. Уяттуу жерлер Курандагы бул укмуш сылыктыкка жана адабий чеберчиликке ылайык сүрөттөлүп, кооздук деп айтылган.

Бир катар тафсирчилердин Нур Сүрөсүнүн 31-аятынан мажбурлап «жоолук» чечмелөөсүн чыгаруу үчүн кайрылган эң чоң таянычы – албетте, бул жөнүндөгү хадистер. Ал жалган хадистер аятка ушунчалык ачык карама-каршы келгендиктен, муну оңой эле түшүнүүгө болот. Эми бул хадистердин кантип Куранга карама-каршы келээрин, бул жалган хадистердин кантип Ислам жамаатын жоолук жөнүндө туура эмес багыттаганын жана ичиндеги логикасыздыктарды карайлы:

# Жоолук жөнүндө колдонулган жалган хадистер жана ичиндеги карама-каршылыктар

Бүт далилдери менен көрүнүп тургандай, Куранда жоолукка далил катары көрсөтүүгө аракет кылынган Нур Сүрөсүнүн 31-аятында жоолук деген сөз такыр кездешпейт. Бирок бул жаңылыштык бир катар хадистердин Ислам адабиятына киргизилиши аркылуу жайылтылып, бүгүнкү күнгө чейин келип жетти. Фанаттар ойлоп чыгарган жасалма хадистер укмуш логикасыздыктарга толо. Эми булардан бир канча мисал келтирели:

> ***Аз. Айша (р.а): «Аллах биринчи мухажир аялдарды рахматына бөлөсүн, Улуу Аллах: «Ыймандуу аялдар жоолуктарын жакаларынын үстүнө салышсын» деген аятын түшүргөндө, <u>алар этектеринен (юбкаларынан) кесип алып, аны менен баштарын жабышкан.»</u> дейт. (Бухари, Тафсир, Тафсир-у Сүретиън-Нур, 13 (V, 13) Эбу Давуд, Либас, 33 (IV, 3577; Бейхаки, VII, 88)***

***Азрети Айша энебиз айтат: Биринчи мухажир аялдарды Аллах рахматына бөлөсүн! Башты жабуу аяты түшкөндө, ошол замат жибек этектерин (юбка) айрып, баштарын жабышты. [Бухари, Несаи]***

***Сафиййе бинти Шейбе мындайча айтып берет: Биз Айша менен бирге элек. Курайш аялдарынан жана алардын жогорулугунан сөз кылып жатканбыз. Аз. Айша: «Албетте, Курайш аялдарынын бир катар артыкчылыктары бар. Бирок мен, Аллахка ант болсун, Аллахтын китебин көбүрөөк тастыктаган жана бул китепке күчтүүрөөк ишенген ансар аялдарынан жогоруураагын көргөн жокмун. Нур Сүрөсүндөгү аялдар жоолуктарын жакаларынын үстүнө жабышсын аяты түшкөндө, алардын эркектери бул аяттарды окуп үйгө кайтышты. Ал эркектер жубайларына, кыздарына, кыз бир туугандарына жана туугандарына аларды окушту. Ал аялдардын баары этек (юбка) кездемелеринен Аллахтын китебин тастыктап жана ага ыйман кылып жоолук даярдашты. Эртеси эрте менен Аз. Пайгамбардын артында баштарын жапкан абалда эрте мененки намазга турушту. Алардын баштарынын үстүндө каргалар тургандай эле.» (Бухари: Тафсиру Сура 24/12 – Эбу Давуд: Либас 29 – Ахмед б. Ханбел: VI 188) (Ибни Кесир, Хадистер менен Курани Карим тафсири, том: 11, 5880-бет)***

Көрүнүп тургандай, бул хадистердин баарында Нур Сүрөсүнүн 31-аяты түшкөн соң мусулман аялдар ошол замат этектеринен (юбка) кесип алып, **баштарын жабышкан** деп айтылат. Эң чоң логикасыздык мына ушул жерде башталат. Эми бул хадистердеги логикасыздыктарды жана кантип Куранга карама-каршы келээрин бир-бирден карайлы:

Аятта **«...жамынчыларын жакаларынын үстүнө коюшсун...»** деп жогоруда терең каралгандай, аялдардын көкүрөктөрүн жабышы айтылган. Бирок бул хадистерде бул аят түшүрүлгөн соң мусулман аялдардын ошол замат кийимдеринен кесип алып, көкүрөктөрүн эмес, баштарын жапканы айтылат. Анткен менен, аятта башты жабуу жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Бул хадистердин эч бириндe мусулман аялдардын аяттын чыныгы өкүмүн кантип орундатканы, б.а. көкүрөктөрүн жапканы жөнүндө эч сөз болбойт.

Бул жерде айтылышы боюнча, аялдар өз этектеринен кесип алышып, аны менен аяттын өкүмү болгон көкүрөктөрүн жабуунун ордуна, жоолук кылып баштарына жабышкан. Жогоруда айтылган «жоолуктарын түшүрүшсүн» деген жаңылыш тафсирди туура көрсөтүү үчүн хадиске кошулган бул сүйлөм боюнча, башты да, көкүрөктү да жаба алгыдай болушу үчүн этектен кесилген бөлүк ушунчалык чоң болушу керек.

Бул жерде, албетте, биринчи эле ойго кесилген этектин абалы келет. Баш менен көкүрөктөрдү жаба турганчалык чоң бөлүктүн этектен (юбкадан) кесилип алынышы этекти бир мини-этекке (мини-юбкага) айландырат жана натыйжада аялдын буттары ачылып калат. Бул жерде айтылышы боюнча, ал аялдын көкүрөгү менен буттары ачык калган, бирок башын жапкан болот. Бирок бул бөлүмдүн башынан бери далилдери менен айтылып келе жаткандай, **Нур Сүрөсүнүн 31-аяты аялдардын бир гана көкүрөк тарабын жабышы үчүн түшүрүлгөн бир аят.**

«Жоолуктарын түшүрүшсүн» дегенди жактаган бир катар тафсирчилердин өз ойлорун туура көрсөтүү үчүн «башта ага чейин бар болгон бир жоолук» деп чечмелешээрин айткан элек. Алар аятта «жоолук» деген сөз бар экенин далилдөө үчүн ушундай ойду айтышат жана аятта сөз болуп жаткан аялдардын ага чейин эле башында жоолук (жамынчы) бар болгон дешет. Бирок хадистерде болсо бул аят түшкөндө аялдардын өз этектерин (юбкаларын) кесип, башына жоолук кылганы айтылууда. Бул тафсирчилердин эң чоң таянычы болгон бул хадистер кантип алардын сөздөрүнө ушунча карама-каршы келүүдө?

Карама-каршы келет, себеби Куранда жок жасалма өкүмдөрдү чыгарууга аракет кылгандардын диндери ушунчалык логикасыздыкка толо болот. Ар кандай ойдон чыгарылган өкүм Куранга карама-каршы келгени үчүн ичинде укмуш карама-каршылыктар болот. Нур Сүрөсүнүн 31-аяты өтө түшүнүктүү жана апачык бир аят

болгонуна карабастан, «жоолукту» бул аяттан чыгара алуу үчүн алдамчы чечмелөөлөрдүн жасалышы өтө маанилүү жагдай. Бул хадистердин негизинде жасалган чечмелөөлөр менен алардын жыйынтыктары болсо үрөй учурат:

Шафи жана Ханбали мазхабдарында аялдын бүт денеси дайыма жабык жүрүшү керек (жүзү менен колдору да кошо). Ханафи жана Малики мазхабдарында колдор менен бет, ал да фитна жок шарттарда гана ачык болушу мүмкүн (*Сабуни, Тафсирул Айатил Аххам 2/154,155*). Ас Судди: «Аял көздөрүнүн бирин жана жүзүнүн ачык калган көз тарабын жабат. Бир көз гана ачык калат.» Абу Хаййан: «Андалусияда салт ушундай эле. Аялдын бир көзүнөн башка эч жери көрүнчү эмес» (*Абу Хаййан, Аль Бахрул Мухит*). Шафи имамдары аялдын алынган тырмактарына кароого да тыюу салышкан (*Ибни Хажер Аль Хайтами, Исламда адал жана арамдар 2*). Кеңири тараган көз-караштардын бири боюнча, Ислам аялга парз кылган жамынуу аялдын жүзүн да камтыйт (*Фыкхус Сийре*). Башка бир булакта аялдын эркекти кантип карашы керек экени мындайча айтылган: «Аялдын чоочун бир эркектин көкүрөгүнө, далысына, бутуна аны каалап кетүү коркунучу болбосо да карашы туура болбойт. Жүз болсо фитна жагынан буттан, чачтан жана буттардан алдыда турат. Бул тараптарга кароонун күнөө (арам) экенин баары айтышат, демек жүзүн кароого да эң башта тыюу салынышы керек» (*Сабуни, Реваи 2/156*).

Мына ушундай үрөй учурарлык деңгээлге жеткен фанаттык түшүнүк аялды чүмкөп эле тим болбоодо. Кээ бирлери үчүн бул дагы жетишсиз, алардын ою боюнча бүт тарабын чүмкөгөн аял өзүн да үйгө камашы керек. Куранда аялга эркиндик берген, аялдын кимдердин жанында эркин боло алаарын, кимдердин жанында уяттуу жерлерин жабышы керек экенин баяндаган апачык бир аяттан мындай фанаттык, үрөй учурарлык чечмелөөлөрдү негизи чыгаруу мүмкүн эмес. Бирок бул багыттагы хадистер аларга бул жолду ачып, аятка өз ойлорун кошо турганчалык алга кетишип, аялды башынан бутуна чейин жамынган, алынган тырмактары да күнөө болгон бир элеске айландырышкан. Фанаттык түшүнүктүн масштабын көрүү үчүн берилген бул мисал көп нерсени түшүндүрөт.

Бул жерде муну да эске салалы: хадис жыйнагында Пайгамбарыбыз (сав) доорунда аялдар менен эркектердин бир идиштен даарат алганы да айтылат (*караңыз: Бухари, Вуду 43; Абу Давуд, Тахарет 39; Ибни Маджа, Тахарет 36; Насаи, Тахарет 56*). Дааратта буттар, чыканакка чейин колдор, бет жана баш жуулат, демек бул хадистен аялдар менен эркектердин чогуу жана баштары ачык жүргөнү көрүнүп турат. Бирок фанаттардын бир өзгөчөлүгү, иштерине жарабаган хадистерди карашпайт.

Биз Куранды негиз тутабыз жана Курандагы баяндар апачык, аялдар менен эркектердин бир жерде баштары ачык жүрүшү Куранга туура келет.

# Куранда арамдар (тыюулар) күңүрт айтылган эмес

«Аялдын алынган тырмактары да күнөө» деген өкүмдү чыгарган фанаттык түшүнүктү кароодо төмөнкү маанилүү жагдайга токтолуу зарыл. Аллах Куранда арам (күнөө) жана адалдарды өтө так жана апачык кылып бизге билдирген. Мусулмандар, мисалы чочконун этинин арам экенин **«Ал силерге өлүктү (тарпты), канды, чочконун этин жана Аллахтан башканын атына союлган (мал)ды толук арам кылды...»** (Бакара Сүрөсү, 173) аяты аркылуу билишкен. «Толук арам кылды» өкүмүндө бир мусулман күмөнгө түшө турган, чечмелөө жана тафсирлерге карап тыянактар чыгара турган, кайчы пикирде кала турган эч нерсе жок. Дагы бир мисал болсо пайыз мисалы. **«...Аллах сооданы адал, пайызды арам кылды...»** (Бакара Сүрөсү, 275) аяты аркылуу пайыз мусулмандарга ачык, даана тыюу салынган. Бул аятка карабастан, эч ким муну талкуулап, «пайыз менен сооданын айырмасы жок» деген тыянак чыгара албайт.

Ошондуктан биз арамдарды (тыюуларды) бир катар тафсирчилердин жеке күмөндөрү менен чыгарган тыянактарынан, аяттарга кошкон кашаанын ичиндеги чечмелөөлөрүнөн же хадистерден эмес, түздөн-түз аяттын өзүнөн түшүнөбүз. Нур Сүрөсүнүн 31-аятында да жогоруда айтылгандай көздөлгөн маани апачык берилген. Бирок бир катар тафсирчилердин аяттардын ичине кашаанын ичинде өз оюн кошуу катасы өзгөчө ушул аятта өтө көп жасалган. Мисалы, кээ бир тафсирчилер өз оюна жараша өкүмдөрдү чыгарган мазхаб имамдарынын таасиринде калышып, бул аятка кашаанын ичинде «жүз жана кол сыяктуу көрүнгөн бөлүктөрдөн тышкары» деген кошумчаны кошушкан. Бирок, эгер Исламда аялдардын «кол менен жүзүнөн тышкары бүт тарабын жабышы» керек болгондо, албетте, мындай маанилүү нерсе толугу менен, апачык Куранда айтылмак. Жана Улуу Раббибиз мунун арам (күнөө) экенин ачык жана так белгилемек. Биз чочконун этинин, пайыздын же зынаанын (никесиз байланыштын) күнөө экени жөнүндө эч күмөнгө түшпөгөн сыяктуу, муну да Куранда таптак көрмөкпүз. Бирок Куранда мындай кийинүү формасы сүрөттөлгөн эмес. Бул бир катар тафсирчилердин чечмелөөлөрүндө гана бар.

# Бир гана аялды жана аялдын денесин жабуу каалоосу

Эмнегедир фанаттардын Куран боюнча чечмелөөлөрү, хадистердин да таасири менен дайыма аялды үйгө камоо же аялдын денесин чүмкөөгө багытталган. Эң негизги себеп катары болсо дүүлүктүрүүнү көрсөтүшөт. Аял денеси эркектер үчүн канчалык өзүнө тартуучу болсо, эркек денеси да аялды дал ошондой өзүнөн тартат. Куранда эки жыныс арасында эч кандай айырма көрсөтүлгөн эмес, демек эркектердин дүүлүгүүдөн коркуп аялдарды чүмкөөгө же жок кылууга аракет кылышынын эч мааниси жок. Эгер маселе эркектердин дүүлүгүшүндө болсо, анда эркектердин өзүн үйгө камашы же сыртка айлананы көрбөй тургандай бир жамынчы менен чыгышы туурараак болот. Өздөрүнүн дүүлүгүү ыктымалдыгы себебинен аялды чүмкөөнүн ордуна, мындай рискти толук жоюу жолун тандашы керек.

Муну бул тема менен байланыштуу бүт багытта колдонууга болот. Мисалы, аялдын үнү кээ бирлери тарабынан дүүлүктүрүүчү катары көрүлүп, ошондуктан сүйлөшүнө бөгөт коюлуп жатса, бул эркектерге да тиешелүү. Эгер аялдын үнүн, ырдаган ырларын укпаш керек болсо, анда аялдардын да эркектин үнүнөн дүүлүгүшү мүмкүн экенин эске алып, мындай чектөөнү эркекке да киргизүү керек. Эгер фанаттык логика чыгарган эрежелерди жарактуу деп жарыялап, адамдарды буга ынандыргылары келсе, анда ошол эле нерселерди эркектерге да жасашы керек болот.

Бирок, албетте, Исламда Куран гана негиз алынат жана Курандын логикасында мындай чектөө жок. Фанаттар чыгарган мындай чектөөлөр болсо – эркиндикти жок кылуу максатында ойлоп табылган, коомду туюкка түртүп, өздөрүн да, алар жашаган коомдорду да балээге алып бара турган эрежелер.

Аял менен эркек бүт тарапта тең болгон сыяктуу, намыс темасында да тең. Аялга зына (никесиз байланыш) күнөө болгон сыяктуу, эркекке да күнөө. Ахзаб Сүрөсүнүн 35-аятында **«намыстарын коргогон эркектер жана (намыстарын) коргогон аялдар»** деп апачык белгиленгендей, аял кандай адеп-ахлактуу болуп, намысын, уятын коргошу керек болсо, эркек да ошондой адеп-ахлактуу болуп, намысын, уятын коргоого мажбур. Бирок мунун жолу – адамдарды чүмкөө, сыртка чыгарбай коюу, жолуктурбай, сүйлөштүрбөй коюу эмес. Мунун жолу – Курандын адеп-ахлагын аң-сезимге сиңирүү. Адам – инстинкттери менен жашаган, каалоолору аны каякка айдаса, ошол жакка барган жапайы бир айбан эмес. Адам – акылы, аң-сезими жана эң негизгиси Аллах ага үйрөткөн адеп-ахлагы менен Аллах коркуусу жана сүйүүсү менен туураны туура эместен айырмалай алган жана адам касиетин алган бир жандык.

Ошондуктан бир адамдын намысын коргоп-коргобошун башкалардын ачык кийинип, чачын канчалык көрсөткөнү эмес, анын Аллахтан болгон коркуусу жана адеп-ахлагы аныктайт. Аллах бир аятта **«...Көрүнбөгөн жерде кимдин Андан (Аллахтан) коркоорун аныктоо үчүн** (Маида Сүрөсү, 94)» деп адамдарды эч ким көрбөгөн шарттарда да сынаарын кабар берген. Ошондуктан адамдарды кыйнап, үйлөргө камап, бөгөт коюп, күч

колдонуп дин менен же адал-арамдарга ылайык жашаганга мажбурлоого болбойт. Ыйман, адеп-ахлак, ибадат жүрөк менен гана болот.

# Куранда жоолук эмес, «жилбаб» айтылат:

Жогорудагы айтылгандардын баарынан көрүнүп тургандай, Нур Сүрөсүнүн 31-аяты көптөгөн тафсирчилердин бурмаланган чечмелөөлөрү жана бир катар хадистердин да таасири менен дээрлик бир табуга айланган «жоолукка (башты жабууга)» бир далил катары колдонулууда. Ичинде «жоолук» деген сөз кездешпеген, баш жөнүндө эч кандай маалымат берилбеген, көкүрөктү жабуу керек экенин билдирген апачык бир аяттын кантип ушунчалык башка бир чечмелөө үчүн колдонулганы таң калтырбай койбойт.

Таң калаарлык дагы бир жагдай болсо, Куранда эч айтылбаган «жоолук» темасын диндин жалгыз шартындай көргөн көп кишилер апачык хиджабды билдирген Ахзаб Сүрөсүнүн 59-аятын эч сөз кылышпайт. Куранда жок жоолукту бир өкүмгө жана табуга айландырышып, Куранда болгон хиджаб өкүмүн болсо такыр көрмөксөн болушкан.

Эми болсо Ахзаб Сүрөсүндө хиджаб өкүмүнүн кантип айтылганын жана эмне үчүн бул аятты жоолукту жактагандар көрмөксөн болоорун карайлы:

# Ахзаб Сүрөсүнүн 59-аятынын мааниси

> **Эй Пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана ыймандуулардын аялдарына сырткы кийимдериңерден (жилбаб) үстүңөргө кийгиле деп айт; алардын (эркин жана намыстуу) таанылышы жана кысымга кабылбашы үчүн эң туура жол ушул. Аллах абдан кечиримдүү, абдан боорукер. (Ахзаб Сүрөсү, 59)**

«Жилбаб» баштан аяк толук жапкан ар кандай жамынчы, кийим деген мааниге келет. Ошондуктан Ахзаб Сүрөсүнүн бул аятында апачык жилбаб, б.а. баш менен бүт денени жапкан хиджаб сүрөттөлүүдө. Мындай кийимди кийүү үчүн болсо аятта белгиленген маанилүү бир шарт бар: мусулман аялдардын эркин жана намыстуу экендигинин билиниши.

Мунун мааниси мындай, кээ бир чөйрөлөр аялдардын эркин жүрүшүнө же эркин кийинишине ыңгайлуу жерлер эмес. Жалпы элдин абалы жана ал жердеги адамдардын адеп-ахлак түшүнүгү кээде маданий деңгээлден артта болот. Кээ бир коомдор ар бир ачык аялды көздөрү менен «көзөшөт» жана аларга сөз менен же физикалык кол салууга чейин барышы мүмкүн. Кадимки шарттарда мусулман аялдар мажбур болбосо, ансыз да мындай коомдордун арасына барышпайт. Бирок барышы керек болгондо, бир мусулман аял чара көрүп, айланадагы адамдарга мусулман жана намыстуу бир аял экенин көрсөтүп, ыктымалдуу бир кысымчылыктан качынышы керек болот. Ушундай учурда мусулман аялдар хиджаб кийүү аркылуу буга чара көрүшөт.

Бул, албетте, бир аялдын жеке оюна коюлган нерсе. Көбүнчө биз жашаган демократиялык жана заманбап коомдордо мындай кооптуу чөйрө кездешпейт. Ошондуктан батыш өлкөлөрүндө аялдар өздөрүн коопсуздукта көрүшүп, хиджаб кийүүгө мажбур сезишпейт. Бирок кээ бир аялдар үчүн ал коомдордо да коркунуч туудура турган кишилер болушу мүмкүн. Ошондуктан бир мусулман аял эгер өзүн коопсуз сезбей жатса, эркин бир батыш өлкөсүндө да хиджаб кийиши мүмкүн. Аяттагы шарт – бир мусулман аялдын кийиминен улам туура эмес кабыл алынып, кысымчылыкка кабылышына бөгөт коюу.

# Жоолукту жактап, «жилбабды» унутуу

Бул жерден жоолук темасына келе турган болсок, каалаcа бир аял «жоолук Куранда бар жана мен муну Ахзаб Сүрөсүнүн 59-аятынан көрдүм» деп башын жамынышы мүмкүн. Хиджабдын ордуна жоолукту тандаган болот жана жамынууну ушундай түшүнгөн болот. Бирок бир адам «жоолук Куранда бар жана бул Нур Сүрөсүнүн 31-аятында айтылган» десе, туура эмес сүйлөгөн болот. Мына ушул бир коркунуч. Себеби Раббибиз адалдарды арам кылган же Куран аяттары жөнүндө «тилдерин ойноткондордун» өкүмүн билдирген. Куран аятында болбогон бир өкүмдү –туурасын билип туруп- бар деп айтуу Аллах Кабатында чоң бир күнөө болушу мүмкүн.

Таң калыштуусу, кээ бир кишилер жоолукту диндин негизги бир символундай кабыл алып, болгон күчү менен жакташат, бирок Курандагы хиджаб (жилбаб) өкүмүн эч айтышпайт.

Чындап эле ыймандуулуктун критерийин жоолуктан издеп, Аллах такыбалыкты жогору койсо, алар жоолукка карап даража берген кээ бир кишилер эмнегедир Куранда чыныгы өкүм болгон жилбабдан эч сөз кылышпайт. Чындыгында, Куранда жоолук жөнүндө эч бир өкүм болбогонуна, жилбаб жөнүндө болсо ачык бир өкүм турганына карабастан, Куранда жок бир өкүмдү жактоо жолун тандашат. Жоолук жөнүндө ушунча көп айтылып, жалпы дүйнөлүк масштабда жилбабдын эч айтылбашы чындап эле таң калаарлык көрүнүш.

# Мусулман бир аял Курандын негизинде кандай кийиниши керек экенин билет

Бул жерде дагы бир маанилүү жагдайга өзгөчө басым жасап кетүү керек: мусулман бир аял Курандын негизинде кандай кийиниши керек экенин өтө жакшы билет. Ал үчүн бир эркектин аялдарга эмнени кантип кийээрин сүрөттөп бериши кажет эмес. Бир эркектин бир аялдын кантип кийинээрине кийлигишип, ага жол көрсөтүүгө же сындоого укугу да жок. Бул укукту ага Аллах берген эмес. Демек буга укугум бар дей албайт. Бул учурда өзгөчө мусулман өлкөлөрдө айтылып, ашкере кылынышы керек болгон бир акыйкат.

Бир аял каалаcа башын жабат, каалаcа хиджаб кийет, каалаcа башы ачык же декольте жүрөт. «Мен мусулманмын» дегенде эч бир адамдын аны сындаганга укугу жок. Кайсынысынын Аллахтан көбүрөөк коркоору Аллах Кабатында гана белгилүү. Динде чен-өлчөм кийим эмес, дайыма чын ниеттүүлүк болот. Хиджаб кийген бир аял эки жүздүү болуп тозокко кирип, декольтелүү бир аял болсо бейишке кириши мүмкүн. Буга бир гана Аллах өкүм берет.

Курандан башка нерселер жол башчы кылынганда, ар бири ар башка, адам табиятына туура келбеген, адамды материалдык-руханий бүт тараптан кыйнай турган көйгөйлөр келип чыгат. Болгондо да, алар жеке адамдарга эле көйгөй жаратпастан, жалпы элди азапка, кыйынчылыктарга салышы мүмкүн. Бул бөлүмдө сөз болгон, башы жабык-башы ачык, декольтелүү-хиджаб кийген деген сыяктуу чен-өлчөмдөрдүн негизинде кийим дискриминациясынын жасалышы да Куранда жок, туура эмес бир көз-караш жана өлкөдө бейпилдиктин бузулушуна жол ачат.

Аллах Куранда жогорулуктун тышкы көрүнүш-кийимде эмес такыбалыкта (Аллахтан коркуп жашоодо) экенин аятында кабар берет:

> **Эй Адам урпактары, Биз силердин жаман жерлериңерди тосо турган бир кийим жана силерге «коoздук бере турган бир кийим» түшүрдүк (жараттык). <u>Такыбалык менен оронуп-жабдынуу болсо бул жакшыраак.</u> Бул Аллахтын аяттарынан. Насаат алып-ойлонушат чыгаар. (Аьраф Сүрөсү, 26)**

Ыйман жүрөктө болот жана турмушка ашырылат. Ыйман бир адамдын жакшы мүнөзү аркылуу, сылыктыгы аркылуу, боорукердиги аркылуу, жоомарттыгы аркылуу, ак пейилдүүлүгү аркылуу, кечиримдүүлүгү аркылуу,

сапаты аркылуу, маданий деңгээли аркылуу, акылмандыгы аркылуу, искусство түшүнүгү аркылуу, илим түшүнүгү аркылуу, кыскасы, бүт тараптан өзүн көрсөтөт. Ошондуктан адамдарды тышкы көрүнүшүнө карап эмес, кулк-мүнөзүнө, адеп-ахлагына карап баалоо керек.

Тышкы көрүнүшүнүн кандайлыгы эч маанилүү эмес, «мен мусулманмын» деген адамдардын баары бирдей, нурдуу, баалуу мусулмандар. Эч кимисин бөлүп коюу, дискриминация кылуу туура болбойт. Эч кимдин дискриминация кылганга укугу да жок.

# 2 аял = 1 эркек жаңылыштыгы

Кээ бир кишилер тарабынан Исламга каршы далилдей колдонулган жана туура эмес түшүнгөн жагдайлардын бири болсо – бул «аялдын акысы эркектин акысынын жарымына барабар» деген көз-караш. Исламга каршы чыккан бир катар кишилер «бир эркектин күбөгө өтүшү жана акысы эки аялга барабар» деген түшүнүктү айтышкан. Фанаттар бул туура эмес чечмелөөдөн пайдаланып, аны ошол замат турмушка ашырышып, аялга «жарым адам» деген мөөрдү басышкан. Чындыгында болсо, Ислам душмандары да, фанаттар да көп жагдайда жаңылгандай, бул жерде да жаңылышкан.

Аллах Куранда аял менен эркектин күбөгө өтүшүн бирдей туткан. Курандын эч жеринде «бир эркектин күбөгө өтүшү эки аялга барабар» деп айтылган эмес. Мисалы, зынаны (ойноштукту) далилдөөдө 4 күбө керек, жана Куранда бул күбөлөр 4 аял же 2 эркек, 4 эркек же 8 аял дебестен, 4 күбө деп айтылат. Б.а. аял же эркек, ким болсо да 4 адам күбө болсо жетиштүү болот, аял-эркек деп бөлүнбөйт.

Күбөлөр карама-каршы келгенде болсо, бул жагдайда да Куранда аял жогору коюлуп, аялдын сөзүнө ишенилген. Мисалы, бир аял зынаа (никесиз байланыш) менен айыпталганда, аял менен күйөөсүнүн күбөлүгү бири-бирине карама-каршы келгенде аялдын күбөлүгү жогорураак коюлат. Натыйжада аял берген күбөлүгүнө ылайык күнөөсүз деп кабыл алынат. Бул жөнүндөгү аяттар төмөнкүчө:

> **Өз жубайын (зынаа менен) айыптап, өзүнөн башка күбөсү жоктор болсо, алардын ар биринин күбө болушу – Аллах атына төрт (жолу ант) менен өзүнүн эч күмөнсүз туура айтып жатканына күбөгө өтүү. Бешинчи (анты) болсо – эгер калп айткан болсо, Аллахтын каргышынын сөзсүз өзүнө болушу(н кабыл алышы). Анын (аялдын) болсо төрт жолу Аллах атына (ант ичип) аны (күйөөсүн) эч күмөнсүз калп айтып жатат деп күбөгө өтүшү аны жазадан куткарат. (Нур Сүрөсү, 6-8)**

Аялдын Куранда күбөгө өтүү жагынан эркектен жогору коюлганы – көптөр билбеген, өтө маанилүү бир чындык. Бул Курандын маңызын жана аялга болгон көз-карашын көрсөтөт. Бирок Исламга каршы чыккандар менен фанаттар болсо муну такыр башкача билишет. Аялдын күбөгө өтүшү жана мурас укугу жөнүндө аялды жарым көргөн фанаттар өз ойлорунда далил катары колдонгон аяттарды карап, ал өкүмдөрдүн чыныгы маанилерин көрөлү:

# Аял жана белгилүү убакытка карыз алууда күбөгө өтүү

Аялдын күбөгө өтүшү маселесинде Куранда белгилүү убакытка карыз алуу темасы гана бөтөнчө каралган. Бул жердеги бөтөнчө жагдайды түшүнүү үчүн карыз алуу темасы баяндалган Бакара Сүрөсүнүн 282-аятын карайлы:

**Эй ыймандуулар, белгилүү бир мөөнөткө карыз алганыңарда аны жазгыла. Араңардан бир катчы туура жазсын, катчы Аллах ага үйрөткөндөй жазуудан качпай, жазсын. Үстүндө акы бар (карыздар) да жаздырсын жана Рабби Аллахтан тартынсын, андан эч нерсени кемитпесин. Эгер үстүндө акы болгон (карыздар) акылы кем же алсыз же өзү жазганга күчү жетпесе, велиси (достууганы) туптуура жаздырсын. <u>Эркектериңерден экөөнү күбө кылгыла; эгер эки эркек жок болсо, күбөлөрдөн ыраазы боло турган бир эркек менен бири адашканда экинчиси ага эстете турган эки аял (да болот).</u> Күбөлөр чакырылганда качышпасын. Аны (карызды) аз болсо да, көп болсо да, мөөнөтү менен бирге жазуудан эринбегиле. Бул Аллах Кабатында эң адилеттүүсү, күбөгө өтүү үчүн эң ишенимдүүсү, күмөн санабашыңар үчүн да эң жакшысы. Бирок араңарда айланып турган жана алдын-ала төлөп жүргүзгөн соодаңар башка; аны жазбай койсоңор да болот. Соода-сатык кылганыңарда да күбө туткула. Жазганга да, күбөгө да зыян тийгизилбесин. (Тескерисин) Кылсаңар, ал өзүңөр үчүн фиск (зулумдук жана күнөө) болот. Аллахтан тартынгыла. Аллах силерге үйрөтүүдө. Аллах бүт баарын билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 282)**

Карыз алуунун өкүмү баян кылынган бул аятта «карыздарды жазгыла жана катчы менен күбөлөр бул милдеттен качпасын» деп айтылууда. Ошондой эле, аяттын аягында «жазганга жана күбөлөргө зыян тийгизбөө керек экени» айтылган. Көрүнүп тургандай, материалдык кызыкчылыктарга келгенде адамдар күбөгө өтүүдөн качып, мындай жоопкерчиликке аралашкысы келбейт. Аллах болсо бул милдетти толугу менен эркектерге жүктөп, карыз алуу учурунда «эки эркек күбө табууну» талап кылган. Көңүл бурулган болсо, аятта «эки эркекти же төрт аялды күбө катары тапкыла» деп айтылган эмес, түз эле «эки эркек күбө тапкыла» деп айтылган. Рисктүү, машакаттуу жана көптөр качкан бул жоопкерчилик түздөн-түз эркектерге жүктөлгөн. Ошентип, кысымчылыкка көп чыдай албаган аял бул милдеттен корголгон.

Аяттын өкүмү боюнча, эки эркек табылбай, бир эле эркек болгондо гана «бир эркек жана эки аял табуу» шарты коюлган. Бул карыз алуу сыяктуу материалдык кызыкчылык жана эсептешүүлөрдөн келип чыга турган рисктүү абалда аялдын жалгыз калбашына шарт түзөт. Терс бир жагдай келип чыкканда, бир эркек менен бир аялдын карама-каршы келип калышына эң башынан бөгөт коюлуп, аял коргоого алынат.

Мисалы, карыздын суммасы же төлөөнүн шарттары жөнүндө кандайдыр бир түшүнбөстүк келип чыкты дейли. Эки күбө эки башка нерсени айтып жаткан болсо, аял менен эркек беттешип калат жана эки тараптын бирөөсүнүн жалганчы экени анык болуп турган мындай шартта аял катуу стресс жана басымдын астында калат. Аллах Куранда бүт тышкы басымдардан коргоого алган аялды мындай кырдаалга туш болуудан да коргогон. Аялдын жанында ага колдоо көрсөтө турган экинчи бир күбөнүн болушу мындай басымга бөгөт койот. Бир эркек менен эки аял күбө болгондо, күбөлөрдүн саны үчкө чыгып жоопкерчилик азайганы үчүн күбөнүн стресси азайат жана басым жасагысы келген ниети бузук адамдар эми эки адамдын бирөөсүн эмес, үч адамдын экөөсүн алдашы керек болгондуктан, иши оордойт.

Белгилүү болгондой, карыз маселеси өзгөчө азыркы заманда бир адам башкасына жалаа жабышы, уялбай тигил тарапты күнөөлөшү, күмөн астында калтырышы ыктымал болгон, өтө рисктүү маселе. Ошондуктан бул жерде аялды коргоо үчүн алынган чара көп тараптан аял үчүн бир жеңилдик болот. Кээ бир адамдар аялдарды алсыз көрүп, оңой эле жалаа жаап кириши мүмкүн. Акча маселеси менен байланыштуу жагдайларда да мындайлар аялды айыптап, жалган жалаа жабышы ыктымал. Эки аялдын бирге күбө болушу мындай жалган жалаа рискине бөгөт койот.

Бул ошол эле учурда аялга психологиялык жактан да жеңилдик берет. Карыз маселесине күбө болууда карыздын суммасы, алуучу-берүүчү сыяктуу жагдайларды унутуу өтө рисктүү болушу мүмкүн. Өзгөчө мусулмандарга адилеттүү күбөгө өтүү милдети жүктөлгөндүктөн, карыз жөнүндөгү майда-чүйдөлөрдүн баарын толук билип, аларды унутпаганга милдеттүү. Аялдардын ушундай жоопкерчилиги экиге бөлүнгөн болот. Аял эске

тутуусу күчтүү болуп, унутуп калбоо үчүн керектүү чараларды көрсө да (негизи аялдар эркектерге караганда дайыма кылдатыраак болушат), дагы бирөөнүн бар болушу аны психологиялык жоопкерчиликтен куткарат.

Мындай психологиялык жоопкерчилик жана унутуу ыктымалдыгы, албетте, эркекке да тиешелүү. Бирок Куранда психологиялык жана материалдык жактан коргоого алынган тарап дайыма аялдар болгон. Раббибиз аялдарды өзгөчө майда-чүйдөлөргө көп маани берген, кичинекей жоопкерчиликтерге да өтө олуттуу караган, кылдат, жоопкерчиликтүү кылып жараткан. Ошондуктан өзгөчө карыз маселесинде аялдын мойнундагы жүк табияты жагынан өтө оор болот. Мына ушул жүктү азайтуу, аны коргоо жана психологиялык басым астында калышына бөгөт коюу үчүн Улуу Аллах ушундай жеңилдик чарасын жараткан. Бул дагы Раббибиздин аялды канчалык барктуу кылганын көрсөткөн бир өкүм.

Куранда мамлекетти башкарган бир аял –Саба ханышасы- мисал келтирилип, анын чечимдерди алган күчтүү бир инсан болгонуна басым жасалганын унутпаш керек. Мунун мааниси Куран боюнча, аялдар мамлекет башкара ала турганчалык акылман жана кулк-мүнөзү жагынан күчтүү. Ошондуктан карыз маселесинде аялдарды коргогон бул аятты «аялдардын акылы кем» деп чечмелеген кишилер Курандагы өкүмдү көрмөксөн болуп, аятты өздөрү каалагандай чечмелешүүдө. Биз болсо бир гана Куранга таянабыз.

# Аял жана мурастагы укугу

Мурас укугунда аялга эркектин жарымынчалык үлүш берилишин да көбүнчө көп адамдар туура эмес чечмелешет. Курандын рухун, Исламдын негиздерин жана Раббибиздин аялдарга болгон боорукердигин, айоосун түшүнө албаган кээ бир кишилер мурастын бөлүштүрүлүшү жөнүндөгү аятты бүт Курандын негизинде карабай, өзүн жалгыз алып, өздөрүнүн түшүнүгүнө далил көрсөтүүгө аракет кылышат. Чындыгында болсо, мурас укугу да Куранда аялдын канчалык корголгондугунун бир көрсөткүчү.

Куранда аялдын мурастагы үлүшү жөнүндөгү аяттар төмөнкүчө:

> **Эне жана атанын жана туугандардын калтыргандарынан <u>эркектер үчүн бир үлүш бар</u>; эне жана атанын жана тууганды калтыргандарынан <u>аялдар үчүн да бир үлүш бар</u>. Анын азынан жана көбүнөн парз кылынган бир үлүш бар. (Ниса Сүрөсү, 7)**
>
> **Балдарыңар жөнүндө Аллах <u>эркекке эки аялдын үлүшүндөй</u> кеңеш кылат. Эгер алар экиден көп аял болсо (өлгөндөн мураска) калгандын үчтөн экиси алардыкы болот. Аял (же кыз) бирөө болсо, анда жарымы аныкы болот. (Өлгөндүн) Бир баласы болсо, андан калгандын эне жана атанын ар бири үчүн алтыдан бир, баласы жок болуп, эне жана атасы ага мураскор болсо, анда энеси үчүн үчтөн бири берилет. Анын бир тууганы бар болсо, анда энеси үчүн алтыдан бири. (Бирок бул өкүмдөр өлгөндүн) Айткан осуяты же (бар болсо) карызы кемитилген соң. Аталарыңар, балдарыңар, силер алардын кайсынысынын пайдасы жагынан силерге жакыныраак экенин билбейсиңер. (Булар) Аллахтан бир парз. Эч күмөнсүз, Аллах билүүчү, өкүмдар жана даанышман. (Ниса Сүрөсү, 11)**

Исламда мурас биринчи аяттан көрүнүп тургандай, аялдын да, эркектин да акысы. Экинчи аятта болсо мурастын кандайча бөлүштүрүлөөрү кабар берилген жана анда мурас адамдардын муктаждык жана жоопкерчилигине карап бөлүштүрүлгөн.

Куранды жалпылай караганда, эне, жубай, кыз бала же кыз бир тууганды өзүн-өзү багууга милдеттүү эмес экенин; эркек бала, күйөө, ата же эркек бир тууганды жоопкерчилигине берилгенин көрөбүз. Бул ар бир аялга өмүр бою тиешелүү бир өкүм. Б.а. эркек бала, күйөө, ата же эркек бир тууган коргоосу астындагы аялды өмүрүнүн аягына чейин багууга милдеттүү.

Мисалы, үйлөнүп жатканда эркек аялга мехир (калың) берет. Мехир Куран боюнча аялдын үй-бүлөсүнө эмес, түздөн-түз аялга берилет. Үйлөнгөн соң болсо аялды жана балдарды багуу толугу менен эркектин мойнунда болот. Алдыда карала тургандай, ажырашканда да, багып, материалдык колдоону улантуу керек болот. Ошондуктан аялга жүктөлбөгөн чыгымдардын баары дайыма эркектин мойнунда.

Аялды материалдык жактан багуунун эркекке жүктөлгөнү аялды чектөө деген мааниге келбейт. Бул аял буга муктаж деген мааниге да келбейт. Мындай чара аялга берилген кадыр-барктын символу жана аял өмүр бою кыйналбашы үчүн алынган бир чара. Аял каалагандай жашаганга, иштеп же иштебегенге, акча таап же таппаганга, ишкер болгонго, ишкана же, ал тургай, мамлекет башкарганга эркин. Материалдык мааниде дайыма бир эркектин коргоосу астында болушу аялдын социалдык жашоосун чектөө, эркин жашашына бөгөт болуу же аны үйгө камоо деген мааниге келбейт. Бир эркектин коргоосу астында болушу ал эркек ал аялды башкарат деген мааниге да келбейт. Курандын эч бир жеринде эркек аялды башкарат деп айтылган эмес. Куранда өтө кылдат корголгон аял өмүр бою кыйналбашы үчүн эркекке материалдык жоопкерчилик жүктөлгөн.

Бирок Куран боюнча, аялдын эч кимдин алдында мындай жоопкерчилиги жок. Аял башкаларды багууга жана, ал тургай, өзүн багууга да милдеттүү эмес. Каалабаса иштебейт, бул аялдын мойнундагы бир милдет эмес.

Мындан тышкары, аялдын өзүнүн мал-мүлкүн каалагандай колдонуу укугу бар. Аял бай болсо да, үй-бүлөсүнүн чыгымдарына көмөк көрсөтүүгө мажбур эмес. Балдарын багууга да милдеттүү эмес. Аял эркектен байыраак болсо да, баары бир материалдык жоопкерчилик эркектин мойнунда болот.

**Аял мурастан алган үлүшүн кааласа иштете алат, кааласа өзүнө корото алат, кааласа сактап койо алат. Ал эми эркек болсо мурас укугу боюнча алган үлүшүн аялды бакканга коротууга милдеттүү. Аялынын, балдарынын, эгер бар болсо кыз бир тууганынын да жакшы, кыйналбай жашашы анын жоопкерчилигинде болот. Кайра эске салалы: бул аял буга муктаж болгону үчүн эмес, аял өмүр бою кыйналбашы үчүн.**

Куранда ачык айтылган чындыктардын негизинде караганыбызда апачык бир акыйкатты көрөбүз: эгер мурас укугунда аял менен эркекке бирдей үлүш берилгенде, үлүштөрү бирдей болгонуна карабастан, эркек үй-бүлөнү багып, аялдын болсо мындай жоопкерчилиги болбогону үчүн тең салмактуулук эркектин зыянына бузулмак.

Аятта айтылган маанилүү бир жагдай – бул **«(Бирок бул өкүмдөр өлгөндүн) Айткан осуяты же (бар болсо) карызы кемитилген соң.»** деп айтылгандай осуяттын биринчи кезекке коюлаары. Эгер өлгөн киши мурас калтырса, биринчи кезекте осуятты караш керек. Ал мураста өлгөн киши бүт мал-мүлкүн аялга калтырып, үй-бүлөнүн эркектерине эч нерсе бербеген болушу да мүмкүн. Анда аяттын өкүмү боюнча осуят негиз алынат жана бүт мурас аялга калат.

Аллахтын эркектин мойнуна аялдын материалдык жоопкерчилигин жүктөшүнүн терең маанилери бар. Эгер Аллах каалаганда, эркекке мындай жоопкерчилик жүктөлмөк эмес жана аялдын эч материалдык кепилдиги болмок эмес жана, ал тургай, балдарын өзү багууга милдеттүү болушу мүмкүн эле. Бирок бул бир аял үчүн чоң бир жүк, психологиялык басым жана оор бир жоопкерчилик болмок. Материалдык мааниде мындай оор жүк Куранда эч качан аялга жүктөлгөн эмес.

# Аялдын ажырашуу укугу

Ажырашуу жөнүндө бул жерде айта турган биринчи жагдай мындай: аялга ажырашуу укугун бербеген бир катар фанаттардын кылганы туура эмес. Бул түшүнүк боюнча, аял канчалык бактысыз болсо да, азап тартса да, эркек менен ажыраша албайт. Аялдарды эзип, эркектерди өйдө көрсөтүүгө аракет кылган фанаттык түшүнүктүн мындай иш-аракети учурда Иран жана Сауд Арабиясы сыяктуу өлкөлөрдө иш жүзүндө жасалууда.

Мындай түшүнүк Куранда такыр жок, жана Куранга карама-каршы келет. Курандын эч бир жеринде «эркек гана аялы менен ажыраша алат» деген өкүм жок, жана Бакара Сүрөсүнүн 228- жана 241-аяттарында «ажырашкан аялдар» жөнүндө сөз кылынат. Ажырашуу укугу эркекке да, аялга да бирдей берилген.

Бирок, бир катар Куран тафсирлерин же котормолорун караганыбызда «ажырашкан аялдар» деген сөздүн башына кашаанын ичинде «күйөөсү тарабынан» деп кошуп коюлганын көрөбүз. Бул жаңылыштык бир катар тафсирчилердин фанаттык Ислам түшүнүгүнөн кутула албай, Курандын айтканын өздөрүнчө жетишсиз көрүп, аяттарды фанаттык түшүнүккө тууралоо аракетинен келип чыгууда. Мурдакы бөлүмдөрдө аяттарга кашаанын ичине кошумчалар жасоонун негизинен Куранды фанаттык түшүнүккө тууралоо аракетинин бир бөлүгү экенин айтып өттүк. Бул жерде да аятты өз каалоолоруна жараша өзгөртө албашын билген кээ бир кишилер кашааларды пайдаланышууда. Бирок, бул кашаанын ичиндеги жоромолдорду алып салганда, Куран аяттарынын апачык бир жагдайды айтып жатканын көрөбүз.

# Ажырашуу жана ажырашкан соң аялдын корголушу

Куранда аялдын жогорулугун көрүүдө аялдын ажырашкандан кийин багып-каралышы өтө маанилүү бир далил болот. Улуу Раббибиз аялдын ажырашкан кезде да укуктарын коргоп, аны өмүр бою кепилдик астына алган. Бир эркек, ажырашса да, аялды өмүр өткөнчө коргоп, аны багууга милдеттүү, аял буга муктаж болбосо дагы.

# Ажырашканда аялдардын көңүлүн алуу жана ыраазы кылуу

Ажырашуу напсилеринин каалоосуна карап жашаган кээ бир адамдар үчүн экинчи тарап менен болгон бүт кызыкчылык байланыштарын үзүү деген мааниге келет. Мындай кишилер кызыкчылык байланыштары бүткөн жерде берки тарапты бапестеп, ага көңүл буруунун кажети жок деп ойлойт. Көбүнчө ажырашкан адамына болгон бүт сүйүү жана сыйлоо сезимдерин да жоготкондуктан өз кызыкчылыктарын гана көздөп, анын оор, муктаж абалда калышын көрмөксөн болуп коюшу мүмкүн. Улуу Раббибиз Куранда болсо ажырашкан соң аялдарга боорукердик жана мээрим менен, жакшы мамиле кылуу керек экенин мындайча сүрөттөгөн:

> **Аялдарды ажырашканда, күтүү мөөнөтүн аяктаган болсо, аларды же <u>жакшы мамиле кылып</u> алып калгыла же <u>жакшы мамиле менен</u> жибергиле...» (Бакара Сүрөсү, 231)**
>
> **Эй ыйман кылгандар, ыймандуу аялдарды никелеп, анан аларга тийбестен ажырашсаңар, анда силер үчүн санай турган бир иддет (күтүү убактысы) жок. Анан <u>(ылдам) аларды пайдаландыргыла (аларга жете турган көлөмдө бергиле) жана жакшы мамиле менен аларды жибергиле.</u> (Ахзаб Сүрөсү, 49)**

Көңүл бурулган болсо, бул эки аятта тең «жакшы мамиле» кылгыла деп айтылууда. Ал тургай, ажырашкан соң да, эгер керек болсо аялды «жакшы мамиле менен алып калуу» да эркектин милдети. Аял иштебей, материалдык таянычы же жашай турган жери жок болушу мүмкүн. Бул аят ушундай кырдаалда ажырашкан аялды кепилдикке алып, эркекке же аны жакшы мамиле менен алып калуу же кеткиси келсе жакшылап аларды жиберүү жолдорун сунуштаган.

Кандай болсо да, эркек аялга жакшы мамиле кылышы керек.

# Ажырашкан соң аялдардын материалдык кепилдикке алынышы

Ажырашкан бир аялдын кароосуз, коргоосуз, материалдык жактан таянычсыз library ташталышына Куранда тыюу салынган. Ажырашкан соң аял бай же жакыр болсун, сөзсүз Ислам боюнча материалдык кепилдикке алынышы керек. Ажырашкан күйөөсү ага бул шартты түзүп берүүгө милдеттүү.

Куранда ажырашкан аялды материалдык кепилдикке алуу шартын койгон аяттар төмөнкүдөй:

**Ажырашкан (аял)дардын жакшы (шариятка ылайык) пайдалануу (жана күнүн өткөрүү)лөрү бар. Бул (Аллахтан коркуп) тартынгандарга бир акы (милдет). (Бакара Сүрөсү, 241)**

**... <u>Аларды пайдаланткыла</u>, бай адам өз күчүнө, жакыр адам да өз күчүнө жараша жакшы (шариятка жана салтка ылайык) абалда пайдалантсын. (Бул) жакшылык кылуучулардын мойнундагы бир акы (милдет). (Бакара Сүрөсү, 236)**

**Мүмкүнчүлүгү көп адам төлөмдү (алиментти) кеңири мүмкүнчүлүгүнө жараша берсин. Ырыскысы чектүү киши болсо Аллахтын ага бергенине жараша берсин. Аллах эч бир жанга ага бергенинен ашыкча жоопкерчилик жүктөбөйт. Аллах бир кыйынчылыктын артынан бир жеңилдик жасап-берет. (Талак Сүрөсү, 7)**

Аяттардан көрүнүп тургандай, бай адам да, жакыр адам да ажырашкан аялын коргоого милдеттүү кылынган. Өмүр бою ал кишини көрбөй турган, материалдык жана моралдык эч кандай кызыкчылык албай турган болсо да, ажырашкан аялын материалдык жактан коргоого жана ага сыпайы мамиле кылууга милдеттүү. Улуу Аллах муну сөзсүз чын көңүлдөн, каалап кылуу керек экенин аяттарында белгилеген:

**«Аялдарга мехирлерин (калың) <u>чын көңүлдөн каалап</u> (жана бир акысы катары) бергиле, бирок алар өз көңүлүнөн силерге андан бир нерсени кечсе, аны бейпил көңүл менен жегиле.» (Ниса Сүрөсү, 4)**

# Аялдарга берилген мал-мүлктөрдүн ажырашкан соң кайра алынбашы

Улуу Раббибиз аяттарында ажырашканда эркектин чогуу жашаган кезде аялына берген эч нерсени кайра албашы керек экенин билдирген:

**«Бир аялды койо берип ордуна башка бирөөгө үйлөнгүңөр келсе, алардын <u>бирөөсүнө (мурдакыга) өтө көп (мал-мүлк жана акча) берген болсоңор да, андан эч нерсе албагыла.</u> Ага доомат кылып жана апачык бир күнөөгө кирип бергениңерди аласыңарбы? Аны кантип аласыңар, бир-бириңерге кошулган (кошулуп жакын болгон) элеңер. Алар силерден анык бир кепилдик (күчтүү бир убада) да алышкан эле.» (Ниса Сүрөсү, 20-21)**

**... Аларга (аялдарга) берген бир нерсеңерди кайра алышыңар силерге адал эмес... (Бакара Сүрөсү, 229)**

Аллах аяттарда эркекке үйлөнгөндө аялга бир сөз жана кепилдик берилгенин эске салууда. Ошол убада себептүү аялга «өтө көп мал-мүлк жана акча» берген болсоңор да, баары бир аларды кайра талап кылбагыла деп билдирүүдө. Куранга моюн сунган бир мусулман бул убаданын Аллахка берилгенин билет. Ошондуктан бул багыттагы милдетин эң жакшы орундатат. **«Аларга (аялдарга) берген бир нерсеңерди кайра алышыңар**

**силерге адал эмес»** деген аятта да берилген нерселерди кайра алууга Аллах тарабынан тыюу салынганы ачык көрүнүп турат.

# Ажырашкан соң аялдарды турак жай менен камсыз кылуу

Улуу Аллах ажырашкан соң аял оор абалда калбашы жана жетиштүү деңгээлде корголушу үчүн эркекке аны жакын жерде кармашын кеңеш кылат. Ал тургай, бул бир коркунуч учурунда көз кулак боло тургандай аралыкта болушу керек. Ажырашкан соң өзүнө жашай турган ылайыктуу бир орун тапканга чейин аялга мүмкүнчүлүк түзүп берүү, ага кандайдыр бир зыян тийишине жол бербөө – ыймандуу адамдын абийирине жүктөлгөн маанилүү бир жоопкерчилик:

> **«(Ажырашкан) Аялыңарды <u>күчүңөргө жараша жашап жаткан үйүңөрдүн бир тарабына жашаткыла, аларды «кыйынчылык жана азапка салуу максатында» зыян тийгизбегиле.</u> Эгер алар кош бойлуу болгон болсо, жүктөрүн таштаганга (төрөгөнгө) чейин аларга төлөм (алимент) бергиле. Эгер силер үчүн (баланы) эмизсе, аларга акыларын төлөгүлө. <u>(Абал жана мамилеңерди) Өз араңарда жакшы (Исламга ылайык) отуруп-сүйлөшкүлө.</u> Эгер кыйынчылыкка түшсөңөр, анда (баланы) ал (атасы) үчүн башка бирөө эмизсе болот.» (Талак Сүрөсү, 6)**

Бул жерде маанилүү болгону үчүн дагы бир жолу айтып кетүү керек: аяттарда айтылган мындай коргоо чаралары, албетте, аял өзүн бага албаганчалык алсыз деген мааниге келбейт. Бул – кээ бир стереотиптүү кишилердин Ислам динин сындоо максатында чыгарган тантырак пикирлери. Аяттарда бийик бир адеп-ахлактан сөз кылынууда. Бул жерде сылык бир мүнөз, аялды бийик тутуу жана барктоо жөнүндө сөз болуп жатат. Аялды колдоо анын өтө барктуу жана баалуу экенин сездирүү үчүн жасалат. Бул Аллахтын аялга берген маанисин жана боорукердикти иш жүзүндө көрсөтүү. Аятта айтылгандай, аялдарга **<u>«кыйынчылык жана азапка салуу максатында» зыян тийгизүүгө</u> катуу тыюу салынган. «<u>(Абал жана мамилеңерди) Өз араңарда жакшы (Исламга ылайык) отуруп-сүйлөшкүлө»</u>** деп айтылгандай, Аллах ажырашкан жубайлардын ортосунда жакшы мамиле болушун каалайт. Учурда жалпысынан бүт эле өлкөлөрдө аялдын үй-бүлөлүк жашоосунда же андан кийин туш болгон оор абалын эске алсак, Куранда насаат кылынган бул чаралардын канчалык керектүү жана маанилүү экенин жакшыраак түшүнө алабыз.

# Аялдарга мажбурлап мураскор болбоо

Куранда аялдын корголушу менен байланыштуу жоопкерчиликтердин бири – бул аялдарга мажбурлуу мураскор болбоо. Аллах аятында мындай дейт:

> **«Эй ыйман кылгандар, <u>аялдарга мажбурлуу мураскор болууга аракет кылышыңар адал болбойт.</u> Апачык «жаман бир уятсыздык» кылбаса, аларга бергендериңердин бир бөлүгүн кетирүү (кайра алуу) үчүн аларга кысымчылык кылышыңар да (адал эмес.) Алар менен жакшы мамиледе болгула...» (Ниса Сүрөсү, 19)**

Аллах бул аят аркылуу болсо аялга кысымчылык кылуудан жана материалдык жактан аны кыйын абалга сала турган бир иштен тоскон.

# Эненин барктальшы

Энелик даражасы Куранда макталган. Эне-атаны урматтоо, аларга жакшы мамиле кылуу, аларды дайыма, улгайганда да коргоп-колдоо Куранда өзгөчө салих (чын ыкластуу) ыймандуулардын мойнуна жүктөлгөн жоопкерчиликтер жана бул жөнүндө өтө көп аят бар. Бул аяттардын кээ бирлери мындай:

**Биз адамга апасы менен атасына (карата) жакшылыкты (эреже тутушун) насаат кылдык... (Анкебут Сүрөсү, 8)**

**Раббиң Андан башкага кулчулук кылбагыла жана <u>ата-энеге жакшы мамиле кылгыла деп буйруду</u>. Эгер алардын бири же экөө сенин жаныңда картайса, аларга: <u>«Уф» деп да айтпа жана аларга сүйлөнбө; аларга жакшы сөз айт.</u> (Исра Сүрөсү, 23)**

Куранда ата-энеге урмат көрсөтүп, жакшылык кылуу Мусулмандарга насаат кылынган. Бирок эненин өзгөчө кадыр-баркы болот. Аллах аяттарында төмөнкүчө билдирген:

**Биз адамга апасы менен атасын (аларга жакшы мамиле кылууну) насаат кылдык. Апасы аны кыйынчылык үстүнө кыйынчылык менен (курсагында) көтөргөн. Анын (сүттөн) чыгышы эки жыл ичинде. «Мага да, апаң менен атаңа да шүгүр кыл, Мага гана кайтасыңар.» (Локман Сүрөсү, 14)**

Чындап эле ар бир эне баласын дүйнөгө алып келүү үчүн көп ай бою өтө көп машакат тартат. Аллах аятта билдиргендей, кыйынчылык үстүнө кыйынчылык менен наристесин курсагында көтөрүп, андан соң аны кыйынчылык менен дүйнөгө алып келет. Жана анан өтө кыйналып баласынын бейпилдигин камсыз кылып, аны карайт. Ал тургай, буларды кылып жатканда эч кандай бир кызыкчылык күтпөйт, тескерисинче өз муктаждыктарын экинчи планга койот. Аллах бул чындыктарды биздин эсибизге салып, энелерибиздин өтө баалуу экенине көңүл бурган.

# Эркек жогору деген жалаа жана аялды уруу жөнүндө ойлоп чыгарылгандар

Кээ бир кишилер өздөрүнчө эркектин аялдан жогору экенине жана аялды урууга Курандан далил келтирүүгө аракет кылып, төмөнкү аяттарды мисал көрсөтүшөт:

**Аллах кээ бирин кээ биринен жогору кылышы жана алар өз мал-мүлкүнөн сарпташы себептүү эркектер аялдардын «жоопту кароочусу». Чын ыкластуу (салиха) аялдар чын көңүлдөн (Аллахка) моюн сунгандар, Аллах кандай коргогон болсо көрүнбөгөндү коргоочулар. Аялыңардын чектен чыгышынан корксоңор (алгач) насаат айткыла, (анан аларды) төшөктөрдө жалгыз калтыргыла, (ал да жетпесе акырын) ургула. Силерге моюн сунса, алардын зыянына бир жол издебегиле. Чындыгында Аллах улуу, бийик. (Аялы менен күйөөсүнүн) Мамилелеринин бузулушунан корксоңор, анда эркектин үй-бүлөсүнөн бир калыс, аялдын үй-бүлөсүнөн да бир калыс жөнөткүлө. Алар (ортолорун) оңдогулары келсе, Аллах да ортолорунда ийгилик берет. Эч күмөнсүз, Аллах билүүчү, кабардар. (Ниса Сүрөсү, 34-35)**

# Эркектер жогору деген жалаа:

Ниса Сүрөсүнүн 34-аятында «Аллах кээ бирин кээ биринен жогору кылышы» деген фразадагы «беедхум» деген сөздүн маанисин караганыбызда, бул жерде эркек жана аялдардан турган аралаш бир топко кайрылуу жасалганын көрөбүз. Ошондуктан бул жердеги аяттын чыныгы мааниси төмөнкүдөй: «Аллах эркектер менен аялдардын кээ бирлерин кээ бирлеринен жогору кылган». Мунун мааниси Аллах ар бир адамга ар кандай жөндөм жана өзгөчөлүктөрдү берген.

**«Аллах кээ бирин кээ биринен жогору кылышы жана алар өз мал-мүлкүнөн сарпташы себептүү эркектер аялдардын «жооптуу кароочусу».»** деп которулган бөлүктө болсо эркектердин аялдардан жогору экенине эмес, «дене түзүлүшүнүн айырмалуу экенине» гана басым жасалууда жана **«алар өз мал-мүлкүнөн сарпташы себептүү»** деп –жогоруда терең каралгандай- эркектин материалдык жактан аялды карап-багуу милдети эскертилүүдө. **«Эркектер аялдардын «жооптуу кароочусу»»** (же кээ бир котормолордо «кароочу» деп айтылат) деп которулган фразанын арапчасы болсо **«эррижалү каввамуне аленнисаи».**

Мунун чыныгы котормосу болсо төмөнкүчө: **«Эркектер аялдарды карайт»** же **«Эркектер аялды багууга милдеттүү».**

Аяттагы «Каввам» сөзү көп Куран маанилерин которгондор тарабынан башчы деп которулууда. Бирок бул сөз кездешкен башка бүт аяттарда «каввам» деген сөз бир гана маанини берүүдө: кароо жана коргоо. Эсиңизде болсо, мурдакы бөлүмдөрдө арап тилинин өтө бай экенин жана аяттардагы сөздөрдүн колдонуу формасын жана маанилерин түшүнүү үчүн ал сөздүн башка аяттарда кандайча колдонулганын кароо керек деген элек. Бул «каввам» сөзүнө да тиешелүү.

«Каввам» деген сөз «квм» уңгусунан келип чыгат. Бул уңгудан келип чыккан сөздөр кездешкен бүт аяттарды караганыбызда эч жерде «башчы» деген маанини таба албайбыз. Куранда башчы жана өкүмдарлар жөнүндө «Хүккам» деген сөз колдонулат. Мындан бул аятта бул сөздүн «кароо-коргоо» деген мааниде колдонулганын оңой эле түшүнүүгө болот.

Куранды жалпылай караганыбызда муну жакшы түшүнөбүз. Жогоруда да айтылгандай, Куранда аялдардын жогору коюлганын, эркин экенин, бирок ошол эле учурда кандайдыр бир кыйынчылыкка кабылбашы үчүн коргоого алынганын көрөбүз. Аялдарды коргоо, материалдык жактан колдоо көрсөтүү, кыйынчылыкка түшпөшү үчүн чара көрүү милдети болсо эркектерге жүктөлгөн (мурдакы бөлүмдөрдө муну терең карадык). Ошондуктан бул аятта да «каввам» сөзү аркылуу апачык айтылгандай, эркектерге аялдарды дайыма жана ар кандай шартта коргоо милдети жүктөлгөн. Бир катар фанаттар эркектердин жогорулугуна далил катары көрсөтүүгө аракет кылган бул аят негизи аялдардын жогорулугун көрсөткөн бир аят.

# «Аялдарды ургула» деген жалаа

Ниса Сүрөсүнүн 34-аятындагы **«Аялыңардын чектен чыгышынан корксоңор (алгач) насаат айткыла, (анан аларды) төшөктөрдө жалгыз калтыргыла, (ал да жетпесе акырын) ургула.»** деген сүйлөмдө көп котормолордо «аялдарды ургула» деп которулган сөздүн арапчасы «идрибухунне» деген сөз. Бул сөз болсо «дарабе» этишинен келип чыккан.

«Дарабе» деген сөз арап тилинде балким эң мааниси бай сөз болушу керек. «Дарабенин» «уруу» деген мааниси да бар, «акча басуу» деген мааниси да бар. «Ишташтоого, митингге чыгуу» дагы «дарб» сөзү менен айтылат. Муну, мисалы, кыргыз тилиндеги «кагуу» деген сөзгө салыштырсак болот. Бирөө «эшик кагылып жатат» десе, бирөө келип эшикке мык кагып жаткан экен деп ойлобойбуз көбүнчө. Бир конок келип эшикти

ачышыбызды күтүп жатат деген мааниге келет. Ошондуктан көп мааниси бар сөздөрдү колдонууда анын колдонуу формасына, сүйлөмдүн маанисине жана сөздүн чыныгы маңызына акыл менен кароо керек.

«Дарабе» сөзүнүн эң кеңири колдонулган маанилеринин бири болсо – бул саякат кылуу жана сыртка чыгуу. Куранда саякат кылуу, сапарга чыгуу, бир жерден белгилүү убакытка кетүү деген мааниге келген аяттарда «дарабе» этиши колдонулган. Мисалы;

**«Жер бетинде <u>сапарга чыкканыңарда</u> (дарабтүм), каапырлардын силерге бир жамандык кылышынан корксоңор, намазды кыскартып окушуңарда силерге күнөө жок...» (Ниса Сүрөсү, 101)**

**«Ант болсун, Биз Мусага вахий кылган элек: «Кулдарымды <u>түнкүсүн жолго алып чык</u>, аларга деңизде кургак бир жол ач, жетип алышат деп коркпо жана тынчсызданба.» (Таха Сүрөсү, 77)**

**(Садакалар) Өздөрүн Аллах жолуна арнаган кедейлер үчүн; алардын <u>жер жүзүндө кыдырууга</u> күчтөрү жетпейт... (Бакара Сүрөсү, 273)**

**Эй ыймандуулар, каапырлар менен <u>жер жүзүндө кыдырып жүргөндө</u>... (Али Имран Сүрөсү, 156)**

**Жер жүзүндө сапарга чыкканыңарда... (Ниса Сүрөсү, 101)**

Бул аяттардагы «дарабе» сөзүн, албетте, эч качан «уруу» деген маанide колдонууга болбойт. Бул Ниса Сүрөсүнүн 34-аятына да тиешелүү. «Дарабе» сөзүн бул аят боюнча караганда сөздүн үч башка маанисине токтолушубуз керек болот:

1- Аларды үйдөн чыгаргыла, 2- Аларды турган жеринен кетүүгө мажбур кылгыла, 3- Аларды ургула.

«Дарабе» сөзүнүн Ниса Сүрөсүнүн 34-аятындагы колдонулушун түшүнүү үчүн аяттын башындагы фразага, **«Аялыңардын чектен чыгышынан (нүшуз) корксоңор»** деген фразага кайтуу керек. Бул жердеги «нүшуз» деген сөз көп Куран маанилеринин котормосунда «моюн сунбастык, баш көтөрүү» деп которулган. Аялды басмырлоо түшүнүгүн аялдар жөнүндөгү аяттарга эптеп кошууну көздөгөн кээ бир Куран котормочулары фанаттык түшүнүктүн шарты болгон «эркекке моюн сунуу» түшүнүгүн же кашаанын ичинде же болбосо бурмаланган котормолор аркылуу бергенге аракет кылышкан. Чындыгында болсо, «нүшуз» деген сөз «бир аялдын күйөөсүнөн башка бир киши менен флирттен башталып, никесиз жыныстык байланышка чейин созулган туруксуздугу» деген мааниге келет. Ошондуктан аяттын уландысында күйөөсүнө туруксуздук кылган бир аялга күйөөсүнүн кандай мамиле кылышы керек экени сүрөттөлгөн.

Эркек алгач аялына мындай кылба деп насаат бериши керек. Ал пайда бербесе, күйөөсүнө төшөгүн бөлүп салышы кеңеш кылынган. Бирок аял ошого карабай, никесиз мамилесин улантып, зынаага (ойноштукка) чейин барса, анда эң жакшы чара катары аялды үйдөн кетирип жиберүү жолун колдонуп көрүү сунушталган.

Аял өтө кылдат коргоого алынган Куранда «аялды уруу» жөнүндөгү өкүмдүн болбошу анык. Акыл жүгүртүп көрсөк деле, канчалаган эскертүүгө карабастан күйөөсүн алдаган бир аялды уруу ансыз да туруксуз болуп калган бир аялды ачууландырышы гана мүмкүн, бул эч маселени чечпейт жана, ал тургай, башка маселелерди да пайда кылат. Ал эми кетирип жиберүү болсо маселени чечиши мүмкүн. Аял үйүнөн алыста калган мөөнөт ичинде акылдууураак ойлонуп, кылганына бушайман болушу жана акылына келиши мүмкүн. Катасынан кайтса, күйөөсүнүн анын зыянына бир жол издебеши керек экени да аятта айтылган.

**«Силерге моюн сунса, алардын зыянына бир жол издебегиле.»** деп которулган сүйлөмдө да «эркекке моюн сунган аял» деген түшүнүктүн негизинде бурмалоо жасалган. Аяттын чыныгы маанисинде болсо «берген насаатыңарды угуп, туруктуу болушса» деген маани айтылууда. Бул жердеги критерий аялдын эркекке моюн сунушу эмес, үй-бүлөлүк жашоодо эки тараптын тең өз жоопкерчилигине «бекем (туруктуу) болушу».

# Аялдар жөнүндө башка жаңылыштыктар

Куранда аялдар жөнүндө көп адамдар туура эмес билген нерселердин бири – бул Аз. Адам (ас) менен жубайы жөнүндөгү жагдайлар. Курандын эч бир жеринде жубайы Аз. Адамды (ас) алдап, күнөөгө киргизген деп айтылбайт. Аьраф Сүрөсүн 11-аятынан 28-аятына чейин окуганыбызда, Аз. Адам (ас) менен жубайы экөөсүн тең шайтандын алдаганын көрөбүз.

Ошол сыяктуу, аял эркектин кабырга сөөгүнөн жаратылган деп дагы Курандын эч бир жеринде айтылган эмес. Бул жалаанын булагы болгон жалган хадис мурдакы бөлүмдөрдө каралган.

Адамдар туура эмес билген нерселердин дагы бири; алар Куран эркектер жөнүндө гана сөз кылат деп ойлошот. Чындыгында болсо, Курандын 90%ынан көбү аял-эркек баарын камтыган жалпы адамдарга, «Адам урпактары» деп бүт адамдарга же «ыймандуулар» деп Аллахка ишенгендерге кайрылат. Жалаң эркектерге кайрылган аяттар да, жалаң аялдарга кайрылган аяттар да бар. Курандагы кээ бир аяттар болсо түздөн-түз бир гана Пайгамбарыбызга (сав) кайрылган.

# Пайгамбарыбыздын (сав) аялдарды мактаган сөздөрү

Албетте, бир аялдын Исламдагы кадыр-баркын түшүнүүдө биздин жол башчыбыз Куран. Пайгамбарыбыз (сав) Куран менен гана жашаган, демек Пайгамбарыбыздын (сав) Куранга туура келген иш-аракеттерин баян кылган хадистердин тууралыгынан күмөн санабайбыз. Мындай хадистер аялдар жөнүндө үрөй учурарлык бир түшүнүктү жактаган жана Куранга эч туура келбеген жалган хадистерге карама-каршы маанилерди камтыйт. Куранга туура келгени үчүн сахих болуу ыктымалдыгы жогору болгон хадистердин кээ бирлери төмөнкүдөй:

***Дүйнөңөрдөн мага үч нерсе сүйдүрүлдү: жагымдуу жыт, салиха (чын ыкластуу) аял, көзүмдүн нуру намаз. [Nesâî, İşretu'n-Nisâ 1, (7, 61).]***

***Аялдарды мырза, акылман адам гана барктайт. Аларды начар, төмөн адамдар гана кор кылат... (İ. Asakir)***

***«Силердин эң жакшыңар аялдарына эң жакшы мамиле кылгандар.» (İ. Asakir )***

***Аялдарыңарды капа кылбагыла. Алар Аллах Тааланын силерге аманаты. Аларга жумшак болгула, жакшылык кылгыла! (Müslim)***

***Аялы менен жакшы жашап тамашалашканды Аллах Таала сүйөт, ырыскысын көбөйтөт. (İ. Lâl)***

***Эң жогорку ыймандуу адам – аялына эң жакшы, эң берешен мамиле кылган, мыкты мүнөздүү адам. (Tirmizi)***

***Эң жакшы мусулман аялына эң жакшы мамиле кылганы. Араңарда аялына эң жакшы мамиле кылган менмин. (Nesai)***

***Аялына күлүмсүрөп караган эркектин дептерине бир кулду боштондукка чыгаргандай соол жазылат. (R. Nasıhin)***

***Аялын урган Аллахка жана Пайгамбарына баш көтөргөн болот. Кыяматта анын душманы мен болом. (R. Nasıhin)***

# 4- БӨЛҮМ

## Фанаттардын искусствону жек көрүшү

Мурдакы бөлүмдө каралгандай, Куранды эмес, өздөрүнүн караңгы түшүнүктөрүн диндин негизи катары кабыл алган фанаттар өзгөчө аялдарды Курандан, ибадаттан, пикирдик күрөштөн, динди адамдарга жеткирүүдөн алыс кармоо үчүн миңдеген эрежелерди ойлоп табышкан. Ислам элдеринин Пайгамбарыбыздын (сав) доорунан көп өтпөстөн бузулуп башташынын эң негизги себеби ушундай кишилердин Курандан алысташы жана натыйжада өзгөчө аялдар жөнүндө акараттарды ойлоп чыгарышы болгон. Мындай туура эмес көз-караштан улам Ислам элдери артка кеткен; бирок артка кетүүдө экинчи бир себеп да дайыма өз таасирин тийгизген: фанаттардын искусствону жек көрүшү.

Фанаттардын искусствого болгон жек көрүүсүнө өтүүдөн мурда фанаттык түшүнүктүн негизин түзгөн нерсени кайра эске салалы. Аятта Раббибиз **«адалдарды арам кылган адамдардын бар экенин»** кабар берген:

> **<u>Тилдериңер менен калптарды чыгарып, бул адал, тигил арам дебегиле.</u> Себеби Аллахка карата жалган чыгарган болосуңар. Күмөнсүз, Аллахка карата жалган чыгаргандар кутулууга жетишпейт. (Нахл Сүрөсү, 116)**

Бүгүнкү күндө, албетте, арамдарга (тыюуларга) өздөрүнчө эч маани бербеген, адал санаган, Аллахтан коркпогон адамдар бар. Бирок аятта айтылган, Аллах адал кылгандарды «динди жамынып» арам кылгандар өзүнчө бир категория. Мындай адамдар Куранда уруксат берилген нерселерге тыюу чыгарышып, эркиндикти чектеп, адал нерсеге тыюу салышууда. Китептин башынан бери далилдеп көрсөтүлгөндөй, негизи алар өздөрүнчө Курандагы динди жактырбай (Куранды аруулайбыз), жаңы бир динди чыгарууга аракет кылышууда.

Бул адамдар Куранда мактальп, жактырылган, бир сый-жакшылык катары жаратылган кубаныч, азил (тамаша), искусство сыяктуу түшүнүктөргө да өз ойлорунда тыюу салышкан:

## Тамашалашуудан, күлүүдөн алыс болуу керек деген көз-караш

> ***Абу Абдуллах мындай деди: «Каткырып күлүү шайтандан.» (İman ve Küfür Kitabı / Usul-u Kafi kitabı / El-Kuleyni, S.1068)***
>
> ***Абу Абдуллах мындай деди: «(Ашыкча) тамашалашуудан, азилден алыс болгула; себеби ал адамдын жүзүнүн суусун кетирет.» (İman ve Küfür Kitabı / Usul-u Kafi kitabı / El-Kuleyni, S.1068)***
>
> ***Имам мындай дечү: «Тиштериңер көрүнө тургандай күлбөгүлө.» (İman ve Küfür Kitabı / Usul-u Kafi kitabı / El-Kuleyni, S.1067)***
>
> ***Абу Абдуллах мындай деди: «Көп күлүү жүрөктү өлтүрөт.» (İman ve Küfür Kitabı / Usul-u Kafi kitabı / El-Kuleyni, S.1067)***
>
> ***Ибрахим б. Михзем ага айтып берген бирөөдөн риваят кылат. Абуъл Хасан аль-Аввал (Муса б. Жафар) мындай деди: «Яхья б. Закария (ас) ыйлачу, күлчү эмес. Мариям уулу Иса (ас) болсо кээде***

***күлчү, кээде болсо ыйлачу. Иса (ас)дын кылганы Яхья (ас)дын кылганынан жакшыраак (туурараак) болгон.» (İman ve Küfür Kitabı / Usul-u Kafi kitabı / El-Kuleyni, S.1070)***

***Хасан б. Кулейб риваят кылат: Абу Абдуллах мындай деди: «Ыймандуу адамдын күлүшү жылмаюу менен гана чектелет.» (İman ve Küfür Kitabı / Usul-u Kafi kitabı / El-Kuleyni, S.1067)***

Негизи бул жалган (мавзу) хадистер фанаттардын дүйнөсүнүн канчалык коркунучтуу жана супсак экенин өтө мыкты сүрөттөйт. Эсиңизде болсо, китептин башында фанаттардын караңгы дүйнөсү бүт тарапта көрүнөт, сырткы дүйнөдө эле эмес, өздөрүнүн ичинде, үй-бүлөлөрүндө, аялга, гүлгө, бир мышыкка болгон көз-карашында да көрүнүп турат деген элек. Бул жалган хадистер алардын бактылуулуктан, адамдын эң табигый өзгөчөлүгү жана эң негизги муктаждыктарынын бири болгон күлүүдөн, азил деген сонун бир сый-жакшылыктан кантип алыс калганын апачык көрсөтүүдө. Күлүүгө тыюу салган бир системада, бул жалган хадистерден пайгамбарлар да күлгөн эмес деген жалааны үйрөнүп, ушундай фанаттык дин менен жашаган адамдардын кандай абалга келээри айтпаса деле түшүнүктүү.

Ал эми Курандагы дин болсо мусулмандарга кайгырууну тыюу салган. Мусулман дүйнөнүн эң бактылуу адамы. Себеби Аллахка тобокел кылууну (таянууну), сабыр кылууну, шүгүр кылууну билген, Аллахка моюн сунган адам болот. Келечек жөнүндө тынчсызданбайт, башына келген кыйынчылыктардын бир жакшылык менен жаратылганын, бүт нерсенин тагдырда белгилүү экенин билет жана өлүмдү бүт нерсенин бүтүшү эмес, Аллахка жана түбөлүк жашоого жетүү деп билет. Куранда Аллах ыймандууларды бейиш менен сүйүнчүлөгөн. Булардын баары негизи мусулмандар сүйүнүшү үчүн кабар берилген. Аллах биздин дүйнөдө да бейиштегидей кулк-мүнөздө болушубузду каалайт. Себеби ошондой мүнөздү жактырат.

# Куран боюнча кайгыруу жана бактысыздык ыймансыздардын гана мүнөзү

**Демек кылгандарынын жазасы катары аз күлүп, көп ыйлашсын. (Тообо Сүрөсү, 82)**

**«Раббибиз, бактысыздыгыбыз бизди жеңип кетти, биз адашкан бир коом экенбиз.» дешти. (Мүминун Сүрөсү, 106)**

Көрүнүп тургандай, Куранда бактысыздык ыймансыздардын мүнөзү катары айтылган. Аятта айтылгандай, бул кишилер акыретте жолдон адашышынын себеби катары «бактысыздыкка жеңилип калганын» көрсөтүшүүдө. Ошондуктан Аллах бактысыздыкты каалабайт. Куранда ыймансыздардын бактысыз, ыймандуулардын болсо бактылуу болоору айтылган.

Ошондой эле, аяттарда Аллах бактысыз болгону үчүн Курандан насаат алуудан качкандарды кабар берген:

**Аллахтан «ичи титиреп корккон» сабак алып, ойлонот. <u>Бактысыз болсо андан качат.</u> (Аъла Сүрөсү, 10-11)**

Жана Улуу Аллах бүт мусулмандарга кайгырууну тыюу салган:

**<u>Алсырабагыла, кайгырбагыла</u>; эгер (чындап) ыйман келтирген болсоңор, эң жогору (жеңүүчү) боло турган силерсиңер. (Али Имран Сүрөсү, 139)**

Фанаттар Аллахтын бул аяттарынын өкүмүн жалган хадистерди шылтоо кылып, өздөрүнчө жокко чыгарууга аракет кылышат. Аллах ыймансыздарга ылайык көргөн кайгы-капаны мусулмандарга ылайык көрүшөт. Рухтун, дененин эң негизги муктаждыгы болгон бакыт-кубанычты жок кылууну көздөшөт. Бирок Аллах мындайды каалабайт. Аллах бейишти кубанычтын мекени кылып жараткан.

# Бейиштеги кубаныч жана кайгыруунун чыныгы мааниси

Аллах Өзү жактырган, сүйгөн жашоону түбөлүк мекенибиз болгон бейиште жараткан. Ошондуктан бейиште Раббибиз мактаган жана жактырган жашоо биз үчүн идеалдуу жашоо болуп саналат. Аллах бейиштеги адамдардын «кубаныч ичинде» болоорун кабар берет:

> **Ошентип ыйман кылып, чын ыкластуу (жакшы) иштерди жасагандар; алар бир бейиш бакчасында кубаныч ичинде сыйланышат. (Рум Сүрөсү, 15)**

Фанаттар жалган хадистер аркылуу бейиште «кубаныч ичинде» жашаган мусулмандарды дүйнөдө бейиш кубанычынан ажыраткысы келет. Кайгыруунун чыныгы маанисин билишпейт дагы. Бир окуяга кайгыруу «ушул окуя болбогондо аттиң» деген мааниге келет. Бул болсо, адам кабыл алса да, албаса да, билип кылса да же билбей кылса да, тагдырга баш көтөрүү болуп саналат. Фанаттар кайгырууга уруксат берүү аркылуу Аллахтын өкүмүнө жана Аллах жараткан тагдырга каршы чыгып жатканын билүүлөрү зарыл.

Аллах бир адамга бере турган эң чоң сый-жакшылыктардын бири – бул ыйман. Ыймандуу бир адам дүйнөнүн байлык-бийлик жана ушул сыяктуу бүт сый-жакшылыктарына жетпей, эң оор кыйынчылыктар менен сыналып, бүт шарттар анын зыянына болуп жаткандай көрүнсө да, ыймандан келип чыккан жүрөгүндөгү бейпилдик жана бакыт сезими баарынан өйдө болот. Аллах Өзүнө кайрылгандын жүрөгүнө бейпилдик жана тынчтык, рухуна бакыт берет. Аллахка кайрылбаган бир адам, бактылуумун десе да, чыныгы мааниде эч качан бактылуу боло албайт. Аллах сыноонун бир шарты катары андай адамга да дүйнөдөгү сый-жакшылыктардан бериши мүмкүн; ал киши сырттан караганда молчулук, бардарчылыкта, бакубат жашап жаткандай көрүнүшү мүмкүн. Убактылуу кубанып-сүйүнүшү мүмкүн. Бирок руху тынымсыз эңсей берген түбөлүктүү бактылуулукка, б.а. ички бейпилдикке жете албайт. Аллах Курандын Рад Сүрөсүнүн 28-аятында **«Булар ыйман кылгандар жана жүрөктөрү Аллахты эстөө менен бейпилдикке жеткендер. Кабарыңар болсун; жүрөктөр Аллахты эстөө менен гана бейпилдикке жетет.»** деп билдирет. Аллах менен байланышта болуу аркылуу гана жүрөк бейпилдикке жетип, ыраазы боло алат.

Ошондуктан чындап Аллахка ыйман кылган бир адам чындап бактылуу болот. Ансыз да, бактылуу болуу – адамдын табиятына эң туура келген, адамдын ден-соолугун чың кылган, дайыма энергия берген жашыруун бир сыр. Клеткалар адам бактылуу болгондо чың болот. Мунун себеби адамдын табиятына туура келген нерселердин дайыма Аллах адамдарды үндөгөн сонун нерселер болушунда. Аллах күлүүнү, кубанычты жана бакытты ансыз да эң сонун сезимдер болгону үчүн жараткан. Кайгыруу болсо адамдын психологиясына жана денесине өлүмгө чейип алып бара турган олуттуу терс таасирлерди берет.

# Тамашадан (азилден) качыңгыла деген көз-караш

Азилге тыюу салуу темасына бул жерде өзүнчө токтоло кетүү керек. Ийгиликтүү азил-тамаша бир чеберчилик болуп саналат. Муну мыкты жасаган адамдар көбүнчө акыл менен чеберчиликти бириктирип, мыкты чыгармаларды пайда кылышат. Азил аркылуу кээде адамдарга күлкү тартууланса, кээде сындоо мүмкүн болбогон нерселерге кыйытма түрдө, көңүлгө тийбей сын айтылат. Адамдарды күлдүрүп, насаат бере турган жана ошол эле учурда жүрөккө таасир бере турган азил-тамашалар көп жакшылыктарга себеп болот. Искусствонун бүт

тармактары сыяктуу, азил дагы адамдардын түшүнүгүн кеңейтип, элдерди сый-урматка, сылыктыкка үндөйт. Азил демократиянын да бир көрсөткүчү. Фанаттар ушундай жакшылыкты да өздөрүнөн түртүп, эч сылыктыкты билбеген, орой жана супсак жашоого бет алышат.

Фанаттардын кубаныч, каткыруу жана азил жөнүндөгү бүт терс пикирлерин, жогоруда айтылгандай, Куран жокко чыгарат. Пайгамбарыбыз (сав) менен сахабалары да Курандын рухуна шайкеш болушуп, ыйман тартуулаган кубанычты сезип, бактылуу жашашкан:

***Аз. Айша (р.а.) айтып берген; сапарларынын бирөөсүнө Расулуллах (с.а.в.) менен бирге чыктым. Расулуллах (с.а.в.) сахабаларга: «Алга жүрө бергиле» деди. Алар алга кетишти. Андан соң: «Кел, сени менен жарышалы» деди. Аны менен чуркап жарышып, андан өтүп кеттим. Мага бул жөнүндө эч нерсе деген жок... Дагы бир сапарга Расулуллах (с.а.в.) менен бирге чыктым. Ал сахабаларга кайра: «Алга жүрө бергиле» деди. Алар алга кетишти. Мага: «Кел жарышалы» деди. Аны менен чуркап жарыштык. Бирок бул жолу ал менден өтүп кетти. Күлүп баштады, анан: «Сен буга татыктуу болдуң» деди. (Beyhakî, Sünenu'l-Kubra, X/18; İmam Ahmed, Musnsd, VI/264)***

***Абу Усама: «Аны менен тамашалашчу» деген. (Ebu Davud, Sünen, kitabu'l-edeb, bab: 91; Tirmizî, Sünen, 192, 1992, 3828; İmam Ahmed, Taberanî, Tirmizî, Ibn Asakir)***

***Абу Хурайра (р.а.) мындай деди: «Расулуллах (с.а.в.) Аз. Алинин баласы Хусейинге тилин чыгарып, бала анын тилин көргөндө кубанганынан талпынчу.»***

***Абдуллах Ибнуъл-Харис Ибн Жезъ (р.а.) мындай деди: «Расулуллахтан (с.а.в.) тамашакөйүрөөк эч кимди көргөн жокмун.»***

***Аз. Айша мындай деди: Расулуллах (с.а.в.): «Мен тамашалашам, бирок чындыкты гана сүйлөйм» деди. (Taberanî, Mu'cemu'l-Kebir, Xll/391; Heysemî, Mecmau'z-Zevaıd, IX/17; Aclunî, Keşfu'l-Hafa, I/572).***

***Ибн Аббас мындай деген: «Пайгамбардын (с.а.в.) тамашакөйлүгү бар болчу.»***

***Анас (р.а.): «Пайгамбар (с.а.в.) адамдардын эң тамашакөй жана азилкечтеринен эле» деген.***

# «Музыка жана ыр күнөө» деген көз-караш

***Кады Абу Бакир Ибнуъл Араби Ахкамуъл Куранында Абдуллах бин Мубарак жана Имам Малик Аз. Анастан риваят кылган бир хадисти жеткирет: «Ким бир музыка кечесинде бир ырчы кыз ырдаган ырды укса, акырет күнү анын кулагына ээриген коргошун куюлат.»***

***«Силерден бирөөнүн ичинин кусунду менен канга толушу ырга толушунан жакшыраак болот.» (M. Mesabih, 4/4809)***

***Музыка уккан бир кишиге бейиште руханийлерди угууга уруксат берилбейт. (Kurtubi, 14/53)***

***Ыр жүрөктө эки жүздүүлүктү пайда кылат. (Ebu Davud)***

***Аллах ырга, аны алып-сатууга, акчасына, аны үйрөтүүгө жана угууга тыюу салган. (Muhammed Gazali, Nebevi Sünnet)***

Бүт бул жалган хадистердин тескерисинче, Куранда музыкага, бийге жана көңүл ачууга тыюу салган бир дагы өкүм жок. Аллах бактылуулукту, кубанычты, ырахатты мусулмандарга адал кылган. Бий – ритм, гармония. Аллах бүт ааламды бир ритм менен жараткан. Канаттуулар, курт-кумурскалар, көпөлөктөр да бийлешет. Чымчыктар жагымдуу үн жана ритм менен бири-биринен кооз ырдашат. Аларды угуу өзүнчө ырахат. Деңиздин үнү,

табияттын шуудураган үнү, дарактардын кыймылы да дайыма ритмдүү болот. Аллах ритмди, бийди, музыканы, кооз үндү жакшы көрөт. Бейиш да ушундай ритм менен жаратылган. Бейиште бүт дарактар, гүлдөр, жаныбарлар бийлешет. Муну кабар берген бир хадис төмөнкүдөй:

***Абу Муса аль-Ашъариден (р.а.) алынган риваят болсо мындай: Ал Басра минбарында мындай деди: «Аллах бейиш элине кабар жөнөтүп суратты: «Аллах силерге берген сөзүн аткардыбы?» Ошондо алар өздөрүнө берилген зыйнаттарды, кийимдерди, мөмөлөрдү, таптаза жубайларды, дарыяларды айландыра карашып, мындай дешет: «Аллах бизге берген сөзүн аткарды. Периште толук үч жолу «Аллах силерге берген сөзүн аткардыбы?» деп сурайт, алар өздөрүнө убада кылынган бүт нерсенин толук аткарылганын көргөндө, «Ооба!» дешет. «Дагы бир нерсе калды» деп айтат периште. Себеби Аллах Таала кулдарына көрүнүп, көздөрүнөн парданы алып салып, Аны көрүшкөндө, бүт дарыялар толкунданат, дарактар чайпалып үн чыгарат, бүт сарайлар, жалындар үн чыгарат, булактар шаркырап ылдамыраак агат, сонун жыт короолорду жана сарайларды каптайт, бүт тарапта жыпар жана камфара жыты сезилет. Чымчыктар сайрашып, ур кыздар супсулуу болуп көз жоосун алат. (Ölüm, Kıyamet, Diriliş, İman Şarani, s. 370)***

Аллах бейиштин сулуулугу менен бейиштеги гармониялуу музыка ырахатын Пайгамбарыбызга (сав) мына ушундайча илхам кылган. Аллах бейиште жаратып, мактаган бир сый-жакшылык адамдарга эмнеге тыюу салынышы мүмкүн? Албетте, тыюу салынган эмес.

Түркиянын бүт тарабында фольклор бар, бий бар. Салттык, улуттук бий оюндары бар. Дүйнөнүн бүт тарабында адамдар бийлешет. Музыка менен бийге тыюу салынган бир дүйнө адамдын табиятына туура келбейт. Буларга тыюу салынса, адамзаттын жашоосу өтө супсак болуп калат. Улуу Раббибиз мактап, жакшы көргөн бир сый-жакшылыкка тыюу салууга аракет кылуу Аллахты жана Анын улуу чеберчилигин түшүнбөө деген мааниге келет.

# Музыкага тыюу салууга аракет кылган фанаттардын эки жүздүүлүгү

Бул жерде фанаттардын чыныгы жашоосун да карап көрүү керек. Куранда жок жасалма тыюуларды чыгарганы үчүн мындай адамдардын көпчүлүгүнүн күнүмдүк жашоосу карама-каршылык жана алдамчылыктарга толо болот (чын ниеттүүлөрдү аруулайбыз). Тагыраак айтканда:

**- «Музыка арам (күнөө)» дегендер көбүнчө музыка каналдарын дайыма көрүп, музыка уккан, ал тургай, ага кошулуп ырдап-бийлеген адамдар болушат.**

**- Мындай кишилер күнүмдүк жашоосунда тойлорго барып, бийлеп, тойлордо ырдашат.**

**- Мындай кишилердин машиналарынын радиолорунда көбүнчө музыка каналдары тандалган болот.**

Дайыма музыка угуп, тойлордо бийлөөнүн эч зыяны жок, тескерисинче, булар Жараткандын сый-жакшылыктары. Бул жерде биз мындай кишилердин динди колдонуп эл көзүнө эле музыкага тыюу салып, чындыгында эки жүздүүлүк кылып жатканын сындап жатабыз. Диндин атынан тыюуларды чыгаргандардын чыныгы жүзүн билүү керек. Алардын абалы Куран аяттарында сүрөттөлгөн. Курандын сыртынан өздөрүнө дин чыгарып алгандардын абалын Улуу Раббибиз төмөнкүчө сүрөттөйт:

**...<u>(Ойлорунан) Чыгарган кечилдикти болсо Биз аларга жазган жокпуз (буйрук кылган жокпуз).</u> Аллахтын ыраазылыгы үчүн (ойлоп чыгарышты), бирок <u>аны да чындап аткарышкан жок.</u> Биз**

**алардан ыйман келтиргендерге соопторун бердик. Алардын көпчүлүгү бузукулар. (Хадид Сүрөсү, 27)**

Аллах бул аятында ойлоп чыгарылган жасалма диндин Аллахтын дининде жок экенин жана бул динди чыгаргандардын өздөрүнүн да чыгарган өкүмдөрүн аткарбай турганын белгилөөдө. Бул аяттар аркылуу биз мындай адамдардын эки жүздүү дүйнөсүн Курандан биле алабыз. Алардын жеке жашоосу Куранда кабар берилген бул чындыкты дайыма тастыктайт. Көп адамдар ал кишилерди чындап эле ушунча көп тыюуларды аткарып, өтө такыба жашайт деп ойлошу мүмкүн. Араларында чындап буга ишенген адамдар болсо да, иш жүзүндө мындай болбойт. Ансыз да чын ниеттүүлөр аягында Курандагы чыныгы мусулмандыкты түшүнүп, Куран менен жашаган адамдарга айланат. Бир адамдын чын ниеттүү болуп туруп, жасалма динде жашашы мүмкүн эмес. Себеби Аллахтын убадасы бар:

**Оо, ыйман келтиргендер. Эгер Аллахтан корксоңор, силерге тууранын туура эместен ажырата турган нур жана илим-парасат берет, (кичинекей) күнөөңөрдү өчүрөт жана (чоң) күнөөңөрдү кечирет. Аллах – Улук пазилет ээси. (Анфал Сүрөсү, 29)**

Аятта айтылгандай, чын ниеттүү ар бир адам тууранын туура эместен ажырата турган түшүнүккө да сөзсүз ээ болот.

# Аллах музыканы сүйөт, кулдарына да сүйдүргөн

Музыка да, бий да Исламда адал кылынган бейиш жакшылыктарынан. Музыканы, ырларды, музыкалык аспаптарды, кооз кийимдерди, зыйнаттарды, бийди жана кооз нерселердин баарын Аллах жараткан. Аллах булардын баарын адамдарга сүйдүрүп, адам рухун бул кооздуктардан ырахат ала турган кылып жараткан.

Тооротто Аз. Давуд (ас)дын лира, арфа, дап, шылдырак коштоосунда забур ырдап Аллахтын алдында бийлегени баяндалат. Ал тургай, Аз. Давуд (ас)дын бул бийине көз арткан адамдардын да болгону айтылат. Азыр да мусулман элдерде адалды арам кылууга аракет кылгандар болгон сыяктуу, ошол кезде да иудейлер арасында музыка менен бийге өздөрүнчө тыюу салганга аракет кылгандардын болгонун Тоороттон көрүүгө болот. Ал кишилер Аз. Давуддай (ас) бир пайгамбардын иш-аракеттерине да өздөрүнчө сын айтышкан.

***...Ал ортодо Давуд менен бүт Израил эли да Теңирдин алдында лира, арфа чертип, забур ырдап, дап кагып, шылдырак уруп болгон күчү менен бул окуяны куттуктап жатышты... (Тоорот, 2-Шамуел, 6:5)***

***Буладан токулган эфод кийген Давуд Теңирдин алдында жан-дили менен бийлеп жатты. Давуд менен бүт Израил эли Теңирдин келишим сандыгын кубана кыйкырып, сурнай тартып көтөрүп келе жатышты. Теңирдин келишим сандыгы Давуддун шаарына киргенде, Шабулдун кызы Михал терезеден карап турган эле. Ал Теңирдин алдында БИЙЛЕП ЖАТКАН Давуд падышаны көрүп, аны кемсинтти. (Тоорот, 2-Шамуэл, 6:14-16)***

- Шабулдун кызы Михал Аз. Давуддун жубайларынан болгон

***Давуд өз үй-бүлөсүнө бата берүү үчүн кайтып келгенде, Шабулдун кызы Михал алдынан чыгып: «Жел өпкө адамдай болуп, өз күңдөрүнүн, кулдарынын көз алдында жылаңачтанган Израил падышасынын бүгүн кадыры укмуш артты го!» – деди. Ошондо Давуд Михалга мындай деди: «Теңирим мени сенин атаңдан, анын бүт тукумунан артык көрүп, Теңирдин эли Израилге мени жол башчы кылып бекиткендиги үчүн Теңирдин алдында шаттанамын да бийлеймин. Мен мындан да төмөн болуп,***

***өзүмдү санда жок киши кылам, бирок сен айткан күң аялдардын алдында даңкка бөлөнөм». (Тоорот, 2-Шамуэл, 6:20-22)***

***Алар Кудайдын келишим сандыгын жапжаңы арабага салып, Абынадаптын үйүнөн алып чыгышты. Уза менен Акия арабаны айдап бара жатышты. <u>Давуд менен бүт Израил эли Кудай алдында болгон күчү менен ыр ырдап, лира тартып, арфа чертип, дап кагып, жез табак кагып, сурнай тартып куттуктап жатышты.</u> (Тоорот, 1-жылнаама, 13:7-8)***

***Ошентип, бүт Израилдиктер <u>Теңирдин келишим сандыгын мүйүз менен сурнайдын, жез табактын, арфанын, лиранын коштоосу менен, салтанат менен алып киришти.</u> Теңирдин келишим сандыгы Давуддун шаарына киргенде, терезеден карап турган Шабулдун кызы Михал кубанычы койнуна батпай бийлеп келе жаткан Давуд падышаны көрүп, аны жүрөгүндө кемсинтти. (Тоорот, 1-жылнаама, 15:28-29)***

Көрүнүп тургандай, ошол доордо Аз. Давуддун (ас) өзүнүн жубайы да Аз. Давуддун (ас) адамдар арасында кубанып бийлешине каршы чыгып, аны өзүнчө кемсинткен. Ал эми Аллах болсо алардын минтип кубанып бийлегенин Тоороттто мактоо менен баяндаган. Албетте, Аз. Давуд (ас) да Аллахтын музыка жана бий жөнүндөгү өкүмдөрүнүн негизинде эң туурасын кылган. Бирок сырттан карагандар, Аз. Давуддун (ас) пайгамбарлыгына ишене албагандар жана өздөрүнчө бир фанаттык динди чыгарууга аракет кылгандар аны сындашкан.

Пайгамбарларга карата айтылган мындай сын-пикирлер учурда чыныгы Куран мусулмандарына да айтылууда. Курандагы диндин ордуна фанатизмди тандоо ансыз да тарых бою эң чоң балээлердин бири болгон. Аял, музыка жана бий мунун эң даана мисалдарынан.

Аз. Давуд (ас) сыяктуу, биздин Пайгамбарыбыз (сав) да Аллахтын бир сый-жакшылыгы болгон музыка жана бийди өтө жакшы көргөн. Пайгамбарыбыздын (сав) хадистеринде бийлеген сахабалардан сөз кылынат, ал тургай, Пайгамбарыбыздын (сав) бийлеп көңүл ачкандарды колдогон сөздөрү да бар. Куранга туура келгени үчүн төмөндө бир канчасы мисал келтирилген бул хадистердин сахих болуу ыктымалдыгы жогору:

***Амир б. Саъддан алынган: «Бир той себептүү Караза б. Каъб жана Абу Масуд аль-Ансаринин жанына бардым. Кичинекей бир кыз ырдап жаткан эле. Мен: «Силер Расулуллахтын (с.а.с.) достору жана Бедир асхабынан болуп туруп, силердин жаныңарда буларды (кантип) кылышууда?» дедим. Алар: «<u>Кааласаң биз менен каласың, кааласаң кете бересиң. Бизге тойдо көңүл ачууга уруксат берилди.</u>» дешти. (İbn Hacer, Metâlib, II, 54; Cüdey', Ehâdîs-ü Zemmî'l-Gınâ, s., 50)***

***Селеме б. Экվадан риваят кылынган: «Пайгамбар (сав) менен бирге Хайбарга жолго чыккан элек. Түнкүсүн баратканбыз. Кербенден бир киши Амир б. Экվага –Амир акындыгы менен белгилүү бир киши эле. <u>«Бизге билгендериңден бир нерселерди ырдап бер, угалы.»</u> деди. Амир төөсүнөн түшүп <u>мындай деп ырдап баштады: «Эй Аллахым! Сен болбогондо биз хидаят таба алмак эмеспиз. / Садака берип, намаз кыла алмак эмеспиз. / Бүт нерсебиз сага курман болсун, бизди кечир. / Душманга жолуксак, буттарыбызды бекем кыл. / Ичибизге бейпилдик жана ишеним бер. / Биз чакырылганда барабыз. / Чакырылганда жардамга жетебиз.»</u> Пайгамбар (сав) «Ким бул башчы?» деди. «Амир б. Экվа» дешти. Пайгамбар (сав) «Аллах аны коргосун.» деди. (Beyhakî, Şuab, 5112)***

***Айша (ра) риваят кылат: Расулуллах САВ бир тойдо ансар аялдарына жолукту. <u>Алар ырдап жатышкан эле</u>... (İbni Mace, Nikah: 21, Buhari, Nikah: 48, Megazi:12)***

***...Муаввиз б. Афранын кызы эр-Рубей келин болгондо, тойго Пайгамбарыбыз (сав) да барып, анын жанына отурган эле. Ал ортодо кээ бир кыздар дап кагып Бедир күнү шейит болгондордун баянын ыр түрүндө ырдап баштакан эле... (Buhari, Nikah, 49/1, VII/25, Tirmizi, Nikah, III/399)***

***Ошондой эле, Аз. Айша (ра) бир аял менен ансардан бир кишини үйлөндүргөн эле. Пайгамбарыбыз (сав): Эй Айша, силердин жаныңарда дап каккан, ырдаган ырчыларыңар жокпу? Себеби ансар бийди жана көңүл ачканды жакшы көрөт.» деди. (Buhari, Nikah 64/1, VII/28)***

***Расулуллах (сав) Мединага бир жерге жолукканда <u>дап кагып, ырдап жаткан жаш кыздардын</u> мындай дегенин угат: «Биз Бани Нажжар кыздарыбыз, Мухаммед кандай сонун (сүйкүмдүү) кошуна». Анда Расулуллах (сав) «<u>Аллах билет, албетте, мен да силерди жакшы көрөм</u>» дейт. (İbni Mace, Nikah, 21/1899, I/612)***

# «Сүрөт жана айкел чеберчилиги күнөө (арам)» деген көз-караш

***Тозокто эң оор азапка туш боло тургандар – сүрөтчүлөр. (Buhari-Tesavir, 89)***

***Расулуллах (сав) мындай деди: «Ким сүрөт тартса, Аллах аны кыямат күнү <u>тарткан сүрөтү себептүү аларга рух үйлөгөнгө чейин азаптайт.</u> Эч качан рух үйлөй алышпайт.» (Buhârî, Tâ'bir)***

***Аллахтын жанында <u>азабы эң оор адамдар – сүрөтчүлөр</u>. (Müslim, 6:369)***

***<u>Сүрөт тарткандар кыямат күнү азап тартышат</u> жана аларга тарткан сүрөттөрүңөргө жан бергиле деп айтылат. (Müslim, 6:368)***

***Ичинде сүрөт турган үйгө периштелер кирбейт. (Buhari, Libas 91)***

***<u>Сүрөтчүнүн баары тозокто.</u> Сүрөтчү тарткан ар бир сүрөткө кыямат күнү Аллах жашоо берет жана ал тирүү сүрөт тозокто аны тартканды азаптайт. (Müslim, 6: 370)***

Мына ушул жалган хадистер аркылуу фанаттар мусулмандарга сүрөт жана айкел искусствосуна да тыюу салышкан. Ал тургай, кээ бир ойдон чыгарылган хадистерде сүрөтчүлөр акыретте эң чоң азапталуучу адамдар арасында болушат деп айтылууда. Бул туура эмес түшүнүк боюнча, сүрөтчүлөр Аллахтын жараткандарын туурап, өздөрүн кудайдай көргөн болушат. Бирок, бир сүрөтчүнүн же бир скульптордун бир искусство чыгармасын жасашы менен «мен кудаймын» дештин ортосунда кандай байланыш болушу мүмкүн? Бир сүрөтчү же скульптор эгер ушундай сөздү айтса, анда бул анын жасаган чыгармасы себептүү эмес, акылы ордунан жылып кеткени себептүү гана болушу мүмкүн. Ар кандай кесиптеги ар кандай адам мындай жагдайга түшүп калышы ыктымал.

Табияттагы бүт коолдуктар Улуу Раббибиздин искусство чыгармасы. Биз бир искусствонун канчалык кереметтүү боло алаарын Раббибиздин ушул чыгармаларына карап түшүнөбүз. Дүйнө жүзүндөгү дээрлик бүт технологиялар Аллахтын жараткандарын тууроо аркылуу иштелип чыккан. Технология үчүн Аллахтын жаратандары өрнөк болууда. Мисалы, учак жасоодо адамдар Аллах жараткан канаттууларды жана кээ бир чымын түрлөрүн туурашат. Учактар бир жандыкка окшоштурулуп жасалганы үчүн учуу жана маневр жөндөмдөрү өтө жогору болот. Бул аларга артыкчылык берет, себеби табиятта ага чейин эле жаратылган жана кемчиликсиз иштеген бир өрнөк бар. Ал өрнөк Аллахтын бүт инженерлерге бир модель катары берген белеги. Учурдагы технологиялуу дүйнө, жашообузду жеңилдеткен жана бизге комфорт тартуулаган илимий ачылыштардын баары табияттагы искусство чыгармаларынын копиялары болуп саналат. Аллах табияттагыларды да, технологиялык копияларын да бизге бир жакшылык катары жаратат.

Фанаттардын айкел искусствосуна каршы чыгышы негизи илгертен келе жаткан бир салт себептүү гана. Илгери путпарасттык кеңири тараган доорлордо кээ бир башкаруучулар эл арасынан кээ бир адамдар путтарды (идолдорду) жасабашы үчүн айкел жасоого карата ар кандай чараларды көрүшкөн. Ошондой шартта алынган

мындай чаралар, Куранда эч кандай өкүм болбогонуна карабастан, диндин бир тыюусундай жайылтылган. Бул дагы кээ бир адамдардын Курандын ордуна үрп-адат, салттарды кабыл алышынын эң чоң зыяндарынын бири.

Межусилер (отпарасттар) отко, индустар уйга, кээ бир элдер күнгө сыйынып жатат деп, уйларды өлтүрүп, отсуз же күнсүз жашай албашыбыз сыяктуу эле, путка сыйынган путпарасттар бар деп бүт айкелдерге тыюу салуу да өтө чоң акылсыздык болот. Бул жерде буюмдарды, жандыктарды кудай кылуу туура эмес болот жана аларды кудай кылып алгандар күнөө кылган болушат, буюмдардын өзү эмес.

Фанаттар мусулмандарга тыюу салууга аракет кылган сүрөт жана айкел искусствосуна мусулмандардын жол башчысы болгон Куранда эч тыюу салынган эмес. Аллах искусствону жакшы көрөт жана кулдарына да сүйдүргөн; бүт ааламды искусство менен жараткан. Куранда сүрөт жана айкел сыяктуу чеберчиликтерге тыюу салган бир аят жок. Тескерисинче, Куранда искусство эмгектери жөнүндө мактоо менен сөз кылынган.

Аз. Сулаймандын (ас) сарайында турган жана укмуштуу салтанатынын бир көрсөткүчү катары макталган айкелдер жана искусство чыгармалары Куранда төмөнкүчө айтылат:

> **<u>Ага каалагандай мунаралар, айкелдер, көлмөдөй көлөмдөгү идиштер жана ордунан жылдыра алгыс казандар</u> жасашчу. «Эй Давуд үй-бүлөсү шүгүр кылып иштегиле.» Кулдарымдан шүгүр кылгандар аз. (Саба Сүрөсү, 13)**

Бул Куран аятына карабай, искусствого тыюу салган фанаттар сарайында укмуш кооз айкелдер жасаткан Аз. Сулайман (ас) жөнүндө кандай ойдо экенин да айтышы керек.

Бул калптарды ойлоп чыгарган кишилер Ислам элдерине өтө чоң зыян тийгизишти. Ислам дүйнөсүндө айкел жана сүрөт искусствосу караңгы түшүнүктөр жайылган соң эч өнүгө алган эмес. Искусствосун өнүктүрө албаган элдер супсак, рухсуз жана түнт болуп калышат. Жаңычыл нерселерден алыс болушат. Жаратуучулук жана иштерди жөнөкөйлөштүрүү жөндөмүн, майда-бараттарды көрүү түшүнүгүн бара бара жоготушат. Супсактык жана кополдук маанайларына, жашаган чөйрөлөрүнө, бири-бирине болгон мамилесине да чагылат. Искусстводон алыстаганы үчүн фанаттардын капкараңгы дүйнөсүндө сылыктык жана назиктик жоголуп, супсактык жана жагымсыздык өкүмчүлүк кылат.

# «Алтын жана жибекке тыюу салынган» деген көз-караш

> ***Расулуллах (сав) бир аз жибек алып оң колуна салды, анан бир аз алтын алып сол колуна салды да: «Мобул эки нерсе үммөтүмдүн эркектерине арам (тыюу салынган)» деди. [Тирмизи жана Насаиде Абу Мусадан келген башка бир риваятта; «Үммөтүмдүн эркектерине жибек кийим жана алтын арам кылынды (тыюу салынды), аялдарына адал кылынды (уруксат берилди)» деп айтылган.]***

Фанаттар эркектерге алтын менен жибекти да тыюу салып, бул үчүн ушул сыяктуу көптөгөн хадистерди ойлоп чыгарышкан. Ал эми Куранда болсо алтын менен жибекке тыюу салынганы жөнүндө бир дагы аят жок. Тескерисинче, алтын да, жибек да Куранда көптөгөн аяттарда бейиштин сый-жакшылыктары катары айтылган:

> **Алар; астынан дарыялар аккан Адн бейиштери алардыкы, <u>ал жерде алтын билериктер менен жасанышат, жеңил жибектен</u> жана өтө кылдат жасалган атластан жашыл көйнөктөр кийишет жана тактылар үстүндө орноп-таянышат. (Бул) Кандай сонун сооп жана кандай сонун колдоо. (Кехф Сүрөсү, 31)**

**Эч күмөнсүз Аллах ыймандууларды жана чын ыкластуу иштерди кылгандарды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат; ал жердеги кийимдери жибек(тен). (Хаж Сүрөсү, 23)**

**Адн бейиштери (алардыкы); ал жерге киришет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат. Жана ал жерде алардын кийимдери жибек(тен болот). (Фатыр Сүрөсү, 33)**

Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав) доорунда да жибек кездемелер колдонулганы жөнүндө хадистер бар:

***(Абдуллах б. Саъд б. Осмондун) Атасы Саъддан риваят кылынган; ал мындай деген: Бухарада ак бир качырга минип, (башынын) үстүндө жибектүү кара чалмасы бар бир кишини көрдүм. «Муну мага Расулуллах (с.а.в.) кийгизди» деди. (Sünen-i Ebu Davud Tercеme ve Şerhi, Şamil Yayınevi: 14/112)***

***Абу Давуд мындай деди: Расулуллахтын (с.а.в.) сахабаларынан жыйырма киши же андан да көбү жибек кийген. Анас менен Бера б. Азиб ошолордон. (Buhâri, eşribe 6. Sünen-i Ebu Davud Tercеme ve Şerhi, Şamil Yayınevi: 14/112-113)***

Мусулмандардын кооз кийиниши жана кооздуктарга ылайык экени, көрүнүп тургандай, Пайгамбарыбыздын (сав) сүннөтүндө да бар.

Пайгамбарыбыздын (сав) сүннөтүндө албетте бар, себеби Куранда макталган бир жакшылыкты Пайгамбарыбыз (сав) да жакшы көрөт жана башкаларды да ага чакырат. Бул жердеги жалган хадистин ойдон чыгарылганын көрсөткөн эң чоң далилдердин бири – бул Куранда эч айтылбаган нерсеге Пайгамбарыбыздын (сав) өкүмү менен тыюу салынган деп айтылышы. Мындай болушу такыр мүмкүн эмес.

Алтын бир зыйнат, б.а. жасалга буюму. Жана, буга чейин айтылгандай, Аллах Куранда зыйнаттардын кооздугун мактап, «**Эй Адам урпактары, ар мечиттин жанында зыйнаттарыңарды (жасалгаларды) тагынгыла...»** (Аьраф Сүрөсү, 31) деп аятта айтылгандай мусулмандарды кооз зыйнаттарга үндөгөн.

Ошондой эле, Аьраф Сүрөсүндө дүйнөдө да зыйнаттардын аял же эркек деп бөлбөстөн, бүт адамдарга адал кылынганы кабар берилген:

**Айткын: «Аллах кулдары үчүн чыгарган зыйнатты жана таза ырыскыларды ким арам кылган (тыюу салган)?» Айткын: «Булар дүйнө жашоосунда ыймандуулар үчүн, кыямат күнү болсо бир гана ошолор үчүн.» Билген бир коом үчүн аяттарды ушундай бир-бирден түшүндүрөбүз. (Аьраф Сүрөсү, 32)**

# «Макияж, карануу, тазалык жана сулуулануу күнөө» деген көз-караш

## Жакшы жытка тыюу салган жалган хадистер

***Мечитке келе жатып атыр себинген аял үйүнө кайтып, жунуб болгону үчүн толук жуунгандай жуунмайынча, Аллах Кабатында анын намазы кабыл болбойт. (Avnül Mabül, 11/230)***

***Имам Жафари Садык (а.с): «Эч бир аял үйүнөн сыртка чыгып жатканда кийимине атыр себинбеши керек.» (El-Kafi, C.5, S.519)***

*Улуу Пайгамбар (с.а.а): «Бир аял күйөөсүнөн башка бирөө үчүн атыр себинсе, жунубдуктан жуунгандай жуунуп ал жытты денесинен тазаламайынча, намазы кабыл болбойт.» (Men La Yahzurh-ul Fakih, C.3, S.440)*

*Улуу Пайгамбар (с.а.а): «Аялдын күйөөсүнөн башка бирөө үчүн атыр себиниши от менен басмырланууну сатып алышы деген мааниге келет.» (Nehc-ül Fesaha, C.1, S.36)*

# Татуировкага, беттеги түктү жулууга, тишти кооздоого тыюу салган жалган хадистер

*Татуировка жасаган жана жасатканга, бетиндеги түктөрдү алдырган жана сулуулук үчүн тиштерин суюлткан аялдарга Аллахтын каргышы болсун. (Sahih-i Buhari)*

# Парикке, кашты ичкертүүгө, татуировкага тыюу салган жалган хадистер

*Парик кийген, кийгизген, каш терген, каштарын тердирген, татуировка жасаган жана татуировка жасаткан каргышка калган. (Ebu Davut, Tereccul, 5)*

# Аялдын жакшы кийинип үйдөн чыгышына тыюу салган жалган хадистер

*Улуу Пайгамбар (с.а.а) кызы Аз. Фатимага (с.а) кайрылып мындай деген: «Эй Фатима, кайсы бир аял кооз жасанып, кооз кийим кийинип үйүнөн чыгып адамдардын көңүлүн өзүнө буруп, өзүнө каратса, жети асмандын жана жерлердин периштелери ага каргыш айтат жана өлүп тозокко киргенге чейин Аллахтын каарына калат. (Албетте, тообо кылып артка кайтса жана кайра кайталабаса анда башка.)» (Şehab-ül Ahbar)*

*Имам Садык (а.с): «Бир адам басмырланып уят болушу үчүн анын атын чыгара турган (б.а. башкалардын көңүлүн буруп, сөөмөйлөп көрсөтчү абалга алып келе турган) бир кийим кийиши жетиштүү болот.» (Bihar-ül Envar, C.78, S.252)*

*Аз. Али (а.с) мындай дейт: «Калың (денени көрсөтпөгөн) кийимдерди кийгиле; себеби кийими жуканын дини да жука болот (бекем болбойт).» (Bihar-ül Envar, C.79, S. 298)*

*Бир хадисте мындай деп айтылат: «Аллах Пайгамбары (с.а.а) аялдарды сыртка чыкканда башкалардын көңүлүн бура турган кийимдерди кийүүдөн жана үн чыгара турган тагынчыларды тагуудан тоскон.» (Müstedrek-ül Vesail, C.14, S.280)*

# Аялдар алтын жана кийимдер менен алагды болуп бейиштен ажыраган деген жалган хадистер

***«Бейишти карадым, бейиш элинин эң азын аялдар түзөөрүн көрдүм. Анан: «Аялдар кайда?» деп сурадым. Бейиштин башчысы (хаазини) мага мындай деп жооп берди: «Аларды эки кызыл, б.а. алтын менен бойолгон кийимдер бейиштен алаксытты.»***

# Аялга кийим бербеш керек деген жалган хадистер

***«Жакшы кийиндирбей коюу аркылуу аялдарга жардам бергиле.»***

Бул жерде фанаттардын ойдон чыгарылган дининде аялдардын кантип басмырланып, канчалык акылсыз, туруксуз, маанисиз көрүлөөрүн көрсөтүү үчүн аялдардын өзүн каранышы жөнүндөгү жалган хадистерди катары менен бердик. Курандын эч кайсы жеринде кездешпеген бул өкүмдөр ушул жалган хадистер аркылуу диндин бир бөлүгүндөй көрсөтүлгөн. Жана натыйжада аялды сулуулугунан эле ажыратпастан, аялдын акылын, кулк-мүнөзүн да тебелеген бир коом модели иштелип чыккан. Андан соң супсак, түнт, сүйүүдөн жана сулуулуктардан алыс жашагандардын жашоосу барган сайын караңгылыкка малынды. Дүйнөнүн эң чоң сый-жакшылыктарынын бири болгон аялдын сулуулугу жок кылынган соң, өздөрүнүн маанайы да, коом түшүнүктөрү да барган сайын чөктү. Мурдакы бөлүмдө терең сөз кылынгандай, курч жана кылдат ойлонуп, маселелерге чара көргөн жана көп тарабынан эркектин акылынан түшүнүгү алда канча терең болгон аялдын акылын четке кагып, аялдардын пикирлерине бут тоскону үчүн мындай коомдор өнүгүүдөн артта калышты. Эң кызыгы, мындай коомдордогу аялдар да бул жасалма динге ишенип, өздөрүн экинчи катардагы адамдай көрүүнү кадыресе нерседей кабыл алышкан. Натыйжада мындай коомдордогу аялдар көбүнчө өздөрүн каранбаган, көрүнүшү жагынан эркектерден айырмасыз, эч нерсе жөнүндө ой жүгүртө албаган, сабатсыз, чечимдердин баарын эркекке жүктөгөн жана эркектердин моюнтуругу астында болууну кадыресе көргөн жандыктарга айланышкан.

Бирок, жогоруда да айтылгандай, Аллах аятында кооздуктарга жана жакшы азыктарга тыюу салгандар жөнүндө кабар берген. Мындайлар Куранга каршы чыккан болушат:

> **Айткын: «Аллах кулдары үчүн чыгарган зыйнатты жана таза ырыскыларды ким арам кылган (тыюу салган)?» Айткын: «Булар дүйнө жашоосунда ыймандуулар үчүн, кыямат күнү болсо бир гана ошолор үчүн.» Билген бир коом үчүн аяттарды ушундай бир-бирден түшүндүрөбүз. (Аьраф Сүрөсү, 32)**

Жогоруда да айтылгандай, Куран боюнча аял бир кооздук, кадыр-барктуу зат; аялдын сулуулугу бир сый-жакшылык, аялдын акылмандыгы элдерди алдыга жылдырат. Аллах мындай мыкты касиеттерди аялга берип, аялзатын өтө кылдат коргоого алган жана аны мактаган. Жогорудагы жалган хадистерде айтылган калптар Куран тарабынан четке кагылган.

Муну унутпаш керек: сулуулуктарга жана Аллах жакшы көргөн сый-жакшылыктарга тыюу салганга аракет кылгандар – бул фанаттар. Ошондуктан фанаттардын дүйнөсүн чыныгы Ислам деп ойлоп, билбегени үчүн чыныгы Исламга каршы чыккандар менен күрөшүү чоң жаңылыштык болот. Кооздук жана сулуулуктарга тыюу салгандар эмес, булардын Аллахтын бир сый-жакшылыгы экенин билгендер чыныгы Куран менен жашагандар болушат.

# Фанаттардын түшүнүгү бул дүйнөгө өкүмчүлүк кылганда...

Эми фанаттардын бул тыюулары боюнча, чындыгында кандай дүйнөнүн аларды күтүп жатканын бир карайлы. Алардын сүрөткө жана айкелге болгон тыюулары эгер турмушка ашырылганда, дүйнөнүн эч бир жеринде живопись, сүрөт же жарнак-жарыя тактайлары болмок эмес. Ошондуктан,

· *Ыйман, дин жөнүндө китеп жазганда сүрөт колдоно алмак эмеспиз.*

· *Окуу китептеринде темаларды түшүндүрүүдө сүрөт колдонула алмак эмес.*

· *Акча банкноталарында сүрөт болмок эмес.*

· *Сарайлардагы кооз сүрөттөр, живописьтер, дубалдардагы оймолор болмок эмес.*

· *Анатомияда адамга керектүү, адам денесин көрсөткөн сүрөттөр болмок эмес.*

· *Көркөм өнөр академиясы сыяктуу искусство окуу жайлары болмок эмес.*

· *Сүрөтү бар гезит, журнал, китеп, интернет болмок эмес. Телевизор негизинен толугу менен сүрөттөрдөн турганы үчүн, аны көрүүгө тыюу салынмак.*

· *Медиага (массалык маалымат каражаттарына) тыюу салынып, медианын миңдеген пайдаларынан да ажырамакпыз. Мындан тышкары, адамдарга эң жакшы адеп-ахлакты түшүндүрүү, Курандын бир талабы болгон адамдарды жакшылыкка чакыруу сыяктуу мүмкүнчүлүктөрдөн да ажырамакпыз.*

# Макияж, өзүн каранууу, тазалык, жакшы кийинүү, модерндик жана маданият, кыскасы, «сапат» Исламдын шарттарынан

Мусулман, албетте, өзүн каранып жашайт, таза болот, сулуу болот. Себеби сулуулук, өзүн карануу, искусстводон ырахат алуу Аллах жактырган сыпаттардан жана жогорудагы аятта айтылгандай, өзгөчө ыймандууларга берилген бир сый-жакшылык. Куранда мусулман аялдардын макияж жасашына жана өзүн каранышына тыюу салган бир өкүм жок. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда аялдар көчөгө дайыма супсулуу болуп, жасанып чыгышкан. Ошол кезде да аялдар макияж жасашкан, ал тургай, Пайгамбарыбыз (сав) баш болуп ал доордун эркектери да көздөрүнө сурма коюшкан. Бир куттуу хадисте мындай деп айтылат:

***Айша (ра) риваят кылат: Расулуллах орозо кармаган абалында сурма сүрттү. (İbni Mace, Sıyam, 17)***

Ал доордо мусулман аялдар эндик (румяна), сурма, ооз бойок колдонушуп, колдорун жана тырмактарын кына менен бойошкон. Пайгамбарыбыз (сав) башкаларды чачтарын бойогонго үндөп, ал тургай, өзү да бойогон.

Көп хадис китептеринен орун алган бир риваят боюнча, Үммү Хабибанын атасы Абу Суфйан өлгөндө үч күн аза күткөн соң, беттерине ***«халюк»*** *(шафран жана башка заттардын аралашмасынан алынган, кызгылт-сары өңдүү зат)* сүрткөнү айтылган. *(Belazuri, 1987:184-185)* ***(«халюк» кызгыл-сары өңүнөн улам эндик (румяна) кызматын аткарат.)***

Бул жөнүндөгү башка кээ бир хадистер болсо төмөнкүдөй:

***Таберанинин бир риваятында: «Чачтардын түсүн өзгөртүп чоочундардын (эажим) кылганынын тескерисин кылгыла» деп буйрулган. (2111)***

***Аз. Абу Хурайра (радыйаллаху анх) айтат: «Расулуллах (алейхиссалату вассалам) мындай деди: «Еврейлер менен христиандар (чачтарын) бойошпойт. Силер алардын тескерисин кылгыла.» [Buhârî, Libâs 67, Enbiya 50; Müslim, Libâs 80, (2103); Ebû Dâvud, Tereccül 18, (4203); Nesâî, Zînet 14, (8, 137); Tirmizî, Libâs 20, (1752).]***

***Бухари жана Муслимде Аз. Анастан келген бир риваятта мындай деп айтылат: «Аз. Абу Бакир жана Аз. Умар (ра) (чачтарын) кына жана «кетем» менен бойошкон.»***

***Сухайбуъи-Хайр радыйаллаху анх айтат: «Расулуллах алейхиссалату вассалам мындай деди: «(Агарган чач жана сакалдарыңарды бойоодо) колдоно турган эң мыкты бойок, албетте, мобул кара болот. (Себеби кара бойок себептүү) аялдарыңар силерди көбүрөөк барктайт, душмандарыңар да силерден көбүрөөк тартынып калат.» (Ebu Davud, Libas 18, (4064), Tereccül 19, (4210); Nesai, Zinet 17, (8,140). Buhari, Libas 66, Menakıb 23; Müslim, Fedail 100-105, (2341); Ebu Davud, Tereccül 18, (4209); Nesai, Zinet 17, (8,140, 141))***

Пайгамбарыбыздын (сав) эң көп сары чачты жактырганы да хадистерде айтылган:

***Ибну Аббас (радыйаллаху анхума) айтат: «(Чачтарын) кына менен бойогон бир киши келди. Аз. Пайгамбар (алейхиссалату вассалам): «Бул кандай кооз!» деп мактады. (Бир аздан соң) кына жана «кетем» менен бойогон бирөө келди. «Бул жанагыдан да кооз!» деди. Анан (чачтарын) сарыга бойогон дагы бирөө келди эле: «Бул тигилерден да кооз!» деди. [Ebü Dâvud, Tereccül 19, (4211); İbnu Mâce, Libâs 34, (3627).]***

***Ахмед ибну Ханбалдын бир риваятында ансардан улгайып, сакалдарын ак баскан бир карыялар тобуна жолукканда: «Эй ансарлар (чачтарыңарды) кызылга бойогула, сарыга бойогула!» деп кеңеш берген.***

***(Сахаба жана табииндердин) көпчүлүгү сарыга бойоону туура көрүшкөн. Аз. Али, Ибну Умар, Абу Хурайра ж.б. да алардын арасында. Кээ бирлери кына жана «кетем» менен, кээ бирлери шафран менен, кээ бирлери кара бойок менен бойошкон. Караны тандагандардын арасында Аз. Усман, Аз. Хасан, Аз. Хусайин (б.а. Аз. Алинин эки баласы), Укбе Ибну Амир, Ибну Сирин, Абу Бурда жана башкалар айтылат.»***

***Аз. Ибну Умардан (радыйаллаху анх) бир риваят боюнча, сакалын «суфра» деген сары бойок менен бойоп, мындай дечү: «Мен Расулуллахты (алейхиссалату вассалам) көрдүм, сакалын ушуну менен бойогон эле, эң жакшы көргөн бойогу да ушул эле. Муну менен кээде кийимин да бойочу.» [Ebû Dâvud, Libâs 18, (4064), Tereccül 19, (4210); Nesâî, Zînet 17, (8, 140)]***

***Абу Катаде (ра)дан «Ал Пайгамбарга (сав): «Далыма чейин жеткен (коюу) чачым бар, тарасам болобу?» деди, «Ооба, аны жакшы кара!» Абу Катаде Пайгамбардын (сав) бул «Ооба, аны жакшы кара» деген сөзүнөн улам көбүнчө чачтарын күнүнө эки жолу майлачу. (Büyük Hadis Külliyatı, Cem'ul Feaid er-Rudani, 2. Baskı, İst, 2009)***

***Абу Зардан (ра): Аллах Расулу (сав) мындай деди: Ак чачтарды бойочу эң жакшы нерсе – кына менен «кетем».***

Пайгамбарыбыздын (сав) доорунда аялдардын лактын ордуна колдору менен тырмактарын кына менен бойогону жана Пайгамбарыбыздын (сав) да аялдарды буга үндөгөнү көп риваяттарда айтылат:

***Колунда Расулуллахка кат алып келген бир аял парданын артынан ишарат кылды (колун созду), Расулуллах колун кармап (катты албастан кайра тартып алып): «Бул эркектин колубу, же аялдын колубу билбейм?» деди. Аял: «Аялдын колу» деди. Расулуллах (сав): <u>«Эгер сен аял болгонуңда тырмактарыңдын (өңүн) кына менен өзгөртмөксүң» деди.</u> (Ebu Davud, 1992)***

***Айша (р.а)дан риваят кылынганы боюнча: Хинд Бинти Утбе: «Эй Расулуллах, менин биатымды (моюн сунуумду) кабыл кыл» деди. Расулуллах (сав); <u>«Колдоруңдун (өңүн) өзгөрткөнгө чейин сенин биатыңды кабыл кылбайм...»</u> деди. (Ebu Davud, 4165)***

# Аял сулуу зат, албетте өзүн каранып жүрүшү керек

Аялдар, албетте, өтө сулуу болуп, өзүн каранып, кыймыл-аракеттеринде өтө асыл жана акылман болушу керек. Бул сапат деген мааниге келет; сапат башка адамдардын аны сыйлап-урматташына себепчи болот. Ал үчүн өтө сулуу жана бай болуу шарт эмес, эң негизгиси адамда Курандын рухундагы тазалык, сулуу жана жарашыктуу көрүнүү каалоосу болушу керек. Мусулман жүзүндөгү нурун толукташы үчүн өзүн каранып, жарашыктуу болуп, өзүнүн сапатын, кадыр-баркын көтөрөт. Дүйнөдөгү ар бир адам кадыр-барктуу, маданияттуу жана өзүнө ишенген бир мусулман аялды көргөндө абдан таасирленет. Бул Аллах каалаган, жактырган нерсе.

Макияж – өзүн каранып, сулуу көрүнүүнүн бир жолу жана Аллахтын сый-жакшылыгы. Аллах сулуулуктун баарын жакшы көрөт. Ошондуктан аялдар, гүлдөр, дарактар, көпөлөктөр, канаттуулар кооз, сулуу жаратылган. Көпөлөктөрдөгү түстөрдүн гармониясы, кереметтүү симметрия, кооз сүрөттөр дайыма таң калтырат. Аллах мындай сулуулукту жакшы көрөт, ошондуктан аларды кооз кылып жаратат. Аялдар дагы дүйнөдөгү ушул кооздуктун бир бөлүгү, ал тургай, эң сулуусу. Көпөлөк кандай Раббибиз тарабынан назик кылып жаратылса, аял да назик кылып жаратылган. Ага сый-жакшылык катары берилген макияж аркылуу сулуулугу артып, кадыр-баркы көтөрүлөт. Өзүн каранбаган, өзүн барктабаган бир аялдын, албетте, кооз, жагымдуу, көздү жана жүрөктү жылыткан сулуулугунун да бир баркы калбайт.

Макияжга тыюу салууга аракет кылгандар көбүнчө сулуулуктан ырахат алуу сезиминен ажыраган адамдар болушат. Алардын караңгы дүйнөсүндө искусство, ырахат, бакыт, кубаныч, сулуулук болбогону үчүн, жана өз ойлорунда аялдарды чүмкөп, камап, жок кылуу керек болгон бир жандыктай көргөнү үчүн, аялдын сулуу болушун эмес, көрксүз болушун каалашат. Анда мындай суроо узаталы: дүйнөдөгү кайсы прогрессивдүү, заманбап жана маданияттуу адам же коом аялды кадыр-барксыз жана көрксүз кылган бир динди кабыл алат? Кайсынысы бул диндин өкүлү болгусу келет? Кайсынысы мындай динди жактайт?

Бир катар Батыш элдери ушул себептен фанатизмге каршы болушууда, бирок бул диндин атын Ислам деп ойлоп жаңылыштык кетиришүүдө.

# Бренд жана жакшы кийимдерди кийүү, жакшы машиналуу жана жакшы үйлүү болуу мусулмандардын акысы

Пайгамбарыбыз (сав) жана анын жанындагы сахабалар өз доорунун эң сапаттуу, көрүнүшү жагынан эң заманбап жана эң таза инсандары болушкан. Пайгамбарыбыз (сав) азыр жашаганда, албетте, азыркы доордун эң сапаттуу инсаны болмок. Доорубуздун эң заманбап жана эң мыкты кийимдерин кийип, эң заманбап жана кооз үйлөрүндө жашап, эң заманбап жана эң мыкты машиналарын колдонмок. Бүт адамдар арасында асылзаттыгы менен өзгөчөлөнүп турмак. Хадистерде Пайгамбар Мырзабыздын (сав) өз доорунун эң тандамал жана эң мыкты кийими болгон алтын менен кооздолгон кафтан кийгени төмөнкүчө айтылат:

> ***«<u>Үстүнө алтын менен кооздолгон бир кафтан кийип чыгып</u>, мындай деди: Эй Махреме! Мына ушуну сага сактап койгом...» (Büyük Hadis Külliyatı, Cem'ul-fevaid, Min Cami'il-usul ve Mecma'iz-zevaid, İmam Muhammed Bin Muhammed Bin Süleyman, Er-Rudani, İz Yayıncılık/2. Baskı İstanbul 2009, Sayfa 257-261-262-265-271-272-273)***

Ойлоп чыгарылган нерселерден турган адат-салттарын динге айлантууга аракет кылгандар көбүнчө өздөрүнө кооздуктарды ылайык көрбөгөндүктөн жана көбүнчө басынуу сезими менен жашагандыктан, кооз, сапаттуу, бренд кийимдерди, кооз үйлөрдү жана машиналарды да өздөрүнө жана мусулмандарга ылайык көрүшпөйт. Башка адамдардын эң люкс үйдө жашап, эң люкс жана кооз машина айдашына жана эң кооз кийимдерди кийишине каршы чыгышпайт. Бирок бир мусулман мындай кылса, катуу жинденишет. Бул алардын басынуу сезимин күчөтүп, ачуулантат. Мындай кишилер башкаларды эле эмес, мусулмандарды да жек көрүп башташат.

Мусулмандар, албетте, болгон күчү менен кыйналып жаткан адамдарды коргоп, Аллах ыраазылыгы үчүн колунан келген бүт аракетин жасайт. Бирок бул үчүн өзүн каранбай, балит жашоо шарт эмес. Мусулман көрүнүшү менен эле канча адамдарга динди тааныта алат. Көрүнүшү канчалык таза, сапаттуу, маданияттуу, модерн болсо, канчалык сылык, адамгерчиликтүү, ачык-айрым болсо, чыныгы Исламды ошончолук жакшы тааныткан болот. Албетте, адамдарга динди жеткирип жаткан кезде эле эмес, дайыма ушундай болушу керек. Мусулмандар Куран боюнча ансыз да ушундай жашаганга милдеттүү жана мындай жашоодон ырахат алышат.

Адамдар мындай караңгы, түнт жашоонун ордуна, сапаттуу, тынчтыкчыл Ислам көрүнүшүнөн таасирленишет. Муну көргөндө, Исламдан коркпой, аны жакшы көрүп башташат, Курандын талабы да ушул. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Пайгамбарыбыздын (сав) укмуш сапаттуу, тамашакөй жана модерн мамилеси жана көрүнүшү көргөндөрдү дайыма катуу таасирленткен. Пайгамбарыбыздын (сав) чет элдик элчилер менен жолугушканда, дайыма Византия чапанын жана өз доорунун эң сапаттуу кийимдерин кийгени белгилүү. Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (сав) Исламды башка элдерге таанытуу үчүн ар кандай зыяраттарга Аз. Дыхйени (ра) жөнөткөн. Аз. Дыхйе укмуш жарашыктуу болгон жана Исламды таанытуу үчүн барган жерлеринде дайыма өтө кымбат жана сапаттуу кийимдерди кийген. Көрүнүшү жана сапаты менен Аз. Дыхйе барган жерлеринде элдин баарын көчөгө чыгарып, баарын суктандырган. Мындагы максат Исламдын эң сонун жана сапатка маани берген бир дин экенин адамдарга көрсөтүү болгон.

Пайгамбарыбыздын (сав) мусулмандардын жакшы кийинип, сапаттуу болушу жөнүндөгү кээ бир хадистери төмөнкүдөй:

> ***Абул Ахвастан, ал болсо атасынан (ра): «Эски кийимдеримди кийип алып Пайгамбар (сав)дын жанына бардым. Мындай деди: «Мал-мүлкүң барбы?» «Ооба.» «Эмне мал-мүлкүң бар?» «Аллах мага тартуу кылган төө, уй, кой, ат сыяктуу ар түркүн мал-мүлкүм бар.» «Аллах сага мал-мүлк берген***

*болсо, анын чыгармасы жана жоомарттыгы үстүңдө көрүнсүн» деди.» (Büyük Hadis Külliyatı, Cem'ul-fevaid, Min Cami'il-usul ve Mecma'iz-zevaid, İmam Muhammed Bin Muhammed Bin Süleyman, Er-RUDANİ, İz Yayıncılık/2. Baskı İstanbul 2009, Sayfa 257-261-262-265-271-272-273)*

*Жабирден (ра): «Анмар согушуна Пайгамбар (сав) менен бирге чыктык. ... Эй Аллахтын Пайгамбары, Мединадан бир досубуз бар. Аны да даярдадык, биздин артыбыздан келип бизди коргойт. Ал ортодо ал киши үстүндө жыртык эки кийими менен келип калды. Пайгамбар (сав) аны көрүп сурады: «Бул эки жыртык кийиминен башка кийими жокпу?» «Куржунунда кий деп берген дагы эки кийими бар.» «Чакырып ошол кийимди кийгиз.» Аны чакырдым, кийимдеримди кийди. Ал киши бурулуп кетип жатканда, Расулуллах мындай деди: «Эмнеге (жаңы кийимдери туруп эскилерин кийет), бул ал үчүн жакшыраак го?» Ал киши муну угуп: «Эй Аллахтын Пайгамбары! Аллах жолунда жихад кылып жатканда да жаңы кийим кийейинби?» «Ооба, Аллах жолунда жихад кылып жатканда да.» деди. (Büyük Hadis Külliyatı, Cem'ul-fevaid, Min Cami'il-usul ve Mecma'iz-zevaid, İmam Muhammed Bin Muhammed Bin Süleyman, Er-RUDANİ, İz Yayıncılık/2. Baskı İstanbul 2009, Sayfa 257-261-262-265-271-272-273)*

# 5- БӨЛҮМ

## Фанаттардын дининде иудейлер менен христиандар

Фанаттардын өзгөчө согуш жана аялдар жөнүндөгү караңгы түшүнүгүн ахли китап, б.а. иудей жана христиандар жөнүндөгү көз-карашынан да көрүүгө болот. Канчалаган жылдан бери өзгөчө христиан менен иудейлерге карата катуу душмандык сезип келе жаткан мусулман элдер, албетте, кайра эле жалган хадистерден ууланышууда. Пайгамбарыбыз (сав) айткан деп жалаа жабылган мындай жалган хадистер себептүү мусулмандар Куранда макталган чын ыкластуу иудейлер менен христиандарды көрмөксөн болуп, иудей менен христиандарды мусулмандардын коргошу керек экенинен да кабарсыздай жашап келишти. Мындай туура эмес түшүнүктөн улам чын ниеттүү христиан жана иудейлер жөнүндөгү Куран аяттарын да четке кага турган абалга келишкен. Куран аяттарын четке кагуу болсо Ислам боюнча динден чыгуу деген мааниге келет; бирок бул кишилер буга да маани беришкен эмес.

Бул бөлүмдө фанаттар менен бир катар Исламга каршы чыккандар Исламдын ахли китапты «душман көрөөрүнө» далил келтирүүгө аракет кылган Куран аяттарынын чыныгы маанилери түшүндүрүлүп, тарых бою мусулмандарды иудей жана христиандарга каршы болууга үндөп келген жалган хадистердин туура эмес экени көрсөтүлөт. Төмөнкү маанилүү чындыкты эң башынан эске салуу керек: христиан дини менен иудей дини (иудаизм) Исламдан мурда жөнөтүлгөн акыйкат (Аллахтан келген) диндер, жана мусулмандар, Куран боюнча, бүт акыйкат диндерди жана акыйкат пайгамбарларды кабыл алууга милдеттүү. Аятта мындай деп айтылат:

> **Айткыла: «Биз Аллахка; бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахим, Исмаил, Исхак, Йакуб жана урпактарына түшүрүлгөнгө, <u>Муса жана Исага берилген жана пайгамбарларга Раббинден берилгенге ыйман кылдык (ишендик). Алардын эч бирин башкалардан бөлбөйбүз</u> жана биз Ага моюн сунганбыз.» (Бакара Сүрөсү, 136)**

Албетте, бул акыйкат диндер да өзүнүн ичинен келип чыккан фанаттык түшүнүктөр тарабынан бара бара туура эмес чечмеленген жана мындай бурмалоолор китептерине да кошулуп кеткен. Бирок биз кыяматка чейин бурмаланбай, өзгөрбөй сактала турган Куранды караганыбызда, христиандык жана иудейлик диндеринин баштапкы жана чыныгы абалына ишенишибиз керек экенин түшүнөбүз жана ушул түшүнүктү негиз тутабыз.

Бул аятка жана Курандагы ахли китапты мактаган көптөгөн аяттарга карабастан, христиан менен иудейлерге карата катуу душмандык саясатын жүргүзгөн кээ бир мусулман элдер – албетте, ойдон чыгарылган фанатизм дининин өкүлдөрү, Куран мусулмандыгынын эмес.

Бул жаңылыштыкты кээ бирлери билип жасаса, кээ бирлери билбей жасайт. Бул китептин максаты – ушундай жаңылыштык кетиргендерди эскертүү жана фанатизмди Ислам деп ойлогон кээ бир Исламга каршы чыккандарга алар каршы чыккан диндин Ислам эмес экенин көрсөтүү.

Фанаттардын айткандарынын тескерисинче, Куран ахли китапка болгон душмандыкка каргыш айтат жана ахли китапты сүйүүгө чакырат. Эми мунун далилдерин карайлы:

# Иудей (еврей) душмандыгына Курандан далил келтирүүгө аракет кылгандарга Курандан жооптор

Ахли китаптан (китеп берилгендерден) өзгөчө иудейлер канчалаган жылдан бери бир катар мусулмандардын аларга болгон душмандыгын түшүнө алышкан жок. Көбүнчө Куранда ушундай өкүм бар, ошондуктан мусулмандар ушундай кылышууда деп ойлоп келишти. Ушул себептен кээ бирлери дайыма Исламды айыптап келишти. Курандын иудейлерди душман көргөн кишилерге каргыш айтаарын эч билишкен жок.

Иудейлерге карата айтылган эки маанилүү нерсе бар: «иудейлер каргышка калган» жана «маймылдар жана доңуздарга салыштырылган» деген сөздөр (иудей бир туугандарыбызды аруулайбыз). Фанаттар бул сөздөрүн болсо Курандан алдык дешет. Эми бул сөздөрдүн жараксыз экенин жана чыныгы маанисин Курандын аяттары аркылуу түшүндүрөлү:

## «Маймылдар жана доңуздар» деп айтуу жана Куранда китеп берилгендердин чыныгы өкүмү

Куранда ахли китаптын (китеп берилгендердин) өзгөчө орду бар. Аллах чын ниеттүү иудей жана христиандарды мактап, аларга акыретте сыйлык берээрин кабар берген. Ахли китаптын баары мусулмандарга аманат кылынган. Бул аманат мусулмандар аларга боорукердик кылып, аларды жакшы көрүшү керек дегенди билдирет; ахли китап коргоого муктаж деген маанини эмес.

Кээ бир фанаттар өзгөчө иудейлерди душман көрсөтүү үчүн кээ бир Куран аяттарын да өздөрүнчө далил көрсөтүүгө аракет кылышат. Бул кээ бир батыштык Исламга каршы чыккандардын да эң чоң көзүрү. Ал кишилер өздөрүнчө Курандан аяттарды көрсөтүп, иудейлерге каргыш айтылган, алар «маймылдарга жана доңуздарга» салыштырылган деп иудейлерге карата душмандыкты күчөтүшкөн. Бирок Куранды караганыбызда каргыш айтылгандар менен айбандарга салыштырылгандардын иудейлердин арасынан чыккан жана эки жүздүүлүк, зомбулуктарды кылган мушриктер экенин көрөбүз. Бул жөнүндөгү Куран аяттарын карайлы:

Маида Сүрөсүнүн 60-аятында Аллах «маймылдарга жана доңуздарга» айландырган кишилер жөнүндө айтылат. Мындан мурдакы аяттарды караганыбызда ал кишилердин «китеп берилгендердин», б.а. христиан менен иудейлердин арасынан чыккан бир топ экенин көрөбүз:

## Маида Сүрөсүнүн 60-аятынын мааниси:

**Эй ыйман келтиргендер, силерден мурда аларга китеп берилгендерден (ахли китаптан) диниңерди шылдың жана оюн кылып алгандарды жана каапырларды дос (вели, башчы) кылбагыла. Жана эгер ишенсеңер, Аллахтан коркуп-тартынгыла. (Маида Сүрөсү, 57)**

**Алар силер бир-бириңерди намазга чакырганыңарда аны шылдың жана оюн кылышат. Бул чынында алардын акыл жүгүртпөс бир коом болушу себептүү. (Маида Сүрөсү, 58)**

**Айткын: «Аллах Кабатында «анык бир жаза катары» мындан да жаманын кабар берейинби? Аллах каргыш айткан, каарданган жана аларды маймылдар менен доңуздарга айланткандар менен**

**тагутка сыйынгандар; мына ушулар мекендери жаманыраак жана түптүз жолдон көбүрөөк адашышкан.» (Маида Сүрөсү, 60)**

Бул аяттарда ахли китаптын (китеп берилгендердин) арасынан чыккан бир топ жөнүндө сөз болууда. Ал топтун өзгөчөлүгү, алар бузукулук кылып, «эскертүүгө карабай тыюу салынган нерселерди жасап баш көтөргөн» жана динди шылдың кылган «каапыр» кишилер болушкан. «Ахли китап» деген сөз мындай эки жүздүү адамдардын кайсы элдин арасынан чыкканын белгилөө үчүн гана колдонулган.

Маида Сүрөсүнүн 60-аятынан мурдакы аяттарды караганыбызда муну толук көрө алабыз. 57-аятта **«силерден мурда аларга китеп берилгендерден (ахли китаптан) дининңерди шылдың жана оюн кылып алгандарды жана каапырларды дос (вели, башчы) кылбагыла»** деп «силерден мурда», б.а. мусулмандардан мурда «китеп берилгендер», б.а. иудей менен христиандардан **каапырдык кылып, динди шылдың жана оюн кылган** кишилер жөнүндө айтылууда. Кайрадан белгилеп кетели; бул жерде иудей жана христиандар жөнүндө сөз болуп жаткан жок, алардын арасынан чыккан динсиз, б.а. атеист, ошондой эле зомбулукчу, башкаларды шылдыңдаган мүнафыктар (эки жүздүүлөр) жөнүндө айтылууда. Мындай кишилер бир эле мусулмандар үчүн эмес, иудей жана христиандар үчүн да кооптуулук пайда кылып, баштарына балээ болот.

Бул жерде жана төмөндөгү бүт аяттарда айтылган «каапыр (Аллахты жокко чыгарган)» сөзүн туура эмес түшүнбөө үчүн бир жагдайды белгилей кетели: бир адам бир динге ишениши же ишенбеши мүмкүн. Бул анын жеке укугу жана өз абийири менен каалаган жолун тандоодо эркин. Динчил бир адам динди кабыл албаган бир адамга эч качан өз пикирлерин таңуулай албайт. Таңуулоого Куранда тыюу салынган. Ал тургай, мурдакы бөлүмдөрдө айтылгандай, бир мусулман атеист бир адамды да өз жанын аябай коргогонго милдеттүү.

Бирок эгер ал киши динди шылдың жана оюн кылып, динчилдерге жана алардын баалуулуктарына залака келтирүүгө аракет кылса, сый-урматты унутуп душмандай мамиле кылса же кол салып баштаса, анда Аллах алдында кылмыш кылган болот. Көңүл бурулган болсо бул аяттарда мүнөзү ушундай, чектен чыккан каапырлар жөнүндө сөз болгон. Динчилдерге кыйынчылык чыгарып, эки жүздүүлүк кылганы себептүү Аллах мындай кишилерди маймыл жана доңузга салыштырып, басмырлаган.

# Макталган иудейлер

Көрүнүп тургандай, Маида Сүрөсүнүн 60-аятынан мурдакы аяттарды караганыбызда, басмырланган бул кишилердин кандай мүнөздүү адамдар экенин түшүнөбүз. Кийинки аяттарда болсо чыныгы иудей жана христиандардын Куран боюнча сыпаттары айтылган:

**Чындыгында, ыйман келтиргендер менен <u>еврейлер (иудейлер)</u>, сабиилер жана <u>христиандардан</u> Аллахка, акырет күнүнө ишенген жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандар; алар үчүн коркуу жок, алар кайгырышпайт дагы. (Маида Сүрөсү, 69)**

Бул аятта бир сүйүнчү айтылган. Жана бул сүйүнүчтүү кабар Аллахка ишенип, жакшы иштерди жасаган иудейлерге жана ошондой эле христиандарга айтылган. Б.а. Аллах иудей жана христиандардан Аллахка чын жүрөктөн ишенип, чын ыкластуу болгондорду эч качан коркууга салбайм деп сүйүнчүлөөдө. Бул аларга айтылган бир бейиш сүйүнчүсү. Себеби аларга Аллах эч кайгырбайсыңар деп убада берүүдө. Аллах аларды бийик даражага койгон. Аллах аларды жакшы көрөөрүн кабар берген.

# Аьраф Сүрөсүнүн 166-аятынын мааниси

**Ошондой эле, алардан деңиз жээгиндеги шаарды(н абалын) сура. Алар ишемби (тыюусун укпай) чектен чыгышкан эле. «Ишемби күнү жумуш кылуу тыюусун угушканда», балыктары аларга ачык эле топ-топ болуп келишчү, «ишемби күнү жумуш кылуу тыюусун укпаганда» болсо, келишчү эмес. Биз бузукулук кылганы үчүн аларды ушинтип сынаганбыз. (Аьраф Сүрөсү, 163)**

**Алардын бир тобу: «Аллах кыйратууну же күчтүү азапка салууну каалаган бир коомго эмне үчүн насаат айтып жатасыңар?» дегенде «Раббиңерге бир себеп айтуу үчүн жана балким угушаар деп» дешти. (Аьраф Сүрөсү, 164)**

**Аларга эскертилгенди унутушканда болсо, Биз жамандыктан кайтаргандарды куткардык. Зулумдук кылгандарды бузукулугу үчүн абдан оор бир азап менен кармадык. (Аьраф Сүрөсү, 165)**

**Алар тыюу салынган «нерсени токтотпой жасап, баш көтөргөндө» аларга: «Басмырланган маймылдарга айлангыла» дедик. (Аьраф Сүрөсү, 166)**

Аьраф Сүрөсүнүн 166-аятынан мурдакы аяттарды караганыбызда, Израил урпактары (еврейлер) жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнөбүз. Еврейлердин арасынан чыккан бир топ «ишемби тыюусун» укпай, аларга диндин атынан айтылган эскертүүлөрдү унутуп, ага маани бербей, тыюу салынган нерсени жасай беришкен жана Аллахка баш көтөрүшкөн. Ошондуктан ал кишилер өз диндерин четке кагышкан. Булар иудейлердин арасынан чыккан, сөз укпаган адамдар болушкан.

Бул аяттарды караганда, бир тарапта чын ыкластуу иудейлердин, экинчи тарапта болсо ал иудейлердин арасында жашаган, сөз укпаган каапыр кишилердин бар экенин көрөбүз. Мисалы, 164-аятта сөз укпаган бул кишилерге тынымсыз насаат айтып, туура жолго чакырган иудейлер жөнүндө сөз кылынган. Алар сөз укпагандарды туура жолго түшөөр, «балким тартынышаар» деп насаат айтышкан. 165-аятта болсо жамандыктан тоскон бул чын ниеттүү кишилердин кутулганы айтылган. Сөз укпаган жана чын ниеттүү иудейлерге кыйынчылык чыгарган каапырлар басмырланышкан.

Бул аяттардан мурдакы аятта Аллах чынчыл иудейлерди төмөнкүчө мактаган:

**Мусанын коомунан акыйкат жолго баштаган жана аны менен адилеттик кылган бир топ бар. (Аьраф Сүрөсү, 159)**

Мусанын коомунан, б.а. иудейлерден акыйкат жолго баштаган жана адилеттик кылган адамдарды бул иштери үчүн Аллах мактаган. Аллахтын бул аятты түшүрүшүндө өтө терең даанышмандыктар бар.

Чын ыкластуу иудейлерге (еврейлерге) бир мусулмандын көз-карашынын кандай болушу керек экенин бул жана башка аяттар эң сонун чагылдырган.

# Бакара Сүрөсүнүн 65-аятынын мааниси

**Силерден убада алып, Турду үстүңөргө көтөрүп (мындай деген элек:) «Силерге бергенибизди бекем кармангыла жана коркуп-тартынуу үчүн андагы (өкүмдөрдү дайыма) эсиңерде туткула.» (Бакара Сүрөсү, 63)**

**Силер болсо ошондон кийин да жүз бурдуңар. Эгер Аллахтын силерге болгон берешендиги жана мээрими болбогондо, силер чындап азапка калгандардан болмоксуңар. (Бакара Сүрөсү, 64)**

**Ант болсун, силерден ишемби (күнү) тыюусун укпагандарды, албетте, билесиңер. Биз аларга: «Басмырланган маймылдарга айлангыла» дедик. (Бакара Сүрөсү, 65)**

Белгилүү болгондой, ишемби тыюусу (Шабат) иудейлерге гана тиешелүү бир тыюу. Ошондуктан бул жерден аятта айтылгандардын иудейлердин арасынан чыккан адамдар экенин түшүнөбүз. Бул аяттан мурдакы Куран аяттарында чөлдө жашаган мөөнөт бою Аз. Мусага (ас) кыйынчылык чыгаргандар жөнүндө айтылат жана бул жердеги баян Тоороттогу баянга окшошот. Аз. Мусага (ас) өтө көп кыйынчылыктарды чыгарган ал топтун кылгандары баяндалган соң, ал топтон «Тоорот өкүмдөрүн дайыма эсинде тутуп, ага моюн сунаары» жөнүндө убада алынганы айтылууда, бирок ошого карабай алар жүз бурушкан. Ишемби тыюусун укпаган, б.а. Тооротко каршы чыккан ал топ Аллах тарабынан басмырланган.

Көрүнүп тургандай, ал кишилер убада алынганына карабастан, Тооротту укпаган адамдар болушкан. Б.а. иудей эмес, ыймансыз (каапыр). Ишемби тыюусун укпай койгону да муну тастыктоодо. Ал кишилердин өзгөчөлүгү, алар ыймансыз болгондон тышкары, Аз. Муса (ас) менен чын ниеттүү иудейлерге кыйынчылык чыгарышкан. Ошондуктан басмырланууга татыктуу болушкан.

Бул жерде көңүл буруу керек болгон дагы бир маанилүү жагдай бар: бул аяттардан мурдакы аятта да чын ыкластуу иудей жана христиандар макталып, аларга акырет жөнүндө сүйүнчү айтылган:

> **Күмөнсүз, ыйман кылгандар (менен) иудейлер (еврейлер), христиандар жана сабиилер(ден ким) Аллахка жана акырет күнүнө ыйман кылып, салих (чын ыкластуу) иш-аракеттерди кылса, алардын Аллах Кабатында сыйлыгы бар. Алар коркушпайт жана алар кайгырышпайт дагы. (Бакара Сүрөсү, 62)**

Көрүнүп тургандай, чын ыкластуу иудей жана христиандар Куранда мактоого татыктуу көрүлгөн. Аллахтын жакшы көргөнүн мусулмандар да жакшы көрүшөт. Бул мусулмандардын милдети, жана, ошондой эле, мусулмандардын жүрөгүндө өзүнөн-өзү пайда боло турган бир сезим. Ошондуктан Аллахтын Куранда көп жолу кайталанган бул аяттарынын негизинде мусулмандар иудей жана христиандарды жакшы көрүп, коргошу керек жана аларга боорукер мамиле кылышы зарыл. Апачык көрүнүп тургандай, Аллах бул аяттарында чын ниеттүү христиан жана иудейлерди чын ниеттүү мусулмандардан бөлгөн эмес. Бул аят ахли китапка болгон бүт душмандыктарды толугу менен жок кылат.

# «Каргышка калган иудейлер» жаңылыштыгы

Эң биринчиден, «бүт иудейлер каргышка калган» деген сөз Аллахтын адилетине жана Аллах жараткан динге такыр туура келбейт. Биринчиси, иудейлик акыйкат бир дин жана мусулмандардын да бир пайгамбары болгон Аз. Мусага (ас) түшүрүлгөн. Аллах Куранда иудей дининин жана иудейлердин бар экенин белгилеп, чын ниеттүү иудейлерди мактаган жана Куран аркылуу мусулмандарга бүт ахли китапты жакшы көрүп, аларды коргоо милдетин жүктөгөн. Кээ бир Куран аяттарында Израил урпактарына жана ахли китапка түздөн-түз кайрылуу жасалган. Демек, иудейлер менен христиандардан да Куран окугандар жана Курандан насаат алгандар болот. Бирок бир фанаттын ою боюнча, бир иудей Куранды колуна да кармай албайт.

Экинчиси, бүт адамдар бул дүйнөгө сыноого келишкен. Сыноонун жыйынтыгына жараша акыреттеги абалдары аныкталат. Аллах бул дүйнө жашоосунун бир сыноо экенин аятында төмөнкүчө кабар берет:

> **Ал, амал (иш-аракеттери) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал бийик жана кудуреттүү, абдан кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

Ошондуктан бир мусулман кандай сыналса, иудей да ошондой сыналат. Иудей бир үй-бүлөдө төрөлгөн, дүйнөдөн бейкапар бир баланы каргышка калган деп айтуу Аллахтын адилетине толук карама-каршы келет. Али сынала элек бир наристени, кандай болсо да, каргышка калган деп ойлоо, мындай адилетсиздикти Аллахтан күтүү (Аллахты аруулайбыз), Аллахтын адилетин, боорукердигин, мээримин түшүнбөө деген мааниге келет. Бирок

«иудейлер каргышка калган» дегендер бул сөздү чоң-кичинесине карабай, бүт иудейлерге карата айтышууда. Андай болсо фанаттар «иудейлер каргышка калган» деген сөзүнө Курандан кантип далил келтирүүгө аракет кылышат?

## Бакара Сүрөсүнүн 88-аятынын мааниси:

**«Биздин жүрөктөрүбүз тосулуу» дешти. Жок; Аллах ыймансыздыгы (ишенбегени) себептүү аларды каргышка калтырган. Ошондуктан өтө азы ыйман кылат. (Бакара Сүрөсү, 88)**

Мындан мурдакы аяттарды караганыбызда, бул жерде Аз. Мусанын (ас) коомунан, б.а. иудейлердин арасынан чыккан бир топ жөнүндө айтылып жатканын көрөбүз. Бул жердеги кишилердин каргышка калуу себеби болсо апачык белгиленген: «ыймансыздыгы (ишенбегени) себептүү»...

Бул жерде айтылгандар иудейликке кыянаттык кылган, мурдакы аяттарда айтылышынча пайгамбарларды да өлтүрө турганчалык чектен чыккан, ыймансыз (каапыр) кишилер. Куранда мусулман элдердин ичинен чыккан, зомбулукчу ыймансыздарга каргыш айтылганы сыяктуу, иудейлердин ичинен чыккан зомбулукчу ыймансыздарга да каргыш айтылган. Ошондуктан бул аят боюнча, каргышка калгандар – бул баш көтөргөн ыймансыздар, иудей же мусулмандар эмес.

## Ниса Сүрөсүнүн 155-аятынын мааниси

**Анык убада бергени үчүн Турду үстүлөрүнө көтөрүп, аларга: «Бул эшиктен сажда кылып киргиле» дедик жана аларга: «ишембиде чектен чыкпагыла» деп да айттык. Жана алардан анык убада алдык. (Ниса Сүрөсү, 154)**

**Алар берген убадаларын бузганы, Аллахтын аяттарын четке какканы, пайгамбарларды адилетсиздик менен өлтүргөнү жана: «жүрөктөрүбүз тосулуу» дегени үчүн (аларга каргыш айттык). Жок; Аллах ыймансыздыгы (ишенбегени) себептүү ага (жүрөктөрүнө) мөөр баскан. Алардын азынан тышкары, калгандары ишенишпейт. (Ниса Сүрөсү, 155)**

Мурдакы аяттарда ахли китаптын арасынан чыккан ыймансыз бир коом сүрөттөлүп, канча жолу чектен чыкса да, Аллах тарабынан кечирилген ал коомдон алынган убада болсо Ниса Сүрөсүнүн 154-аятында айтылган. Ниса Сүрөсүнүн 155-аятында болсо ал коомдун берген убадасын бузганы, ыймансыз болуп, пайгамбарларды адилетсиздик менен өлтүргөнү кабар берилген. Ушул себептен каргышка калышкан.

Бул аяттардын уландысында да иудейлерден сөз кылынып, Аллах иудейлерден чыккан каапырлар менен терең ыймандууларды бири-биринен бөлүп караган:

**Бирок алардан (иудейлерден) илимде тереңдегендер менен ыймандуулар сага түшүрүлгөнгө жана сенден мурда түшүрүлгөнгө ишенишет. Намазды туптуура кылгандар, зекетти бергендер, Аллахка жана акырет күнүнө ишенгендер; мына ошолор, Биз аларга чоң бир сыйлык беребиз. (Ниса Сүрөсү, 162)**

Иудейлерден каапыр болуп, чектен чыккандардын болсо өкүмү башка. Мусулмандардын арасындагы каапыр жана чектен чыккандардын өкүмү башка болгон сыяктуу. Аллах аятта чын ниеттүү иудейлерди өзүнчө туткан жана аларга «чоң бир сыйлык берээрин» кабар берген. Аллах сыйлык берем деген, бейиш менен сүйүнчүлөгөн жана мактаган иудейлерди ким, кантип каргышка калган эл кылып койо алат? Аллах аларды мактаганына карабай, бир адам кантип «бүт иудейлер каргышка калган, алардын баарын өлтүрүү керек» дей алат?

Фанаттардын маселеси мына ушунда: алар Аллахты билишпейт, Куранды түшүнүшпөйт жана алдыда карала турган бул жөнүндөгү жалган хадистердин тузагына түшүшкөн.

Бул жерде маанилүү бир жагдайга кайрадан көңүлүңүздү буралы: бир адам бул дүйнөдө ыймансыз (атеист) болушу мүмкүн, бирок эки жүздүүлүк кылбай, адамдарга кыйынчылык чыгарбай, башкалар менен сый мамиледе болуп, чынчылдык менен өмүр сүрсө, дайыма мусулмандардын коргоосунда болот. Бул Куранда мусулмандарга жүктөлгөн бир жоопкерчилик. Жогорудагы аяттарда каргыш айтылгандар болсо – өз элинин арасындагы динчилдерге кыянаттык кылган, б.а. эки жүздүүлүк кылган, ал тургай, пайгамбарларды өлтүргөн, чектен чыккан кишилер. Аллах алардын пайгамбарларды өлтүрүшүн каргышка калуу себеби катары көрүп, аларды «убадасын бузган», б.а. эки жүздүү мүнафыктык кылган, ыймандууларга арттан сокку урган кишилер катары сүрөттөгөн. Ал адамдар Аз. Муса (ас) менен динчил иудейлерге да коркунуч туудурушкан. Б.а. ал ыймансыз кишилер иудейлердин арасынан чыкканы же ыймансыз болгону үчүн гана эмес, Аллахтын алдында кылмыш кылганы үчүн Аллахтын Кабатында каргышка калышкан. Ортодогу бул айырманы жакшылап түшүнүү керек.

# Иудей менен христиандарды дос тутпоо жаңылыштыгы

Көбүнчө фанаттар жана Батыштагы кээ бир Исламга каршы чыккандар тарабынан иудей жана христиандарга каршы бир далилдей көрсөтүүгө аракет кылынган Куран аяттарынын бири Маида Сүрөсүндө:

> **Эй ыймандуулар, еврейлерди жана христиандарды дос (вели) кылбагыла; алар бири-биринин досу. Силерден аларды ким дос кылса, албетте ошолордон болот. Эч күмөнсүз, Аллах заалымдар тобуна хидаят бербейт (туура жолго салбайт). (Маида Сүрөсү, 51)**

Аятта «дос» деген сөз эки жолу айтылган. **«Еврейлерди жана христиандарды дос (вели) кылбагыла»** деген сүйлөмдөгү «достор» деп которулган сөздүн арапчасы **«эвлийау»**. Бул сөздүн чыныгы маанилери төмөнкүчө: **«коргоочулар, мыйзам алдында жооптуулар, олуялар, мырзалар, кожоюндар, башчылар». «Силерден аларды ким дос кылса»** деген сүйлөмдөгү **«дос»** деп которулган сөздүн арапчасы болсо **«йетевеллехум»**. Бул сөздүн мааниси болсо мындай: **«багууну мойнуна алуу, башчы болуу, башкарууну колго алуу».** Арапча маанисин караганыбызда бул аятта айтылган «дос» деген сөздүн чындыгында **«башкаруучу»** маанисине келээрин оңой эле түшүнө алабыз. Бул жерде мусулмандарга иудей жана христиандардын башкаруусу астына кирүүсүнө тыюу салынган. (Prof. Dr. Bayraktar Bayraklı, Kuran Meali (проф. Байрактар Байраклы, Куран маанилеринин котормосу))

Мунун максатын түшүнүү болсо кыйын эмес. Бул диндер Аллахтын жалгыздыгына ишенип, бирдей негиздерге таянганы менен, ар бир диндин өзүнө тиешелүү ибадаттары жана өкүмдөрү бар. Ошондуктан бир иудейдин же бир христиандын башкаруусу астындагы мусулмандын ибадат жана өкүмдөрдү орундатууда кыйынчылыкка түшүү ыктымалдыгы өтө жогору. Бул кыйынчылыктын алдын алуу үчүн аятта ушундай өкүм берилген.

# Туура эмес билинген дагы бир түшүнүк: «такия»

Такия «коргонуу, жашынуу» деген маанилерге келген бир сөз. Куранда бул сөз төмөнкү аятта кездешет:

> **«Ким ыйманынан соң Аллах (жөнүндө) ыймансыздыкка адашып, -жүрөгү ыйманга толуп туруп, кысымчылыкка алынып мажбурлангандан тышкары- каапырдыкка жүрөгүн ачса, мына ошолорго Аллахтын каары келет...» (Нахл Сүрөсү, 106)**

Бул аятта өзгөчө бир жагдай сүрөттөлгөн: бир адам ыймандуу болгонуна карабастан, кысымчылык астында калганда, андан кутулуу үчүн убактылуу «Аллах жок» деп айтууда же ыйманын жашырууда. Куранда «такиянын» мындан башка мааниси жок.

Бирок «такияны» учурда кээ бир туура эмес Ислам түшүнүгүндөгү адамдар башкача колдонушууда жана бир катар Исламга каршы чыккандар да туура эмес түшүнүшүүдө. Туура эмес Ислам түшүнүгүндөгү кээ бир кишилер «такияны» бүт тарапта колдонулчу бир эки жүздүүлүк ыкмасы катары көрүп, өмүрүнө эч бир коркунуч туулбаган кезде да Исламга сыйбаган иштерге барышууда жана жалган хадистер себептүү «душман» жарыялаган кишилерге роль ойноп, достой мамиле кылышууда.

Бир катар Исламга каршы чыккандар же радикалдардан улам Исламга күмөн менен карагандар болсо муну жалпылаштырып, эч бир мусулмандын тынчтык жана сүйүү жөнүндөгү сөздөрүнө ишенбеш керек, аягында чоң бир согуш үчүн баары роль ойношот дешет. Алар мусулмандар Курандагы «такияны» ушундай түшүнөт жана негизи согушту сабырсыздык менен күткөн мусулмандар роль ойноп, тынчтык жана сүйүүнү жактагандай көрүнүшөт дешет. Ошондуктан бул кишилердин ою боюнча, сүйүү жана тынчтыктан сөз кылган ар бир мусулман негизи калп айтып жаткан болот.

Бул жерде, албетте, эки тараптын тең эң чоң маселеси – эки тарап тең Курандан кабарсыз.

Эң биринчиден, Куранда айтылган «такия» сөзүндө маанилүү бир шарт бар: **«жүрөгү ыйманга толуп туруп, кысымчылыкка алынып мажбурлангандан тышкары»**... Аятта айтылган «такия» боюнча, мусулман киши кысымчылык же коркутуу астында, б.а. оор абалда калганда, кысымчылыктан кутулуу үчүн ыйманын жашыра алат; душмандыгын эмес. Улуу Аллах Куранда фараондун үй-бүлөсүнөн ыйманын жашырган бир кишини кабар берген:

> **«Фараон үй-бүлөсүнөн ыйманын жашырган бир адам мындай деди: силер бир кишини «Раббим Аллах» дегени үчүн өлтүрөсүңөрбү...» (Момун Сүрөсү, 28)**

Ыйманын жашырган бул киши өтө кооптуу чөйрөдө жашаган. Фараон деген өз доорунун эң заалым өкүмдарынын жанында жашап, өлүм коркунучу болгону себептүү ыйманын жашырган, б.а. «такия» кылган. Бул Курандагы «такия» шартына толук туура келет. Ал киши олуттуу коркунуч астында болгону үчүн ыйманын жашырып жашаган. «Такиянын» Куранда бир гана ушундай мааниси бар.

Учурдагы бир катар туура эмес Ислам түшүнүгүндөгүлөрдүн «такия» деген ат менен кылып жаткандары жана алардын кылганын Исламга туура келет деп ойлогон кээ бир Ислам душмандары Курандан алыс болгону үчүн тынчтык менен сүйүүнүн да жолун тосушууда. «Такияны» Курандагыдан башка мааниде түшүнүү жана колдонуу дүйнөдөгү азыркы согуш жана кагылышууларга колдоо көрсөтүүдө. Бул аркылуу адамдардын аң-сезимине эч качан тынчтык келбейт, массалык кыргындар, согуштар уланат деген түшүнүк сиңирилүүдө.

Мындай түшүнүк Куранга да, акылга да карама-каршы келет. Элестетип көрсөңүз, бир мусулман Аллахтын ыраазылыгы үчүн бүт өмүрүн тынчтыкка, бир туугандыкка, адамдарды достоштурууга арнап, ал үчүн согушту каалагандардын, радикалдардын коркутуп-үркүтүүлөрүнө туш болуп, өмүрүн коркунучка салат, исламофобиянын кыйратууучу таасирине карабай христиан жана иудейлерди дос болууга ынандырат, бул достук үчүн убактысын, акчасын, мүмкүнчүлүгүн жана жаштыгын сарптайт... Аягында болсо канчалаган кыйынчылык менен ынтымакка алып келип, адамдардын арасында сүйүү биримдигин курган соң бир күнү аларды өлтүрүүнү чечет! Бул өтө туура эмес бир көз-караш. Бир адам эгер шайтандык түшүнүктө болсо жана сөзсүз адамдарды өлтүрүүнү кааласа, бул

көп кыйынчылык туудурбайт. Бул түшүнүгүн ансыз да ар кандай шартта турмушка ашыра алат. Эгер муну динди жамынып жасагысы келсе, ансыз да динди колдонуп адамдарды өлтүрүп жаткан кишилер толтура.

Мусулман алдамчылык менен жашабайт, буга тыюу салынган. Чыныгы мусулман дайыма Куранга карап жашашы керек. Куран аяттары боюнча мусулмандар бул дүйнөгө сүйүү алып келүүгө милдеттүү (Мариям Сүрөсү, 96), бүт дүйнөдө тынчтыкты орнотууга милдеттүү (Бакара Сүрөсү, 208), биримдикти жана ынтымакты орнотууга милдеттүү (Анфал Сүрөсү, 73). Ыймансыздарды да коргоп, керек болсо ал үчүн өз жанын рискке салууга буюрулган (Тообо Сүрөсү, 6). Куранда өзгөчө орду болгон ахли китап менен болсо бир тууган, дос, жакын курбу болууга милдеттүү. Аларды өлтүрүү үчүн эмес, аларды мажбурлап Исламга киргизүү үчүн эмес; аларды жакшы көргөнү үчүн, Аллахтын буйругу экенин билгени үчүн, баары чогуу «Аллах жалгыз» дегени үчүн алар менен жакын мамиледе болууга милдеттүү. «Такия» сөзүн атайылап башка мааниде колдонуп, мусулмандыкты согуш дининдей көрсөтүүгө аракет кылгандардын мындай тымызын планы ишке ашпайт. Себеби тымызын план дайыма бузулат. Канчалаган согуш сценарийлерине карабастан, үч диндин өкүлдөрү бул дүйнөгө тынчтыкты орнотушат. Себеби Аллах сөзсүз акыйкатты үстөм кылат, сүйүүнү жана тынчтыкты каалайт. Адамзатты жана бүт ааламды сүйүү үчүн жараткан.

Курандан фанаттар жана Исламга каршы чыккандар иудей душмандыгына далил келтирүүгө аракет кылган Куран аяттарынын чыныгы маанилерин карап чыктык. Эми фанаттар иудейлерге (еврейлерге) болгон душмандыкты жайылтуу үчүн колдонгон жана эч нерсеге карабай ишенген жалган хадистерди карайлы:

# Христиан жана иудейлер жөнүндөгү жалган хадистер жана Куранда айтылгандар

# «Бойго жеткен иудейлерди өлтүрүү» сөзү

***Атийат аль-Куразий мындай деди: «Курайза согушу күнү Расулуллах саллАллаху алейхи ва саллам көбөйүү органын колдонгон еврейлердин баарын өлтүргүлө деп буйруду. Мен анда али колдоно элек элем. Менин абалымды Расулуллахка айтышты. Расулуллах саллАллаху алейхи ва саллам мени койо берди.» (Ebu Davud, Tirmizi, Nesei, İbn Mace, İbn Hibban)***

Бул жалган хадис аркылуу бойго жеткен еврейлердин баарын өлтүргүлө деген буйрук берилүүдө. Ислам дини күнөөсүз жерден адам өлтүрүүнү эң чоң күнөө деп эсептеген, чын ыкластуу иудейлерди чоң сыйлык менен сүйүнчүлөгөн, адамдарды сүйүү жана боорукердикке чакырган бир дин. Бир адамды «эч күнөөсүз жерден» - негизи кылмыш кылган болсо да ал кишини кечирүү керек- еврей болгону үчүн гана бойго жеткенде өлтүрүү өкүмү Исламдай бир тынчтык дининде эч качан болушу мүмкүн эмес. Куранда, албетте, мындай өкүм жок; бул Куранга жана Улуу Раббибиздин бул сонун динине карата айтылган бир жалган жалаа. Бул Куран боюнча бир кылмыш. Чын ыкластуу болуп, бирок сабатсыздыгынан улам ишенгендерден тышкары, мындай жасалма хадисти өкүм катары алып турмушка ашырган бир киши мусулман эмес, киши өлтүргүч болот. Аллах чын ыкластуу иудейлерди мактаганына карабай, аларды кандай болсо да өлтүргүлө деп буйруган бир өкүмгө ишениши фанаттардын канчалык сабатсыз экенин көрсөтөт.

# Мусулмандардын күнөөлөрү иудейлерге жүктөлөт деген көз-караш

***«Кыямат күнү мусулмандар үстүндө тоолордой болгон күнөөлөрү менен келишет, Аллах (ж.ж) алардын баарын кечирип, <u>еврейлердин үстүнө жүктөйт.</u>» (Ramuz el-Hadis )***

Бул жалган хадиске Куран менен жооп берели:

Үстүндө тоолордой болгон күнөөлөрү менен келген бүт мусулмандар өз күнөөлөрүнөн, бүт иудейлер да өз күнөөлөрүнөн суракка алынат. Эч ким өзүнүн мойнундагы күнөөсүн башка бирөөгө жүктөй албайт, өзүнүн күнөөлөрүнө гана жооп берет. Аллах Куранда муну апачык кабар берген:

**Ким хидаяткa жетсе (туура жолго түшсө), өзү үчүн хидаяткa жетет; ким адашса өз зыянына адашат. <u>Эч бир күнөөкөр башка бирөөнүн күнөөсүн көтөрбөйт</u>... (Исра Сүрөсү, 15)**

Башка бир Куран аятында Аллах өз күнөөсүн бир күнөөсүзгө жүктөөгө аракет кылгандын өкүмүн да апачык билдирген:

**Ким бир ката же күнөө кылып, <u>анан аны бир күнөөсүзгө жүктөсө</u>, чындап ал бул жалганды жана <u>апачык бир күнөөнү өз мойнуна үйөт</u>. (Ниса Сүрөсү, 112)**

Ар бир адам акыретте өз кылгандарына жооп берет. Аллах кабар бергендей, **«Аллахка кайтып бара турган күндөн корккула. Анан ар бир адамга акысы толугу менен төлөнөт жана аларга адилетсиздик кылынбайт.» (Бакара Сүрөсү, 281)** аятына ылайык эч кимге акыретте адилетсиздик кылынбайт. Эч ким акыретте, Раббибиздин Кабатында «менин күнөөлөрүмдү тигил мойнуна алды, ошондуктан күнөөсүзмүн» дей албайт, бул дүйнөдө уялбай айтып жүргөн бул түшүнүгүн ал жерде айта албайт. Себеби негизи бул сөздүн бир алдамчылык экенин бүт адамдар ичинен билишет.

# Тамактар иудейлер себептүү бузулат деген көз-караш

***«Эгер Израил урпактары болбогондо, тамактар бузулбай, эттер жыттанмак эмес.» (Cami-üs Sağir)***

Жалган хадистердин кандай түшүнүктөн келип чыкканын түшүнүү жана алардын калп экенин далилдөөдө бул жалган хадис өтө маанилүү. Китептин башынан бери айтылып келе жаткан жалган хадистер мына ушундай түшүнүктөн келип чыккан. Эгер иудейлер болбогондо, тамактар бузулмак эмес жана эттер жыттанмак эмес деген бир түшүнүктөн аялдар, жаныбарлар, искусство жана бүт коомдук жашоо жөнүндө үрөй учурарлык көз-караштардын келип чыгышы, албетте, таң калыштуу болбойт. Бул жалган хадис, ошол эле учурда, иудейлерди басмырлап, душман көрсөткөн хадистердин да ойдон чыгарылгандыгынын маанилүү бир далили. Куранда аты аталып, макталган жана Аз. Мусанын (ас) урпактары болгон бир элдин бар болушу тамактардын бузулушуна жана эттердин жыттанышына себеп болот деген бир ишеним системасынын бир акыйкат динде болушу, албетте, мүмкүн эмес. Ошондой эле, Раббибиздин Куранда Маида Сүрөсүнүн 5-аятында мусулмандарга иудейлердин жана христиандардын тамактарын адал кылганын да эске салуу керек. Бул жердеги көз-караш Куранга туура келбеген жана фанаттык бир көз-караш. Бул жердеги тантык көз-караш фанаттардын бузук түшүнүгүн толугу менен көрсөтүүгө жетиштүү болот.

# «Арап жерлеринде эки дин калбасын» деген көз-караш

*«Расулуллахтын акыркы сөздөрүнүн бири (Аллах еврей жана христиандарды жок кылсын. Арап жерлеринде эки дин калбасын) эле.» (Beyheki)*

Бул жалган хадис да Пайгамбарыбызга (сав) айтылган чоң бир жалаа. Улуу Аллах Куранда христиандык жана иудейлик диндеринин бар экенин белгилеп, Курандын бул эки акыйкат динди тастыктоочу катары жөнөтүлгөнүн кабар берген. Куран бул эки диндин өкүмдөрүн жокко чыгарбайт, бул диндерди тастыктайт. Курандын көптөгөн аятында бул маанилүү маалымат берилген, алардын бири төмөнкүдөй:

**Ал сага Китепти акыйкат жана андан мурдакыларды тастыктоочу катары түшүрдү. Ал Тооротту жана Инжилди да түшүргөн. (Али Имран Сүрөсү, 3)**

Ошондой эле, Куран жер жүзүндө иудей жана христиандардын болоорун жана жогоруда айтылгандай, алардын бир бөлүгүнүн чын ыкластуу жана Аллах тандаган бир коом болоорун белгилеген. Аллах Куранда мусулмандарга христиан жана иудейлерге үйлөнүүгө, алардын дасторконунда тамак жегенге уруксат берген, б.а. адал кылган (муну төмөндө тереңирээк карайбыз). Ошондой эле, Улуу Раббибиз мусулмандарга жакшы көрүү жагынан «христиандардын» эң жакын болоорун белгилеген. Аллах мактап, сыйлык тартуулап, бар болоорун кабар берген бул элдер жөнүндөгү «Аллах еврей жана христиандарды жок кылсын» деген сөздүн Пайгамбарыбызга (сав) тиешелүү эмес экени анык. Муну Пайгамбарыбыздын (сав) сөзү деп жайгандар бул чоң жалаанын күнөөсүн моюндарына үйүшөт. Бул жалган хадис Курандагы ахли китап жөнүндөгү мактоо сөздөрү жана Пайгамбарыбыздын (сав) ахли китапка болгон мамилеси тарабынан толугу менен калпка чыгарылат. Бул жөнүндөгү Куран аяттарына жана Пайгамбарыбыздын (сав) иш-аракеттерине бир аздан кийин токтолобуз.

# Акарат катары «эй еврей», сооп катары «еврейге наалат»

*«Бир киши башка бир кишиге (эй еврей) десе, ага 20 балак ургула.» (Tirmizi)*

*«Кимдин жакырга берээрге акчасы жок болсо, <u>еврейге наалат айтсын, бирдей соопко ээ болот.</u>» (Deylemi, İbn-i Adiyy)*

Бул жалган хадистерде да «еврей» деген сөз бир акараттай көрсөтүлүп, иудейге наалат айтуу сооп деп айтылган жана ушундайча иудейлерге болгон душмандыкты жайылтуу максат кылынган. Фанаттардын эмне үчүн мынчалык башка бир динде жашаганы белгилүү. Чын ниеттүү иудейлердин акыретте сыйлык алаарын белгилеп, чын ыкластуулугун мактаган Куран фанаттардын дүйнөсүнөн такыр алыс.

Иудей жана христиандарга болгон жек көрүүнүн жайылышына ушундай тантырак сөздөр себеп болууда. Фанаттар жөнүндөгү арыздарын Исламга каршы чыгуу аркылуу жайылтууга аракет кылгандар мына ушуга өтө көңүл бурушу керек. Чыныгы Исламга жана чын ыкластуу мусулмандарга каршы чыгуу аркылуу, фанаттык түшүнүктү жойо турган бирден бир, негизги куралды жок кылууга аракет кылып, өздөрүнө кайтып келе турган бир балээни даярдашууда.

# «Жолдун тар тарабына кыскыла»

***«Абу Хурайрадан (ра) Пайгамбардан (сав) угуп риваят кылынганы боюнча, Расулуллах сав: «Еврейлер менен христиандарга (жолукканыңарда) биринчи болуп силер салам бербегиле. Алардын бирөөсүнө бир жолдо жолугуп калсаңар, аны жолдун тар тарабына кыскыла» деп айткан.» (Muslim, Buluğu'l Meram cilt 4, CİHÂD BAHSİ, Cizye Ve Hüdne Babı»1335/1125- ([246]))***

Сүйүүгө, сылыктыкка жана эң башта ахли китапка карата сый мамиле кылууга үндөгөн акыйкат бир диндин өкүмдөрүнө каршы ойлоп чыгарылган бул хадис олуттуу бир жапайылык жана Пайгамбарыбызга (сав) карата айтылган бир жалаа. Куран өкүмдөрүнө ылайык иудей жана христиандарга өтө боорукер мамиле кылып, аларды жакшы көргөн Пайгамбарыбыздын (сав) иш-аракеттерине толук карама-каршы келген бир түшүнүк бул жалган хадисте Пайгамбарыбыздын (сав) сөзү катары айтылууда.

# «Еврей дарагы гаргад»

***«Еврейлер таштардын жана дарактардын артына жашынышат, бирок дарак менен ташка тил кирип «Эй муслим! Эй Аллахтын (ж.ж.) кулу! Кел, кара менин артымда еврей бар, бул жерге жашынды, менин артымда, кел аны жазаландыр.» дейт. Бир гана «гаргад» дарагы мындай дебейт, себеби ал еврей дарагы» деп айтылат. (Kitab-ul Fiten H. 2239)***

Еврейлерге душмандыкта балким эң көп колдонулган хадис гаргад дарагы жөнүндөгү ушул жалган хадис болушу керек. Бул хадис боюнча таштын же дарактын артына бир иудей жашынганда өлтүрүлүшү керек. Бул акылсыз логика боюнча, ал иудей күнөөсүз киши болушу мүмкүн, иудей бир жаш бала болушу мүмкүн, динчил, жакшы адам да болушу мүмкүн. Бирок бул жалган хадис боюнча, дарактын артында кандай болсо да бир иудей жашынганда, таш менен дарактар мусулман кишиге муну кабар берет жана ал иудейди сөзсүз өлтүрүү керек болот. Жаш бала болсо дагы...

Бирок, Куран боюнча бул кылмыш болуп саналат. Өзүн мусулманмын деп ойлогон бир киши жалган хадистерге ишенип, «дарак мага буйрук берди» деп дарактын артындагы иудейди аткан болсо, өлтүрүлгөн иудей бейишке кирип, өзү болсо тообо кылбаса, акыретте кылган кылмышынын жазасын алат. Болгондо да, бул ушунчалык үрөй учурарлык бир система; себеби мындай жалганга ишенгендер «таш мага буйрук берди» же «дарак мага кабар берди» деген сыяктуу калптарды шылтоо кылып, адам өлтүрүүгө барышы мүмкүн. Эмне себептен киши өлтүрдүң дегенде, таштан буйрук келди деп койо алат. Бул системада аларды эч ким суракка да ала албайт. Ансыз да алардын системасы Курандан таптакыр алыс. Алардын системасы адам өлтүрүүнү, адамдарды басмырлоону, жолдун четине кысууну кадимки көрүнүштөй көргөн бир система. Аллах Куранда алардын мындай жалганчы системасын басмырлаган:

**Силерге эмне болуп жатат, кандай өкүм берип жатасыңар? Эч насаат алып-ойлонбойсуңарбы? Же силердин апачык бир далилиңер барбы? <u>Эгер туура айтып жатсаңар, анда китебиңерди алып келгиле.</u> (Саффат Сүрөсү, 154-157)**

Эми иудейлер менен христиандар жөнүндөгү ойдон чыгарылган бул хадистердин Куран жана Пайгамбарыбыздын (сав) иш-аракеттери тарабынан кантип жокко чыгарылаарын көрөлү:

# Куранда китеп берилгендердин барктальшы

**Мусулмандар ахли китапка үйлөнө алышат, алардын тамактары мусулмандарга, мусулмандардын тамагы аларга адал:**

> **Бүгүн силерге таза нерселер адал кылынды. Китеп берилгендердин (иудей жана христиандардын) тамагы силерге адал, силердин тамагыңар да аларга адал. Ыймандуулардан эркин жана намысын сактаган аялдар менен силерден мурда китеп берилгендерден (иудей жана христиандардан) эркин жана намысын сактаган аялдар да, намыстуу, ойноштук кылбаган жана башкалар менен тымызын достошпогондору –аларга акыларын (мехирлерин) төлөгөнүңөрдө- силерге (адал кылынды). Ким ыйманды таанныбай, каапырдыкка (ыймансыздыкка) адашса, албетте, анын кылгандары текке кетет. Ал акыретте азапка туш болуучулардан болот. (Маида Сүрөсү, 5)**

Бул аят маанилүү мисалдар менен ахли китаптын мусулмандардын алдындагы кадыр-баркын көрсөткөн бир аят. Бул аяттын өкүмү боюнча, бир мусулман эркекке ахли китаптан аялдарга үйлөнүү уруксаты берилген. Бул маанилүү бир уруксат, себеби Курандын **«Жаман аялдар жаман эркектерге; жаман эркектер жаман аялдарга; жакшы жана таза эркектер жакшы жана таза аялдарга (жарашат)...»** (Нур Сүрөсү, 26) буйругуна ылайык мусулмандар таза жана жакшы адамдар менен үй-бүлө курууга милдеттүү. Бул өкүм аркылуу иудей жана христиандардын таза, жакшы адамдар экенине маанилүү бир ишарат берилүүдө.

Ошондой эле, бул аятта маанилүү бир жагдай белгиленген. Бир мусулман иудей же христиан аялды жубайы кылып, ага «жубайым, түгөйүм, сүйүүктүүм» деп кайрылып, аны менен үй-бүлө куруп, бүт өмүрүн аны менен бирге өткөрөт, ал тургай, акыретте түбөлүк жашоосун аны менен бирге өткөрүүгө ниет кылган болот. Ал инсан өмүр бою бүт кыйынчылыктарын, кубанычтарын бөлүшкөн жалгыз адамына айланат. Ооруганда экөө бири-бирин карап, экөө бири-бирине ишенет.

Фанаттардын түшүнүгү боюнча, бир адам «сүйүүктүүм» деген, өмүрүн бирге өткөргөн, өз жанын аманат кылган, өз балдарынын энеси болгон бир адамды христиан же иудей болгону үчүн бир күнү душман көрүп, аны каргышка калган деп жарыялайбы? Бүт өмүрүн аны менен өткөргөн соң бир күнү «мобул дарак мага кабар берди, аялым иудей, анын артына жашынып алыптыр» деп аны өлтүрүүнү чечеби? Бир адам психикалык жактан оорулуу болсо гана мындайга барышы мүмкүн. Куран менен жашаган, акылы ордунда бир мусулман үчүн иудей жана христианды жакшы көрүүнүн критерийи бул аятта айтылган.

Аятта, мындан тышкары, мусулмандарга ахли китаптын тамагынан жегенге да уруксат берилген. Бул маанилүү бир критерий, себеби, белгилүү болгондой, мусулмандар жей турган тамагында белгилүү тыюуларды карашы керек; чочконун эти менен Аллахтын атына союлбаган бир жаныбардын эти мусулмандарга арам. Иудей жана христиандардын тамактарынын мусулмандарга адал кылынышы бул кишилердин ишенимдүү экенине кепилдик берет. Ушул эле критерий иудей жана христиандарга да тиешелүү, жана аяттын өкүмү боюнча мусулмандардын тамактары аларга адал кылынган.

Бул жердеги достук мамилеге да көңүл буруу керек. Ахли китап менен мусулмандар бир дасторконго отуруп, бири-бирине конок болуп, бири-бирин коноктой алышат. Бул жерде бир достук мамилеси сүрөттөлгөн. Бири-бирин жек көрүп, өлтүрүү эмес; сүйүү, достук, бир тууганадык мамиледе болуу керек экени сүрөттөлгөн.

Бул аяттагы өкүмдөрдү бир фанат эч качан кабыл албайт. Куранда берилген бул уруксатка фанаттардын дүйнөсүндө тыюу салынган жана фанаттар муну үрөй учурарлык нерседей көрүшөт. Бир фанатка ахли китаптан бир адамга үйлөнүүгө же анын үйүндө конок болууга болобу деген суроо узатылса, ачууланyу менен «болбойт» деп жооп берет. Апачык көрүнүп тургандай, фанаттардын өкүмдөрү Курандан алынган эмес, себеби алар өкүмдөрдү Курандын койоорун кабыл алышпайт.

Ахли китаптын ордун көрсөткөн мындан башка аяттар да бар. Аллах Куранда бир катар ахли китапты мактаган. Бул жөнүндөгү аяттар төмөнкүчө:

**Мусанын коомунан акыйкат жолго баштаган жана аны менен адилеттик кылган бир коом бар. (Аьраф Сүрөсү, 159)**

**Алардын баары бирдей эмес. Ахли китаптан бир коом бар; түнкүсүн тик туруп Аллахтын аяттарын окуп саждага жыгылышат. Алар Аллахка жана акырет күнүнө ыйман кылып, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушат жана жакшылык иштерде жарышышат. Мына ошолор чын ыкластуулар (салихтер). Алар эмне жакшылык кылган болсо, албетте, анын сыйлыгын алат. Аллах муттакилерди (Аллахтан корккондорду) билет. (Али Имран Сүрөсү, 113-115)**

**Күмөнсүз, ахли китаптан (китеп берилгендерден) Аллахка, силерге түшүрүлгөнгө жана өздөрүнө түшүрүлгөнгө –Аллахка терең урмат көрсөтүп- ишенгендер бар. Алар Аллахтын аяттарын аз бир наркка алмашышпайт. Мына ушулардын Раббилери Кабатында сыйлыктары бар. Күмөнсүз Аллах эсепти өтө бат жасоочу. (Али Имран Сүрөсү, 199)**

**Мындан (Курандан) мурда Биз китеп бергендер буга ишенишет. Аларга окулганда: «<u>Биз ага ишендик, чындап ал Раббибизден келген бир акыйкат, эч күмөнсүз, биз мындан мурда да мусулмандар элек</u>» дешет. (Касас Сүрөсү, 52-53)**

**Бирок алардан (иудейлерден) илимде тереңдегендер менен ыймандуулар сага түшүрүлгөнгө жана сенден мурда түшүрүлгөнгө ишенишет. Намазды туптуура кылгандар, зекетти бергендер, Аллахка жана акырет күнүнө ишенгендер; мына ошолор, Биз аларга чоң бир сыйлык беребиз. (Ниса Сүрөсү, 162)**

**Күмөнсүз, ыйман кылгандар (менен) <u>иудейлер (еврейлер), христиандар</u> жана сабиилер(ден ким) Аллахка жана акырет күнүнө ыйман кылып, салих (чын ыкластуу) иш-аракеттерди кылса, <u>алардын Аллах Кабатында сыйлыгы бар</u>. <u>Алар коркушпайт жана алар кайгырышпайт дагы.</u> (Бакара Сүрөсү, 62)**

**Чындыгында, ыйман келтиргендер менен <u>еврейлер (иудейлер), сабиилер жана христиандардан</u> Аллахка, акырет күнүнө ишенген жана салих (чын ыкластуу) иштерди кылгандар; <u>алар үчүн коркуу жок, алар кайгырышпайт дагы.</u> (Маида Сүрөсү, 69)**

**...Алардан ыймандууларга <u>сүйүү жагынан эң жакын катары: «христиандарбыз» дегендерди көрөсүң.</u> Бул аларда (бир катар) поп жана кечилдердин болушу жана алардын чындыгында <u>текебердик кылбашы</u> себептүү. Элчиге түшүрүлгөндү укканда, Акыйкатты таанып, көздөрүнөн жаш төгүлгөнүн көрөсүң. «<u>Раббибиз ишендик, бизди күбөлөр менен бирге жаз. Раббибиздин бизди чын ыкластуулардын катарына кошушун үмүт кылып жатканда эмне үчүн Аллахка жана бизге Хакктан келгенге ишенбейт экенбиз?</u>» дешет. Ошентип <u>Аллах айткандарына сый катары ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштерди берди.</u> Бул жакшылык кылуучулардын акысы. (Маида Сүрөсү, 82-85)**

**Ант болсун, Аллах Израил урпактарынан сөз (убада) алган эле. Алардан он эки ишенимдүү-көзөмөлчү жиберген элек. Жана Аллах аларга: «Чынында Мен силер менен биргемин. Эгер намазды кылып, зекетти берип, элчилериме ишенип, аларды жактап-колдосоңор жана Аллахка сонун бир карыз берсеңер, албетте, силердин жамандыктарыңарды жаап, силерди чындап астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизем. Мындан кийин силерден ким каапырдык кылса, чынында түптүз жолдон адашкан болот.» (Маида Сүрөсү, 12)**

Аяттардан апачык көрүнүп тургандай, чын ыкластуу жана чын ниеттүү иудей жана христиандар Куранда жакшы сөздөр менен макталып, Аллахтын бир сыйы менен сүйүнчүлөнгөн. Аллах бул инсандарды бейишине киргизээрин кабар берген. Бул Аллахтын аларга болгон сүйүүсүн көрсөтөт. Аллах сүйгөн, бейишинде сыйлаган, ыраазы болгон бир адамга бир мусулман кантип душман боло алат? Куран боюнча, боло албайт. Куран боюнча, мындай душмандык күнөө, кылмыш болот. Ошондуктан, фанаттар Куран аяттарына карабай, жалган хадистерди жол башчы кылып, ахли китапка карата душмандыкты жайуу менен Ислам боюнча кылмыш кылышууда.

# Мусулмандардын китеп берилгендерге чакырыгы

**Араларынан зулумдук кылгандарынан тышкары, ахли китап менен эң жакшы жол менен гана күрөшкүлө. Жана айткыла: «Бизге жана силерге түшүрүлгөнгө ыйман кылдык; биздин Кудайыбыз да, силердин Кудайыңар да бир жана биз Ага моюн сунганбыз.» (Анкебут Сүрөсү, 46)**

**Айткын: «Эй ахли китап, биз менен силердин араңардагы орток бир сөзгө (тавхидге) келгиле. Аллахтан башкага кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик кошпойлу жана Аллахты коюп, бир бөлүгүбүз (башка) бир бөлүгүбүздү кудай кылып албайлы.» Эгер ошондо да жүз бурушса, айткыла: «Күбө болгула, биз чындап мусулмандарбыз.» (Али Имран Сүрөсү, 64)**

Бул аяттардан көрүнүп тургандай, мусулмандардын милдети – ахли китапты жамандоо, четке түртүү, аларды жаман көрүү, ал тургай, аларды өлтүрүү эмес; аларды сылык сөз менен Аллахтын жалгыздыгына чакыруу гана. Тавхид ишеними (Аллах жалгыз деген ишеним) үч диндин тең негизги ишеними. Мусулмандар ахли китап менен жолугуп сүйлөшөт, аларга динди баяндап, аларды Аллахтын Жалгыздыгына жана түшүрүлгөн Акыйкат китептердин баарына ишенүүгө чакырат. Ортолорунда достук мамиле болот. Куран боюнча, бир мусулман бир иудейди же бир христианды көргөндө, жолдун четине кысып түртүүгө эмес; аны менен өтө сылык сүйлөшүп, аны сылык жол менен Аллахтын жалгыздыгына чакырууга милдеттүү.

# Мусулмандардын китеп берилгендерге адилеттүү мамилеси

**Аллах силер менен дин жөнүндө согушпаган, силерди мекендериңерден сүрүп-чыгарбагандарга жакшылык кылуудан жана аларга адилеттүү мамиле жасоодон силерди тоспойт. Себеби Аллах адилеттүүлүк кылгандарды сүйөт. (Мүмтехине Сүрөсү, 8)**

Жогоруда да айтылгандай, иудей, христиан же мусулман, кайсы элден болбосун, дин жөнүндө ыймандуулар менен согушуп, кыйынчылык чыгарган, ыймандууларды өлтүргөн жана ыймандууларды жашаган жеринен сүргүн кылууга аракет кылган бузуку адамдар дайыма Куранда жекирилип, басмырланган. Бирок булардан тышкары, зулумдук кылбаган адамдарга болсо мусулмандар сөзсүз адилеттүү мамиле кылууга милдеттүү. Кээде адилеттик адамдын өзүнүн зыянына болуп калышы да мүмкүн. Өзүнүн зыянына болсо да адилеттикти сактоо бир эрдик болот. Мусулмандар мындай эрдикти Аллахтын буйругу болгону үчүн орундатышат. Бул жоопкерчилик башка бир аятта төмөнкүчө белгиленген:

**Эй ыймандуулар, өзүңөрдүн, ата-энеңердин жана жакындарыңардын зыянына болсо да, Аллах үчүн күбө болуп адилеттикти сактагыла... (Ниса Сүрөсү, 135)**

Бул өкүмгө ылайык, мусулмандар кээде өз кызыкчылыгын бир тарапка коюп, иудей жана христиандардын укугун, ал тургай, атеисттердин укугун да жактаганга милдеттүү. Ошондуктан Курандагы адилеттик системасы «иудейге каргыш айткан сооп алат» деген бузуку фанаттык түшүнүккө толугу менен карама-каршы келет.

Куранда ахли китаптын орду ачык белгиленген. Бул бөлүмдө мисал келтирилген жалган «хадистер» Куранга толук карама-каршы келет. Муну Пайгамбарыбыздын (сав) иш-аракеттеринен жана Пайгамбарыбызды (сав) өрнөк алган бүт башка мусулмандардан апачык көрүүгө болот:

# Пайгамбарыбыздын китеп берилгендер менен алакалары

· **Пайгамбарыбыздын (сав) ахли китаптын той зыяпаттарына катышканы, оорулууларын зыярат кылганы жана аларга тамак бергени жөнүндө риваяттар бар.**

· **Нажран христиандары ага зыяратка келгенде Аз. Мухаммед (сав) алар отурушу үчүн чапанын жерге жайып, аларды ушинтип сыйлаган.**

· **Пайгамбарыбыздын (сав) жубайларынын бири Египеттен келген христиандардан Мария бинти Шамун (ра) болгон.**

· **Пайгамбарыбыздын (сав) жубайларынан Аз. Сафиййа энебиз болсо Хуйейй б. Ахтаб аттуу Мединадагы иудейлерден Мадыруулдары уруу башчысынын кызы болгон.**

· **Аз. Мухаммед (сав) Эвс жана Хазреж уруулары менен түзүлгөн Медина келишимине иудейлердин да катышышына уруксат берген жана натыйжада иудейлердин да мусулмандардын арасында өзүнчө бир диний топ катары жашай алышына шарт түзгөн.**

· **Медина келишиминин «Бани Авф иудейлери ыймандуулар менен бирге бир элди түзүштү. Иудейлердин дини өзүнө, мусулмандардын дини өзүнө» деген өкүмү аркылуу мусулмандардын иудейлердин адат-салт жана ишенимине болгон сый мамилесинин пайдубалы Пайгамбарыбыз (сав) доорунда коюлган. Жана бул келишимдин 26-33-пункттарында ахли китапка тиешелүү жарандардын мусулмандар менен тең укуктуу экени, 16-пунктта болсо аларга эч кимдин адилетсиздик кыла албашы белгиленген.**

· **Пайгамбарыбыз 630-жылы мусулман болгонун кабар берүү үчүн Мединага келген Хымйер өкүмдарынын элчисине мындай деп буйрук берген: «Бир иудей же бир христиан мусулман болсо, ыймандуулардан болот (алар менен укуктук жактан тең болот). Ким иудей docinде же христиандыкта калууну кааласа, ага эч ким кийлигише албайт.» (İbn Hişâm, es-Sîre, II, 586)**

· **Нажран христиандары Мединага алтымыш кишилик бир өкүлдөр тобун жибериšти. Мединага келген Нажран өкүлдөрү Мечитте Пайгамбарыбыздын (сав) алдына чыгышты, ибадат убактысы келгенде Мечитте ибадат кылууну каалашты, асхаб буга каршы чыкканы менен, Аллахтын Пайгамбары аларга Мечитти берди. Алар болсо шаркка (чыгышка) бурулуп ибадатын кылышты. (İbn Hişam, es-Sire, Beyrut ts., I,573-574; Hamîdullah, İslâm Peygamberi, I,619-620)**

· **Пайгамбарыбыз (сав) доорунда иудей жана христиандарга берилген кепилдиктер аркылуу ахли китаптын укуктары коргоого алынган. Кийинки доорлордо кандайдыр бир пикир келишпестиктер чыкканда, ахли китап ошол кепилдиктерди көрсөтүшкөн. Мисалы, Дамасктык христиандар бир**

**маселе чыкканда, аларга берилген кепилдиктер кагазын ал доордун халифасы Аз. Умарга көрсөтүп, андан маселени чечип берүүнү талап кылышканы тарыхый китептерде жазылып калган.**

**· Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав) христиан Ибн Харрис б. Каъб жана анын элине жаздырган келишим текстинде: «Чыгышта жана батышта жашаган бүт христиандардын дини, чиркөөлөрү, жаны, намысы жана мал-мүлкү Аллахтын, Пайгамбардын жана бүт ыймандуулардын коргоосу астында болот. Христиан динин тутунган эч ким өз каалоосусуз, Исламды кабыл алууга мажбурланбайт. Христиандардан бирөө кандайдыр бир кылмышка же адилетсиздикке туш болсо, мусулмандар ага жардам берүүгө милдеттүү» деген пункттарды жаздырган.**

**· Пайгамбар Мырзабыз (сав) тарабынан Адрух, Макна, Хайбар, Нажран жана Акабалык ахли китапка берилген укук кагаздары мусулмандардын ахли китаптын жан жана мал-мүлк коопсуздугун кепилдикке алганын жана аларга ишеним жана ибадат эркиндигин бергенин көрсөтөт.**

**· Пайгамбар Мырзабыз динге чакырып баштаган кезде алгач Меккедеги кээ бир христиандарга жолуккан. Ал тургай, алгач вахий келип баштаган кезде Аз. Хатижа менен жана Пайгамбар Мырзабыз менен биринчилерден болуп сүйлөшкөндөрдүн бири колунда Инжилдин кол жазмалары бар, христиан Варака б. Навфал болгон. (Buhârî, Bedu'l- Vahy 3)**

**· Халифалар доорунда кулаган чиркөөлөр мусулмандар тарабынан оңдолуп, жаңы синагог жана монастырьларды курууга уруксат берилген. Мисалы, Медина сыртындагы, патриарх Мар Амма тарабынан мурда өрттөлгөн Ыйык-Сергиев монастыры Аз. Осмон доорунда кайрадан курулган.**

**· Сирия каратылган соң Дамасктагы Ыйык Иоанн чиркөөсүндө мусулмандар жума намазын кылышып, христиандар болсо жекшемби күндөрү өздөрүнүн диний ибадатын каалагандай орундатышкан. Эки диндин өкүлдөрү бир мечитти ынтымактуу колдонушкан.**

**· Сахабалар сапарга чыкканда же жолоочулук учурунда жол боюндагы монастырьларда конушкан жана ахли китап менен түзүлгөн келишимдерде бул жөнүндө пункттар кездешет.**

# Куранда Инжил жана Тоорот

Мусулман адам жөнөтүлгөн пайгамбарлардын баарына жана жөнөтүлгөн акыйкат китептердин дагы баарына ишенүүгө милдеттүү. Пайгамбарлардын эч бирин башкасынан бөлбөө мусулмандыктын Курандагы бир шарты жана бул өкүмдү укпаган адам аятты укпаган болот жана динден чыгат. Ошондуктан мусулмандар катары Аз. Мухаммед (сав) кандай биздин пайгамбарыбыз болсо, Аз. Иса (ас) менен Аз. Муса (ас) да биздин пайгамбарларыбыз. Биз Мухаммед (сав) пайгамбарды ээрчиген сыяктуу, Иса (ас) пайгамбарды да, Муса (ас) пайгамбарды да угабыз. Бул мусулмандыктын негизги шарттарынын бири.

Куранда иудейлер жана христиандар жөнүндө да, Тоорот жана Инжил жөнүндө да айтылат. Аллах бул акыйкат (Аллахтан келген) китептерди Куранда мактаган. Жогоруда да айтылгандай, Курандын түшүрүлүү себеби бул акыйкат китептердин өкүмүн жокко чыгаруу эмес, аларды «тастыктоо». Бул китептерде убакыттын өтүшү менен туура эмес чечмеленип кеткен бөлүмдөр болгону менен, Куранга туура келген бөлүмдөрү Куран аркылуу тастыкталган. Бул өкүм Курандын көп аяттарында ачык айтылган: **«Ал сага Китепти акыйкат жана андан мурдакыларды тастыктоочу катары түшүрдү. Ал Тооротту жана Инжилди да түшүргөн.» (Али Имран Сүрөсү, 3)**

Ошондуктан биз мусулмандар Куранды жол башчы тутуп, бул акыйкат китептердин Аллахтан келгенине ишенишибиз керек. Куран аркылуу тастыкталган ар бир өкүм, ар бир иш-аракет жана сөз мусулмандар үчүн бир жол башчы болуп эсептелет.

Куран мактаган акыйкат китептерди бир фанаттын жалган хадистерди далил көрсөтүп, жараксыз деп эсептеши Исламга туура келбейт. Чыныгы мусулмандардын жол башчысы – Куран, жана Куранда Тоорот менен Инжилдин өкүмү төмөнкүчө айтылган:

**Айткыла: «Биз Аллахка; бизге түшүрүлгөнгө, Ибрахим, Исмаил, Исхак, Йакуб жана урпактарына түшүрүлгөнгө, <u>Муса жана Исага берилген жана пайгамбарларга Раббинден берилгенге ыйман кылдык (ишендик). Алардын эч бирин башкалардан бөлбөйбүз</u> жана биз Ага моюн сунганбыз.» (Бакара Сүрөсү, 136)**

**Чындыгында, Биз <u>Тооротту ичинде бир хидаят (туура жол) жана нур кылып түшүрдүк.</u> Моюн сунган пайгамбарлар еврейлерге аны менен өкүм беришчү. Аалым-башчылар (раббанийун) менен жогорку аалымдар (ахбар) да Аллахтын Китебин коргоого милдеттүү болгондуктан жана анын үстүндө күбөлөр болгондуктан (аны менен өкүм беришчү). Демек адамдардан коркпогула, Менден корккула жана аяттарымды аз бир кызыкчылык үчүн сатпагыла. Ким Аллахтын түшүргөнү менен өкүм бербесе, мына ошолор каапыр болот. (Маида Сүрөсү, 44)**

**Алардын (пайгамбарлардын) артынан жандарындагы Тооротту тастыктоочу кылып Мариям уулу Исаны жөнөттүк жана <u>ага ичинде хидаят жана нур болгон, алдындагы Тооротту тастыктоочу жана такыбалар үчүн жол көрсөтүүчү жана насаат болгон Инжилди бердик.</u> (Маида Сүрөсү, 46)**

**Мындан мурда болсо <u>бир жол башчы (имам) жана бир мээрим катары Мусанын Китеби бар.</u> Бул болсо зулумдук кылгандарды эскертүү жана садака кылгандарга бир сүйүнчү катары (өзүнөн мурдакы китептерди) тастыктоочу жана арап тилиндеги бир Китеп. (Ахкаф Сүрөсү, 12)**

**Ал сага Китепти (Куранды) акыйкат жана <u>өзүнөн мурдакыларды тастыктоочу</u> катары түшүрдү. Ал Тооротту жана Инжилди да түшүргөн. Мындан (Курандан) мурда (алар) <u>адамдар үчүн бир туура жол (хидаят) эле.</u> Тууранны туура эместен ажыраткан (Фуркан)ды да түшүрдү... (Али Имран Сүрөсү, 3-4)**

**<u>Инжил ээлери Аллахтын анда түшүргөндөрү менен өкүм кылышсын.</u> Ким Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кылбаса, мына ошолор бузукулар болот. (Маида Сүрөсү, 47)**

**Мына ушул (Куран) <u>алдындагыларды тастыктоочу</u> жана шаарлардын энеси (Мекке) менен айланасындагыларды эскертишиң үчүн түшүргөн куттуу Китебибиз. Акыретке ыйман кылгандар буга ишенишет. Алар намаздарын (өтө так) сакташат. (Энъам Сүрөсү, 92)**

**Алар: «Аллах адамга эч нерсе түшүргөн жок» деп айтуу менен Аллахтын кудуретин жакшылап түшүнө алышкан жок. Айткын: «<u>Муса адамдарга бир нур жана хидаят катары алып келген</u> жана силер болсо (бөлүк бөлүк) кагаздарга жазып (бир бөлүгүн) айтып, көпчүлүгүн таштап койгон Китепти ким түшүрдү? Силер менен ата-бабаңар билбеген нерселер силерге үйрөтүлгөн.» «Аллах» де. Анан аларды жөн кой, ичине «чумкуган болбогон иштери менен» алаксып-турушсун. (Энъам Сүрөсү, 91)**

**Сага болсо (Эй Мухаммед,) <u>алдындагы Китеп(тер)ди тастыктоочу</u> жана ага «бир күбө-байкоочу» кылып Китепти (Куранды) түшүрдүк. Демек алардын арасында Аллахтын түшүргөнү менен өкүм кыл жана сага келген акыйкаттан адашып, алардын каалоолорун укпа. <u>Силердин ар бириңер үчүн бир шарият жана бир жол-ыкма белгиледик.</u> Эгер Аллах каалаганда, силерди жалгыз үммөт кылмак; бирок (бул) бергендери менен силерди сыноо үчүн. Эми жакшылыктарда жарышкыла.**

**Баарыңар Аллахка кайтып барасыңар. Талашкан нерселериңерди силерге кабар берет. (Маида Сүрөсү, 48)**

**Жана эгер алар Тооротту, Инжилди жана аларга Раббилеринен түшүрүлгөндү (Куранды) карманганда, албетте үстүлөрүнөн жана буттарынын астынан (сансыз сый-жакшылыктарды) жешмек. Араларында чектен чыкпаган (мутадил) бир үммөт бар. Алардын көпчүлүгүнүн кылгандары болсо кандай жаман! (Маида Сүрөсү, 66)**

**Ант болсун, алгачкы урпактарды кыйраткандан кийин Мусага адамдар үчүн (көздөрдү хикмат менен ачып, нурлантуучу) парасат, хидаят (туура жол) жана мээрим катары китеп (Тоорот) бердик. Сабак алып-ойлонушсун деген үмүт менен. (Касас Сүрөсү, 43)**

**Айтышты: «Эй коомубуз, чындыгында биз Мусадан кийин түшүрүлгөн, өзүнөн мурдакыларды тастыктаган бир китепти тыңдадык; акыйкатка жана туура жолго багыттап-жеткирет.» (Ахкаф Сүрөсү, 30)**

**Күмөнсүз, ахли китаптан (китеп берилгендерден) Аллахка, силерге түшүрүлгөнгө жана өздөрүнө түшүрүлгөнгө –Аллахка терең урмат көрсөтүп- ишенгендер бар. Алар Аллахтын аяттарын аз бир наркка алмашышпайт. Мына ушулардын Раббилери Кабатында сыйлыктары бар. Күмөнсүз Аллах эсепти өтө бат жасоочу. (Али Имран Сүрөсү, 199)**

**«Менден мурдакы Тооротту тастыктоо жана силерге арам кылынган кээ бир нерселерди адал кылуу үчүн Раббиңерден бир аят менен келдим. Эми Аллахтан коркуп мага моюн сунгула.» (Али Имран Сүрөсү, 50)**

**(Бул Куран) ойдон чыгарыла турган бир сөз эмес, өзүнөн мурдакылардын тастыктоочусу, бүт нерсенин «ар кандай абалда түшүндүрмөсү» жана ыйман келтире турган бир коом үчүн бир хидаят (туура жол) жана мээрим. (Йусуф Сүрөсү, 111)**

Куранда Аллах Тооротту «бир нур жана хидаят (туура жол)», «баам-парасат жана мээримге жеткире турган бир жол башчы» деп сыпаттаган. Куранда Аллах Инжилди «ичинде хидаят жана нур бар, алдындагы Тооротту тастыктоочу жана такыбалар үчүн жол көрсөтүүчү жана насаат» деп сүрөттөгөн. Сахих (ишенимдүү) Тоорот менен Инжил нур жана туура жолго баштоочу деп макталган. Бул Курандын өкүмү. Мындан башка өкүм чыгаргандар жана өз ойлорунда бул акыйкат китептерди жараксыз кылгандар, апачык көрүнүп тургандай, калп айтышууда.

Муну Пайгамбарыбыздын (сав) иш-аракеттеринен да көрүүгө болот:

# Пайгамбарыбыздын Тоорот жана Инжил менен байланыштуу иш-аракеттери

***Муслим мындай риваят кылган: «Абу Хурайранын жанында Аз. Пайгамбардын (сав) айтканын риваят кылган; «Мурда Аз. Мухаммед (сав) айтты, ахли китаптар Тооротту иврит тилинде окушчу, жана мусулмандар үчүн арап тилине которушчу.»» (Mişkatu'l Masabih, 1. Kitap, 6. Bölüm, s. 42)***

***«Аль-Хафыз эль-Зехеби жазат, еврейликтен Исламга кирген Абдуллах Ибн Салам Аз. Пайгамбарга (сав) келип, ага «(Кечээ түнү) Куранды жана Тооротту окудум» деди. Ал мындай деп жооп берди,***

***«Муну бир түнү оку жана экинчисин болсо башка бир түнү оку».» (al-Thalabi, Al-İman al-Thalabi Tathkarar al-Huffadh, 1 Cilt, s. 27)***

***«Аз. Мухаммеддин (сав) жакын чөйрөсүнөн Абдуллах Ибни Амр көп Тоорот окучу экен. Бир түнү түшүндө бир колунда бал, экинчисинде болсо май кармап турганын, кэээ бал кармаган колунан, кэээ май кармаган колунан жеп жатканын көрөт. Абдуллах Ибни Амр түшүн Аз. Мухаммедге (сав) айтып берет. <u>Аз. Мухаммед (сав) Абдуллахтын түшүн эки Китеп, б.а. кэээ Тоорот, кэээ Куран окушу менен жоруйт.</u>» (Buhârî, Sahîh-i Buhârî, 6. cilt, 987. hadis, s. 439)***

***Абу Саид аль-Худриден: Пайгамбарыбызга (сав): «Эй Аллахтын Пайгамбары! Израил урпактарынан маалымат алып колдонсок болобу?» дедик. Мындай деди. «Ооба <u>Израил урпактарынан да алсаңар болот, анын зыяны жок.</u> Алардан бир нерсе алып башкаларга айтсаңар, билип койгула, алардын жанында андан да кызыктуу маалыматтар бар.» (Hanbel, Müsned, 111/12, hadis no:11034)***

# Куран боюнча иудейлердин ыйык жерлерде жашоого акысы бар

Көбүнчө бир катар мусулман элдер Куран аяттарын билбегендиктен жана Ислам жөнүндө өтө сабатсыз болгондуктан, иудейлерди Ыйык жерлерден сүрүп чыгабыз же ал жердеги Израил мамлекетин картадан өчүрөбүз деген сыяктуу опузаларды айтышат. Бирок ал кишилер бул иш-аракети менен Куранга каршы чыгып жатканын билишпейт.

Куран боюнча, Ыйык жерлерде жашоо – иудейлердин акысы. Бул жөнүндөгү Куран аяттары төмөнкүдөй:

**<u>Муса коомуна</u> (мындай) деген эле: «Эй коомум, Аллахтын силерге болгон жакшылыгын эстегиле; араңардан пайгамбарлар чыгарды, силерден башчылар кылды жана ааламдардан эч кимге бербегенин силерге берди.» «Эй коомум, <u>Аллах силер үчүн жазган (киргиле деп буйруган) ыйык жерге киргиле жана артка бурулуп кайтпагыла; антпесе жоготууга учурап кайтасыңар.</u>» (Маида Сүрөсү, 20-21)**

**Жана андан кийин <u>Израил урпактарына</u>: «<u>Ал жерде (мекенде) жашагыла</u>, акырет убадасы келгенде баарыңарды жыйнап-чогултабыз» дедик. (Исра Сүрөсү, 104)**

Куран аяттарынан апачык көрүнүп тургандай, иудейлер Тоорот боюнча да, Куран боюнча да Ыйык жерлерде жашашы керек. Иудейлердин Ыйык жерлерде жашашы бир кооздук жана чыныгы мусулмандарды кубантуучу нерсе. Аллахтын 3000 жылдык убадасынын ишке ашканын көрүү, Аз. Ибрахимдин (ас), Аз. Мусанын (ас) кабар бергендеринин турмушка ашканына күбө болуу өтө маанилүү бир куш кабар. Аллах «иудейлер ал жерлерде болушат» деп миңдеген жыл алдын ала кабар берген жана биз бул кереметтин ушул күндө ишке ашканын көрүүдөбүз. Бул мусулмандарды толкундантып, кубандыра турган бир окуя.

Бул жерде өтө маанилүү бир жагдайды белгилөө керек. Аллах Куранда да, Тооротто да чыныгы ыймандууларга бир шарт койгон: «тынчтык». Ыйык жерлерде иудейлер болот, мусулмандар менен христиандар да болушат жана ал аймакта баары чогуу тынчтыкты жана сүйүүнү орнотушат. Бир туугандай жашашат. Ал аймактын жери бүт баарына ашыгы менен жетет. Эч ким эч жерден сүрүлбөйт, үйүн мекенин таштабайт, мындай көрүнүштөр болбойт. Аллах баарыбызга дайыма тынчтык каалайт.

Тынчтык орношу үчүн жер талашуулар бүтүп, душмандыктар жоюлуп, фанатизмдин туура эмес түшүнүгү жок кылынышы керек. Бул үчүн акыйкат диндерге, дин адеп-ахлагына, динчилдерге жана Куранга муктаждык бар. Жер талаштан же идеологиялык себептерден келип чыккан уруштар ар дайым күчөп, өтө кооптуу абалга

жетет. Муну жоюу үчүн Курандагы чыныгы дин түшүнүгүн көрсөтүп, таалим берүү керек. Мындай таалим бүт туура эмес түшүнүктөрдү жок кылып, бүт душмандыктарды кетирет. Аң-сезими өзгөргөн бир адам душмандык же согуш үчүн эч кандай себеп таба албайт. Мунун бир гана жолу бар: таалим берип, окутуу.

# Жыйынтык

Учурда бүт дүйнө жүзү чыгыштан батышка чейин каптаган радикализм балээси менен курчалып турат. Бул көйгөйдүн биринчи белгилери пайда болгондо, көп батыштык өлкөлөр муну оңой эле чечебиз деп ойлошкон эле. Бирок андай болгон жок. Себеби радикалдуу Ислам жалган хадистер менен азыктанган бир ишеним болуп саналат. Жана Ислам өлкөлөрү менен Ислам аалымдарынын көпчүлүгү –зомбулук жана согуштарды сындаганы менен- бул жалган хадистердин тууралыгына ишенишет. Ошондуктан радикалдуу Ислам маселесин мусулман өлкөлөр менен аалымдардын чечиши кыйын.

Радикализмди чечүү үчүн колдонулган аскердик кийлигишүү ыкмасы болсо – буга чейин көп жолу колдонулуп, ар жолкусунда ийгиликсиз аяктаган, миңдеген күнөөсүздөрдү өлтүрүп, миңдеген күнөөсүздөрдү үйсүз жана өлкөсүз калтырган, өлкөлөрдү андан да чоң туруксуздуктарга түрткөн өтө алсыз жана акылсыз бир ыкма. Куралдуу радикалдардын өзгөчөлүгү – алардын жакшы жоокер болушунда эмес, туура эмес идеологияны ээрчишинде. Алардын туура эмес идеологиясына эч көңүл бөлбөй, аларды өлтүрүү аркылуу гана маселени чечүүгө аракет кылуу дүйнөнү мындан да чоң балээлерге түртүп, радикалдарды мындан да күчөтүүдөн башка эч нерсеге жарабайт. Бүгүнкү күнгө чейин дал ушундай болду.

Дээрлик бүт Ислам аймагын каптаган бул үрөй учурарлык, коркунучтуу ишеним системасын жок кылуунун ЖАЛГЫЗ жолу – бул чыныгы Ислам. Башка эч бир ынандыруу ыкмасы, эч бир курал-жарак, эч бир опуза бул маселени чече албайт. Бул маселенин чыныгы Исламдан БАШКА ЭЧ КАНДАЙ ЧЕЧҮҮ ЖОЛУ ЖОК.

Радикализмди чындап чечкиси келгендер Исламды айыптаган иш-аракеттерден, эч бүтпөгөн күмөн саноолордон алыс болуу менен биринчи кадамды жасашы керек. Куран менен сүйлөгөн инсандарды угушу зарыл. Бул инсандар менен биримдик түзүп, чындыкты жеткирүүгө салым кошушу керек. «Күчүбүз жетеби?» деп бошошуп, үмүтсүздүккө түшпөй, радикалдуу топтордун социалдык медианы гана колдонуу менен дүйнөнүн төрт бурчунда туура эмес пикирлерин жайылтып, өздөрүнө тарапкер топтоп жатканын унутпашы зарыл. Чындыктын батыраак жайылаарын унутпастан, күчтүүрөөк бир идеологиялык жайуу стратегиясын эртерээк иштеп чыгуу керек. Кайрадан эске салалы: муну ойдон чыгарылган жана негизсиз ишенимдерден тазаланган чыныгы Исламды тутунган «Куран мусулмандары» менен гана кыла алышат.

Китептин башында айтылган маанилүү бир чындыкты кайрадан эске салалы. Биз жактаган Ислам кийинчерээк заманбап абалга келтирилген же жумшартылган бир Ислам эмес (Ислам динин аруулайбыз). Биз жактаган Ислам – Курандагы жалгыз чыныгы Ислам. Дүйнө жүзү тынчтыкка жана бейпилдикке жетиши үчүн Ислам аймагынын көп бөлүгү унутуп калган бул чыныгы Исламды кайрадан орнотушубуз керек. Зомбулукка зомбулук менен жооп бергендер же радикалдардын иш-аракеттеринен улам Исламсыз бир дүйнөнү кыялдангандар дайыма радикалдарга байкабастан колдоо көрсөтүп, андан да чоң зомбулукка туш болушат. Мындай адамдар бир нерсени билиши керек; дүйнө эч качан Исламсыз болбойт. Бул дүйнөгө адамзат эңсеген сүйүү менен тынчтык Ислам менен гана келет. Бул үчүн колубузда эч өзгөрбөгөн, Исламдын Аллахтан келген акыйкат китеби Куран бар. Болгону адамдарга Куран менен таалим берүү керек.

# КОШУМЧА БӨЛҮМ

## Эволюция жаңылыштыгы

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. «Жандуулар жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгон» деген бул теория ааламда жана жандууларда абдан так бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши жана эволюциянын эч качан болбогонун көрсөткөн 450 миллионго жакын фоссилдин табылышы менен бирге кыйрады. Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткан деген чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин көрсөттү жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан айтылууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүп, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйраганын жана Жаратылуунун далилдерин көптөгөн эмгектерибизде бүт илимий тараптары менен карадык жана кароону улантуудабыз. Бирок бул өтө маанилүү тема болгону үчүн бул жерде да кыскача токтоло кетүү керек.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири тарады. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу боюнча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроолорго жооп бере алган эмес.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнүн тескерисинче, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

# Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетка кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылган жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издери фоссил булактарынан табылган жок деген суроолор теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда калп «эволюция процессинин» алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Ал «алгачкы клетка» кантип пайда болгон?

Эволюция теориясы Жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, «алгачкы клетка» эч кандай проект, план жана жөнгө салуусуз, табият мыйзамдарынын натыйжасында кокустан пайда болгон дейт. Башкача айтканда, бул теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында бир клетканы пайда кылышкан. Бирок бул эң негизги биология мыйзамдарына да карама-каршы келет.

# «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй түзүлүшкө ээ деп ойлогон. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтандуу генерация» (өзүнөн-өзү пайда болуу) теориясы боюнча, жансыз нерселер кокустан чогулуп, жандуу бир нерсе пайда кыла алат деген ишеним бар болчу. Ал кезде коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири тараган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай коюп, бир аз күтсөк ал аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдошкон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү пайда болбойт, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгат.

Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялар жансыз нерселерден пайда болот деген ишеним илим дүйнөсүндө кеңири тараган эле.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер көптөгөн аракеттерди жасап, эксперименттер жүргүзгөн соң мындай деген: **«Жансыз заттар жашоону пайда кылышы мүмкүн деген көз-караш эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** (Sidney Fox, Klaus Dose, *Molecular Evolution and The Origin of Life,* New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2.)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин ачылыштарына көп жылдарга чейин каршы турушту. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн көрсөткөндө, жашоонун өзүнөн-өзү келип чыкпашы айдан ачык болуп калды.

# 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары айткан көптөгөн тезистери аркылуу жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасаган. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип моюнга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** (Alexander I. Oparin, *Origin of Life*, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s. 196.)

Опариндин жолун ээрчиген эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттерди жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Стэнли Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында болгон деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен белоктордун түзүлүшүндө колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (аминокислоталарды) синтездеген.

Ал жылдары эволюциянын маанилүү бир көрсөткүчүндөй кабыл алынган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан такыр башкача экендиги көп өтпөй белгилүү болгон. ("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", *Bulletin of the American Meteorological Society*, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. (Stanley Miller, *Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules*, 1986, s. 7.)

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бою уланган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу геохимик Джефри Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

> *Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргендеги эң чоң чечилбеген маселебиз алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? (Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40.)*

# Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык туюкка кабылышына эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуш татаал түзүлүштө болушу себеп болду. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүнкү күндө адамзат дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттарды чогултуп, жандуу бир даана клетканы да, ал тургай, клетканы түзгөн бир даана белокту да жасай албай жатат.

Бир клетканын пайда болушу үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Бирок муну тереңирээк кароонун да кажети жок. Себеби эволюционисттер клетка этабына

келгенге чейин эле туюкка камалышат. Себеби клетканын курулуш материалдарынын бири болгон белоктордун бир даанасынын да кокустан пайда болуу ыктымалдыгы математикалык жактан «0»гө барабар.

Мунун эң негизги себептеринин бири, бир белок пайда болушу үчүн башка белоктор да болушу керек; бул бир белоктун кокустан пайда болуу ыктымалдыгын толук жокко чыгарат. Ошондуктан ушул илимий чындыктын өзү эле эволюционисттердин кокустук түшүнүгүн эң башынан жок кылууга жетиштүү болот. Бул өтө маанилүү бир жагдай болгону үчүн кыскача токтоло кетели,

1. **Ферменттерсиз белок синтезделе албайт жана ферменттердин өзү да белок.**

2. **Бир даана белок синтезделиши үчүн 100гө жакын белок кызмат кылышы керек. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн башка белоктор керек болот.**

3. **Белокторду синтездеген ферменттерди ДНК өндүрөт. ДНК болмоюнча белок синтезделе албайт. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн ДНК да керек.**

4. **Белокту синтездөө процессинде клеткадагы бүт органелллдер маанилүү кызматтарды аткарышат. Б.а. белок пайда болушу үчүн толук кандуу жана бүт тетиктери иштеген бир клетка бүт органелллдери менен бирге бар болушу керек.**

Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоо каражаты болуп саналат. Эсептөөлөр боюнча, адамдын ДНКсындагы маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкананы түзөт.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК бир канча атайын белоктордун (ферменттердин) жардамы менен гана жуптала алат. Бирок бул ферменттер да ДНКдагы маалыматтардын негизинде гана синтезделе алат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарат. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча моюнга алат:

> *Түзүлүшү абдан комплекстүү болгон белоктордун жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустан пайда болушу – ыктымалдуулуктан өтө алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эмес деген жыйынтыкка барууга мажбур болууда. (Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78.)*

Эч күмөнсүз, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоонун жаратылганын кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты жаратылышты (натыйжада Аллахты) жокко чыгаруу болгон эволюция теориясын толук четке кагат.

# Эволюциянын ойдон чыгарылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүүдөн келип чыкты.

Дарвин эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да апачык көрүнүп турат: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшүндө табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулар аман калат деген көз-карашка таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашай алат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга, айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизминин эч кандай эволюциялык күчү жок. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр келип чыкмайынча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтканга мажбур болгон. (Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 184.)

# Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип келип чыкмак? Дарвин ошол учурдагы примитивдүү илим түшүнүгү менен бул суроого Ламаркка таянып жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган француз биолог Ламарктын ойу боюнча, «жаныбарлар денесинде келип чыккан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берип, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болот» эле. Мисалы, Ламарктын ойу боюнча, «жирафтар жейрендерден пайда болгон, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка моюндары узарып кеткен».

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдарды келтирген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланган деп айткан. *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988.)*

Бирок Мендель ачкан жана 20-кылымда өнүккөн генетика илими менен тастыкталган тукум куучулук мыйзамдары «денеде келип чыккан өзгөрүүлөр урпактарга берилет» деген жомокту толук четке какты. Натыйжада табигый тандалуу «жалгыз» жана толугу менен натыйжасыз бир механизм болуп калды.

# Неодарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалдан чыгуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн (заманбап) синтетикалык теорияны» же болбосо кеңири тараган ысмы менен неодарвинизмди чыгарышты. Неодарвинизм табигый тандалууга «пайдалуу өзгөрүүнүн себеби» катары мутацияларды, б.а. жандыктардын гендеринде радиация сыяктуу тышкы факторлор же копиялоо катасы себептүү келип чыккан бузулууларды кошту. Бүгүнкү күндө илимий жактан жараксыз экенин билип туруп, дагы эле дарвинисттер неодарвинизм моделин жакташат. Бул теория жер жүзүндөгү миллиондогон жандык түрлөрү, ал жандыктардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», б.а. генетикалык бузуктуктарга таянган бир процесс натыйжасында келип чыккан дейт. Бирок теорияны чарасыз калтырган апачык бир илимий чындык бар: **мутациялар жандыктарды алдыга жылдырбайт, тескерисинче дайыма жандыктарга зыян берет.**

Мунун себеби өтө жөнөкөй: ДНКнын түзүлүшү өтө комплекстүү. Бул молекулага болгон ар кандай туш келди таасир ага зыян гана алып келет. Америкалык генетик Б.Г. Ранганатан муну мындайча түшүндүрөт:

> *Мутациялар кичине, стохастикалык жана зыяндуу болот. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир бербейт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүүгө себеп боло албашын көрсөтөт. Ансыз деле өтө өзгөчө бир организмдеги бир туш келди өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатынын өзгөрүшү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдык менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир*

*жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, аны кыйратат.* *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179.)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келээри аныкталды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги белгилүү болду. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

# Фоссилдер: өткөөл (ортоңку) формалардын жыты да жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугун көрсөткөн эң негизги далил болсо – фоссилдер (вулкан атылганда же башка себептен жаныбар, канаттуу же өсүмдүктөрдүн сакталып калган калдыктары).

Эволюция теориясы боюнча, бардык жандуулар бири-биринен келип чыккан. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Бул теория боюнча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга созулган узун убакытта жүргөн жана баскыч баскыч алдын көздөй уланган.

Андай болсо бул узун өзгөрүү процессинде сансыз көп «өткөөл формалар» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн замандарда балык өзгөчөлүктөрү бар туруп, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу жашаган болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек. Эволюционисттер өткөн доорлордо жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «өткөөл (ортоңку) формалар» деп аташат.

Эгер чындап эле мындай жандыктар өткөн замандарда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай, миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын фоссилдери сөзсүз табылмак. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

> *Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп өткөөл (ортоңку) формалардын түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери фоссил калдыктарынын арасынан гана табылышы мүмкүн.* (Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280.)

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Бул жагдайдын теориясы үчүн чоң бир туюк (тупик) экенин түшүнгөн. Ошондуктан, *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган:

> *Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл формаларды жолуктурбай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл форма болушу керек эле, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү абалда таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир*

*геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? (Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

# Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабынан кемчиликтүү жандык фоссилдерин издешкени менен, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табылган жок. Казууларда жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер, эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойнуна алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкты көрөбүз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133.)*

Башкача айтканда, фоссилдер бардык жандуу түрлөрүнүн ортосунда эч кандай өткөөл форма жок экенин, баарынын кемчиликсиз бойдон пайда болгонун көрсөтүүдө. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы келет. Тагыраак айтканда, бул – бүт жандыктардын жаратылганын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрү башка бир түрдөн («атасынан») эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда келип чыккан болсо, анда ал түр жаратылган болот. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

*Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же бүтүндөй толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, келип чыккан болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук бойдон пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудуреттүү бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек. (Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197.)*

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук **абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, Жаратылуу.**

# Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп адамдын пайда болушу жөнүндө сөз кылышат. Дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамдар маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан дешет. 4-5 миллион жыл мурда башталган деп болжонгон бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

*1- австралопитек*

*2- хомо хабилис*

*3- хомо эректус*

*4- хомо сапиенс*

Эволюционисттер адамдардын «алгачкы маймыл сымал атасын» «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Цукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө гана тиешелүү экенин жана адамдарга эч окшошпошун көрсөткөн. (Charles E. Oxnard, *"The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt"*, Nature, c. 258, s. 389. )

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Алардын айтуусу боюнча, хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө жок» деп бул чындыкты кабыл алат. (J. Rennie, *"Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr"*, Scientific American, Aralık 1992)

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп тизип, бул түрлөрдүн биринчисин кийинкисинин атасындай көрсөтүшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. (Alan Walker, *Science*, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, *New York: J. B. Lipincott Co.*, 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, *Cambridge: Cambridge University Press*, 1971, s. 272.)

Мындан тышкары, *хомо эректус* классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашап, *хомо сапиенс неандерталец* жана *хомо сапиенс сапиенс* (азыркы адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. (*Time*, Kasım 1996)

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стивен Джей Гулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул туюкту (тупикти) мындайча баяндайт:

> *Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү гоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын биринин экинчисинен келип чыкпагандыгы анык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө. (S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30.)*

Кыскасы, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактап калууга аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана. Бул теманы көп жылдар бою изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана белгилүү илимпоздорунун бири Лорд Солли Цукерман, эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок деген жыйынтыкка барган.

Цукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчүн (шкаласын)» даярдаган. Илимий деп кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарын көздөй бир тизме түзгөн. Цукермандын бул таблицасы боюнча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары –

химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Цукермандын ойу боюнча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» турат! Цукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

> *Объективдүү чындыктын чегинен чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдар бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. (Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19.)*

«Адамдын эволюциясы» жомогу теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын табылган кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай чечмелешинен гана турат.

# Дарвиндин формуласы!

Буга чейин каралган бүт илимий далилдерден тышкары, кааласаңыз эволюционисттердин кандай нерсеге ишенээрин жаш балдар да түшүнө ала тургандай ачык бир мисал менен карайлы.

Эволюция теориясы жашоо (жандыктар) кокустан пайда болгон дейт. Ошондуктан бул акылга сыйбас көз-караш боюнча, жансыз жана аң-сезими жок атомдор чогулуп алгач клетканы пайда кылып, анан ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды пайда кылышкан. Эми ойлоп көрөлү: организмдин негизги материалдары болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди топтосок бир атом жыйындысы келип чыгат. Бул жыйынды кандай гана процесстен өткөрүлбөсүн, бир дагы жандыкты пайда кыла албайт. Кааласаңыз, бул боюнча бир «эксперимент» жасап, эволюционисттер жактаган, бирок ачык айта албаган көз-караштын алардын атынан «дарвиндин формуласы» деп карап көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн чоң идиштердин ичине организмдин түзүлүшүндөгү фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай, кадимки шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болушун каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча аминокислота, каалашынча белок да кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн эң алдыңкы илимпоздорун коюшсун. Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай, триллиондогон жылдар бою идиштердин башында туруп күтүшсүн.

Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин пайда кыла алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да ала алышпайт.

Кыскасы, аң-сезими жок **атомдор чогулуп клетканы пайда кыла албайт.** Анан дагы бир чечим алып, бир клетканы экиге бөлүп, анан катары менен башка чечимдерди алып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өзүнүн клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп менен изилдеген профессорлорду пайда кыла алышпайт. **Зат Улуу Аллахтын жаратуусу менен гана жанданат.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо акылга такыр сыйбайт. Эволюция айткан көз-караштар жөнүндө бир азга эле ойлонуу, жогорудагы мисалдан көрүнүп тургандай, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

# Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч түшүндүрө албаган дагы бир нерсе болсо – бул көз менен кулактын өтө жогорку сапаты.

Көз темасына өтүүдөн мурда «кантип көрөбүз?» деген суроого кыскача жооп берели. Бир телодон келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылып, мээнин арт жагындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылымдын технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык тунук сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган тунуктук жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай тунук, даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, анан колуңуздагы китепти бир карап салыштырып көрүңүз. Экөөнүн арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты жагынан чоң айырманы байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү сүрөттөлүштү гана көрсөтөт, көзүңүз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрсөтөт.

Көп жылдар бою он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштүн сапаты, тунуктугу төмөндөйт.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана тунук сүрөттөлүштү пайда кылуучу механизмди кокусунан пайда болгон дейт. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулуп, бул сүрөттөлүштү пайда кылуучу каражатты (телевизорду) пайда кылды десе сиз кандай ойго келесиз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, анда көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы анык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакаторунун жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процесси сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырт болот. Анткен менен, мээде эң тунук үндөрдү угабыз. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткан болот.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бою ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары – бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок ушунча технологияларга, ал технологияда иштеген миңдеген инженер жана адистерге карабастан, кулактай тунук жана сапаттуу бир үндү ала алышкан жок. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шуулдоо (шум) пайда болот же музыкалык борборду иштеткенде, музыка баштала электе эле бир шуулдоону угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан тунук жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шуулдоону пайда кылбайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул нерсе адамзат жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулактагы сапатка жете алган жок. Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, мындан тышкары, абдан маанилүү дагы бир чындык бар.

# Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринен бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтарды таба аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге да муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээнин ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголонушу керек.

# Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий ачылыштарга толук карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү көз-карашы илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан болбогонун көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Мунун себеби эмнеде?..

Мунун себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо бирден-бир материалисттик көз-караш катары жакташат.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

> *Биздин материализмге болгон бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөнү материалисттик түшүрдүрүүгө мажбурлаган нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөнү материалисттик түшүндүрө турган изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Теңир менен байланыштуу бир түшүндүрүүнүн чыгышына жол бере албайбыз. (Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak, 1997, s. 28.)*

Бул сөздөр дарвинизмдин материалисттик философияны тутунуу үчүн сакталып турган бир догма экенин апачык көрсөтөт. Бул догма заттан башка эч нерсе жок деп эсептейт. Ошондуктан жансыз, аң-сезими жок зат жашоону пайда кылган деп ишенет. Миллиондогон түрдүү жандык түрлөрүн; мисалы, канаттууларды, балыктарды, жирафтарды, кабыландарды, курт-кумурскаларды, дарактарды, гүлдөрдү, киттерди жана адамдарды заттын өзүнүн ичиндеги факторлордун, б.а. жааган жамгырдын, чагылгандын натыйжасында жансыз заттан пайда болгон деп эсептейт. Бирок бул көз-караш акылга да, илимге да туура келбейт. Бирок дарвинисттер Аллахтын бар экенин кабыл албоо үчүн бул акылга жана илимге туура келбеген көз-караштты, караңгылык менен жакташууда.

Жашоонун келип чыгышын материалисттик бир стереотип менен карабаган адамдар болсо чындыкты көрүшөт: бүт жандыктар өтө кудуреттүү, илими, акылы чексиз бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бүт ааламды жоктон жараткан, эч кемчиликсиз кылып тартипке салган жана бүт жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

# Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң күчтүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала стереотипсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, акылы менен логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын чындыктан өтө алыс бир түшүнүк экенин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсок, булардын аралашмасынан убакыттын өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Фрэнк Синатра, Чарлтон Хестон сыяктуу искусство инсандары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишет. Болгондо да, мындай акылга сыйбас пикирге илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар ишенишүүдө. Ошол себептен, эволюция теориясын «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» деп атоо туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын адаштырган, акыл жана логика менен ойлонушуна жол бербей, көздөрүнүн алдына бир парда сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүшүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул байыркы египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан алда канча кооптуу жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында мындай акылсыздыкка Аллах Куранда ишарат кылган. Аллах кээ бир адамдардын аң-сезиминин жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Эч күмөнсүз, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө тосмолор бар. Жана алар чоң азапка кабылышат. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**…Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар. (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах Хижр Сүрөсүндө болсо мындай адамдардын кереметтерди (мужиза) көрсө да, ишенбей турганын төмөнкүчө кабар берет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачып, ал жерден жогору көтөрүлүшсө да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып коюлду, балким бизди сыйкырлап коюшту окшойт» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турганчалык таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын эч ыктымалсыз сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жаратканына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда атеисттик философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын сыйкыр жолу менен адамдарга таасир берээрин Аз. Муса (ас) менен фараондун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге кабар берет. Аз. Муса (ас) фараонго акыйкат динди айтып бергенде, фараон Аз. Мусага (ас) өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз. Муса (ас) сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «чеберчилигиңерди» көрсөткүлө дейт. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келишти. (Араф Сүрөсү, 116)**

Көрүнүп тургандай, фараондун сыйкырчылары көз бойомочулуктар аркылуу –Аз. Муса (ас) менен ага ишенгендерден тышкары- бүт адамдарды сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаганына каршы Аз. Муса (ас) көрсөткөн далил алардын бул сыйкырын, аятта айтылгандай, «жутуп салган», б.а. жок кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) алардын бардык ойлоп тапкан нерселерин жутуп жатканын көрүштү. Ошентип чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аяттарда да айтылгандай, андан мурда адамдарды сыйкырлап алдаган бул кишилер кылгандарынын бир көз бойомочулук экени белгилүү болгон соң, эл алдында уят болушкан. Азыркы күндө да сыйкыр жолу менен илимди жамынып өтө тантык көз-караштарга ишенип, аларды жактоого өмүрүн арнагандар, эгер бул ишин токтотушпаса, чындыктар толук белгилүү болгондо жана «сыйкыр бузулганда» уят болушат. Болжол менен 60 жашына чейин эволюцияны жактап, атеист бир философ болгон, бирок андан соң чындыктарды көргөн Малькольм Маггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте түшө турган кейпи жөнүндө мындай дейт:

*Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык негизсиз жана белгисиз бир гипотезанын кантип кабыл алынганына таң калышат. (Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43)*

Бул күндөр алыс эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» кудай (жаратуучу) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын түшүнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенине таң калышууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин**

**эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү,**

**өкүмдар жана даанышмансың.»**

**(Бакара Сүрөсү, 32)**

# АРТКЫ БЕТ

Колуңуздагы бул китеп Ислам жөнүндө балким ушул күнгө чейин эч укпагандарыңызды баян кылган жана дүйнөнү кыйратып жаткан радикалдуу террордун чыныгы себебин түшүндүргөн өтө маанилүү бир китеп.

Бул китепте бир террористтин Исламдын атын жамынып адам өлтүрүшүнө, Исламдын атын жамынып аялдарды тышкы дүйнөдөн жок кылуу аракетине, мусулмандардын дээрлик бүт элдерди «душман» көрүшүнө шарт түзүп жаткан уулуу жана коркунучтуу пикирдик фундамент каралган. Жана эң негизги бир чындыктын жүзү ачылды: бул уулуу пикирдик фундамент Исламга тиешелүү эмес. Ислам – ойдон чыгарылган нерселерде, жалган хадистерде, аалымдар чыгарган өкүмдөрдө (ижмаларда) эмес; Ислам – Курандын өзүндө. Куранда мусулмандарга сүрөттөлгөн дин болсо сүйүүнү, демократияны, сапатты, бактылуу жашоону жана тынчтыкты каалайт.

Дүйнөдө өтө аз адам билген бул чындык колуңуздагы китепте каралып, фанаттардын жасалма дини жана коркунучтуу дүйнөсү өздөрүнүн жасалма булактарынан сүрөттөлүп берилди жана чыныгы Ислам дининин кандай экени Курандан так далилдер менен көрсөтүлүп берилди. Дүйнөдө радикалдуу террорду, Исламды жамынган демократия душмандыгын, сапатсыздыкты жана адамдардагы кекенүү маселелерин чечүүнү каалагандар үчүн эң мыкты булак. Дүйнөгө зыян тийгизип жаткан жалгандарга таянган бир дин түшүнүгү маселесин чечүүнүн бирден бир жолу – бул аны чындыктар аркылуу жок кылуу болмокчу. Муну чечүүнүн жолу колуңуздагы ушул китепте көрсөтүлгөн.